ЖАРАНДЫК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУГА КАТЫШУУ

XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар

Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу

XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролунар

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн окуу куралы

Биринчи бөлүк

10-класс

Бишкек – 2004

ББК 67.99(2)3 Я 721
Ж-34

Басмага IFES тарабынан даярдалган

Ж-34 Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу – XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар: Кырг. Респ. жалпы билим берүү мектери үчүн окуу куралы. Биринчи бөлүк, 10-кл / Ж. Пилон ж.б., – Б.: IFES, 2004 – 176 б.
ISBN 9967-22-068-6

Эки бөлүктөн турган бул басылма окуучулар үчүн маалыматтар менен практикумду, ошондой эле мугалимдер үчүн колдонмону камтыйт. Окуу куралы кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде жарык көрдү.

IFES бул окуу куралынын сынак версиясына аны сынактан өткөрүүнүн натыйжаларын жана мугалимдер менен окуучулардын пикирлерин, каалоолорун эске алып, бир топ өзгөртүүлөрдү киргизди. Эң негизгиси – айрым баптар жөнөкөйлөтүлдү, биринчи үч бап дээрлик бүт бойдон кайра оңдоп жазылды.

Оңдоп-түзөтүүдө 2003-жылы өткөрүлгөн референдумдун жыйынтыктары да эске алынды. Окуулуктагы тексттер эле эмес, көнүгүүлөрдүн да кыйласы өзгөртүлдү.

Окуу куралын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлиги (2003-жылдын 23-майындагы № 426/1 буйругу менен), Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги (2003-жылдын 27-апрелиндеги № 05-3/1274 буйругу менен) жактырган, Кыргыз билим берүү академиясы бекитип, сунуш кылган (2004-жылдын 21-майындагы № 490 бүтүмү).

Окуу куралы сатылбайт, акысыз таратылат.

Китептин англисчесин **Саймон Женкинс**,
кыргызчасын **Таалай Абдиев жана Жолдош Турдубаев** редакциялашты.
Корректору Аида Эгембердиева
Котормочулар:
Жолдош Турдубаев
Бурул Шамбаева
Дилбар Асамидинова

Авторлору:
Жулиана Пилон
Лестер Саламон
Тони Боуэр
Чедомир Флего
Ламар Крейвенс
Крис Щупп
Владислав Потоцкий
Юрий Подкуйко
Болот Малабаев
Алтынай Карасаева
Ирина Ячник
Анатолий Макаров
Аюжол Бердиев
Канат Сыдыков
Светлана Осауленко
Элеонора Прояева
Наталья Кузнецова

IFESтин Кыргызстандагы кызматкерлери:
Чедомир Флего
Саймон Женкинс
Кеңешбек Сайназаров
Альфия Фаттахова
Дмитрий Шевкун
Александр Листвин
Данияр Ибрагимов
Тамара Токтоналиева
Жамиля Иманалиева
Чынара Куменова
Гүлнура Абыталиева
Гүлжан Мамадиева
Жамиля Абдынасырова

Ж 4306022200-04
ISBN 9967-22-068-6

ББК 67.99(2)
© «IFES – Кыргызстан» 2004

Ыраазычылык билдирүү

IFES туруктуу колдоосу үчүн Билим берүү министрлигине жана Кыргыз билим берүү академиясына терең ыраазычылыгын билдирет.

IFES өзгөчө ыраазычылыгын билдирет:

1. Ишенгүл Болжуровага
2. Галина Сергунинага
3. Вера Выговскаяга
4. Аманбек Нармырзаевге
5. Мурат Иманкуловго
6. Камила Шаршекеевага
7. Ишенбай Кадырбековго
8. Адахан Мадумаровго
9. Алишер Сабировго
10. Елена Виноградовага
11. Ишенбек Жолбуновго
12. Анатолий Ромашкого
13. Елена Кореневага
14. Наталья Авдеевага
15. Людмила Синипостолго
16. Феруза Амадалиевага
17. Лариса Марченкого
18. Лила Фальтинага
19. Мырза Каримовго
20. Америкалык Юристтер Ассоциациясына – Борбордук Европа жана Евразия өлкөлөрү үчүн укуктук демилге программасына
21. ARD/Чекки – Коммерциялык укуктук өнүктүрүү долбоорына
22. Улуттук демократиялык институтка

Окуу куралын сынактан өткөрүүгө катышкан бардык мугалимдерге, окуучуларга жана практиканттарга чын дилден ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Мазмуну

I бап Жарандык билим, жарандар жана социалдык процесстер 7
II бап Үй-бүлө жана коом 21
III бап Адам укуктары 29
IV бап Экономикалык концепциялар: менчик жана экономикалык өсүш 42
V бап Саясий жана экономикалык укуктардын өз ара байланышы 55
VI бап Мамлекеттин пайда болушу жана улутчулдук 65
VII бап Мамлекет жана саясий бийлик 75
VIII бап Мыйзам үстөмдүгү 87
IX бап Кыргыз Республикасында мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү жана мыйзам үстөмдүгүнүн орнотулушу 99
X бап Мамлекеттик бийликтин түзүлүшү 108
XI бап Кыргыз Республикасындагы бийликтин түзүлүшү 117
XII бап Ар түрдүү өлкөлөрдүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу органдары 128

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикасы 140
Кыргыз Республикасынын Конституциясы 143
Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Адам укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү конвенциясы 167
Индекс 173

Китептин экинчи бөлүгү төмөнкү темаларды камтыйт:

XIII бап Кыргызстандагы жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгү жергиликтүү бийлик органдары
XIV бап Шайлоо системалары жана демократия
XV бап Кыргыз Республикасындагы шайлоо системасы
XVI бап Аялдар жана демократия
XVII бап Коомдук пикир. Массалык маалымат каражаттары – мамлекеттеги «төртүнчү бийлик»
XVIII бап Коррупция
XIX бап Жарандык коом түшүнүгү
XX бап Кыргыз Республикасындагы өкмөттүк эмес уюмдар
XXI бап Кантип активдүү жаран болуу керек?

Тиркеме

Жергиликтүү жамааттын уставы
Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы
Участкалык шайлоо комиссиялары үчүн практикалык жардам

Окуучуларга, ата-энелерге жана мугалимдерге

Сиздерди жарандык билим берүү боюнча *«Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу – XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар»* аттуу эки бөлүктөн турган окуу куралын алышыңыздар менен куттуктайм. Китепти IFES иштеп чыккан (2004-жылдагы басылышы). Окуу куралы IFESтин, жергиликтүү пилоттук мектептердин окуучулары менен мугалимдеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин катышуусу менен даярдалды.

Ар бир мектепти жетиштүү сандагы китептер менен камсыз кылып, мугалимдерди окутуп даярдоого багытталган долбоорду жүзөгө ашыруу канчалык кымбатка тураары баарыбызга түшүнүктүү. Ошондуктан IFES ЮСАИДге, ОБСЕге, Япониянын элине жана Япония өлкөсүнө, ошондой эле башка көптөгөн уюмдар менен өлкөлөргө алардын каржылык жактан көрсөткөн жардамы үчүн чын ыкластан ыраазылык билдиргиси келет. Бул уюмдардын эмблемалары ушул китептин мукабасына жайгаштырылган.

Кыргыз Республикасынын калкынын 65%и 25 жаштан кичүү курактагылар, алар өмүрүнүн жок эле дегенде тең жарымын эгемендүүлүк доорунда жашап жатат. Бул китеп боюнча сабак окуп жаткан окуучулар калктын ушул тобуна кирет. Алардын кыйласы, Кыргыз Республикасынын Конституциясында көрсөтүлгөндөй, шайлоого катышканга укуктуу. Мындай чоң жоопкерчилик демократия кандайча иштей тургандыгын жана демократия мезгилинде жарандардын ролу кандай болорун терең билип алууну талап кылат.

IFESке жиберилип жаткан отчетторду окуганда Кыргызстандын алыскы чакан айылдарында жашап жаткан окуучулар да өздөрүнүн коомунун мындан аркы өнүгүшү жана уюштурулушу жөнүндө талкуу жүргүзө ала тургандыгын байкадык. Ошентип, компьютер жана каржылык ресурстар жагынан кыйналгандыгына карабастан, бүткүл дүйнөдөгү окуучулар башкаруу иши тууралуу өздөрүнүн пикирин айтуу укугун баалай тургандыгы, муну иш жүзүндө далилдей да билери түшүнүктүү.

Жусуп Баласагын: «Көпкөк жашыл чөп күйбөйт, Эзелтен калган сөз өлбөйт»,—деп жазган экен. Бул окуу куралы менен сабак окуган окуучулар өздөрүнүн дилгирлиги жана чечкиндүүлүгү менен демократияны жана жарандыкты өнүктүрө берээрине, Кыргыз Республикасынын тарыхындагы жаңы жана мазмундуу баракларды ачаарына ишенебиз. Сиздер бабалардын осуяттарын унутта калтырбайсыздар. Бул Сиздердин жарандык ролуңуздарды туура аныктап, өз өлкөңүздөрдү гүлдөтүп өнүктүрүүгө, эркиндик менен сот адилеттигин бекемдөөгө кошо турган салымыңыздарга жараша болот.

Ошондой эле окуу куралынын пилоттук вариантын сынактан өткөрүүгө бар күчүн жумшап катышкан мугалимдерге да ыраазылык билдиргим келет. IFES, айрыкча сиздер иштеген шарт-жагдайдын татаалдыгын эске алып, сиздердин бул зор аракетиңиздерди жогору баалайт. Окутуунун жаңы усулдарын активдүү колдонуу менен өзгөчө маанилүү милдетти — өлкөнү эффективдүү башкаруу жана катышуу чөйрөсүндөгү лидерлердин жаңы муунун тарбиялоого киришкендигиңиздер IFESти абдан кубандырат. Биз мектептерде бул окуу куралына жазылган абдан жүйөлүү сын пикирлерди окуганда аябай ыраазы болдук. Бул сунуш-пикирлердин көпчүлүгү китепти толуктап түзөтүп кайра жазууда эске алынды.

Ошентип, IFES бул окуу куралы Кыргыз Республикасынын жигердүү жарандары менен лидерлеринин арасында кызуу талкууларды жаратат жана жаңы идеялардын туулушуна зор түрткү берет деп ишенет.

Сиздерге бардык жакшылыктарды жана демократияны куруудагы ишиңиздерге ийгиликтерди каалаймын!

Ричард Судриэт,
IFESтин президенти

Кымбаттуу мугалимдер жана окуучулар!

Мен жарандык билим берүү боюнча окуу куралынын жарык көрүшүн утурлап сиздерге кайрылып жаткандыгым үчүн кубанам. Бүгүнкү окуучулар – биздин үмүтүбүз, келечектеги толук укуктуу жарандар жана шайлоочулар. Бүтүндөй өлкөнүн, бүткүл Кыргызстандын тагдыры алардын жаркын келечекти куруудагы өздөрүнүн ролуна канчалык жооптуу мамиле жасашына, коомду өнүктүрүүгө канчалык активдүү катышаарына жараша болот. Ошондуктан азыр демократиялык дөөлөттөрдү өздөштүрүү, өздөрүнүн жарандык жана саясий укуктары менен милдеттерин жакшы билип алуу, мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин окуп үйрөнүү, башка мамлекеттердин тажрыйбасы менен таанышуу абдан маанилүү. Балдар азыртан эле өздөрүнүн жамаатын жана бүтүндөй мамлекетин башкаруу процессине катышуусу зарыл.

Жарандык билим берүү боюнча мындай курстун мааниси канчалык зор экендиги баарыбызга түшүнүктүү. Ал пассивдүү байкоочуларды эмес, чыныгы жарандарды, жарандык коомдун активдүү мүчөлөрүн тарбиялоо үчүн иштелип чыккан.

«Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу – XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар» курсу көптөгөн жагдайларды эске алуу менен түзүлгөн: ал жеткиликтүү жазылган, анда ойлонтуп, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрө турган концептуалдуу көп маалыматтар камтылган. Окуу куралында олуттуу талдоону талап кылган абдан актуалдуу маселелер каралат. Мындан тышкары китепте окуучулардын интерактивдүү катышуусун талап кылган көнүгүүлөр сунушталат, бул азыркы мектептин шартында абдан маанилүү. Ушул курсту окуй баштагандан кийин көп окуучулар абдан керектүү жана маанилүү коомдук иштерди өздөрүнүн мектебинде эле эмес, анын чегинен тышкары чөйрөдө жүргүзө баштагандыгын мен көп эле жолу укканмын.

Бул курстан сабак берген мугалимдерге да өзүнчө алкыш айткым келет. Бул курсту окутуу өзгөчө маанилүү экендиги эч кимге жашыруун эмес. Өлкөнүн жаранын тарбиялоо ийкемдүү мамилени, атайын көндүмдөрдү жана сабырдуулукту талап кылат. Биздин коомдун өнүгүшүнө кошуп жаткан баа жеткис салымыңыздар үчүн Сиздерге чоң рахмат!

Акырында окуучуларга да, мугалимдерге да бул курсту окуп үйрөнүүдө чоң ийгиликтерди каалап кетким келет. Турмушта өзүн дагы, бүтүндөй коомду дагы бакытка жеткирүүчү туура жолду тандоо абдан маанилүү. Анткени гүлдөп өнүгүп жаткан өлкөдө жашап, тегерегиндеги адамдардын кубанычтуу жүзүн көрүү жана бул жалпы ийгиликте жекече кошкон салымың бар экендигин сезүү эң зор бакыт эмеспи.

Баарыңыздарга ак жол каалап,

Кидибаев Мустафа Мусаевич,
Кыргыз Республикасынын билим берүү министри.

I бап

Жарандык билим, эсаранлар эсана социалдык процесстер

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Сөздөр менен алардын аныктамаларын салыштыруу

Шериктер менен терминдерге туура келген аныктамаларды көрсөткүлө. Силердеи чоң өтүнүч, көнүгүүлөрдү аткарууда окуу куралына жазбай, дептерлеринерди колдонгула. Китеп окуу үчүн гана колдонулууга тийиш.

Термин	Аныктама
1. Демократия 2. Статус 3. Жарандык коом 4. Консенсус 5. Конкуренция 6. Калыстык	а) Адамдын башкаларга салыштырмалуу коомдогу социалдык абалы же орду. б) Бүтүндөй топтун жордун-жомбулуктү колдонбой эле жетишкен макулдашуусу. в) Түздин түз же өту шайлаган өкүлдөрү аркылуу жүзөгө ашырылуучу элдик бийлик. г) Экономикалык атаандаштык. д) Кун мурунтан эле каршы турбаган же жактыбаган макулде. е) Коомдун мамлекеттик бийликтен тышкарсы каалагандай бөлүгү.

02-тапшырма. Билим эмне үчүн керек?

Шериктер менен мектепке барууунун себептери жөнүндөгү пикирлерди окуп чыккыла. Силердин оюнарча, кайсы жооп эң туура?

Алуа:
Биз мектепке билим алуу үчүн барабыз. Билим кулчулукту жеңип чыгууга жардам берет. Билим адамдын өмүрүн өзгөртөт.

Бакыт:
Мен бул жерде жашоо үчүн керек нерсени үйрөнөм. Мен мектепке атамдын сөзүнөн улам барам. Мисалы, биз мектепке бир нерсе үйрөнүүгө барабыз. Капчык ак кийип келүүнүн эрежеси жок. Мен бул жерде дагы көп нерсени көрөт.

Нурбек:
Биз мектепке ал билим алуу үчүн барабыз. Билим адамдарга бир нерселерди, мисалы, сөз жүгүртүүнү тез-тез үйрөтөт. Мисалы, мектепте ушуну үчүн керек.

Элдияр:
Мен мектепке окуп, анан эмнени кылууну, жакшы жүрүш-турушун үчүн барам. Мугалимдер билим берет. Мектепте

03-тапшырма. Өзүнчө иштөө

Бул окуу курсундагы көпчүлүк көнүгүүлөр экө-экөөдөн болуп же чакан топто иштөөнү талап кылат. Эсиңерде болсун, иштөө жатканда *жашоого белгиси коюбогула*, анткени ошо силердин кийин башка окуучулар да окуйт. Үч-төртөө болуп, төмөнкү ойлорду окуп чыккыла да, төмөндөгү шилтемени колдонуп, булардын кайсылары менин жанып, кайсыларына жанып эмес экенимерди дептерлеринерге жазгыла. Ишти жайлантыктарын алысты жалпы талкуулагыла.

№	Ойлор	Менин оюмча
1.	Бул китеп көбүнчө биргелешип иштөөнү талап кылат.	
2.	Биргелешкен иш мугалим үчүн оор болушу мүмкүн, бирок бул кызыктууараак.	
3.	Биргелешип иштөө менен биз башка окуучулардын оюн да билебиз.	
4.	Биргелешип иштөө окуучулардан тартипти көбүрөөк талап кылат.	
5.	Ар бир адамдын сүйлөө укугун сактабасак, биргелешип иштөө кыйын болот.	
6.	Шерик менен иштегенде да жалгыз иштегендей эле катуу иштөө керек.	
7.	Биргелешип иштөө – бул башкалар менен тең ата болуп ой бөлүшүү.	
8.	Биргелешип иштөөдөгү эң маанилүү нерселердин бири – башкаларды уга билүү.	
9.	Биргелешип иштегенде иш тездейт, анткени бир баш жакшы, ал эми эки баш андан да жакшы.	
10.	Жакшы жаран болуу – бул башкалар менен тең укукта чогуу иштеше билүү.	



04-тапшырма. Бага ким жооп берет?

Бул китепте силер көптөгөн маселелерди талкуулап, башка адамдардын, алардын ичинен классташтарыңардын да пикирлерин угуп билесиңер. Андыктан мугалим өзү жалгыз бул курстан силер ала турган билимдердин толук көлөмү үчүн жооп бере албайт. "Мойнунан жетелеген ит ууга жарабайт" деген макал бар. Окууда деле ошондой болот эмеспи.

Шеригиңер менен төмөндөгү иштерди ийгиликтүү аткаруу үчүн жоопкерчиликтин канчалык бөлүгү силерге тиешелүү экендигин аныктагыла. Өз оюңарды түшүндүрүп берүүгө даяр болгула (биринчи пункт силер үчүн үлгү катары аткарылды).

№	Иш-аракеттин түрү	% М (мугалимден) % О (окуучудан) % А (ата-энеден)
1.	Үй тапшырмаларын аткарууну унутпоо.	М = 10%, О = 80% А = 10%
2.	Дептерлерди таза жана тыкан кармоо.	
3.	Башкаларга сабырдуу мамиле жасоо.	
4.	Жаңы материалдарды жана теорияларды түшүнүү.	
5.	Өзүнүн жеке пикирин иштеп чыгуу.	
6.	*Логикалуу*[1] ой жүгүртө билүүгө үйрөнүү.	
7.	Жакшы бааларды алуу.	
8.	Ар нерсени билүүгө *дилгир* болуу (кызыгуу).	
9.	Өз өлкөсүнүн жакшы жараны болуу.	

05-тапшырма. Жакшы мугалим

Келтирилген пикирлердин тизмесин карап чыгып, төмөндөгү шкаланы колдонуу менен аларга силер канчалык даражада макул же макул эмес экендигиңерди көрсөткүлө. Жообуңарды бүтүндөй класска түшүндүрүп берүүгө даярдангыла. Жакшы мугалим:

а) Өзүнүн сабагы боюнча каалагандай суроого жооп бере билүүгө тийиш.
б) Эч качан бир нерсени билбейм деп мойнуна албашы керек.
в) Жоопторду табуу үчүн бизге шарт түзүп берет да, маселелерди чечүү жолдорун издегенибизди багыттап турат. Бирок даяр жоопту *чанда* (сейрек учурларда) гана айтып берет.
г) Бири-бирибиздин айткандарыбызды угуу мугалимге кулак салуудай эле маанилүү экендигин билет.



[1]***Логикалуу*** *– ырааттуу (ирети менен, туура тартипте).* ***Логика*** *– ой жүгүртүү мыйзамдары, формалары жөнүндөгү илим.*

06-тапшырма. Мен кимминн?

Мамлекетибиз менен коомубуздун түзүлүшү жөнүндөгү маселелерди талкуулоодон мурун биз «Мен» деген түшүнүккө эмнелер камтыла тургандыгын аныктап алышыбыз керек. Бул үчүн биз бул «Мендин» калыптанышына кайсы факторлор таасир эте тургандыгын, алар канчалык маанилүү жана өз ара кандай байланышта экендигин карап чыгышыбыз зарыл. Төмөндө ушундай факторлордун болжолдуу тизмеси келтирилди (кааласаңар силер муну толуктасаңар болот). Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорду талкуулагыла. Жообуңарды түшүндүрүп бергенге даярдангыла.

1) *Жашаган жери*
2) *Тил*
3) *Кызыкчылыктар*
4)

1. Силердин оюңарча, бул факторлордун айрымдары башкаларынан маанилүүрөөк болушу мүмкүнбү? Эгер болсо, кайсылары?
2. Бул факторлорду ушундай жайгаштырсак, бардык адамдарга туура келеби? Эгер туура келбесе, эмне үчүн?
3. Силердин өзүңөрдүн «Мениңердин» кандай болушуна ким жооптуу?

07-тапшырма. Биз, ушул класстын «эли»...

Көпчүлүк өлкөлөрдүн өз конституциялары бар. Аларда мамлекет үчүн эң негизги деп таанылган нормалар жана дөөлөттөр аныктап көрсөтүлгөн (*дөөлөт* – баалуу, барктуу, маанилүү деп таанылган нерселер. Мисалы, эркиндик, ден-соолук, ынтымак). Окуучулардын бири класс кичинекей өлкөгө окшош, андыктан класстын да өз конституциясы болгону жакшы эмеспи деген эле. Үч-төрттөн болуп топторго бөлүнүп, жарандык билим берүү сабагында колдонулушу керек болгон эрежелердин тизмесин түзгүлө. Муну аткарып бүткөндө жыйынтык оюңарды жалпы класстык талкуугa салганга даярдангыла. Силер коллективдик иштериңерде дайыма колдоно жүрүү үчүн өз классыңардын «*Алтын эрежелеribиз*» деген биргелешкен документин иштеп чыгууда жалпы бир пикирге келишиңер керек.

08-тапшырма. Эмнеден баштайбыз жана каякка барабыз?

Үч-төрт кишилик топторго бөлүнүп, силердин оюңарча «жакшы жаран болуу» деген эмне экенин жазгыла жана жарандык билим берүү курсу, силердин оюңарча, кайсы суроолорго жооп бере аларын санап чыккыла. Жазууңарды курстун аягына чейин сактап койсоңор, өзүңөр койгон суроолорго жооп алган-албаганыңарды, «жакшы жаран» дегенди түшүнгөнүңөр өзгөргөн-өзгөрбөгөнүн көрөсүңөр.

Окуу үчүн текст

1.0 Кириш үү

Жарандык билим берүү курсу коом кандайча түзүлөрүн, анын мүчөлөрү өзүнчө инсандар катары кандай роль ойнорун таанытып билгизет. Коом абдан татаал көрүнүш болгондуктан, жарандык билим берүү курсунда экономиканы, социологияны, тарыхты, саясатты, философияны, мамлекетти башкаруунун борбордук дагы, жергиликтүү дагы деңгээлдериндеги уюштурулушун, жарандык коом менен массалык маалымат каражаттарын ж.у.с. камтыган темалардын кеңири катарын караштыруугa туура келет. Жарандык билим өлкөдө түптамырынан өзгөртүүлөр жүрүп жаткан учурда өзгөчө зарыл, ал эми Кыргызстанда болсо 1991-жылдан бүгүнкү күнгө чейин дал ушундай саясий жана экономикалык

Бул эмнени билдирет?

Бул курстун жүрүшүндө көптөгөн жаңы сөздөрдү өздөштүрөсүңөр. Биз силерге ал сөздөрдүн чечмелениши, мааниси жазып жүрүү үчүн атайын дептер ачкыла деп кеңеш беребиз (ошенткенде алар эсиңерде бекем сакталат). Кайсы бир сөздүн маанисин унуткан учурларда бул сөздүктүн кереги тиет.

Мындай сөздөрдүн көпчүлүгү биринчи ирет кезиккенде алардын түшүндүрмөсү же синонимдери окуу китебинде (беттин этегинде же жаңы сөздөн кийин эле, кээде сүйлөмдүн аягында кашаанын ичинде) берилет. Китептин аягында ушундай сөздөрдүн тизмеси алфавит тартибинде келтирилди. Алардын түшүндө түшүндүрмөлөрү берилген беттер көрсөтүлгөн. Бул силерге ыңгайлуу болушу үчүн жасалды.

реформалар[1] ыкчам (тез) жүзөгө ашырылып келет. Эки бөлүктөн турган бул курс силерге коомдук жана мамлекеттик башкаруунун айрым *принциптерин* (эрежелерин) түшүнүүдө жардам берет, ошондой эле өзүңөргө да, башкаларга да жасай турган мамилеңерди калыптандырууну көздөйт. Башка бардык жаштардай эле, силер үчүн да бул өтө маанилүү, анткени силер жакында шайлоочу болосуңар, араңардан өлкөнүн келечектеги жетекчилери да өсүп чыгат. Ошондуктан силерди коомдун башкаруу ишине активдүү катышкан сабаттуу мүчөлөрү кылып даярдоону көздөдүк. Жергиликтүү же республикалык деңгээлде болобу, коомдук иштерге мамлекеттик бийлик органдары аркылуу катышканды туура көрөсүңөрбү же өкмөттүк эмес уюмдардын алкагында иштегиңер келеби – кеп мында эмес. Эң башкысы – маселелер өзүнөн өзү чечилет деп күтүп отура бербеген активдүү жарандардан болушуңар жана жарандар мамлекетке эмес, тескерисинче, мамлекет жарандарга кызмат кылууга тийиш экендигин түшүнүшүңөр керек.

Бул курста силердин ар бириңердин адам катары кайсы укуктар менен милдеттериңер бар экенине өзгөчө басым жасалат. Адатта булар жарандардын укук-милдеттери катары бекемделет. Ал эми силер жарандар экениңерде шек жок. Бирок ***«жаран»*** деген сөз эмнени билдирет?

2.0 Жаран жана жарандык

Жаран – бул кайсы бир мамлекетке же улутка берилгендигин сактоого милдеттүү жана ал өлкөдө туулгандыгына же натуралдашкандыгына байланыштуу ошол мамлекеттин коргоосунда болууга укугу бар адам. (Натуралдашуу – бул башка өлкөнүн жарандыгын кабыл алуу процесси). Демек, *жарандык* – бул жарандын *статусу* (укуктук абалы; коомдо ээлеген орду). Бул статус ага укуктарды жана артыкчылыктарды берет, ошондой эле милдеттерди да жүктөйт. Демейде жарандыктын далили катары паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн бар экендиги саналат. Өкмөт адамдарга жарандык бербейт, анткени жарандык укугуна адам төрөлөр замат ээ болот. Кимдир бирөө өз жарандыгын өзгөртүү жөнүндө арыз берген учурларда гана өкмөт жарандык берет. Биздин өлкөнүн Конституциясында (окуу куралынын аягында тексти келтирилген) жарандын укуктары, ошондой эле кимдер жаран болуу укугуна ээ экендиги да так, даана аныкталган. Көпчүлүк өлкөлөрдө бирден гана жарандыкка ээ болууга уруксат берилет.

Кээ бир тилдерде «жаран» деген кишиге кайрылуу катары колдонулат да, негизинен, чоңдорго карата айтылат. Ушул курстун жүрүшүндө да, Конституцияда да бул сөз мындай мааниде колдонулбайт.

Жарандык менен улут – эки башка нерсе. Мисалы, япон улутундагы адам бизге келип белгилүү бир мезгилге чейин жашап, Япониянын жарандыгынан баш тартып, кыргыз тилинен экзамен тапшыра алса жана анын арызын иммиграциялык органдар кабыл алса, ал Кыргызстандын жараны боло алат. Кыргызстанда туулган жана ата-энесинин экөө тең болбосо да бири бул мамлекеттин жараны болгон ар кандай адам дароо эле Кыргызстандын жараны боло алат. Көп өлкөлөрдө атүгүл атасы да, энеси да ошол өлкөнүн жараны болбосо деле, эгер бала дал ушул өлкөдө төрөлсө, ага жарандык дароо берилет. Ал эми башка бир өлкөлөрдө ата-энесинин бири ошол өлкөнүн жараны болсо, бала кайда төрөлгөндүгүнө карабай, ага жарандыкты дароо беришет.

Биздегиге окшош эле, эгер кыргызстандык бирөө Австралияга барып, эки жыл жашап, кыргыз жарандыгынан баш тартса, анын арызын Австралиянын иммиграция бийликтери кабыл алса, анда ал ушул өлкөнүн жараны боло алар эле. Демек, бул учурда ал адам ушул өлкөнүн жаранына тиешелүү болгон бардык милдеттерди мойнуна алып, бардык укуктарга ээ болот. Ошондо деле улуту, маданияты боюнча ал көп жагынан кыргыз эле бойдон калат.

Улуту кайсы экенине карабай, өлкөнүн ар бир жараны, башка бардык жарандардын кандай укуктары, милдеттери бар болсо, так ошондой укук-милдеттерге ээ болууга тийиш. Дал ушул себептен улам көп өлкөлөрдүн паспортунда аны алган адамдын улуту көрсөтүлбөйт. Бул кимдин кайсы улутка таандык экендиги жарандык *концепциясы* (негизги идеясы) үчүн маанига ээ эмес дегенди туюнтат.

Жарандыкты патриотизм менен чаташтырбоо керек. Кайсы бир өтө оор кылмышты жасагандыгы үчүн түрмөгө кесилген же ушул өлкөдөгү өкмөттү кулатууга аракеттенген болсо деле, бул үчүн шайлоого катышуу сыяктуу айрым артыкчылыктарынан кол жууса дагы, ал адам баары бир жаран бойдон кала берет. Демек ошол өлкөдө туристтик саякат жасап жүргөн же качкын болуп жашагандан тышкары бардык учурларда, атүгүл жашы добуш берүүгө укук алгыдай куракка жете элек болсо деле, алар жаран болуп эсептелет.

Жарандар коомдун уюмдашуусуна катышуу укугуна жана милдетине ээ. Бирок адамдарды коомдук иштерге тартууда биз дайым алардын көз караштары ар түрдүү, атүгүл карама-каршы болорун көрөбүз. Буга күн мурунтан эле даяр болуу керек, анткени бул көпчүлүк учурларда оң натыйжа берет. Тагыраак айтканда, жаран катары силердин ар бириңер кээде өзүңөрдүн көз карашыңар башкалардын ой-пикирлерине каршы болуп калган абалдарга туш келесиңер. Коомдук жана мамлекеттик башкаруу өнөрү эң оболу дал ушундай конфликттерди

[1] ***Реформа*** – *коомдук турмуштун кайсы бир жагын өзгөртүү, кайра түзүү, жаңылантуу.*

бардык жарандарга пайдалуу болгондой кылып жөнгө сала билүүгө негизделет. Андыктан бул курсту баштоодон мурун биз социалдык *процесстердин*[1] бири катары конфликт кандайча жүрөрүн жакшы билип алышыбыз керек.

3.0 Конфликттин мүнөзү

Конфликт дегенде кайсы бир маселе боюнча айрым адамдар, топтор, атүгүл өлкөлөр ортосунда пикир келишпестиктен улам пайда болгон кырдаалды (жагдайды, ситуацияны) түшүнүүгө болот. Бул жерге ээлик кылуу укугунан тартып кандайдыр бир динге же салтка тиешелүү абстракттуу (идеяларга байланышкан) талаштарга чейинки маселелер болушу мүмкүн. Конфликтти көбүнчө туура эмес түшүнүшөт, анткени анын сырткы формасын түпкү себеби катары кабылдашат. Демократиялык коом үчүн мунун маниси абдан зор. Анткени мындай коомдун өнүгүүсүндөгү маселелерди чечүүгө калк улам көбүрөөк катыша баштаганына байланыштуу карама-каршылыктуу көз караштар кыйла ачык туюнтулуп жүргөн. Биз бул курстун милдети аткарылышы үчүн, силердин активдүү жана *конструктивдүү* (иштин өнүмдүү улантылышына өбөлгө түзгөн) ойлорду сунуш кылган жарандардан болушуңар үчүн өзүңөрдүн оюңарга кескин каршы келген пикирлерди да уга билүүгө жана аларга жүйөлүү (далилдүү) жооп кайтара билүүгө үйрөтмөкчүбүз. Бул аркылуу бизди ким башкарууга тийиш деген маселеге байланыштуу чыгышы мүмкүн болгон конфликттүү кырдаалдарды жөнгө сала билүүгө көнүгөсүңөр. Төмөндө конфликттердин айрым белгилери келтирилди.

Конфликт

- *Конфликт – бардык коомдордо күн сайын боло турган табигый процесс. Бул процесс ага катышкандардын айрымдарына же баарына оң дагы, терс дагы натыйжаларды алып келиши мүмкүн. Конфликттин натыйжасы бул процесс кандайча жөнгө салынгандыгына жана ага тартылган тараптардын жөндөмүнө жараша болот.*
- *Конфликт көбүнчө бийликти, идеяларды жана ресурстарды бөлүштүрүүдөгү пикир келишпестиктерден улам келип чыгат да, ал балдардын мушташынан жана катуу пикир келишпестиктерден баштап согушка чейинки түрдүү формаларга ээ болот (ресурс - каражат, байлык, мүлк ж.б.). Көп учурда конфликттин натыйжасында бир тараптын же эки тараптын тең белгилүү бир укуктары чектелет. Биз конфликтти каршылашкандардын укуктары себепсиз бузулбай тургандай зордук-зомбулуксуз жолдор менен чечүүгө аракет кылышыбыз керек.*
- *Дароо эле канааттандырарлык түрдө чечилбей турган жагдайлар да болот. Бирок бул зордук-зомбулук абалдан чыгуунун бирден-бир жана болбой койбой турган жолу деген сөз эмес.*
- *Конфликт дайым эле түшүнбөстүктөн келип чыкпайт. Оюнчук талашып жаткан эки бала бирин-бири жакшы түшүнүшөт. Алардын чатагы тил табышуу көндүмүнүн жоктугунан келип чыгат.*
- *Конфликт дайыма эле ачык боло бербейт, көп учурда ал жөнгө салынбай, башкаларга билинбей жүрө берет. Ошондой эле конфликт абдан тынч чечилгендиктен, башкалар анын болгонун байкабай калган учурлар да кездешет.*
- *Конфликтти ийгиликтүү чечүү үчүн аны жеңип же жеңиле турган «мелдеш» катары баалабаш керек. Анткенде талаш-тартышка себепчи болгон маселелерди чечүү эмес, эптеп эле «жеңишке» жетишүү максат болуп калат. Чыныгы жеңиш - бул эки жактын тең өздөрүн канааттандыра турган чечимге келиши, мында бардыгы жеңишке ээ болот.*
- *Конфликт көбүнчө кимдир бирөөнүн ыйгарымга[2] ээ болушуна же бийликтин ыйгарымсыз колдонулушуна болгон элдин нааразылыгынан келип чыгат. Андыктан демократиялык процесстер, эгер алар туура жүргүзүлсө, бизге ким жетекчилик кылууга тийиш экендиги жөнүндө көз караштарды жакындатуунун эң эффективдүү (натыйжалуу) жолу болуп саналат.*
- *Куралчан конфликтти башынан өткөргөн коом адатта конфликттен качуу жолун тандайт. Бул адамдардын коомдогу проблемаларды чечүүгө катышкысы келбегенин түшүндүрөт. Конфликттен дайыма кача берүү акыры жамандыкка алып келиши мүмкүн. Себеби конфликтти ачык айтып, ак сүйлөгөндөн жалтанган, жөнгө салууга умтулбаган адамдардын айынан проблемалар ырбап (курчуп) кетет да, акыры кээ бирөөлөр мындай кырдаалдан күч колдонуу жолу менен гана чыгууга болот деп ойлоп калат. Өз өлкөңөрдүн жарандары катары силер проблемаларды (маселелерди) убагында талкуулап турушуңар керек. Антпесеңер алар конфликттин зордук-зомбулук формасына алып келиши мүмкүн.*

[1] **Процесс** – *кайсы бир нерсенин, окуянын, көрүнүштүн, ж.б. өзгөрүүсү, өнүгүүсү, жүрүшү.*

[2] **Ыйгарым** – *кызмат адамына же мекемеге бийлик органдары тарабынан берилүүчү укук. (Конституциянын текстинде – ыйгарым укук).*

3.1 Кеңири коомдук пландагы конфликттер

Күч колдонулган конфликттер, айрыкча кеңири масштабдагы кагылышуулар өтө чоң кыйроолор менен коштолуп, акыр аягында каршылаш тараптардын эч кайсынысын, атү-гүл «жеңип чыкканын» да жакшылыкка жет-кирбеши мүмкүн. Коррупцияга белчесинен баткан бир ууч лидерлер гана башаламан кыр-даалда кызмат абалынан мыйзамсыз (законсуз) пайдаланып укмуштай көп байлыкты топтоп алышы *ыктымал* (мүмкүн). Дал ушул себептен улам, ошондой эле буга окшогон иш-аракеттер адам укуктарынын одоно (орой) бузулушуна алып келгендиктен, көпчүлүк өлкөлөр, алар-дын башчылары мындай окуяларга дароо көңүл буруп, зордук-зомбулуктарды айыптайт.

Дүйнөдөгү өлкөлөр же эл аралык уюмдар конфликтти тынч жол менен жөнгө салуунун мүмкүнчүлүктөрү калбагандыктан, адамдын жана жарандын негизги укуктарын коргоо үчүн күч колдонуу керек деп чечкен бир нече учурлар болгон. Мисалы, 2000-жылы Чыгыш Тимордо курчуп кеткен конфликтке БУУ ушундайча кийлигишкен. Бирок жаңжалдашкандардын баарынын негизги укуктарын бузбастан конфликтти жөнгө салуунун көптөгөн жолдору бар болгон үчүн буга окшош учурлар өтө сейрек кездешерин билип коюу керек.

Ар түрдүү *жамааттар*[1] же өлкөлөр ортосундагы куралдуу кагылышуулардын (согуштардын) көбү саясий бийликти жана экономикалык ресурстарды бөлүштүрүүдөгү пикир келишпестиктерден улам чыккан. Бул маселелерге байланышкан карама-каршылыктар да жеке инсандар ортосундагы конфликттерге окшош: аларды такыр болтурбай коюу да, көрмөксөнгө салууга да болбойт.

3.2 Конфликттерди жөнгө салуу

Конфликттин бар экендигин жана ага катышкан тараптардын кызыкчылыктарын моюнга алуу – аны тынч жол менен чечүүгө жасалган маанилүү кадам болот. Чоң-кичине дебей, ар кандай эле конфликт арыдан бери, опоңой жөнгө салына койбойт, анткени бул үчүн көбүнчө кимдир бирөө ушуга чейин пайдаланып келген артыкчылык абалынан баш тартышы керек болот. Анын үстүнө демейде каршылаш тараптардын ар бири кайсы бир туура эмес иштерди жасайт да, ошого жараша ар кимдин дооматы өзүнчө жүйөлүү болот, андыктан элдештирүүдөгү максат күнөөлүү-күнөөсүз деп баа берип коюу эле эмес.

Биз күн сайын катышып жүргөн экономикалык конкуренция (атаандаштык) же демократиялык коомдогу шайлоо сыяктуу мелдеш жолу конфликтти жөнгө салуу *ыкмаларынан* (жолдорунан) болуп саналат. Бирок бул мелдешкен тараптар процесс алардын ар бирине карата адилеттүү жүрүп жатканына (б.а. эрежелер катышуучулардын баарына бирдей түрдө колдонулуп жатат деп) ишенген учурда гана оң натыйжа берет. Анын үстүнө биз мелдешти, ал канчалык адилеттүү жүргүзүлгөнүнө карабай, кимдир бирөөнүн же кайсы бир топтун негизги укуктарын чектөө максатында колдонбошубуз керек. Мисалы, биз адамдарды орто билим алуу укугуна жетишүү үчүн атаандаштырбоого тийишпиз.

Арачы (медиатор) эмне кылат?

Арачы – бул чатакташкан тараптардын бардыгы тең ишенген, алардын эч бирине жан тартпай калыстык кылуучу киши. Дайыма болбосо да, көбүнчө бул адам каршылаш тараптардын эч кимиси менен тааныш эмес болушу зарыл.

Арачы адегенде араздашкандардын баарынын дооматтарын, аргументтерин (жүйөлөрүн, б.а. далил катары айткан ойлорун) угуп, алар эмнени көздөп жатканын, кайсы маселелер боюнча макул, кайсылары боюнча макул эместигин аныктоого тийиш. Арачынын милдети каршылаштардын кимиси күнөөлүү, кимиси ак экенин айтуу эмес.

Муну көңүлгө алгандан кийин арачы каршылашкандар кайсы маселеде мунасага келе аларын, эмнелерди талкуулабай эле коюу керек экендигин тактап алууга аракеттенет.

Арачылык ийгиликтүү болушу үчүн мына бул принципке таянуу зарыл: жаңжал тез эле кайра чыгып кетпеши үчүн бардык тараптардын негизги адамдык укуктары сакталууга тийиш.

Арачылык үчүн көбүнчө узак убакыт талап кылынат. Арачы тараптардын ар бири менен өзүнчө, ошондой эле чогуу да жолугушу зарыл болушу ыктымал.

Конфликтти *консенсуска* (мунасага, б.а. макулдашууга, ынтымакка) жетишүү аркылуу да жөнгө салууга же жок дегенде позитивдүү (оң) формага келтирүүгө болот. Бул процессте адамдар ага катышкан тараптардын баары макул болгудай чечим табылмайынча маселени талкуулай беришет.

Кээде бөлөк бир калыс адам кырдаалды талдап көрүп, анан өз чечимин таңууласа, конфликт эң сонун чечилет. Бирок мунун кемчилиги – жаңжалдашкан тараптар мындай таңууланган чечимди аткарууга дайым эле кызыга бербейт. Анын үстүнө бөлөк адам маалыматты толук

[1] **Жамаат** – *жашаган жери, жумуш орду, социалдык-экономикалык мамилелери боюнча дайыма карым-катышта, байланышта болгон адамдар тобу.*

билбегендиктен эч кимди канааттандыра албаган чечимди сунуш кылышы мүмкүн.

Кээде конфликтти жөнгө салуу үчүн ортомчунун кийлигишүүсү талап кылынат. Бирок конфликтти узак убакытка чейин кайра чыкпагыдай кылып тынч жол менен чечүү ага катышкандардын баары төмөндөгүдөй эрежелерге макул болгон учурда гана мүмкүн:

- өзгөртүүлөр зарыл;
- кандай гана чечим кабыл алынбасын, тараптардын баары өздөрүнүн адамдык укуктары менен беделин (кадыр-баркын) сактап калууга тийиш.

Эгер бул идеялар кабыл алынса, анда конфликттин мүнөзү тынч жол менен өнүгүүчү социалдык процесске ылайык болуп өзгөрөт.

3.3 Конфликт жана демократия

Шайлоо саясий бийликти ким алып, өзүнүн саясий *идеологиясын*[1] жайылтуу укугуна ээ болушу керек деген талаштан чыккан конфликттерди мелдеш аркылуу жөнгө салуу ыкмасы болуп саналат. (Бул учурда жарандар шайлоо өткөрүү жолу менен эки же андан көп талапкердин кимиси алардын жетекчиси болууга тийиш деген маселеге байланышкан конфликттин алдын алат). Демократиялык шайлоонун маани-маңызы дагы ушунда – бийлик саясий процесске катышкандардын баары үчүн адилеттүү болгондой ыкмада, тынч жол менен өткөрүлүп берилип турушу же мурунку башкаруучунун колунда сакталып калышы зарыл. Бийликтин тынч жол менен өткөрүлүү мүмкүндүгү дал ушул процесстин калыс жана адилеттүү өтөрүнө эл канчалык ишенсе, ошого жараша болот. Эгер адамдар бул процессте карөзгөйлүк (караниеттик) болгонун туюшса, алар өз максаттарына жетүү үчүн башка жолдорду издей башташы ыктымал.

Демократия – татаал процесс, мында деле башкалардын адамдык укуктарын сактоого караганда өз керт башынын кызыкчылыгын өйдө койгон адамдар дайыма кездешет. Жарандар конфликтти жөнгө салуудагы шайлоо же мунасага жетишүү сыяктуу процесстердин адилеттүүлүгүн камсыздоого катышканы өзгөчө маанеге ээ болот. Демократиялык процесстер адамдардын карама-каршылыктарды мыйзамдуу жол менен чечишине эң көп мүмкүнчүлүктөрдү түзөрүн өзүңөр ушул курстан окуп билесиңер. Жалгыз өкмөт эле бул процесстин адилет жол менен ишке ашуусун камсыз кыла албайт. Бул айрыкча ыкчам темптеги өзгөрүү процесстерин жана экономикалык оор кыйынчылыктарды баштан өткөрүп жаткан Борбордук Азия республикалары сыяктуу өлкөлөр үчүн өзгөчө маанеге ээ.

Молдо Нияз

Молдо Нияз (1823-1896) – кыргыздын жазма мурас калтырган биринчи акындарынан. Ал Кызылбулак деген жерде (Баткен облусунун Кадамжай районунда) туулган. Кол жазмалар фондунда анын чыгармаларынан (санаттарынан) түзүлгөн китептер сакталууда. Абдан билимдүү жана акылдуу киши катары Молдо Нияз Кокон хандыгында зор кадыр-баркка жетишкен, көп саякат жасап, бийликтеги хандар, бектер, бийлер жана баатырлар менен байланышып турган. Өз чыгармаларында ал коомдогу адеп-ахлак маселелерин козгоп, XIX кылымдагы жарандык билим берүү жөнүндө да ой жүгүрткөн, адам укуктарын коргоо зарылдыгын айтып, кишини кулга айландырууну айыптаган.

4.0 Сабырдуулук деген эмне?

Сабырдуу (толеранттуу) болуу – башка адамдардын жүрүм-турумуна же идеяларына карата конструктивдүү *позицияда* туруу (көз карашта болуу, мамиле жасоо, аракеттенүү). Бул бир топ эле кыйын жол. Анткени эмнени туура же нормалдуу деп табууга келгенде башка адамдар менен биз өзүбүз тутунган (туура деген, сактаган) идеялар же каада-салттар ар башкача же карама-каршы болуп чыгат. Бул конструктивдүү, сабырдуу мамиле өзүбүздүкүнөн айырмаланган

[1] ***Идеология*** *– кайсы бир социалдык топтун, таптын, саясий партиянын, коомдун социалдык-саясий жана башка жагдайларга карата көз карашын мүнөздөөчү идеялар, түшүнүктөр жана көз караштар системасы.*

укуктар менен көз караштарды, үрп-адаттар менен жүрүм-турум формаларын сыйлоого алып келет да, ортодо сый-урмат сакталышы үчүн тараптардын биринен же экөөнөн тең эпке келүүнү талап кылат.

Башка адамдардын ар кандай эле жүрүм-турумуна сабырдуу мамиле кыла берүү керек эместигин билген жакшы. Эгер такыр жол коюуга болбос жоруккa (мисалы, жаш баланы бирөө сабап жатса) күбө болсок, анда биз башка адамдардын жүрүм-турумун тийиштүү түрдө өзгөртүү үчүн проблеманы чечүүнүн кандайдыр бир тынч жолун табууга аракеттенишибиз керек. Дегеле болбосо мындай ташбоордукту токтотуу үчүн күч колдонуу да талап кылынышы мүмкүн. Сабырдуулукту урмат жана элпектик менен чаташтырбоо керек, мисалы, эгер окуучу мугалимге тактайдагы жазууларды өчүргөнгө жардамдашса, муну сабырдуулук дегенге болбойт.

Сабырдуулукка мисалдар:

а) Конок тоскон үй ээси меймандын чочко этин жебегенине нааразы болбойт. Өзү тутунган каадаларга туура келбесе деле, үй ээси коногунун маданий өзгөчөлүктөрүнө сабырдуу мамиле жасайт. Мында тараптардын бирөө гана эпке келип жатат.

б) Жакшы отургучту ээлөө үчүн эки окуучу бири-биринен озуп өтүүгө аракет кылат. Отургучтардын бири сынып калган, отурганга ыңгайсыз. Көп күндөрдөн бери ушул абал өзгөрбөй, кээде балдар түрткүлөшкөнгө, атүгүл сөгүшкөнгө чейин барышат. Акыры балдардын бири бүтүн отургучка кезектешип отургула деп сунуш кылат. Эки окуучу тең буга макул болот. Мында эки тарап тең мунасага (б.а. ынтымакка) келип жатат, демек булардын ар бири өз кезегинде ыңгайсыз орундукка отуруп, өздөрүн сабырдуу (толеранттуу) кармайт.

5.0 Жоопкерчиликти өзүңө ал

Бул курсту окуп жатып силер эмне үчүн коомду башкарууга активдүү катышууңар керекэкендигин,мунуишкеашыруунунтүрдүү жолдорун билесиңер. Акыры бул маселени ар бириңер өзүңөр чечүүгө тийишсиңер. Бирок, силер эмне жумуш кылсаңар да, эң негизгиси, демократиялык коомдо биздин коомдук иштерге катышуу милдетибиз болот. Айрым адамдар проблемаларды өздөрү чечкенге көнгөн эмес, алар өздөрү туш келген кыйынчылыктарды бийлик органдары же башка кайсы бир тышкы күч жөнгө салат деп күтүп жүрө беришет. Бирок Кыргызстан чыныгы демократиялуу өлкө болушу үчүн ар бирибиз аракет жасашыбыз керек.

Аз камсыздалган үй-бүлөлөрдөн чыккан шык-жөндөмдүү балдар үчүн ачылган Чүй облустук мектеп-гимназиясы.

Демократиялык коомдогу мамилелер көп түрдүү жана татаал келет, анткени мындай коом урмат-сый менен угулуп туруучу ар түрдүү пикирлердин бар болушуна негизделет. Көп түрдүүлүк кээде бир пикир үстөмдүк кылган учурга караганда кыйла машакаттуу болот. Бирок бул ошондой эле кыйла кызыктуу да болуп, турмушта, окууда жана иште чыгармачыл демилгеге жол ачышы мүмкүн. Бул курс окуучуларга башка адамдардын пикирин угуп, баалай, сыйлай билүүнү үйрөнүүдө көмөктөш болушу керек. Ал силердин өз көз карашыңарды, мамилеңерди күч колдонбой эле туюнтуу, башкаларды да буга көндүрө билүүгө үйрөтөт. Кыскасы, жарандык билим берүүнүн максаты – чыныгы цивилизациянын маңызын түзгөн сабырдуулук жана ынтымак маданиятын калыптандыруу.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

09-тапшырма. Кезек силерде

Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорду талкуулап, класс менен ой бөлүшкөнгө даярдангыла:

1. Зордук-зомбулукка алып келүүчү конфликтти кантип болтурбай коё алабыз?
2. Бардык эле конфликттер жаманбы? Эмне үчүн?
3. Конфликттер качан ага тиешеси барлардын бардыгына оң натыйжа бериши мүмкүн?
4. Конфликт бардык катышуучулар үчүн оң натыйжа алып келгидей нукта жөнгө салынып жатканын кайсы белгилер көрсөтөт?



10-тапшырма. Талкуу жана ага катышкандардын статусу

1. Төмөндөгү текстти окугула:

Ар түрдүү көз караштар

Бул китептеги көнүгүүлөр көп талкуулоону талап кылат. А талкуу болгон жерде ар түрдүү пикирлер болот. Ар кандай коомдо эске алына турган маданий аспектилер бар. Аңгемелешүүнү да ошого жараша жүргүзүү керек. Көпчүлүк маданияттарда адамдар оюн айтуудан мурда өзүнүн жана маектештеринин статусун (ээлеген абалын) эске алышат. Статусту аныктаган факторлорго төмөнкүлөр кирет:

жашы / жынысы / расасы / кызмат даражасы / үй-бүлөлүк карым-катышы / билими / дене-бой жөндөмү / экономикалык бийлиги

2. Шеригиңер менен бул эки диалогду окуп, суроолорго жооп бергиле.

Диалог А:

Самат: *Мен кээ бир адамдардын парламентке аялдарды көбүрөөк шайлоо керек дегенин укkам.*

Бурул: *Айрым өлкөлөрдө квоталар (өкүлчүлүккө бөлүнүүчү үлүштөр) бар. Мисалы, талапкерлердин (кандидаттардын) бери болгондо 35%и аялдар болушу керек.*

Самат: *Бул болбогон нерсе! Акыркы шайлоонун жыйынтыгы боюнча, конгрессте (Амери-канын парламентинде) эч кандай квотасыз эле өкүл аялдардын саны эки эсеге көбөйгөн. Эмне, биз талапкерлерди сапатына эмес, квотасына карап шайлайбызбы? Аялдар эркектер менен бирдей шартта шайлануга тийиш. Бул – демократиянын принциптеринин бири.*

Бурул: *Ооба, мунуң туура, бирок аялдардын талапкер болуу мүмкүнчүлүктөрү азыр деле чектелген бойдон калууда.*

Самат: *Анда акыркы шайлоолордо конгресстеги аялдардын саны кантип эки эсеге көбөйдү?*

Бурул: *Билбейм, бирок биз алардын ээлеген кызмат ордун да эске алышыбыз керек. Алардын баары төмөнкү кызматтарда.*

Самат: *Бирок атүгүл эң эле демократиялуу эмес деп эсептелип жүргөн Пакистандын премьер-министри Беназир Бхутто деген атактуу аял болгон эле го!*

Бурул: *Ооба, бирок процент боюнча алганда...*

Самат: *Мени менен талашпа.*

Диалог Б:

Брэдли: *Парламентке аялдардын көбүрөөк шайланышы үчүн эмне кылса болот?*

Мэгги: *Мен квота бериш керек деп эсептейм. Жок дегенде талапкерлердин 35%и аялдар болушу керек.*

Брэдли: *Болбогон нерсе. Акыркы шайлоонун жыйынтыгы боюнча конгрессте аял өкүлдөрдүн саны эки эселенди, ал эми аларда квота болгон эмес. Кантсе да биз талапкерди сапатына жараша шайлайбыз да. Алар бирдей шарттарда шайланышы керектиги шексиз. Бул демократиянын принциптеринин бири болуп саналат. Сен демократсың да, туурабы?*

Мэгги: *Ошентип силердин өлкөңөр идеалдуу турбайбы? Туура түшүн, Брэдли. Сен билесиң го, аялдардын парламентке шайлануу мүмкүнчүлүгү азайып баратат, себеби партиялардын көпчүлүк мүчөлөрү – эркектер.*

Брэдли: *Анда кантип акыркы шайлоодо конгрессте аялдардын саны эки эселенди? (Үнү катуурааk чыгат).*

Мэгги: *Жакшы, алар аялдардын санын эки эсеге көбөйтүштү. Бирок алардын ээлеген кызматын кара, баары начар кызматтар эмеспи, Брэдли? (Туруп баратып айтат).*

Брэдли: *Бирок менин өлкөмдө премьер-министр жана оппозиция лидери (өкмөткө атаандаш позицияда тургандардын башчысы) – аялдар.*

Мэгги: *Ооба, бирок процент боюнча алганда...*

Суроолор:

1.	**Аңгемелешип жаткан кишилердин кимисинин статусу жогорураак?**
А	
Б	
2.	**Мында статусту кайсы факторлор (себептер, күчтөр) аныктайт?**
А	
Б	
3.	**Сүйлөшкөнгө чейин, сүйлөшүү учурунда жана сүйлөшүү бүткөндөн кийин аңгемелешкен адамдардын бири-бирине мамилеси кандай болду?**
А	
Б	

11-тапшырма. Аңгемелешүү жөнүндөгү башка көз караштар

Мындан мурунку тапшырмадагы жоопторуңарды дагы бир ирет карап чыгып, анан аларды австралиялык Эриктин жооптору менен салыштыргыла.

1.	**Аңгемелешип жаткан кишилердин кимисинин статусу жогорураак?**
А	*Мен Саматтын статусу Бурулдун статусуна караганда жогорураак деп ойлойм, себеби Бурул Саматтын айтканын бир жолу да туура эмес деген жок.*
Б	*Жалпы алганда, биз билбейбиз. Мен алар экөө тең статустук айырмачылыктар аңгемелешүү учурунда унутулуп каларын түшүнүштү деп ойлойм.*
2.	**Мында статусту кайсы факторлор аныктайт?**
А	*Мен Самат эркек, Бурул аял экендиги деп ойлойм.*
Б	*Эч кайсы, анткени сүйлөшүү учурундагы алардын статусу бирдей.*
3.	**Сүйлөшкөнгө чейин, сүйлөшүү учурунда жана сүйлөшүү бүткөндөн кийин аңгемелешкен адамдардын бири-бирине мамилеси кандай болду?**
А	*Бурул Саматтын статусуна же ыйгарымына шек келтирип албагай элем деп чочулайт. Бурул статус билим деңгээлине да жараша болорун Самат түшүнөр деп үмүттөнөт.*
Б	*Аңгемелешүү аларга жакты. Алар бир аз ызаланышкандай көрүнсө да, сый мамиле өзгөргөн жок.*

Эрик Б диалогунан андагы тема адамдардын бири-бирине мамилесин өзгөртө турган жекече мүнөзгө ээ эмес экендигин түшүндү. Адамдардын өз ойлорун ачык жана коркпой билдириши өтө чоң мааниге ээ. Маселени жеке кишиге тийиштирбөө үчүн дискуссиянын жүрүшүндө эки тарап бири-бирине тең укуктуу катары мамиле жасоого тийиш экендигин түшүнүшү керек.

Көз карашты жана адамга болгон мамилени айырмалай билүү төмөнкүлөргө жараша болот:

а) адамды сындоодон алыс болуп, логикага ынтаа коюу;
б) конструктивдүү сындай билүү.

Конструктивдүү сындаганда силер төмөнкүлөрдү эске алышыңар абзел:

1. Кайсы бир маселелер боюнча бир жактуу пикир айтпастан, эмне жагарын жана эмнеге каршы экендигиңерди айтышыңар керек.
2. Компромисстерди жана/же чечимдерди сунуш кылышыңар керек.

Көз караштар ар түрдүү болгон учурда чечим кабыл алуу: консенсус

Эң жөнөкөй жол – бул консенсуска (мунасага) келүү. Бул жол төмөндөгүдөй факторлорго негизделет:

- Бардык айтылган ойлор сындоосуз кабыл алынат.
- Тараптардын баары тең консенсуска келүүгө милдеттенет.
- Бул процессте белгилүү бир убакытт талап кылынат.
- Айрым карама-каршылыктуу жактары болсо да, негизинен алгылыктуу бүтүм чыгарылышы мүмкүн.

12-тап[illegible]ма. Чечим кабыл алуу

Чечим кабыл а[illegible]ыкмасын биз 3 түргө бөлсөк болот. Бул ыкмалар демократиянын мезгилинде ар түрдүү кырдаа[illegible]да колдонулат.

Добуш бер[illegible] (көпчүлүк шайлаганда колдонулат)

Консенсус [illegible]орудагы алкактын ичин карагыла)

Таңуулоо (а[illegible] колундагы бийлигин пайдаланып, башкаларга өз чечимин таңуулайт)

Төмөндө чечим [illegible]был алуу процесси жүргүзүлгөн кырдаалдардын тизмеси берилди. Шеригиңер менен кайсы [illegible]да кандай процесс сыпатталганын талкуулап, аныктагыла: добуш берүүбү, мунасабы же та[illegible]лообу?

№	Кырдаалдар	Добуш берүү	Консенсус	Таңуулоо
1.	Ар бир ада[illegible]буш берүүгө укуктуу.	✓		
2.	Бир адам б[illegible]лардын атынан чечим чыгарат. Адатта анын чечими акыркы болот.			
3.	Бардык ада[illegible]р өз оюн билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, андыктан бардыгы макул боло турган чеч[illegible]штелип чыгат. Бул баары эле каалагандай чечим болбошу да мүмкүн.			
4.	Силер оюн[illegible] кол көтөрүү аркылуу билдиресиңер же жашыруун болушу үчүн кагазга жаз[illegible]кутуга саласыңар.			
5.	Чечим жал[illegible]лдин эмес, лидердин гана каалоосун билдириши мүмкүн. Бирок бул чечим кабы[illegible]ынды, анткени аны кабыл алган адам мыйзамдуу бийликке ээ.			
6.	Кабыл алы[illegible]чечим көпчүлүктүн оюн билдирет. Азчылык чечим кабыл алуу адилеттүү[illegible]уу деп ишенгендиктен макул болот.			
7.	Колунда би[illegible]ги бар бирөө эреже бузулду деп эсептейт да, жазалоо иретинде бүтүндөй т[illegible]бир нерсе жасоого мажбурлайт.			
8.	Адамдар ба[illegible]макул болгудай компромисске келмейинче проблеманы талкуулай беришет.			
9.	Баары проб[illegible]ны талкуулашат, бирок эң акыркы чечимди алардын эң улуусу кабыл алат.			
10.	Компания [illegible]сана, бирикме) кайсы продукцияны өндүрүүнү керектөөчүлөрдүн талаптарын[illegible]раша чечет.			
11.	Жардам кө[illegible]үүчү уюм кайсы өлкөдө иштөөнү өзү чечет.			

13-тапш[illegible]ма. Артыкчылыктар жана кемчиликтер

Төмөндөгү кырд[illegible]дар конфликтти чечүүнүн ар түрдүү ыкмаларына мисал болот. Фермерлердин бири болгон Эр[illegible]ди каналдан сууну өтө эле көп (күн сайын алты сааттан) алып жатат деп кошуналары айы[illegible]шат. Талашты жөнгө салуу үчүн чогулуш өткөрүлүүдө. Сүйлөшүүнү окуп, конфликтти чечү[illegible]нүн 3 түрүнүн артыкчылыктарын жана кемчиликтерин жазгыла.

Добуш берүү

Адилет: *[illegible]талашын чечип алалы. Суу баарыбызга керек, андыктан туура бөлүшүп албасак [illegible]бойт. Эркин мындан ары да сууну ушундай ала берсинби же ага каршысыңарбы? [illegible]уш бергенге чейин кимдин кандай ою бар?*

Канат: *[illegible]имче, талашка себеп болгон Эркин сууну аз талап кылуучу өсүмдүктөрд[illegible] керек эле. Суу жетпей, эгини кургап жатса, бага биз күнөөлүү эмеспиз. Э[illegible] ал биздин зыян тартып жатканыбызды ойлобойт? Сууну баарыбызга би[illegible]үштүрүү керек. Демек, Эркин да күнүгө эки сааттан гана суу алууга тийи[illegible]*

Айгүл: *[illegible]а, бирок анын эгиндери кургап жатпайбы. Анын үстүнө эгин эккен[illegible]инге суу канчадан бөлүштүрүлөрүн эч ким айткан эмес. Биз ага суун[illegible]өөк, бирок күнүнө төрт эле сааттан бурганга уруксат берсек болб[illegible]*

Суроолор:

1.	**Аңгемелешип жаткан кишилердин кимисинин статусу жогорураак?**
А	
Б	
2.	**Мында статусту кайсы факторлор (себептер, күчтөр) аныктайт?**
А	
Б	
3.	**Сүйлөшкөнгө чейин, сүйлөшүү учурунда жана сүйлөшүү бүткөндөн кийин аңгемелешкен адамдардын бири-бирине мамилеси кандай болду?**
А	
Б	

11-тапшырма. Аңгемелешүү жөнүндөгү башка көз караштар

Мындан мурунку тапшырмадагы жоопторуңарды дагы бир ирет карап чыгып, анан аларды австралиялык Эриктин жооптору менен салыштыргыла.

1.	**Аңгемелешип жаткан кишилердин кимисинин статусу жогорураак?**
А	*Мен Саматтын статусу Бурулдун статусуна караганда жогорураак деп ойлойм, себеби Бурул Саматтын айтканын бир жолу да туура эмес деген жок.*
Б	*Жалпы алганда, биз билбейбиз. Мен алар экөө тең статустук айырмачылыктар аңгемелешүү учурунда унутулуп каларын түшүнүштү деп ойлойм.*
2.	**Мында статусту кайсы факторлор аныктайт?**
А	*Мен Самат эркек, Бурул аял экендиги деп ойлойм.*
Б	*Эч кайсы, анткени сүйлөшүү учурундагы алардын статусу бирдей.*
3.	**Сүйлөшкөнгө чейин, сүйлөшүү учурунда жана сүйлөшүү бүткөндөн кийин аңгемелешкен адамдардын бири-бирине мамилеси кандай болду?**
А	*Бурул Саматтын статусуна же ыйгарымына шек келтирип албагай элем деп чочулайт. Бурул статус билим деңгээлине да жараша болорун Самат түшүнөр деп үмүттөнөт.*
Б	*Аңгемелешүү аларга жакты. Алар бир аз ызаланышкандай көрүнсө да, сый мамиле өзгөргөн жок.*

Эрик Б диалогунан андагы тема адамдардын бири-бирине мамилесин өзгөртө турган жекече мүнөзгө ээ эмес экендигин түшүндү. Адамдардын өз ойлорун ачык жана коркпой билдириши өтө чоң мааниге ээ. Маселени жеке кишиге тийиштирбөө үчүн дискуссиянын жүрүшүндө эки тарап бири-бирине тең укуктуу катары мамиле жасоого тийиш экендигин түшүнүшү керек.

Көз карашты жана адамга болгон мамилени айырмалай билүү төмөнкүлөргө жараша болот:

а) адамды сындоодон алыс болуп, логикага ынтаа коюу;
б) конструктивдүү сындай билүү.

Конструктивдүү сындаганда силер төмөнкүлөрдү эске алышыңар абзел:

1. Кайсы бир маселелер боюнча бир жактуу пикир айтпастан, эмне жагарын жана эмнеге каршы экендигиңерди айтышыңар керек.
2. Компромисстерди жана/же чечимдерди сунуш кылышыңар керек.

Көз караштар ар түрдүү болгон учурда чечим кабыл алуу: консенсус

Эң жөнөкөй жол – бул консенсуска (мунасага) келүү. Бул жол төмөндөгүдөй факторлорго негизделет:

- Бардык айтылган ойлор сындоосуз кабыл алынат.
- Тараптардын баары тең консенсуска келүүгө милдеттенет.
- Бул процессте белгилүү бир убакытт талап кылынат.
- Айрым карама-каршылыктуу жактары болсо да, негизинен алгылыктуу бүтүм чыгарылышы мүмкүн.

12-тапшырма. Чечим кабыл алуу

Чечим кабыл алуу ыкмасын биз 3 түргө бөлсөк болот. Бул ыкмалар демократиянын мезгилинде ар түрдүү кырдаалдарда колдонулат.

Добуш берүү (лидер шайлаганда колдонулат)

Консенсус (жогорудагы алкактын ичин карагыла)

Таңуулоо (адам колундагы бийлигин пайдаланып, башкаларга өз чечимин таңуулайт)

Төмөндө чечим кабыл алуу процесси жүргүзүлгөн кырдаалдардын тизмеси берилди. Шеригиңер менен кайсы учурда кандай процесс сыпатталганын талкуулап, аныктагыла: добуш берүүбү, мунасабы же таңуулообу?

№	Кырдаалдар	Добуш берүү	Консенсус	Таңуулоо
1.	Ар бир адам добуш берүүгө укуктуу.	✓		
2.	Бир адам башкалардын атынан чечим чыгарат. Адатта анын чечими акыркы болот.			
3.	Бардык адамдар өз оюн билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, андыктан бардыгы макул боло турган чечим иштелип чыгат. Бул баары эле каалагандай чечим болбошу да мүмкүн.			
4.	Силер оюңарды кол көтөрүү аркылуу билдиресиңер же жашыруун болушу үчүн кагазга жазып, кутуга саласыңар.			
5.	Чечим жалпы элдин эмес, лидердин гана каалоосун билдириши мүмкүн. Бирок бул чечим кабыл алынды, анткени аны кабыл алган адам мыйзамдуу бийликке ээ.			
6.	Кабыл алынган чечим көпчүлүктүн оюн билдирет. Азчылык чечим кабыл алуу адилеттүү болду деп ишенгендиктен макул болот.			
7.	Колунда бийлиги бар бирөө эреже бузулду деп эсептейт да, жазалоо иретинде бүтүндөй топту бир нерсе жасоого мажбурлайт.			
8.	Адамдар баары макул болгудай компромисске келмейинче проблеманы талкуулай беришет.			
9.	Баары проблеманы талкуулашат, бирок эң акыркы чечимди алардын эң улуусу кабыл алат.			
10.	Компания (ишкана, бирикме) кайсы продукцияны өндүрүүнү керектөөчүлөрдүн талаптарына жараша чечет.			
11.	Жардам көрсөтүүчү уюм кайсы өлкөдө иштөөнү өзү чечет.			

13-тапшырма. Артыкчылыктар жана кемчиликтер

Төмөндөгү кырдаалдар конфликтти чечүүнүн ар түрдүү ыкмаларына мисал болот. Фермерлердин бири болгон Эркинди каналдан сууну өтө эле көп (күн сайын алты сааттан) алып жатат деп кошуналары айыпташат. Талашты жөнгө салуу үчүн чогулуш өткөрүлүүдө. Сүйлөшүүнү окуп, конфликтти чечүүнүн 3 түрүнүн артыкчылыктарын жана кемчиликтерин жазгыла.

Добуш берүү:

Адилет: *Суу талашын чечип алалы. Суу баарыбызга керек, андыктан туура бөлүшүп албасак болбойт. Эркин мындан ары да сууну ушундай ала берсинби же ага каршысыңарбы? Добуш бергенге чейин кимдин кандай ою бар?*

Канат: *Менимче, талашка себеп болгон Эркин сууну аз талап кылуучу өсүмдүктөрдү эгиш керек эле. Суу жетпей, эгини кургап жатса, бага биз күнөөлүү эмеспиз. Эмне үчүн ал биздин зыян тартып жатканыбызды ойлобойт? Сууну баарыбызга бирдей бөлүштүрүү керек. Демек, Эркин да күнүгө эки сааттан гана суу алууга тийиш.*

Айгүл: *Туура, бирок анын эгиндери кургап жатпайбы. Анын үстүнө эгин эккенге чейин Эркинге суу канчадан бөлүштүрүлөрүн эч ким айткан эмес. Биз ага сууну дагы эле көбүрөөк, бирок күнүнө төрт эле сааттан бурганга уруксат берсек болбойбу?*

Айнура: *Мен Эркин сууну канча кааласа, ошончо ала берсин дээр элем. Анткени ал биздин кээ бир айылдаштарыбызды жумуш менен камсыз кылып, мектептин чатырчасын ондогонго да жардам берген эле го.*

Адилет: *Биз үч башка сунуш уктук. Биринчиси боюнча Эркинге сууну тиешелүү өлчөмдө гана берүү керек. Ошондо сууну күнүгө эки сааттан алат да, ал өзү айткандай, эгиндеринин бир бөлүгү сугарылбай калат. Экинчиси боюнча биз ага сууну күнүгө төрт сааттан алууга уруксат беребиз. Үчүнчүсү–бүга чейинкидей эле ал сууну күнүгө алты сааттан бурат. Эми добуш берели.*

(Эл үч сунуштун бирине добуш берүү үчүн колдорун көтөрөт).

Адилет: *Добуш берүүнүн жыйынтыгы: 17 киши биринчи сунушка, 12 киши үчүнчү, ал эми 28 киши экинчи сунушка добуш берди. Көпчүлүк Эркиндин сууну каналдан күнүгө төрт сааттан алып турушун жактады.*

Консенсус:

Адилет: *Суу талашы токтобой жатат, айрым адамдар нааразы болуп жүрөт. Азыр биз баарыбызды канааттандыргыдай чечим кабыл алышыбыз керек. Кимдин кандай сунушу бар?*

Айнура: *Бул маселени келерки жылы чечсек кантет?*

Нуржигит: *Бул проблеманы келерки жылга калтырууга болбойт. Мен Эркин сууну өзүнө тийиштүү өлчөмдө гана алышы, өзү тарта турган чыгашага да кайыл болушу керек деп ойлойм.*

Эркин: *Муну айтканга оңой, бирок менин жерим кургап кала берсинби? Эгер мен түшүмдү жакшы ала албасам, карыздарымдан кутулбайм да, үй-бүлөм ачка калат. Сууну канчадан бөлүштүрүүнү эгин эккенге чейин тактап алышыбыз керек эле.*

Мурат: *Нуржигит туура айтат, бирок Эркинди да түшүнүшүбүз керек. Менин мындай сунушум бар. Эркинге сууну көбүрөөк алууга уруксат берели, бирок ал өзүнүн кошуналарынын жерине да барып, аларга суу жетип жаткан-жатпаганын өз көзү менен көрсүн. Балким ошондо ал өзү көбүнчө күнүнө төрт эле сааттан суу алып турганга макул болоор. Ал эми кийинки жылы кайрадан чогулуп, эмнени эгерибизди жана сууну канчадан керектей турганыбызды чечип алабыз.*

Адилет: *Мураттын сунушуна баарыңар макулсуңарбы?*

(Баары макул болушат)

Адилет: *Жакшы, анда ошентели.*

Таңуулоо:

Адилет: *Суу талашы чечилбей жатат. Силер муну туура эмес деп ойлошуңар мүмкүн, бирок мен Эркинге сууну күн сайын үч сааттан алып турууга уруксат берели деп чечтим. Чогулушка келгениңерге рахмат.*

Эми чечим чыгаруунун үч жолунун артыкчылыктарын жана кемчиликтерин ойлонуп, таблицаны толтургула.

Артыкчылыктар	Кемчиликтер
Добуш берүү	*Добуш берүү*
Консенсус	*Консенсус*
Тануулоо	*Тануулоо*

14-тапшырма. Бул ыкмаларды качан колдонуу керек?

Үч-төрт кишилик топ болуп төмөндөгү кырдаалдарды окугула да, чечим кабыл алуу үчүн кайсы ыкма же ыкмалар ылайык келерин чечкиле. Ар бир кырдаалга карата тигил же бул ыкманы эмне үчүн тандаганыңарды жана, силердин оюңарча, чечимди ким кабыл алууга тийиш экендигин түшүндүргөнгө даяр болгула. (Биз «индивидуалдуу чечим» деген мамычаны коштук, анткени айрым учурларда чечимди ал кимге эң көп таасир эте турган болсо, ошол чыгарат деген бүтүмгө келишиңер да мүмкүн).

№	Чечим чыгаруу талап кылынган кырдаалдар	Индвидуал-дуу чечим	Добуш берүү	Консенсус	Тануулоо
1.	Эки адам өздөрүн баарынан мыкты жана президентикке татыктуу деп эсептейт.		✓		
2.	Беш жаштагы уулу телевизор көргүсү келет, бирок апасы аны укта дейт.				
3.	Эки айылдын кишилери жер талашып жатат.				
4.	Экономиканы башкаруу маселеси боюнча пикирлери карама-каршы 3 топтун ичинен кимиси өкмөткө келерин эл чечет.				
5.	Райондук соттун судьясы адамдын күнөөлүү же күнөөсүз экенин чечет.				
6.	Врач кайсы дарыларды колдонуу керектигин чечет.				
7.	Үй-бүлө ымыркайга ат тандайт.				
8.	Кыздын кимге турмушка чыгышы чечилет.				
9.	Үйдүн ички дубалын кайсы түскө боёо керек деп кеңешип жатышат.				

15-тапшырма. Силердин шаарыңарда, кыштагыңарда, айылыңарда...

Шеригиңер менен шаарыңардагы, айылыңардагы топтордун ортосунда пикир келишпестик келип чыккан жагдайды эстегиле. Проблема (маселе) кандай чечилди эле? Чечим кабыл алуунун кайсы методу колдонулган болчу? Ар бир ыкмага экиден мисал келтиргенге аракет кылгыла. Бир мисал үлгү катары аткарылды.

	Добуш берүү	Консенсус	Тануулоо
Кырдаал № 1	*Биздин айылдын адамдары башкы көчөбүзгө кандай ат коюу жөнүндө макулдаша алышкан жок. Бир нече аталыштар сунуш кылынды да, алар добуш берип, Үсөнов атындагы көчө деп коюшту.*		
Кырдаал № 2			

16-тапшырма. Кайсы өлкөнүн жараны?

Эки-экиден болуп, төмөндөгү кырдаалды талкуулагыла да, ага карата коюлган суроолорго жооп бергенге аракеттенгиле.

Кыргызстанда туулган, тажик улутундагы айы-күнү жетип турган кош бойлуу келиндин кыргыз паспорту бар. Ал ирланд паспорту бар, Нигерияда туулган улуту нигер кишиге турмушка чыккан. Алар Япониядан Австралияга корей авиакомпаниясынын самолетунда учуп баратышат. Экөө тең Австралияга барууга туристтик виза алышкан. Төрт сааттай убакыт өткөндөн кийин келиндин толгоосу башталды. Самолет Соломон аралдарынын үстүнөн өтүп баратат. Он мүнөттөн соң келин көз жарып, кыз төрөдү.

Кыз кайсы өлкөнүн жарандыгын алууга укуктуу?

Бийликтин милдети – адамдар иштей алгандай, көбүрөөк иштеп таап, жакшыраак жашагандай шарт түзүү.
А. Акаев

II Бап

Үй-бүлө жана коом

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Үй-бүлө

Үч-төрттөн болуп үй-бүлөнүн силерге белгилүү *функцияларын* (аткаруучу иштерин, милдеттерин) санап чыгып, жазгыла.

02-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Эки-экиден болуп терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

Термин	Аныктама
1. Мурас мүлк 2. Инцест 3. Иерархия 4. Чоң үй-бүлө 5. Нуклеардык үй-бүлө	а) Жакын туугандардын ортосундагы жыныстык байланыш (буга салт же мыйзам тыюу салат). б) Ээси дүйнөдөн кайткандан кийин мыйзам же керээз боюнча мураскорго өтө турган мүлк. в) Ата-энесинен жана алардын балдарынан гана турган үй-бүлө. г) Ар кимдин жөндөмүнө же статусуна карай адамдар тобунун вертикалдуу бөлүнүшү. д) Ата-энесинен, алардын балдарынан жана башка туугандарынан турушу мүмкүн болгон үй-бүлө.

Окуу үчүн текст

Бул бапта төмөнкү маселелер каралат:

- Борбордук Азияда жана башка өлкөлөрдө үй-бүлөлөр түзүлүшү боюнча кандай айырмаланат?
- Үй-бүлөнүн функциялары
- Үй-бүлө мамлекеттен эмнеси менен айырмаланат?
- Үй-бүлөнүн түзүлүшү жана каада-салт менчик укугуна кандай таасир этет?
- Үй-бүлөнүн түзүлүшү экономикага кандай таасир этет?
- Мамлекет кантип үй-бүлөнүн турмушуна таасир тийгизет?

1.0 Үй-бүлөнүн түрлөрү

Үй-бүлө – бул ар кандай эле коомдун куралышына негиз болуучу баштапкы бүтүн бирдик. Ал туруктуу түзүлүш катары пайда болот да, өз курамына нике, туугандык же багып алуу жагынан байланышы бар адамдарды камтыйт. Бирок түзүлүшү боюнча үй-бүлөлөр ар башка элдерде гана эмес, бир эле улуттун ичинде да айырмаланат. Мисалы, коомдо үй-бүлөлүк турмуштун курулушу ар бир адам өзүнчө бөлөк тургандан бүтүндөй бир урук чогуу бир үйдө жашаганга чейин түрдүүчө боло берет.

Үй-бүлөнүн эң эле кеңири таралган түрү – бул ата-эне жана балдардан турган өзөк (нуклеардык) үй-бүлө. Бирок бардык эле жубайлар балалуу болбогондуктан, үй-бүлөлөрдүн түзүлүшү да ар башкача келет. Көп өлкөлөрдө ата-энесинин бирөө гана бар үй-бүлөлөр арбын кезигет. Атүгүл адамдар чоңураак үй-бүлө болуп биригиши үчүн экономикалык жана социалдык кысым жасалган өлкөлөр да бар. Ошол эле учурда көпчүлүк коомдордо жалгыз-жарым үй-

бүлөлөр моралдык да, экономикалык да колдоого татыктуу, эгер каражаты жетишсе алар ошондой бөлөк болуп жашаганга укуктуу деп эсептелет.

Араб Эмираттары сыяктуу өлкөлөрдүн мыйзамында эркектердин бир эле мезгилде бир нече аялдуу болушуна (полигамияга) уруксат берилет. Кыргызстанда буга мыйзам жол койбойт. Ал эми тескерисинче Түштүк Индия менен Тибеттин кээ бир жерлеринде мурда кезиккендей, бир аялдын бир нече күйөөлүү болушуна (полиандрияга) жол берген коомдор абдан сейрек учурайт. Бирок мындай учурлардын баарында диний ишенимдин эрежелери күнүлөш аял же эркектердин укуктары корголушун талап кылат (күнүлөштөр – бир эркектин эки же андан көп аялдары, бир аялдын эки же андан көп күйөөлөрү).

Нуклеардыктан тышкары уул-келин, кыз-күйөө, неберелерди кошо камтыган *чоң үй-бүлөлөр* болот. Мунун айрыкча үй-бүлөлүк мамилелерди башка социалдык байланыштардан алда канча өйдө койгон элдер үчүн маани зор. Үй-бүлөнүн мындай түрү Батыш өлкөлөрүндө сейрек кездешсе да, Борбор Азияда өтө кеңири таралган. Батыштагы айрым өлкөлөрдө балдар *финансы* (акча каражаттары) жагынан өз ата-энелеринен эрте көз карандысыз болуп, ошондой эле үйүнөн алыс жерлерде жогорку билим алып же иштеп жүргөн жаштар көп кездешкендиктен, чоң үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрүнүн ортосундагы *алака* (мамиле, карым-катыш) начарлап же такыр эле жоюлуп кеткен.

Борбор Азиядагы түпкүлүктүү элдердин көпчүлүгүндө үй-бүлө негизинен чоң бойдон калып, иерархиялык түзүлүшүн да сактап келет. Салт катары үй-бүлө башчысы (дээрлик дайым – эркектердин улуусу) мүлктүк укуктардын баарына ээлик кылып, үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүн урушуп, жазалаганга акылуу болгон. Анын тилин албаганы же каяша айтканы болсо атүгүл үйдөн куулуп чыгышы да мүмкүн эле.

Үй-бүлө курамы
(Үй чарбаларынын демографиялык мүнөздөмөсү)

Аймак	Үй-бүлөнүн чоңдугу	Балдар	Чоңдор	Карылар
Кыргыз Республикасы	4,34	1,56	2,39	0,38
Бийик тоолуу райондор	5,27	2,32	2,48	0,47
Бөксө тоолуу райондор	4,79	1,81	2,60	0,38
Чөлдүү (жапыз тоолуу) райондор	4,15	1,43	2,35	0,37

(Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык[1] комитети, 2001-ж.)

2.0 Ар түрдүү коомдордогу эркектер менен аялдардын мамилеси

Айрым өлкөлөрдө алгач ирет никеге тургандардын орточо курагы 17 жашты түзсө, башкаларында, айрыкча Батыштын өнүккөн өлкөлөрүндө, адамдар 25, атүгүл андан да улуу жашка жетмейинче турмуш курбай жүрө беришет. Мунун башкы себеби, жаштар үй-бүлө күткөнгө чейин билим алып, жакшы жумуш табууга аракеттенишет. Жалпысынан алганда өлкө канчалык өнүккөн болсо, андагы адамдар ошончолук кеч турмуш куруп, аз балалуу болушат.

Кээ бир элдердин (мисал, Индиядагы) салтында ника ата-энелердин макулдашуусунун негизинде кыйылат. Айрым учурларда ата-энелер уул-кыздарын бир нече жыл мурда эле кудалап коюшат, андыктан мыйзам боюнча никени *расмий* (официалдуу) каттоодон өткөрөрдө (борборазиялык өлкөлөрдө дагы) турмуш курууга жигиттин да, кыздын да *ыктыярдуу* (өз эркимен берген) макулдугу талап кылынганына карабай, иш жүзүндө күйөө-колуктунун тандоо укугу болбойт. Башка элдерде, айрыкча балдар узак убакыт бою ата-энелеринен бөлөк жашаса, никеге туруу толугу менен эркектин жана аялдын өз эркинде болот. Алар атүгүл ата-энелеринин

[1] *Статистика – коомдун жана өндүрүштүн өнүгүүсүнүн сандык көрсөткүчтөрүн изилдөөчү илим.*

макулдугусуз эле үйлөнүшү да мүмкүн.

Инцестке каршы катаал мамиле дээрлик бардык элдерде байкалат. Мисалы, көпчүлүк өлкөлөрдө азыр үч ата өтүшкөнгө чейинки туугандар ортосунда нике кыюуга уруксат берилбейт.

Кыргыздарда бөлөлөрдүн баш кошуусуна жол коюлган учурлар кезигет. Ал эми Индиянын кээ бир жерлеринде эки бир тууган атанын уул-кыздары да үйлөнө берет.

Айрым элдерде кызды күйөөгө узатканда сеп берилет, дагы башка элдерде жигит тараптан калың төлөнөт. Кыргыздарда мунун экөө тең бар. Салт боюнча кыз макулдугун билдиргенден кийин күйөөнүн ата-энеси тойго чейин калың төлөөгө тийиш болгон. Тойдо кыз тараптан берилүүчү септин наркы көбүнчө калыңга теңдеш келген. Мындан тышкары жаш жубайлар өздөрүнчө бөлүнүп жашай баштаганда же балалуу болгондо алардын ата-энелери энчи (үлүш мүлк) да берген. Бирок бул каадалар ар кайсы *региондордо* (аймактарда) айырмаланып турарын билип коюу керек. Белек алмашуунун башка дагы эки түрү бар: мунун бири – кийит, б.а. кудалар бири-бирине тартуулаган кийим-кече; экинчиси – сүт акы, күйөө тараптан кыздын энесине берилүүчү кошумча белек.

Аксакалдар соту жаш жубайларга акыл-насаат айтууда.

Мурда деле аз кездешкен:

- кайчы куда болуу (эки үй-бүлө кыз алышып-беришет);
- болочок жубайлар бой жете электе кудалашуу;
- калың ордуна иштеп берүү салты;
- кыз ала качып үйлөнүү сыяктуу каадалар азыр дегеле сейрек учурап калды.

Кыргызстанда жашаган башка түпкүлүктүү элдердин да ушуларга окшош салттары бар, бирок алар ар кайсы райондо ар башкача болот.

Совет мезгилинде аялдар көптөгөн укуктарга жана бир топ деңгээлде эркектер менен тең укуктуулукка жетишти. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон соң эски салттар кайра жандана баштады. Акыркы жылдарда аялдардын укуктары көнүмүш салттарга да, мыйзамга да сыйбай турган жолдор менен бузула баштады. Мисалы, катталбаган никелер көбөйүп, мунун айынан аялдар жана ушундай никеден төрөлгөн балдардын укуктары басмырланган (кемсинтилген) учурлар бар. Ошондуктан көптөгөн аялдар менен эркектер Кыргыз Республикасында аялдардын укуктары иш жүзүндө корголушун талап кылууда. Бул үчүн аялдардын абалын, үй-бүлөдөгү милдетти жана ошондой эле эркек менен аял мамилесин жаңыча түшүнүү талап кылынат.

Ырас, нике туруктуу үй-бүлөнү түзүү үчүн кыйылат, бирок айрым элдерде ажырашып, башка бирөө менен турмуш куруп кеткендер көп эле кезигет. Көпчүлүк элдер менен мамлекеттерде балдар тирүүлөй жетим калбашы үчүн ажырашууну кыйындаткан мыйзам же каада-салт, а кээде экөө тең болот. Бул мыйзамдарга ылайык көбүнчө үй-бүлөнүн менчиги бүт бойдон тең бөлүнүп, ата-энелер ажырашкандан кийин да балдарга кам көргөндү улантууга милдеттендирилет.

3.0 Менчик жана үй-бүлө

Ата-эненин көзү тирүү кезде менчик балдарга энчи түрүндө, ал эми алар өлгөн болсо, мурастап алуунун белгилүү *жол-жобо*лору (эрежелери, процедуралары) аркылуу өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Кээ бир элдерде менчик мүлк балдардын баарына бирдей бөлүштүрүлсө, Европанын айрым элдеринин салты боюнча уулдар гана мураскор боло алган (патрилиниялуулук). Башка өлкөлөрдө, мисалы, орто кылымдардагы Британияда, мурас мүлк уулдардын улуусунун гана энчисине тийген (майорат укугу). Ал эми жерди кыздарга гана мурастаган салты бар, мисалы, Тынч океанынын аралдарындагыдай, элдер аз кезигет. Мүлктүн кичүү уулдун энчисине калтырылышы минорат деп аталат.

Азыр Батыштын көп өлкөлөрүндө жана башка мамлекеттерде мурас калтыруу накта (аныкталган) юридикалык иш болуп саналат, б.а. мүлктүн ээси анын кайсы бир бөлүгү же бүт бойдон баары өзү өлгөндөн кийин кандайча бөлүштүрүлөрү тууралуу документти түзөт (керээз калтырат). Бул документте анын каалоосу боюнча үй-бүлө мүчөлөрү көрсөтүлбөшү мүмкүн, кийин муну сот жаратпай коюшу да ыктымал. Иш жүзүндө мүлк ээсинин багуусунда болгондор

(балдары же жубайы) мүлктү биринчи кезекте мурастап алуу укугуна ээ. Бул юридикалык процесс көп учурларда каалагандай карызды үй-бүлөнүн тирүү калган мүчөлөрүнүн мойнуна жүктөө мүмкүндүгүн да чектейт. Бирок, менчикти тартуулоо мыйзам тарабынан жакшы жөнгө салынбаса деле, менчиктин кыйла бөлүгү ата-энеси тирүү кезде эле балдарынын колуна өтөт.

Базар экономикасы менен жашаган бай өлкөлөрдө мурастоонун мааниси зор болот, ал эми жерди балдар мурас түрүндө гана ала турган айрым өлкөлөрдө бул анчалык чоң роль ойнобойт.

Борбор Азияда көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн мүлкү уулдарга калтырылат (бирок кыздар да энчи алышы мүмкүн). Мунун эсесине кенже уул карыган ата-энесин багууга милдеттүү. Карып калган туугандарына кам көрүү милдети көп өлкөлөрдө мыйзам тарабынан чанда гана корголот. Анткени менен көбүнчө улуттук жана диний салттар (мисалы, шарияттын талаптары) бул мамилелерди жөнгө салып турат.

Мурас мүлктү атадан уулга калтырган салты бар элдерде аялдардын статусу көп кемсинтилет. Айрым элдерде атүгүл аялдар өздөрү менчикке айланат да, калың төлөө кызды ата-энесинен сатып алганга барабар болуп калат. Бирок мурдагы советтик системага жана батыштагы демократиячыл салттарга ылайык адамдар эч качан кимдир бирөөнүн менчиги катары эсептелбеши керек. Бүгүнкү күндө Тажикстанда да, Кыргызстанда да калың берүү салты сакталган менен, көпчүлүк адамдар жаңа, албетте, мамлекеттик бийлик органдары бул аялдын күйөөсүнө менчик болуп өтүшү деген идеяны жокко чыгарат.

4.0 Үй-бүлөнүн функциялары

Үй-бүлө инсандык, коомдук жана экономикалык функцияларды аткарат. Үй-бүлөнүн инсандык функциясы эркек менен аялдын интимдик (жыныстык) карым-катышын никеге аркылуу мыйзамдаштырууда турат.

Үй-бүлөнүн негизги функциясы үй-бүлө мүчөлөрү баш калкалап, өздөрүн бейпил (тынч) сезе турган үй-жай куруу. Муну кандайдыр бир деңгээлде үй-бүлөнүн экономикалык функциясы десе да болот. Ушул сыяктуу маанилүү функциялардын дагы бири – тукум улоо. Сүт эмүүчүлөрдүн ичинен адам баласы эң эле алсызы, кароого да өтө муктаж болот. Балдарды көптөгөн жылдар бою ичинтип кийинтүү эле эмес, андан да маанилүүсү – ар тараптуу билим берүү талап кылынат. Айрым элдерде балдарды жаштайынан эле өз алдынчалыкка үйрөтүшөт, башкаларында андай эмес.



Кластердин (таяныч конспекттин) үлгүсү. 11-кл-н окуучусу Гараева Л. түзгөн. Баткен облусу, Кызыл-Кыя ш., №2 орто мектеби

Экономикалык жагынан алганда үй-бүлө кабыл ала турган эң маанилүү чечимдердин бири балдардын санына байланышкан.

Салт кармаган көпчүлүк коомдордо үй-бүлө көп балалуу болгонду туура көрөт, анткени:

- ✧ алар ата-энеси карыганда камкордук кылышат;
- ✧ жумушчу күч болот;
- ✧ балдар узак убакыт бою үйдө же ата-энесине жакын жерде кала берет;
- ✧ балдарды тарбиялоого акча көп сарпталбайт (жумшалбайт, иштетилбейт);
- ✧ балдар чарчап калган учурлар көп болот;
- ✧ көп балалуу болсок жакшы жашайбыз деген ишеним күчтүү.

Мунун тескерисинче базар экономикасындагы өнүккөн өлкөлөрдө жубайлар көбүнчө балдардын санын чектегенге аракеттенишет, себеби:

- ✧ жубайлар карыганда материалдык жактан кыйналбайбыз деп үмүттөнүшөт;
- ✧ балдардын билим алуусуна көп убакыт талап кылынат;
- ✧ балдар адатта бөлөк жерде, ата-энесинен алыс жакта жашап, иштейт;
- ✧ балдарды тарбиялап өстүрүүгө көп каражат керектелет;
- ✧ балдар чарчап калган учурлар аз;
- ✧ жаш жубайлардын ата-энелери чакан үй-бүлө күткөндү жакташат (алар бул маселеге кыйла сергек, олуттуу, б.а. акыл-эстүү мамиле жасашат).

[1] *Адеп-ахлактык – ыймандык, моралдык-этикалык.*
[2] *Моногамия – бир эркектин бир аял менен никеге турушу.*

Бул коомдордо канча балалуу болушту жубайлар чогуу чечишет да, ар бир перзентти бойго бүтүрүү жөнүндө экөө тең макул болушу керек.

Кыргыздардын ар бир эркеги мүмкүн болушунча көп балалуу болууга умтулган, анткени уулдар анын уругун көбөйтүп, кыздар болсо жек-жаат (кудасөөк) арттырган. Ошондуктан канча балалуу болууну ал өзү чечкен. Кыргыздар балдарды, өзгөчө эркек балдарды жакшы көрүшкөн, ушундан улам аларда бала асыроо (багып алуу) салты кеңири тараган. Көп учурда күйөөнүн туугандарынын балдары асыралган.

Совет доорунда билим берүү жана башка мүмкүнчүлүктөр пайда болгондуктан, үй-бүлөдө көп өзгөрүүлөр жүрдү. Кийинки жылдарда экономикалык кыйынчылыктардан улам көп балалуу болгусу келген үй-бүлөлөр азайып кетти.

Дагы бир маанилүү функция – баланы коомго аралаштыруу (социалдаштыруу) үй-бүлөдөн бир топ чымырканган аракетти талап кылат. Адамдар бул проблеманы ал турсун бир маданий салттын жана бир коомдун чегинде да ар түрдүү жолдор менен чечишет. Баланы коомго аралаштыруудагы эң негизги нерсе – бул башка адамдар менен кызматташууга үйрөтүү. Адатта муну бала жаш кезинде ар бир мүчөсү башкалардын укуктарын, керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын эске алууга тийиш болгон үй-бүлөдө өздөштүрөт. Бул жагынан алганда үй-бүлө жарандык, *цивилизациялоочу* (өнүккөн коомдун мүчөсү кылып тарбиялоочу) функцияны аткарат. Демократия ушундай кызматташтыкты жакшы кабыл алган формалардын бири болуп саналат, андыктан дал ушуну балдар үйрөнүүгө тийиш.

5.0 Ата-эненин саясий лидерлерден айырмасы

Үй-бүлө менен мамлекеттин функцияларында белгилүү бир окшоштук болсо да, эч качан биз үчүн саясий лидерлерибиз ата-энелеримиздей эле же жарандар «балдарга» окшош деп ойлобош керек. Жарандар – ой жүгүртө билген, көп учурда жакшы билим алган адамдар, алар урмат-сыйга татыктуу жана алардан жарандык милдеттердин аткарылышы күтүлөт. Демократиялык коомдо бул укуктарга жарандардын өз лидерлерин шайлоо жана аларды алмаштыруу укугу, милдети жана жөндөмү кирет.

6.0 Үй-бүлө менен мамлекеттин өз ара мамилеси

Айрым өлкөлөрдө же шайлоочулар ушундайды каалагандыктан, же өкмөттүн каражаты жетишпегендиктен мамлекет үй-бүлөлүк иштерге көп кийлигише бербейт. Бирок көпчүлүк мамлекеттерде нике, ажырашуу, үй-бүлөлүк турмушту жөнгө салуучу, ошондой эле балдарды коргоп, аларга билим берүү үчүн каражат ажыратууну караган мыйзамдар бар.

Үй-бүлөлүк укук адатта эркек менен аялдын мыйзам алдында теңдиги тууралуу идеяга негизделген. Ошондуктан мыйзамдар айрым үй-бүлөлөр тутунган каадаларга каршы келбей койбойт, анткени адамдардын баарына тегиз жаккыдай мыйзамдар комплексин иштеп чыгуу дегеле мүмкүн эмес.

Мамлекеттин үй-бүлөнү коргоого багытталган эң маанилүү мыйзамдарынын бири – бул никени юридикалык каттоо, демек, расмий түрдө таануу жөнүндөгү мыйзам. Нике катталгандан кийин мамлекет күйөө менен аялдын ортосундагы милдеттенмелердин аткарылышы үчүн өз күчүн колдоно алат. Мында атүгүл жубайлар ажырашып кеткен күндө деле балдарынын же башка багуудагы адамдарынын корголушу, материалдык жактан камсыздалышы үчүн бирдей жоопкерчилиги каралат. Ал эми нике катталбаган болсо, эрди-катын ажырашкан учурда мүлктүн туура эмес бөлүштүрүлгөндүгүн айтып талашуу кыйын болуп калат.

Мамлекеттин ресурстары жетиштүү болсо, көбүнчө ал үй-бүлө бузулган же ата-энелери бага албай калган учурларда балдардын кызыкчылыгын коргоого кийлигишет. Балдарды мамлекет багып алгысы келгендерге бериши же атайын мекемелерге жайгаштырышы мүмкүн.

Мурдагы СССРдин аймагында мамлекет үй-бүлөлүк турмушка мыйзамдуу жөнгө салуу

аркылуу анча-мынча таасир этип турчу. Бирок соңку жылдарда марксисттик (коммунистик, б.а. Карл Маркстын саясий-экономикалык окуусун жолдогон) идеологияга жана илгери Европа өлкөлөрүндө болгон салттарга негизделген мыйзамдар кыйла *эффективдүү* (натыйжалуу) иштей баштады. Бул айрыкча экономикалык жаңы мамилелер уруулук-уруктук карым-катыштар менен каада-салттарды начарлатып ийгенде даана байкалууда.

Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин борбор-азиялык республикалардын көбү мурдагы Советтер Союзунун бул тармактагы мыйзамдардын анча-мынча өзгөртүп же өзгөртпөй эле сактап калышты. Бирок маалы келгенде эл аралык нормаларга жана ар бир өлкөнүн жекече өзгөчөлүктөрүнө *шайкеш* (ылайык) келтирүү үчүн бул мыйзамдар өзгөртүлүшү мүмкүн.

ПРООНдун улуттардагы адам өнүгүүсү тууралуу отчетунан алынган демографиялык статистика (Кырг. Респ.), 2002

Калкы – ***4,9 миллион адам***
Кыргыздар – ***66 %***
Өзбектер – ***14%***
Орустар – ***11%***
Аялдар калктын ***50,6%ин*** түзгөн
Калктын 2000-жылдагы табигый өсүшү– ***65500 киши***
Калктын ***36%и*** – балдар жана өспүрүмдөр. ***65,1%и*** айыл жеринде жашайт. Орточо жаш курак – *26 жаштын тегерегинде*

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

03-тапшырма. Силердин жашаган жериңер жөнүндөгү маалыматтардын графиги

Көрсөтмөлөр:

1. Коңшулаш жашаган эң кеми 10 үй-бүлөнүн тизмесин түзгүлө.
2. Аларды типтерге бөлгүлө: өзөк үй-бүлө, чоң үй-бүлө, толук эмес (атасы же апасы гана бар) үй-бүлө жана башка типтеги үй-бүлөлөр. (Бул үчүн силер ошол үй-бүлөлөргө барып келишиңер керек. Суроо береден мурун эмнеге барганыңарды түшүндүрүшүңөр керек. Эгер адам жалгыз жашаса, аны үй-бүлө деп айтууга болбойт.)

Берилүүчү суроолор: Үйдө ким жашайт? Канча бала бар? Алар менен чоң эне, чоң атасы жашайбы?

3. Чогулткан маалыматыңарды класстагы башка эки окуучунун маалыматына кошкула.
4. Бир эле үй-бүлөнү эки жолу жазбаш үчүн текшерип чыккыла.
5. Ар бир типтеги үй-бүлөнүн процентин эсептегиле.
6. Анын диаграммасын түзгүлө (Жаңы Зеландия боюнча түзүлгөн диаграммага окшош кылып).
7. Силер жашаган жердеги үй-бүлөлөр менен Жаңы Зеландиядагы үй-бүлөлөрдү салыштырып, үч сүйлөм жазгыла. Айырмачылыктардын себептерин түшүндүрүүгө аракеттенгиле.
8. Силер жашаган жердеги адамдардан акыркы 10 жылдын ичинде үй-бүлөнүн *структурасы* (түзүлүшү) кандайча өзгөргөнүн жана 1989-жылга чейин анын структурасы кандай болгонун сурагыла.

Жаңы Зеландиядагы үй-бүлөлөр



Жаңы Зеландиядагы үй-бүлөлөр

Никеге тургандардын орточо жашы:
эркектер – 33,5; аялдар – 30,7
Үй-бүлөдөгү балдардын орточо саны – 1,95

04-тапшырма. Ар түрдүү үй-бүлөлүк салттар

Биздин өлкөдө түркүн салттары жана үрп-адаттары бар ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү жашайт. Төмөндө берилген суроолорго өзүңөрдүн этникалык тобуңардын (улутуңардын) салттарын башка этностордун (улуттардын) салттарына салыштыруу менен жооп бергенге аракеттенгиле.

1. Колукту үчүн сеп камдалабы? Эгер камдалса, ким тарабынан? Кимге берилет? Ал эмнеден турат? Калың эмне үчүн берилет?

2. Ким кимге үйлөнүшү керектигин аныктаган эрежелер же каадалар барбы? Мисалы, үйлөнгөндөрдүн жаш курагы, туугандыгы же башка улутка таандык экендиги боюнча.
3. Ким кимге, качан үйлөнүшүн же күйөөгө чыгарын ким чечет?
4. Күйөөсү менен аялынын кандай милдеттери болот?
5. Эгер жубайлардын бирөө же экөө тең ажырашкысы келсе эмне болот?
6. Алар ажырашып кеткенден кийин мүлкү жана балдары эмне болот?
7. Мүлктүн ээси каза болгондон кийин ал кандайча бөлүштүрүлөт?
8. Күндөлүк турмушта бул каада-салттар сакталабы? Эгер сакталбаса, иш жүзүндө кандай болот?

05-тапшырма. Мурас мүлк

Менчикти үй-бүлөлүк мураска калтыруунун түрлөрүнүн кандай артыкчылыктары жана кемчиликтери бар? Шериктер менен берилген таблицаны көчүрүп жазып, аны толтургула.

Артыкчылыктары	Кемчиликтери
а) Мүлктүн кенже уулуна мураска берилиши	
1.	1.
2.	2.
б) Мүлктүн уулдардын улуусуна мураска берилиши	
1.	1.
2.	2.
в) Мүлктүн бардык балдарга бирдей бөлүнүшү	
1.	1.
2.	2.
г) Мүлктүн уулдардын баарына бирдей бөлүнүшү	
1.	1.
2.	2.
д) Мүлктүн улуу же кичүү кызына мураска берилиши	
1.	1.
2.	2.
е) Бардык мүлк мамлекетке өткөрүлөт	
1.	1.
2.	2.
ж) Мүлк бүт үй-бүлөгө таандык болгондуктан, мураска калтырылбайт	
1.	1.
2.	2.

06-тапшырма. Ар түрдүү артыкчылыктар (привилегиялар)

Үч-төрттөн болуп төмөнкү адамдардын кыйынчылыктары менен артыкчылыктары жөнүндөгү оюңарды жазгыла:

- Силердин коомуңардагы турмушка чыга элек кыз
- Силердин коомуңардагы үйлөнгөн эркек
- Силердин коомуңардагы турмушка чыккан аял
- Силердин коомуңардагы жесир же ажырашкан аял

07-тапшырма. Катталбаган никке

Кыргызстанда кээ бир жаштар турмуш курып, бирок никеси катталбайт. Топ-топ болуп төмөнкүлөрдү талкуулагыла:

- Эгер никеси катталбаса, кыздар кандай укуктардан ажырайт?
- Эгер никеси катталбаса, жигиттер кандай укуктардан ажырайт?
- Коомдогу никелердин көпчүлүгү катталбаса, натыйжасы эмне болот?
- Катталбаган никке проблемасын чечиш үчүн эмне кылса болот?

Катталбаган никенин аялдар жана эркектер үчүн артыкчылыктары менен кемчиликтерин карап чыккыла.

Артыкчылыктары	Кемчиликтери

08-тапшырма. Үй-бүлөңөрдө силер кандай милдет аткарасыңар?

Эки-экиден болуп эжеңерге, агаңарга, энеңерге, атаңарга жана башкаларга болгон милдетиңерди санагыла. Мисалы, Тынч океандын түштүк тарабындагы Соломон аралдарындагы чакан мамлекеттеги өспүрүм, улан:

- Эже/карындашынын абийирин коргоого;
- Үй-бүлөсүн тамак-аш менен камсыз кылууга көмөктөшүүгө;
- Эгер ал иштеп акча тапса, анда ини-карындаштарынын окуу акысын төлөөгө милдеттүү.

Өспүрүм кыз:

- Апасына тамак даярдаганга жардам бериши керек;
- Балдарды карашы керек.



09-тапшырма. Үй-бүлөлүк турмуш

3-4 кишилик топторго бөлүнүп, төмөндөгү ойлорду карап чыккыла да, аларга макул же макул эмес экендигиңерди аныктагыла. Эгер айрымдарына кайсы бир шарттарда макул болсоңор, анда ошол шарттарды түшүндүрүп бергенге даярдангыла.

1. *Күйөөгө тийгенден кийин кыз жок дегенде бир жыл күйөөсүнүн ата-энесинин үйүндө жашоого тийиш.*
2. *Үй-бүлөдө экиден ашпаган бала болгону оң.*
3. *Үй-бүлөдө канча бала болушун күйөөсү чечиши керек.*
4. *Балдарга ызаат көрсөтүү керек, бирок алардын айтканына кулак салыш керек эмес.*
5. *Үй-бүлө мүчөлөрү бат-бат кабар алышып туруу үчүн бир жерде жашаганы оң.*
6. *Азыркы мезгилде үй-бүлөнүн ролу анча чоң эмес.*
7. *Кыз жакшысы – тил алчаак, эмгекчил, уул жакшысы – талапчыл, бакылдап-шакылдайт, активдүү болот.*
8. *Балдардын жүрүм-туруму үчүн алар өздөрү эле эмес, энелери да жооптуу.*
9. *Ата-энелердин балдарды тарбиялоодо уруп жазалаганы мыйзамсыз деп эсептелиши керек.*
10. *Аял үй-бүлөдөгү бюджетти[1] көзөмөлдөөгө тийиш.*
11. *Кыздардай эстүү болбогондуктан балдардын билим алуусуна көбүрөөк мүмкүндүк берүү керек.*
12. *Бардык никелер сүйүүгө негизделиши керек.*
13. *Энелер да, аталар да балдары менен көбүрөөк баарлашууга тийиш.*
14. *Аялдардын статусу эркектердин статусундай эле болгону туура.*

[1]**Бюджет** – *белгилүү бир мезгил, адатта бир жыл үчүн түзүлгөн киреше менен сарптоолордун, чыгымдардын тизмеси.*

III бап

Адам укуктары

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Силер өзүңөр эмнелерди билесиңер?

Текстти окуй баштаганга чейин төмөндөгү суроолорго шеригиңер менен жооп бергиле:

1. Адам укугу деген эмне?
3. Аларды коргоо үчүн ким жооп берет?
4. Аларды кантип коргоого болот?

02-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле:

Термин	Аныктама
1. Мыйзамдуу укуктар 2. Адам укуктары 3. Эл аралык укук	а) Мамлекеттин өз жарандарына болгон мамилесин, ошондой эле башка мамлекеттерге карата жасаган иштерин да жөнгө салуучу, бул тууралуу мамлекеттер өз ара макулдашып алган мыйзамдар. б) Бардык адамдарда бар негизги укуктар жана эркиндиктер. в) Мыйзам боюнча берилүүчү укуктар.

Окуу үчүн текст

1.0 Укуктар жана адам укуктары

Силер жасаган иштердин баары, өзүңөр каалабасаңар деле, башка адамдарга ар кандайча таасир этет. Бул таасирлер адамдын ачуусун келтиргенден тартып аны өлүмгө дуушар кылганга чейинки түрдүү кырдаалдарга себепчи болушу ыктымал. Ошондуктан коомдо качан, кайда, жана канчалык даражада башкаларга таасир этишиңер же алардын таасирине кабылышыңар мүмкүндүгүн көрсөткөн мыйзамдар, үрп-адаттар менен каада-салттар болот.

«Укук» адамдардын өз ара мамилесин чагылдырат: кимдир бирөө өзүнө карата тийиштүү «милдети» бар башка дагы бирөөдөн бир нерсеге укуктуу болот. (Менин жашоого укугум бар, демек, сиз менин ушул укугумду коргоого милдеттүүсүз).

Укуктун эки түрү бар:

- бардык адамдарга карата болуучу укуктарыбыз. Буга жараша биздин баарыбыздын башка бардык адамдар алдындагы милдеттерибиз
- биз менен атайын келишим (мисалы, нике келишимин) түзүшкөн адамдардан гана ала турган укуктарыбыз.

Атайын макулдашуунун негизинде алынуучу укуктардын эки адам ортосунда түзүлүүчү иштиктүү *контракттан* (келишимден) тартып өкмөттүн бүтүндөй калкка саламаттык сактоону арзан баада камсыздоо жөнүндө убадасынан келип чыга

Мыйзамдуу укуктар жана адам укуктары

Мыйзамдар адам укуктарына мыйзамдуу мүнөз берүү максатында иштеп чыгарылат да, тийиштүү түрдө, ушул укуктарды коргоо жана колдоп туруу үчүн өзгөртүлөт. Мыйзамдуу укуктардан адам укуктарынын айырмасы – адам укуктары ажыратып алгыс болот, сүйлөшүүнүн, макулдашуунун предметине айлантылбайт. Ошентип, кайсы өлкөдө жашаганына карабай, бардык адамдар бирдей укуктарга ээ. Бул дал ошол ар бир өлкөнүн өкмөтү улуттук мыйзамдарды адам укуктарын сактоо талаптарына шайкеш келгендей кылып өзгөртүүгө тийиш дегенди билдирет.

турган укуктарга чейинки абдан көп түрлөрү болот. Мындай учурларда кайсы бир нерсеге укуктуу болосуңар да, кээде анын ордуна бир нерсе кылуу милдетин аласыңар, мисалы, салык төлөйсүңөр.

Укук жана ага жараша милдет алмашууга окшошуп кетет. Силер үчүн дагы башка бирөө кандайдыр бир укуктарынан кечкенине жараша өзүңөр да ага кайсы бир укуктарыңарды бересиңер. Мындайда экөөңөр тең тийиштүү түрдө алмашылган милдеттерди да камтыган макулдашууга бекем турабыз деп милдеттенесиңер. Мисалы, Асел Русландан койлоруна көз салып турууну өтүнүп, бул үчүн ага бир аз алма бермек болду дейли. Мында укук алмашуу болду: Асел Русландан койлорумду ал карап турат деп күтүү укугун, ал эми Руслан эмгегим үчүн Асел бир аз алма берет го деп үмүттөнүү укугун алды. Биз муну милдеттенме десек да болот. Маселен, мында келишим түзүлгөндөн кийин Руслан Аселдин койлоруна көз салуу милдетин алды.

Адам укуктарынын деңгээлине өтсөк, башка бир адам өзү ээ болгондой эле даражада силердин да жашоого жана эркиндикке болгон укугуңарды таанышы керек. Бирок адам укуктары менен атайын макулдашуу негизинде алынган укуктардын ортосундагы башкы айырмачылык мында турат: биринчиси жөн гана адам баласы болгондугу үчүн, алмашууну моюнга алган-албаганына карабай, адам сөзсүз түрдө ушул укуктарга ээ болорун билдирет.

Еврей улутундагы эки балага класста акаарат келтиришкен. Тактадагы жазуу: «Еврейлер – биздин кас душмандарыбыз, алардан сактангыла», 1935-ж.

2.0 Укуктар жана милдеттер

Укуктарды жөн гана сактоо жетишсиздик кылат. Бул, негизинен, мамлекеттин башкы милдети болсо да, биз инсан катары бири-бирибиздин укуктарыбызды өз өмүрүбүздү тобокелге салып болсо да активдүү коргоого тийишпиз. Анткени бир адам мамлекетке же бүтүндөй элге каршы тура албайт. Өз укугун коргоо үчүн ага башкалар жардам бериши керек. Ар бир адам башкалардын укуктарын коргоого тийиш деген идея адам укуктарындагы негизги идеялардын бири, анткени мындай идеясыз адам укуктары куру сөз болуп кала берет. Эмне үчүн ушул эрежени сактоого тийиш экендигибизди фашисттик Германияда жашап өткөн адамдын төмөндөгү эскерүүсүн окусак түшүнөбүз:

> ***«Адегенде алар (бийликтегилер) еврейлерге келишти. Менин билишимче, аларды алып барып өлтүрүп салышты. Еврей болбогон соң, мен эч кимге жардам берген жокмун.***
>
> ***Анан алар католиктерге келишти. Менимче, аларды да алып барып өлтүрүп салышты. Католик болбогон соң, мен эч нерсе кылган жокмун.***
>
> ***Андан кийин алар цыгандарды алып кетишти, менин билишимче, аларды да өлтүрүштү. Цыган болбогон соң, мен аларга жардам берген жокмун.***
>
> ***Акыр-аягында алар мени алып кеткени келишти. Мага жардам бере турган эч ким калган жок...»***

Биз адам укуктарын саясий, жарандык, экономикалык, социалдык жана маданий деп топторго бөлсөк болот. Сакталышы үчүн бир нерсенин камсыздалышы талап кылынуучу (берилүүчү) жана сакталышы үчүн эч нерсе талап кылынбай турган (негизги) укуктардын айырмачылыктарын кийинки бөлүмдөрдө карап чыгабыз.

2.1 Негизги укуктар

Негизги укуктар силердин башкаларды кийлигиштирбей туруп жашоого укугуңар бар экенин көрсөтөт. Бул бир нерсе кылууга болгон эркиндигиңерди жана башкалардын аракетинен эркин болуу укугуңар корголушу керектигин билдирет.

а) Аракетиңер башка адамдардын укуктарын бөөдө (себепсиз) чектебесе, силер каалаганыңарды жасасаңар болот.

Мында силердин иш-аракетке укугуңар бар экени ырасталат. Бул укук силерге бир нерсе жасоо эркиндигин берет. Мисалы, силер:

- каалаган жерге саякат жасоого укуктуусунар;

- бир жерге чогулууга укуктуусуңар;
- каалаган нерсеңерди жазууга, окуугa жана угууга укуктуусуңар.

б) Эгерде силер башкалардын укугун эч кандай жүйөлүү себепсиз эле чектебесеңер, башкалар силердин укуктарыңарды жойгонго акысы жок.

Бул укук кайсы учурларда башкалардын силердин ишиңерге кийлигишүүгө акысы болорун аныктайт. Чындыгында бул укук алардын иш-аракетин чектейт, демек, алардын иш-аракетинен эркин болууга силердин укугуңар бар. Мисал катары төмөнкүлөрдү келтирсек болот:

- кыйноодон эркин болуу укугу
- кулчулуктан эркин болуу укугу.

Ар бир адам бул укуктарга ээ болушу керек, анткени ар бир адам зомбулуктан эркин болууга тийиш. Бул ар бир киши башкалардын зомбулуктан эркин болуу укугун урматтоого тийиш деген сөз. Бул үчүн адамдар кимдир бирөөгө зыян келтирүүдөн өздөрүн тыюуга тийиш. Бул негизги укук, анткени ал адамдардын бир нерсени ЖАСАБАШЫН талап

Чоң-Таш: жашоо жана саясий көз-караштарын билдирүү укугунун тартып алынышы

1991-жылы Бишкектен алыс эмес жердеги Чоң-Таш айылында сталиндик репрессиядан курман болгондордун чогуу көмүлгөн сөөктөрү табылган. Бул жана башка жерлерде мамлекетке каршы иш жүргүзгөн деп айыпталган көп адамдар жок кылынгандыгы иликтөөлөрдөн кийин белгилүү болду. Алардын айрымдары Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын эгемендүү болушун эңсегендиги үчүн өлүм жазасына тартылган.

Ошол мезгилде Советтер Союзунун башында турган Сталин өзүнүн бийлигине коркунуч туудурушу мүмкүн болгондордун баарын жок кылып турган.

Кишилерди соодалоо: «Сен мага таандыксың. Сен менин менчигимсиң. Качам деп убара болбо».

Кылмыштын жаңы бир түрү – кишилерди сатуу жакында эле белгилүү болуп калды. Кишилерди соодалоо аларды өздөрүнүн шаарынан же өлкөсүнөн күчкө салып же алдап алып кетип, каалабаганына карабай ар кайсы жерлерде бекер же эмгек контрактын түзбөстөн иштеткенде болот. Кээде башкаларды кулчулукка сатып турушу үчүн айрым адамдарды паралашат (акча берип көндүрүшөт). Мындай соодадан канча киши жабыр тарткандыгын эч ким так билбейт, бирок жыл сайын буга дүйнө жүзүндө 700 000ден 4 000 000го чейин адам кабылууда. Алардын 80%и аялдар, жалпысынан соодаланып кеткендердин 25%и КМШ өлкөлөрүнөн.

Сатылып кеткендерди сойкулукка жана сексуалдык эксплуатациянын башка түрлөрүнө, турмушка чыгууга, аз акы менен же дегеле бекер, ыктыярсыз иштегенге, дене мүчөлөрүн зордук менен трансплантациялаганга (кесип алып көчүргөнгө), мыйзамсыз аскер кызматын өтөгөнгө жана баңгизат (наркотик) ташыганга мажбурлашат. Бүткүл дүйнөдө киши соодасына түшүккандардын 80%и сексуалдык жактан эксплуатацияланып жатса да, бул проблема сойкулук маселесинен айырмаланат. Соодаланып кеткен аялдар жана балдар кылмышкерлер эмес, кылмыштын курмандыктары.

Кишилерди соодалагандар – булар аларды жашыруун түрдө сатууда ортомчулук кылуучулар, кээде бир эле учурда сойкулук жагында да иш-аракет жасоочу кылмышкерлер. Мындайлардын көбү туугандарын, үй-бүлө мүчөлөрүн же досторун алдап же мажбурлап кулчулукка же сойкулукка түшүктүрүүчү бейтааныш адамдарды табышат. Кээде киши саткычтар «бий сапарларын уюштуруучуларыбыз» деп өз курмандыктарын азгырышат.

Бул проблема дүйнөдөгү дээрлик бардык өлкөлөргө тарады. Өлкөлөрдү шарттуу түрдө үч топко бөлсө болот: жөнөтүүчү өлкөлөр (экономикалык кризиске баткан (оор абалга түшкөн) жана/же саясий жактан туруксуз абалдагы мамлекеттер), транзит өлкөлөрү (бул өлкөлөр аркылуу катташат) жана барар өлкөлөр (экономикасы кыйла туруктуу мамлекеттер). Кыргызстан көбүнчө жөнөтүүчү жана транзит өлкө болуп эсептелет, ал эми бара турган өлкө катары аз кызмат кылат. 18ден 35 жашка чейинки аялдар азгырылып Бириккен Араб Эмираттары, Түркия, Кытай, Германия жана Грецияга сойкулук кылууга жиберилип жатат. Барар жана транзит өлкө катары Кыргызстанга Тажикстандан жана Өзбекстандан аялдар алып келинет. Эркектерди Казакстан менен Россия Федерациясына эрксиз кара күч эмгегине жөнөтүшөт.

Кыргызстан кишилерди соодалоонун алдын алуу жана болтурбоо жөнүндөгү эл аралык токтомго кол койгон. 2002-жылы Миграция боюнча эл аралык уюм жана биздин өкмөт тарабынан Адамдарды мыйзамсыз түрдө ташып чыгууга жана соодалоого каршы күрөшүү боюнча программа иштеп чыгарылган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында Адамдарды мыйзамсыз түрдө ташып чыгууга жана соодалоого каршы күрөшүү боюнча Улуттук кеңеш түзүлгөн.

кылат. Бул эле эмес, укуктун мындай түрүн коргоо үчүн алардан иш жүзүндө кандайдыр бир кошумча ИШ-АРАКЕТТЕРДИ ЖАСОО ДА ТАЛАП КЫЛЫНБАЙТ. Жалпысынан алганда, өкмөт бул укуктарды коргоо үчүн эч кандай деле чыгым жумшабайт, ал болгону ушул укуктарды коргой турган мыйзамдарды ишке ашыруучу *укук коргоо органдарына* (сот системасына, прокуратурага ж.у.с.) гана каражат сарптайт.

2.1.1 Укуктардын иерархия принциби

Эгер силер муну жакшы ойлонсоңор, «Иш-аракеттериңер дагы бирөөнүн укуктарын тийиштүү *санкциясыз* (расмий уруксатсыз) жокко чыгарбаса, өзүңөр каалагандын баарын жасай бергенге укуктуусуңар» деген ырастоонун (деп айтуунун) өзү эле адамды белгилүү бир укуктарга ээ кылбай тургандыгын көрөсүңөр. Анткени ар бир иш-аракет башка адамдардын укуктарына кандайдыр бир түрдө таасир этерин билет эмеспизби. Кайсы укук башка калган укуктардан өйдө коюлууга тийиш экендигин аныктай турган укуктар иерархиясын тактап алсак, анда бул кыйынчылыкты жеңип өтө алабыз.

Келгиле, бир практикалык мисалды карап көрөлү. Бир топ жумушчулар фабрика биздин ден-соолугубуз үчүн кооптуу технологияны (техникалык жабдууларды жана өндүрүштүк ыкманы) колдонууда деп анын дарбазасын тосуп алышты. Муну менен алар өзүбүздүн жашоо укугубузду коргоп жатабыз дешет. Фабриканын ээси аларды менин иш жүргүзүп *киреше*[1] алуу укугумду жокко чыгарып жатышат деп сотко берди. Жашоо укугу киреше алуу укугунан жогору экендиги кимге болсо да түшүнүктүү, андыктан эгер жумушчулар өздөрүнүн актыгын далилдей алса, фабриканы *блокадалаганды* (курчап алганды) уланта берүүгө мыйзамдуу укугун алышат.

Жарыяланган адам укуктары жана дегеле каалагандай мыйзамдар же каада-салттар эң маанилүү функциялардын бирин – дал ушундай укуктар иерархиясын куруу милдетин аткарат. Бул иерархия мамлекетке кылмыш жасаган жарандардын айрым укуктарын чектөө (мисалы, түрмөгө отургузуу) мүмкүндүгүн берет. Ал башка жарандардын кыйла маанилүү укуктарын ушундайча коргойт.

Мугалимдер укук коргоочулар катары

Мугалимдин ушул жана башка сабактардагы эң маанилүү ролу бардык окуучулардын өз пикирин айтуу укугун коргоодо турат.

Мугалимдер буга окуучуларды бири-биринин сөзүн бөлбөй, кезектешип сүйлөгөнгө үйрөтүү менен жетише алат. Окуучулар катары силер өз мугалимиңерге көмөктөшүп, башкаларды да ушундайча иш-аракет жасаганга үндөшүңөр керек.

2.2 Берилүүчү укуктар

«Бала ата-энесинин тамактандырышына укуктуу» – бул берилүүчү укуктун мисалы. Бул укукта ошондой эле башка адамдардын бир адамга мамилесинин натыйжасы да көңүлдө тутулат, бирок мында бир нерсенин берилиши көбүрөөк эске алынат (жогорудагы мисалды алсак, мында бала тамак-аш менен камсыз болууга тийиш). Ошондуктан биз муну берилүүчү укук деп атайбыз. Эгер силер бирөөнү тынч жайына коюу менен анын негизги укугун коргосоңор, берилүүчү укуктар бир нерсе менен камсыз кылуу же бир нерсени аткаруу менен корголот. Бир нерсе менен камсыз кылуунун адатта наркы болот. Мисалы, билим менен камсыз кылуу үчүн акча керек.

Берилүүчү укуктарга балдар эле ээ болобу? Такыр андай эмес: берилүүчү укуктар биз бир нерсенин ордуна башка нерсе менен камсыз кылуу жөнүндө келишим түзгөн учурлардын бардыгында болот (жана ушунун өзү милдеттенме болуп саналат). Бала тамактын ордуна (балким, өзү билбестен туруп) ата-энесин кайрадан курсагы ачканча тамак менен камсыз кылуу милдетинен бошотот. Берилүүчү укук дайыма кимдир бирөөнүн бул укукту камсыз кылуудагы милдеттенмеси менен байланыштуу болот. Ата-эне балдарына жок дегенде кичинекей кезинде тамак-аш берүүгө милдеттүү экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү,

«Ата-энем досторум менен көчөдө жүрүү укугумду алып койду!»

Ата-эне менен балдардын ортосундагы мамиле жарандар менен мамлекеттин ортосундагы мамиледен айырмаланып турат. Улуттук жана эл аралык мыйзамдардын көпчүлүгү ата-энелер өз балдарына кам көрөт, ошондуктан аларды жакшыраак коргоо үчүн гана айрым бир укуктарын чектейт деген жүйөгө таянышат. Бирок балдардын укугу одоно түрдө бузулушуна жеткирбөө керек. Мисалы, ата-энелердин өз балдарын алар каалабаган адамдар менен баш кошууга же каалабаган ишти аткарууга мажбурлашына жол койгон мыйзамдары бар өлкөлөр жокко эсе.

Эл аралык мыйзамдарда мамлекеттин өз жарандарына карата ушундай кысым жасашына жол коюлган эмес.

[1] *Киреше – кандайдыр бир иштин натыйжасында мамлекет, мекеме, ишкана же жеке адам алуучу акча же материалдык байлык.*

анткени алар балалуу болууну чечкенде эле бул милдетти өздөрүнө алышкан. Мында жазуу түрүндөгү милдеттенме болбогону менен, баланы багып чоңойтуу милдети унчукпай эле эске алынат.

Демократиялык коомдо өкмөттүн белгилүү бир товарларды берүүгө жана кызматтарды көрсөтүүгө тийиш экендигин жарандар өз өкүлдөрү үчүн добуш берүү жолу менен чечет. Мындайда юридикалык берилүүчү укук пайда болот, башкача айтканда, жарандардын мындай товарлар менен кызматтарга болгон укуктары мыйзамда белгиленет (мисалы, саламаттык сактоо). Андан ары өкмөт (иш жүзүндө бардык жарандар талап кылынган салыктарды төлөгөндүктөн) жарандардын баары керектүү товарлар, кызматтар менен камсыздалышына жооп берет. (Мындай укуктар калк менен бийлик органдары ортосунда түзүлгөн келишимге окшош). Ушуга байланыштуу берилүүчү укуктардын эки проблемасы бар:

- биринчиден, товарлар менен кызматтар мыйзам тарабынан экономика камсыз кыла алгандан көбүрөөк өлчөмдө *«гарантияланышы»* (жеткирилишинин же аткарылышынын камсыздалышы) мүмкүн;
- экинчиден, бул товарлар же кызматтар менен камсыз кылуу үчүн салыктарды пайдалануу бардык эл макул болбошу мүмкүн (өзгөчө бул мыйзамга же муну сунуштаган саясий топко добуш бербеген адамдар).

Бул биз өз милдеттенмелерибизди берилүүчү укуктарда талап кылынгандай аткаруу менен көп учурда башка укуктарыбыздан айрылабыз деген сөз. Мисалы, өкмөт билим менен камсыз кылуу үчүн бардык жарандарга салык салат, демек, жарандарды акчасын өзү каалагандай сарптоо укугунан ажыратат. Демократиялык өлкөдө биз добуш берүү жолу менен өз укуктарыбыздын бир бөлүгүн салык аркылуу алып коюуга макулдугубузду беришибиз мүмкүн. Бирок мунун бир шарты бар: салыктар жарандарга саламаттык сактоо жана негизги билим алуу сыяктуу ар түрдүү берилүүчү укуктарды гарантиялоого тийиш.

3.0 Жарандык, экономикалык жана саясий укуктар

Жарандык укуктар же эркиндиктер адамдын жарандык коомдогу аракеттерин туюндурат. Бул өзүн-өзү талапкер катары көрсөтүү эркиндиги, сөз эркиндиги жана ар түрдүү мамилелер эркиндиги болушу мүмкүн. Саясий укуктар жарандар менен бийлик органдарынын ортосундагы мамилелерди жана өз ара аракеттерди камтыйт (мисалы, добуш берүү укугу ж.б.). Ар бир жаран саясий иштерде эркин болуп, кысым көрсөтүүдөн жана кемсинтүүдөн корголууга тийиш.

Эгер биз экономикалык укуктарга ээ болсок, бул өз менчигибизди өзүбүз каалагандай пайдалануу укуктуубуз дегенди билдирет. Бирок бул укукка айрым учурларда, мисалы, сенин менчигиң коомдун жыргалчылыгы үчүн керек болгон учурда, чек коюлушу мүмкүн. Мисалы, жол куруу үчүн. Бирок бирөөнүн менчик жери аркылуу жаңы жол салынса, мамлекет ага белгилүү өлчөмдө компенсация төлөп берүүгө тийиш.

4.0 Адам укуктарын коргоо

Кээ бирөөлөр айрым адамдардын укуктары башкалардыкына караганда көбүрөөк дешет. Бул туура эмес, чындыгында айрымдардын укуктары бөлөктөрдүкүнө караганда жакшыраак корголгон десе болот. Адам укуктарынын канчалык даражада корголушу баарынан мурда мамлекеттик бийлик менен жарандардын адам укуктарын сактоо принцибин жактаганына жараша болот.

Адамдардын укуктарын коргоонун зарылдыгы бийликтин шайланма өкүлчүлүктүү органдарын түзүүнүн негизги себеби болуп эсептелет. Мамлекеттик бийлик органдары мыйзамдарды чыгарат, алар бардык жарандарга бирдей колдонулууга тийиш (бул идея «мыйзамдын үстөмдүгү» катары белгилүү). Бирок кээде адамдар проблеманы өздөрү чечмекчи болуп укук бузгандарды өздөрү жазалашат. Мунун өзү опурталдуу (кооптуу, коркунучтуу) нерсе жана бул оңой эле башаламандыкка айланып кетиши мүмкүн.

Башкалардын укуктарын биз кантип коргой алабыз?

1. Мүмкүнчүлүк болсо, башкалар менен акылдашып көргүлө.
2. Укук бузуу фактысын ачык жарыялагыла: көбүнчө бул укук бузуучуну тыят.
3. Арачы болгула: эмне кылып жатканын түшүнсүн үчүн проблеманы укук бузуучу менен талкуулаганга аракеттенгиле.
4. Бөлөктөгүлө (четтеткиле): укук бузуучу менен сүйлөшпөй койгула.
5. Укук бузуучуну токтотуу үчүн күч менен кийлигишкиле.
6. Бул тууралуу бийликтин жогорку органдарын кабарландыргыла.
7. Улууларды же ата-энеңерди жардамга чакыргыла.

Башкалардын укуктарын коргоодо укукту кыянаттык (кара ниеттик) менен колдонууга болбой тургандыгы түшүнүктүү. Жазалоо ишин буга мыйзамдуу укугу бар адамдар гана аткарышы керек.

Эгер силердин укугуңар бузулса, көбүнчө жакын турган кишилер эле кийлигишип, атүгүл укук бузуучу өзүңөрдүн эле жамааттан (мисалы, өзүңөрдүн айылдан, көчөдөн) болсо да, маселени жөнгө сала алышат. Бирок бул оңунан чыкпаса, анда кийинки эң эле реалдуу жардамды мамлекеттик органдардан алуу керек.

Тилекке каршы, адамдардын укуктарын кээде, атүгүл айрым бай өлкөлөрдө да, одоно түрдө өкмөттүн өзү бузат. Расмий саясаты менен аракетине макул болбогондугу үчүн өкмөт адамдарды түрмөгө камап, куугунтуктап, ал турсун өлтүрүп коюшу да ыктымал. Чындыгында адам укуктарын өтө көп бузгандар репрессиячыл (катаал жазаларды көп колдонгон) бийлик органдары болот жана адамзатка каршы иштелген эң оор кылмыштар ушулар тарабынан жасалат. Мындай учурларда өз укугун эл аралык укуктун жардамы менен коргоого болот.

4.1 Эл аралык укук

Укук жаатында иштеген эл аралык уюмдар мамлекеттердин бүтүндөй калкына карата адам укуктарын колдонууда алардын өкмөттөрүн колдоп турууга аракеттенишет. Айрым жеке адамдын укуктары бузулгандыгы тууралуу маселени кароого алар өтө сейрек учурларда гана киришет, ошондо да муну бул мамлекетке үлгү катары көрсөтүү үчүн, аны өз саясатын өзгөртүүгө көндүрүү максатында эл аралык коомчулук тарабынан кысым жасоо иретинде гана караштырат. Көбүнчө эл аралык уюмдардын айрым жеке мамлекеттин иштерине кийлигишүүгө мыйзамдуу акысы жок. Ошондуктан аларга укугуңар одоно түрдө бузулуп, жергиликтүү мекемелер тарабынан тиешелүү түрдө көңүл бурулбаган учурларда гана даттансаңар болот. Бирок эл аралык уюмдар адам укуктары тууралуу эл аралык келишимдердин канчалык даражада сакталып жатканын иликтеп (изилдеп) чагылдырууда маанилүү роль ойнойт. Дээрлик бардык мамлекеттер кол коюуга макул болсо да, айрымдары бул келишимдерди күндөлүк турмушта жетекчиликке албай жүрөт. Бул келишимдер каалагандай улуттук мыйзамдарга караганда кыйла жогору статуска ээ, аларда адам укуктары даана сыпатталат. Мисалы, 1995-жылы Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине (КМШ) кирген өлкөлөр «Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештигинин адам укуктары жана негизги эркиндиктери боюнча конвенциясы» деп аталган макулдашууга кол койгон.

Бул документте Конвенцияга кол койгон мамлекеттердин бардыгы коргоого милдеттенме алган укуктар бар. Кыргызстандын өкмөтү бул Конвенцияга кол койгон тараптардын бири болгон. Адатта өкмөттөр жасоого болбой турган нерселер жөнүндөгү келишимди оңой эле түзүшөт, бирок ошол келишимдин бир бөлүгү бузулса эмне кылуу керек деген маселеге келгенде иш татаалдашат.

КМШ өлкөлөрүнүн лидерлери

Көпчүлүк өлкөлөр кол койгон укуктардын эң айтылуу тизмеси – бул алгач 1948-жылы түзүлүп, көптөгөн өлкөлөр кол койгон «Адам укуктарынын жалпы *декларациясы*[1]».

Өкмөттөр тарабынан бекитилген адам укуктарынын тизмелерин көрсөткөн башка документтер да бар. Булардын ичинен төмөнкүлөр бир топ белгилүү: «Аялдарды *дискриминациялоонун* (басмырлоонун) бардык түрлөрүн жоюу боюнча Конвенция», «Баланын укуктары боюнча Конвенция», «Жарандык жана саясий укуктар боюнча макулдашуу» жана «Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык *пакт* (келишим)».

Бул документтердин баарынын артыкчылыгы – алар ар түрдүү маданияттардын жана диндердин өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн. Ошондуктан өкмөттөр адатта бул документтерге маданияты жана диний ишенимдери ар түрдүү болгон өз жарандарыбыздын намысына шек келтирип албайбызбы деп кооптонбой туруп кол коё алат.

4.2 Бул документтер биздин адамдык укуктарыбызды кантип коргойт?

Документтердин бар экендиги эле укуктарды коргоо үчүн эч качан жетиштүү болбойт. Бул документтерди пайдалануу, б.а. алардын мазмунун жана өзүнө карата кандай колдонуларын билүү, укук буза тургандардан адам укуктарын сактоону талап кылуу зарыл.

СССР тараганга чейин Чехословакия менен Польшада адамдар эл аралык укуктардан пайдалануу менен коомдук турмушка өзгөртүүлөрдү киргизүүгө аракет кылышкан. Көпчүлүк өлкөлөрдө өкмөттөр менен жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар ошол мамлекеттер тарабынан кол коюлган адам укуктары жөнүндөгү келишимдерди турмушка ашыруу үчүн шериктеш болуп бирге иштешет.

Тилекке каршы, дүйнөдө адам укуктарынын бузулушу кеңири таралган, ал эми айрым бир өлкөлөрдө бул биротоло чектен чыгып, системага айланган. Буга мисал катары камактагылардын полиция же аскерлер тарабынан кыйноого алынып, мыйзамсыз түрдө өлтүрүлүп жатышын айтууга болот.

Бириккен Улуттар Уюму жана ОБСЕ өңдүү башка уюмдар мамлекеттердин өз жарандарына жасаган мамилесин *мониторингдөө* (дайыма иликтеп туруу) ыкмаларын камсыздоо, көзөмөлдөө жана, андан да маанилүүсү, адам укуктарын жакшыраак коргой алгыдай кылып өз өлкөлөрүн өнүктүрүүдө өкмөттөргө жардам берүү максатында түзүлгөн.

Бириккен Улуттар Уюму «эл аралык полиция» катары аракет кылбайт, бирок анын Коопсуздук Кеңеши адам укуктарынын масштабдуу түрдө жана дайым бузулушуна жол берген өкмөттөрдүн ишине төмөнкүдөй жолдор менен кийлигише алат:

- Экономикалык *изоляцияда* (жекеленген, башкалар менен байланышы үзүлгөн абалда) калтыруу максатында ошол мамлекетке каршы экономикалык санкцияларды жарыялоо. Мисалы, Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлөрү ак адамдар гана добуш берүү укугуна ээ болгон саясий системасын реформаламайынча Түштүк Африка менен соода мамилелерин токтотуп коюу боюнча бүтүм чыгарышкан.
- Бириккен Улуттар Уюмунун аскердик кийлигишүүсү. Муну мүчө мамлекеттердин аскерлери жүзөгө ашырат (адатта бул акыркы чара болуп саналат).
- Согуштук кылмыш жасаган адамдарды эл аралык сотто сот жообуна тартуу чечими.

Тарых көрсөткөндөй, Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө мамлекеттердин кийлигишүү маселесинде, өзгөчө адам укуктары бузулган учурда, бир бүтүмгө келиши кыйын. Мисалы, XX кылымдын акыркы он жылдыгындагы Балкандагы эл аралык аскердик кийлигишүү ал жердеги азчылыктын адамдык укуктарын коргоого негизделген. Ал эми ушундай эле башка азчылыктардын укуктарынын тебелениши дүйнөлүк коомчулуктун көз жаздымында калып кете берген.

Эл аралык соттор

Экинчи дүйнөлүк согуштун аягында нацисттик согуш кылмышкерлери тынчтыкка жана адамзатка каршы жасаган кылмыштары үчүн айыпталып, жазага тартылган.

Азыр эл аралык сот Гаагада (Нидерландия) жайгашкан. Эл аралык сот 15 судьядан турат жана сот адилеттигин эл аралык укукка ылайык жүргүзүп, аймактык талаштардан баштап кемелердин жана транспорттун өтүшүнө чейинки иштерди, ошондой эле адам укуктарын бузуу жана адамзатка каршы кылмыштар (мисалы, мурунку Югославиядагы адамзатка каршы жасалган кылмыштар) менен байланыштуу иштерди карайт.

Балкан согушунун учурунда адам укуктарын бузгандыгы үчүн айыпталган аскердик жана жарандык лидерлер азыр Гаагадагы Аскер трибуналына берилди. Айрым учурларда айыпталган кээ бир адамдар эл аралык күчтөр тарабынан кармалып, соттоо үчүн Голландияга жеткирилди.

[1] *Декларация – 1) өкмөттүн, партиянын, эл аралык уюмдун ж. у.с. атынан салтанаттуу түрдө жарыяланган программалык билдирүү; 2) кайсы бир маанилүү жоболор же керектүү маалыматтар камтылган расмий документтин аталышы.*

5.0 Тыянак

Акырында айтарыбыз, азыр адам укуктары чоң талаш-тартыштарга түшүп жаткан чакта, бүткүл дүйнөдөгү өкмөттөр бери болгондо ушул укуктардын сакталышына көмөктөшүү милдетин алганын көрсөткөн келишимдерге кол коюу ниетин билдиришүүдө. Алардын турмушка кандай ашары жарандык коомго, өкмөттөргө, эл аралык уюмдарга жараша болот, адам укуктары куру саясий сөзгө айланып калбашы үчүн алар биргелешип иштөөгө тийиш.

Бирок жарандар катары силер бул багытта биринчи кадамыңарды жасашыңар керек. Силер башкалардын укуктарын таанып, аларды коргоого дилгир болууга тийишсиңер. Ошондо гана силердин өзүңөрдүн укугуңардын корголушу гарантияланышы мүмкүн.

Адам укуктарын коргоо жаатындагы эл аралык жана улуттук негизги нормативдик актылар (эрежелерди бекиткен документтер)

- *Адам укуктарынын жалпы декларациясы*
- *Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт*
- *Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт*
- *Укуктарды жана негизги эркиндиктерди коргоо жөнүндөгү конвенция*
- *Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү конвенциясы*
- *Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышуучу мамлекеттердин башчыларынын адам укуктары жана негизги эркиндиктери жаатындагы эл аралык милдеттенмелери тууралуу декларациясы*
- *Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндөгү эл аралык конвенция*
- *Улуту, дини жана тили жагынан азчылыкка кирген адамдардын укуктары жөнүндө декларация*
- *Кыйноо жана ташбоор, адамгерчиликсиз же адамдын намысын кордоочу мамилелер менен жазаларга каршы конвенция*
- *Аялдардын саясий укуктары жөнүндөгү конвенция*
- *Баланын укуктары жөнүндөгү конвенция*
- *Баланын укуктарынын декларациясы*
- *Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын негизги укуктары менен эркиндигин камсыздоонун натыйжалуулугун жогорулатуу чаралары жөнүндө КР Президентинин 2001-жыл, 14-январдагы указы*
- *2002-2010-жылдарга карата «Адам укуктары» улуттук программасы (негизги багыттардын долбоору)*

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

03-тапшырма. Муктаждыктар жана каалаган нерселер

✧ Өзүңөрдүн «муктаждыктарыңарды» (б.а. зарыл нерселериңерди) жана «каалаган нерселериңерди» санап чыккыла.

✧ Бул тизмедегилерден кайсыларды силер сатып ала аласыңар?

Менин муктаждыктарым	Сатылабы?	Мен каалаган нерселер	Сатылабы?
Тамак-аш	Ооба	Телевизор	Ооба

✧ Өзүңөр үчүн маанилүүлүк даражасы боюнча муктаждыктарыңарды жайгаштыргыла да, анан жогорудагыдай таблица чийгиле.

1. Кайсы бир нерселерди башкаларынан көбүрөөк каалаганыңардын себептери эмнеде?
2. Тизмедеги муктаждыктардын кайсыларын канааттандырууга силер жөн гана адам болгонуңар үчүн эле укуктуубуз деп ойлойсуңар?
3. Мунун баарын силерге ким берүүгө тийиш?

04-тапшырма. Силер авторсуңар

«Адам укуктарынын жалпы декларациясы» 1948-жылы бардык өлкөлөрдүн өкүлдөрүнүн жыйынында иштеп чыгарылган. Ушул жыйында өз өлкөңөрдүн өкүлү катары катыштык деп элестеткиле. Эки-экиден болуп, адам баласы үчүн эң маанилүү укуктардын тизмесин түзгүлө, анан эң олуттуусунан мааниси эң азына карай иерархия тартибинде жайгаштыргыла.

05-тапшырма. Берилүүчү жана негизги укуктар

Шеригиңер менен төмөндө айтылгандардын берилүүчү укукту же негизги укукту билдире тургандыгын аныктагыла.

№	Билдирүүлөр	Берилүүчү же негизги укук
1.	Силердин каалаган учурда коомдук жайларда болууга укугуңар бар.	
2.	Жарандар каалаган өлкөнүн товарын сатып алуу укугуна ээ.	
3.	Бардык адамдардын кадыресе турак-жайы болуш керек.	
4.	Силердин зордук-зомбулуктан эркин жашоого укугуңар бар.	
5.	Силер каалаган диниңерди тута аласыңар.	
6.	Жарандар, эгерде алардын маалыматы чын болсо, коркпостон, эмне жөнүндө болбосун айта да, жаза да алышат.	
7.	Ар бир жаран акысыз негизги медициналык тейлөө кызматынан пайдалануу укугуна ээ.	
8.	Жарандар жубай тандоодо эркин.	

06-тапшырма. Убадабызга тура алабызбы?

Чынында эле силердин мамлекетиңер төмөндөгү укуктарга кепилдик бере ала тургандыгын шеригиңер менен аныктагыла. Мында силер эмнеге ээ болууну каалай тургандыгыңар эмес, мамлекет эмнени бере ала тургандыгы суралып жаткандыгына көңүл бургула. Биринчи жооп үлгү иретинде берилет.

№	Укуктар	Бул реалдуубу?
1.	Ар бир жаран бекер машина алуу укугуна ээ.	*Жок*
2.	Ар бир жаран өз эне тилинде сүйлөө укугуна ээ.	
3.	Ар бир жаран бекер кийим-кече алуу укугуна ээ.	
4.	Ар бир жаран электр акысынын жарымын гана төлөө укугуна ээ. Калган бөлүгүн мамлекет төлөп берүүгө милдеттүү.	
5.	Ар бир жаран мүлккө ээлик кылуу укугуна ээ.	
6.	Ар бир жаран акысыз медициналык тейлөө кызматынан пайдалануу укугуна ээ.	
7.	Ар бир жаран акысыз жогорку билим алуу укугуна ээ.	
8.	Ар бир жаран өзүнө жубай тандап алуу укугуна ээ.	
9.	Ар бир жаран жумуш менен камсыз болушу керек.	
10.	Бардык жарандар жылуулуктан бекер пайдалануу укугуна ээ.	

07-тапшырма. Көзөмөл өтө эле катуубу?

Шеригиңер менен ар бир билдирүүдө өтө катуу көзөмөлдүк көрсөтүлгөн-көрсөтүлбөгөнүн жана ал көзөмөлдүктүн айынан укуктар менен эркиндиктер коркунучка дуушар болор-болбостугун аныктагыла.

№	Билдирүүлөр	Өтө катуу көзөмөлдүк
1.	Силер кие турган кийимдин түсүн мамлекет аныктайт.	Ооба
2.	Ата-энелер түн бир маалга чейин сейилдегенге уруксат беришпейт.	
3.	Мугалим үй тапшырмасын саат канчада аткарыш керектигин айтат.	
4.	Сенин ким менен дос болушуңду атаң билет.	
5.	Милиционер көчөнү белгиленген жерлерде гана кесип өтүүнү талап кылат.	
6.	Жыл сайын мектептеги окуучулар флюрографиядан өтүш керек.	

08-тапшырма. Эркиндикпи???

Шеригиңер менен окуяны окуп чыккыла да, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.

«Мен өзүм каалаган нерсени жасай алам!!!»

Өткөн жылы февралда менин Тимур деген байкем үйүндө кызынын туулган күнүнө арнап кече өткөрүүнү чечти. Ал дасторконуна дүйүм тамак жайнатып, көп досторун чакырды. Бир аз убакыт өткөндөн кийин досторунун бири бийлөөнү сунуш кылды. Тимур стереомагнитофонго кассетаны салды да, үнүн орточо чыгарып койду. Он мүнөттөн кийин кимдир бирөө Тимурдан анын үнүн көтөрүп коюуну суранды. Тимур магнитофондун үнүн болушунча чоңойтуп койду. Алар бир сааттай бийлеген соң эшикти бирөө тыкылдатты. Бул анын кошунасы эле. Ал: «Тимур, айланайын, музыкаңдын үнүн акырын кылчы, биз уктайлы дедик эле», – деди. Тимур кошунасын кечеге чакырды эле, ал баш тартты. Андан соң ал магнитофондун үнүн азайтып, кечени уланта берди. Бирок коноктордун бири бир аз убакыттан кийин анын үнүн кайра чоңойтуп койду. 20 мүнөттөн кийин эшикти кайра катуу каккылашты. Ошол эле кошунасы келип, музыканын үнүн азайтышын, атүгүл кечени аяктаса андан да жакшы болорун, болбосо иш чатагына айланарын катуу айтты. Тимурдун ачуусу келди. Ал кошунасына: «Менин кече өткөрүүгө укугум бар. Музыканы кандай кааласам, ошондой кое алам! Бар, жатып укта, эгер сага жакпаса, кулагыңды жаздык менен жаап ал! Мен өзүмдүн маданий салт-санаамды карманууга «адамдык укугум» бар, ал эми биздин маданият шаңдуу кечелерди өткөрүүгө жол берет!» – деп кыйкырды. Талаш-тартыш бир топ убакытка созулуп, ызы-чууну укkан кошуналардын баары чогулуп келишти. Бир убакта күтүүсүздөн жарык өчүп калды. Ошондо гана баары уктаганы тараштты.

1. Жарык өчкөндөн кийин да проблема ошол бойдон калдыбы?
2. Биз «өзүбүздүн каалагандын баарын эле» жасай алабызбы? Эмне үчүн жасай албайбыз?
3. Мында кандай чектөөлөрдү киргизүүгө болот?
4. Тимурдун милдеттери кандай эле?

09-тапшырма. «Бул менин укугум эле!» Сот эмне дейт?

Шеригиңер менен төмөндөгү окуяны окуп чыккыла да, суроолорго жооп бергиле. Жоопторуңарды бүтүндөй классыңардын алдында айтканга даярдангыла.

Элге жык толгон кинотеатрдын залына бир киши кирип келип: «Өрт!» – деп кыйкырды. Чынында эч кандай өрт жок эле. Бардык көрүүчүлөр дүрбөлөңгө түштү. Залдан чыгып кетүүгө жанталашып жатып, бир нече адам тепсендиде калып каза болду. Бул тополоңду кылган адам камалды. Бирок ал сотто бул тамаша эле болчу деди. Ал ошондой эле адам катары сөз эркиндигине укугум бар деп айтты.

✧ Эгер силер сот болсоңор, буга эмне деп жооп берер элеңер?

Укуктар иерархиясы ар түрдүү укуктар бузулгандагы проблеманы чечүүгө мүмкүндүк берет. Бирок эки адам бир эле укукту айтып өз укугун гана коргоп, бири-бириникин жокко чыгарып жатса эмне кылуу керек? Мисалы, ээн аралда эки адам бирдей оору менен ооруп калды дейли. Алардын бир гана таблеткасы калган, бөлүп жесе эч кимиси айыга албайт. Бирөө эле жесе экинчиси жашоо укугунан ажырайт.

✧ Эгер тирүү калган адам табылып, куткарылса, ошол иши үчүн жазаланышы керекпи?

10-тапшырма. Укуктар жана милдеттер

Шеригиңер менен укуктарга ылайык милдеттерди жазып чыккыла. Келтирилген укуктар – Адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү КМШ конвенциясынын жалпыланган жоболору. Биринчиси үлгү иретинде берилди.

№	Адам укуктары	Бул укуктарга ылайык келген милдеттер
1.	***11-статья.*** Пикир айтуу эркиндигине болгон укук жана аны эркин билдирүү укугу.	*а) Биз башкалардын ой-пикирине кулак салышыбыз керек.* *б) Биз коомдо башкалар жөнүндө чындыкты айтышыбыз керек.* *в) Биз башкалардын жазаланып калуудан коркпой-үркпөй өз ой-пикирин ачык айтуусуна мүмкүндүк беришибиз керек.*
2.	***12-статья.*** Тынч жыйындарды өткөрүү жана бирикмелерди түзүү эркиндигине болгон укук.	
3.	***24-статья.*** Адамдын жаран катары таанылуу укугу.	
4.	***29-статья.*** Өз өлкөсүн башкарууга катышуу укугу.	
5.	***2-статья.*** Жашоо укугу.	
6.	***10-статья.*** Ойлонуу, ыйман жана дин тутуу эркиндигине болгон укук.	
7.	***20-статья.*** Мыйзам алдында бардык адамдар тең.	

11-тапшырма. Адам укуктары канткенде иштейт?

Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорду талкуулап, өз жообуңарды класс менен бөлүшүүгө даярдангыла.

1. Коомдо «адам укуктары» корголушу үчүн биз эмне кыла алабыз?
2. Эгерде бир топтун укугу башка топтун укугуна карама-каршы келсе, биз эмне кыла алабыз?
3. Эмне үчүн милдеттерге жана укуктарга бирдей ээ болуу керек?
4. Башка адамдардын укуктарын жүзөгө ашыруу кимдин милдети?
5. Биз адам укуктары маселелерин коомубуздагы лидерлер менен уюмдардын жакшыраак билишине кантип жардам бере алабыз?

12-тапшырма. Биздин класстагы адам укуктары

Эки-экиден болуп, төмөндө берилген кырдаалдарды карап чыккыла да, бул суроолорго жооп бергиле:

а) Буларды адам укуктарынын бузулушуна мисал десе болобу?
б) Кайсы укук бузулган?
в) Кимдин укугу бузулган?
г) Мунун мындан ары кайталанбашы үчүн окуучулар эмне кылууга тийиш?
д) Бул ишти ким жасашы керек?

Адам укуктары конвенциясын карап көрүшүңөр керек болушу да мүмкүн.

1. *Окуучу башка бир окуучунун китебин уурдап алды.*
2. *Окуучу дайыма үй тапшырмаларын аткарбай жүргөндүктөн жаман баа алат.*
3. *Класста бирөө чыгып сүйлөп, өз көз карашын түшүндүрүп жатса, бир окуучу укпай эле жанындагы шериги менен сүйлөшө берет.*
4. *Мугалим сабакка кечигип келгендиги үчүн окуучуну урду.*
5. *Мурда эскерткенине карабай жалкоолонуп отура берген окуучуга мугалим кыйкырды.*
6. *Окуучулар класстык ишти аткарып бүтпөдү эле, аягына чыгышсын деп мугалим аларды сабактан кийин алып калды.*
7. *Айрым окуучулар бир классташын анын улутундагылардын баары кемакыл жоон бершет деп шылдыңдашат.*
8. *Башкалар канчалык тырышып окуса деле мугалим өзү жакшы көргөн окуучуга гана эң жакшы баа коё берет.*
9. *Бир кыз чыгып сүйлөп жатканда анын классташы сөзүн бөлүп кыйкырып, макул эместигин билдирет.*
10. *Мугалим окуучуларга тобуңардын мүчөлөрүн өзүңөр тандап алгыла деди эле, алар бир окуучуну кошпой бөлүп салышты.*
11. *Окуучу башка бирөөдөн даяр тапшырманы көчүрүп алып, муну өзүм аткардым дейт.*
12. *Мыкты окуган окуучулар гана лагерге барышат.*

13-тапшырма. Мен жашаган жердеги адам укуктары

(А бөлүгү)

Кыздарды ала качып алуу салты кыргыз коомчулугунда азыр деле сакталып келет, ал эми башка элдерде кудалашкан жерине кызды мажбурлап берүү салты бар. Окуучулардын бул тууралуу айткан пикирлерин эки-экиден болуп окуп чыккыла да, өзүңөрчө ойлонуп көргүлө. Бул жерде кыз менен жигит алдын ала макулдашпаган же ала качуу тууралуу кызга айтылбаган учур жөнүндө сөз болуп жаткандыгын көңүлдө туткула.

Айнура (Бишкек) Кызды ала качуу - бул эскирген салт, муну кедей адамдар гана колдонот. Мен мындай нерсе коомдогу бирдей абалда жашаган адамдардын чөйрөсүндө гана болот деп ойлойм. Башкача айтканда, жакыр үй-бүлөдө өскөн билимсиз жигит эч качан билимдүү кызды ала качпайт. Мен өзүм мындай жорукка түш келсем, эч качан макул болбос элем, бирок бул биздин элдин салттарынын бири, муну колдогон адамдарга да сабырдуу мамиле жасашыбыз керек деп эсептейм. Андыктан мен бул салтты биздин өлкөдө мыйзамсыз деп жарыялабай эле койсо болот деп ойлойм.

Манас (Ак-Талаа району) Сен эмнени айтып жатасың? Мындай иштер биздин мамлекеттин мыйзамдарында кылмыш деп эсептелет. Анын үстүнө биздин өлкө Адам укуктары жөнүндөгү конвенцияга кол койгон эмеспи. Албетте, эгер кызды күчкө салып ала качышса, бул анын адамдык укуктары олуттуу түрдө бузулгандыгын билдирерин эч ким төгүнгө чыгара албайт. Мен өзүм жигит кызды уурдаса, бул анын кызды сыйлабагандыгын, кыздын арзуусуна татыктуу боло албагандыгын көрсөтөт деп эсептейм. Сенин мындай окуялар коомдо бирдей абалда турган адамдардын чөйрөсүндө гана болот деген оюңа макул эмесмин. Мен айылдык жигит жогорку билимдүү кызды ала качканын билем. Жигиттин ата-энеси, туугандары бул ишти туура болду деп жактырышкан.

Нурбек (Жалалабад) ЫІрас, силер мыйзамдар жана логика тууралуу айтып жатасыңар, бирок биздин коомдогу реалдуу абал башкача да. Кыздар жигиттер менен достук мамиледе болгондо, алар ала качып кетиши мүмкүн экендигин билишет. Мындан тышкары жигит жана анын ата-энеси кыздын үй-бүлөсүнө урмат-сый көрсөтөрүн силер унутуп коюп жатасыңар. Алар муну менен кызды канчалык баалаганын көрсөтүшөт. Мен ошондой эле жаштардын макулдугу менен ата-энелер куда-сөөк болгондогу нике эң эле ак жолтой болот деп эсептейм. Баатыр Манас, сага аты уйкаш улуу бабабыз, ушинтип үйлөнгөн эмеспи.

Бакай (Кербен) Менимче, сен ар башка нерселерди чаташтырып жатасың. Эгер кыз-жигит акыр-аягында өз тагдырларын өздөрү чечсе жана кыстоосуз, өз ыктыярлары менен баш кошо турган болсо, анда алдын ала кудалашууга эч ким каршы болбойт. Бакай бабабыз Каныкейди

Манаска уурдап келип берген эмес да. Эстегилечи, эпосту окугансыңар го, Бакай жөн гана Манастын атынан куда түшүү үчүн кыздын атасына атайын барып жолуккан. Ошондо Каныкейдин ыктыяры да эске алынган болуу керек. Мен ошондой эле ала качуу кызга урмат-сый көрсөткөндүк болот деген пикир чындыкка анча туура келбейт деп ойлойм. Албетте, урматтап жатышабы же жокпу, муну кыздын өзү гана билет.

Алтын (Каракол) Мен куда түшкөндө кыздын макулдугу эске алынууга тийиш дегенге кошулам. Манас менен Каныкей да бактылуу өмүр сүрүшкөн. Менин жактырбаганым – кээ бирөөлөр бул адатты туура деп актоого аракеттенишет. Анткени кыз, эгер кааласа, кетип кала алат. Айрым бир учурларда ушундай да болушу мүмкүн, бирок көбүнчө коомчулук кызга кысым жасайт. Анын үстүнө, кыздын агалары, жеңелери да «таш түшкөн жеринде оор», «барган жеринден кайтып келбе» деп тыят (себеби кыз бул абалга кайыл боло турган болсо, алар эч кандай зыян тартпайт эмеспи). Буга көнбөсө, эл аны ушактап, ата-энесинин кадырына доо кетет. Эгер чыныгы салттын өзүн бузбай карманса, жигит кызга анын макулдугу болмоюнча үйлөнбөөгө тийиш.

Кеңеш (Баткен) Силер биздин бардык салттарды жокко чыгаралы дейсиңер го! Эгер биз кока-кола ичип, джинсы кийгенден башканы билбесек, өлкөбүз эмне болот? Европа өлкөлөрүнүн көбүндө жакынкы эле дооруордо жаштарды макулдугун сурап отурбай эле кудалап жүрүшкөндүгүн эстен чыгарбоо керек. Жигитти чанган кызды эл айыптабагандай жолду табуу керек деп ойлойм, бирок бул салтты унутуудан өтө этият болушубуз зарыл.

Алымбек (Чоңалай) Мен силерге кошулам, бирок биз салттарыбыздагы ушул маселеге байланыштуу чыныгы карама-каршылыктар жөнүндө ойлонууга тийишпиз. Кыз ала качканда, салт боюнча ага урмат-сый көрсөтүлгөндөй санап келишсе да, бүгүнкү күндө мында бир чоң маселе турат. Салт никенин бекем болушуна кызмат кылышы керек. Бир тарап экинчисинин укуктарын орой түрдө тебелеп кемсинткен жорук менен кыйылган нике ишенимдүү болот деп биз кантип айта алабыз? Күйөөсү же аялы биринин негизги укуктары чектелгендигине кайыл эле болбосо... Менимче, Европа өлкөлөрүндө эмне үчүн жаштардын макулдугусуз кудалашуу өтө сейрек болуп калганы жөнүндө биз дагы ойлонуп көрүшүбүз керек.

Анара (Талас) Бул чечүүчү факторлорго кирбесе да, биз ушул салт жөнүндө чет өлкөлүктөргө айтсак, алар буга эмне дээрин билбей таң каларын элестетип көрөлүчү. Мында өлкөбүздүн аброюна да шек келтирилет. Мында сыймыктана турган эч нерсе жок: бул – элибиздин адегенде кыздын макулдугун сураган жакшы салттарынын бирин бурмалоо гана. Мен жигиттин укуктары тууралуу да ойлонуу керек дейм. Көп учурларда аны да кыстап эрте үйлөндүрүшөт. Ата-энелер жигитке да, кызга да бул маселеде кысым жасабоого тийиш. Эгер ала качуу кыздын макулдугу боюнча болсо, анда мунун эч кандай жаман жери жок, ныраазылык да болбойт.

(Б бөлүгү)

Конституцияны карап, анын кайсы статьялары (беренелери) адам уурдоого тыюу сала тургандыгын аныктагыла.

(В бөлүгү)

Эки-экиден болуп төмөндөгү маселени талкуулагыла:

«Кызды ала качуудагы негизги маселе – адамдын жекече тандоо укугунун жоктугу. Демократия жана шайлоодо добуш берүү менен мунун кандай байланышы бар?»

2-диаграмма

Силердин өлкөңөрдүн жарандары каалагандай диний топко кирүү укугуна ээ болушу керек деген пикирге макулсуңарбы?

IV бап

Экономикалык концепциялар: менчик жана экономикалык өсүш

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

Термин	Аныктама
1. Акча 2. Эркин базар 3. Бартер 4. Баа 5. Инвестиция 6. Нарк 7. Пайда 8. Тейлөө 9. Товар	а) Бир товарды же тейлөө кызматын экинчисине түздөн-түз (акчасыз) алмашуу. б) Сатуучу өзүнүн товары же тейлөө кызматы үчүн сураган сумма. в) Эркин атаандашуу шартында суроо-талап жана сунушка жараша өндүрүлүүчү товарлар сатыла турган базар . г) Базарда сатуу үчүн өндүрүлгөн продукция. д) Ар кандай товарга же тейлөө кызматына алмашылышы мүмкүн болгон, наркы макулдашылган алтын, кагаз же металл түрүндөгү товар. е) Капиталдын кандайдыр бир ишкананы түзүүгө же кеңейтүүгө сарпталышы. ж) Ишкер операциянын натыйжасында ага сарпталган бардык чыгымдары төлөнгөндөн кийин алынган киреше. з) Бир нерсенин акчалай же башка буюмдардын наркы менен өлчөнүүчү баалуулугу. и) Белгилүү бир суммадагы акча үчүн керектөөчүгө сунуш кылынган кандайдыр бир иш-аракет.

Окуу үчүн текст

Силер «экономика» деген сөздү укканда, дүйнөдөгү көпчүлүк адамдар сыяктуу эле, бул мамлекеттик түзүлүшкө тиешеси бар бир нерсе деп ойлошуңар мүмкүн. Бирок экономика – бул адамдардын өндүрүш, керектөө жана бөлүштүрүү тармагындагы жалпы мамилелеринин жыйындысы. Бул ошондой эле өндүрүштүн да, өндүрүштүк эмес тармактын да түрлөрүн камтыган чарба комплексине дагы тиешелүү. Экономика илими эмне үчүн биз бир нерсени белгилүү бир жол-жобо боюнча аткарарыбызды жана, анын ичинде, буюмдарды кандайча өндүрүп, пайдаланарыбызды түшүнүүгө жардам берет. Ушул өңүттөн (аспекттен, жактан) алып карасак, тамак (мисалы, палоо) даярдоо үчүн керектүү жашылчаларды өстүрүп же кой союу менен биз экономикалык чечим кабыл аларыбыз түшүнүктүү болот. Айылдыктар көп учурда экономикалык пландоо жагынан (бул ушундай аталаарын өздөрү билбесе деле) тажрыйбалуу келишет. Алар өздөрү пайдалана же сата ала тургандан ашыкча түшүм өндүрбөө керек экендигин түшүнүшөт. Алар аз күч жана каражат сарптоо менен бир нерсени арзан жана натыйжалуу өндүрүүнүн жолун билишет. Эң негизгиси, алардын колунда машина сыяктуу башка ресурстар болушу керек.

1.0 Адистешүү, кызматташуу жана алмашуу

Эл кээ бир адамдардын белгилүү бир буюмдарды жасай аларын, башкаларда жок өзгөчө усталыгы, чеберчилиги бар экенин билет. Мисалы, наабайчы Канаттын нан бышырууга жөндөмү жана зарыл шаймандары (жабдуулары), ал эми фермер Андрейдин эгин өстүрүүгө жөндөмү

жана керектүү жабдуулары бар болушу мүмкүн. Наабайчы өзүнүн шыгы менен эптүүлүгүн (жөндөмүн) наабайчылыкка жумшап, эгин өстүрүүнү башкаларга койсо, ал өзүнө да, элге да пайда келтирет. Анан наабайчы нандын ашыкчасын сатып же Андрейдин өзүнөн ашкан буудайына алмаштырып алса болот. Бул мисал экономиканын айрым орчундуу концепцияларын: *адистешүүнү*[1], кызматташууну жана алмашууну түшүндүрөт. Айылдын жашоосу өтө эле жөнөкөй деп ойлобогула, андай эмес: ал жерден силер практикада колдонулуучу көптөгөн адистик тажрыйбалар менен билимдерди учуратасыңар. Ал эми райондук деңгээлге чыгарыңар менен булардын чөйрөсү кеңейе баштайт. Силер ошондой эле адистешүүнүн кээ бир формалары «кесип» болбой турганын байкайсыңар. Мисалы, уйду жакшы бага турган кишилер бар, бирок аларды ветеринар деп аташпайт.

Буюмдарды алмашкан учурда, акча колдонулбаган күндө да алардын наркы жана баасы болот. Эгер Канаттын бышырган наны өзгөчө даамдуу болсо, же Канат айылдагы нан бышырып саткан жалгыз адам болсо, анда эл анын нанын кымбатыраак баада сатып алары шексиз. Эгерде ушундай эле сапаттагы нанды Элмира да бышырып сата баштаса, анда нандын баасы арзандайт. Ошентип, баа «ийкемдүү» болот, анткени ал өзгөрүлүп турат.

Бирок нандын наркы нан бышырган кишилердин саны менен эле аныкталбайт. Ал ушул нанга муктаж болгон жана анын ордуна наабайчы каалаган бир нерсе бере ала турган адамдардын санына (нанга болгон талапка) жараша болот. Эгер мындай адамдар көп болсо, «баа» өсөт. А эгер суроо-талап төмөн болсо, адатта баа көбүнчө арзандап, мындай товарды саткандар да азаят. *«Сунуш жана суроо-талап»* теориясынын негизин түзгөн идеянын түпкү мааниси мына ушундай.

2.0 Түрткү берүүчү себеп (стимулдар) жана конкуренция

Пайда түшпөгөн жумушту аткарууну эч ким каалабайт. Пайданын белгилүү бир баасы болушу керек, андай болбосо курулай түйшүк тартуунун кереги жок. «Стимул» идеясынын мааниси ушундай.

Эл жакшы төлөп турганда Канат нан бышырганды уланта берет, анткени бул үчүн түрткү берген себеп бар. Эгер Элмира да муну негиздүү стимул деп чечсе, ал дагы Канатка атаандашып нан бышыра баштайт. Ошентип сунуш көбөйөт, ал эми суроо-талап мурдагы деңгээлинде кала бериши мүмкүн. Эми Канат менен Элмиранын нандары күн сайын артып кала бере турган болот. Канат эми такси айдасам көбүрөөк пайда табам го деген ойго келиши же нандын баасын эле арзандатып коюуну туура табышы да мүмкүн. Бул учурда эки кырдаал түзүлүшү ыктымал. Элмирадан нан алып жүргөндөрдүн айрымдары Канатка кайтып келиши, ал эми башка бирөөлөр баа төмөндөгөн соң нанды көбүрөөк сатып ала башташы мүмкүн (б. а. суроо-талап өсөт).

Канат нанын кымбаттатса, ага түрткү берүүчү себеп күчтүүрөөк болот, анткени пайда көбөйүп, жумуш азаят. Суроо-талап мурдагы бойдон калып, *кардарлары* (клиенттери) азайбаса жана ар бир жолку сатуудан мурдагыга караганда көбүрөөк киреше түшүп турса, ушундай болот. Бирок кээ бирөөлөр мындай баада сатып алууну каалабашы же сатып ала албашы мүмкүн, бул болсо суроо-талаптын азайышын билдирет. Анда Канат ушул эле көлөмдөгү кирешени алып туруу үчүн нанды кайрадан азыраак бышыра баштайт. Бул жерде биз керектөөчүлөрдүн суроо-талабы Канаттын нан бышырышы жана ага ылайык баа коюшу үчүн түрткү болуучу себеп болорун байкайбыз.



Бул мисалдан биз конкуренция бар болгондуктан товардын баасы арзандап, керектөөчүлөр утушка ээ болуп жатканын көрөбүз. Ошентип, керектөөчүлөрдүн саны арбыйт (көбөйөт), бул болсо суроо-талап өстү дегенди билдирет, андыктан өндүрүүчүлөр да утушка ээ болот. Нанга болгон суроо-талапка байланыштуу унга болгон суроо-талап да өсөт, демек, бул жерде өндүрүүчүлөр да пайда табышат. Унга болгон суроо-талап наабайканага эң *алгылыктуу* (ылайыктуу, туура келген) баадагы унду жеткирип туруу жагынан атаандашкан кишилер үчүн түрткү берүүчү себеп болуп калат.

Адамдар өзүмчүлдүгүнөн, ач көздүгүнөн же алысты көрө билбегендигинен эмес, жөн гана түрткү берүүчү себептерге ылайык аракеттенишет. Түрткү берүүчү себептердин көптөгөн түрлөрү бар. Кээде адамдар аз акы төлөнгөн жумушту тандашат, себеби аны кызыктуураак же

[1] *Адистешүү – ишмердиктин өзүнчө күүш (тар) атайын багыттарда жүргүзүлүшү; эмгектин түрлөрү боюнча бөлүштүрүлүшү.*

жагымдуураак деп эсептешет. Алар көп учурда башкаларга жардам бергенден, кооздук менен сулуулуктан ырахаттанып, канагат алышат. Биз каалаган нерсенин баары түрткү берүүчү себептин түрлөрү болуп саналат.

3.0 Менчик

Товар алмаштырганда иш жүзүндө ээлик кылуу укуктары айырбашталат (алмаштырылат). Канат өзүнүн нанын сатуудан же Андрейдин унуна алмаштыруудан мурун өзү ушул нандын ээси, ал эми Андрей ундун ээси экендигин аныk билиши керек. Канат ошондой эле айырбаштагандан тартып нанга ээлик кылуу укугунун өзгөрүшүнө Андрей макул болорун аныk билүүгө тийиш. Бир нерсеге ээлик кылуу укугу – бул менчик укугу. Бул укуктар корголмоюнча, экономикалык система иштей албайт. Анткени Канатка Андрей жана башка адамдар келип, өздөрүнүн нанга алмашкан товарларын кайра алып кетчү болсо, анда ал нан бышырууга, аны алмашууга жана сатууга аракет кылбай калат.

Канат нанга эле ээлик кылбасы түшүнүктүү. Ал өзү пайдаланган эмгек куралдарына, наабайканага жана ал жайгашкан жерге да ээ экендигин аныk билиши керек. Бирок наабайкана өзүнүкү болсо да, Канат жерди толук бөйдон ээлеп туруунун зарылчылыгы жок деп чечиши мүмкүн. Ал ошол жерди бир жыл пайдалануу укугун бир нерсеге алмашып алса болот. Ошондо да ал мындай алмашууну өзүнүн укуктары корголоруна бекем ишенген учурда гана жүргүзө алат.

4.0 Экономикалык өсүш

Жашоого мүмкүнчүлүк түзүп, адамдарды канааттандырган нерселер (ар кандай тамак-аш, унаа, турак-жай, кийим-кече жана көңүл ачуу) – бул адамдын иш-аракеттеринин өнүмү. Жакшы товарлар дайыма оңой сатылат, анткени сатып алуучулар алардын бар экенин, баасы да бап келерин билишет. Ал эми начар өнүмдөр адатта, ал турсун ишкана бул товарларды рекламалап, кардарлардын көңүлүн бурууга аракеттенсе деле, сатылбай калат. Экономикалык өсүш тер төккөн эмгектин жана адамдар чындыгында эмнени каалай тургандыгын туура баалоонун натыйжасы болуп саналат.



Чумыш гидротүйүнү

Биз экономикалык өсүштү өзүбүздүн жашоо деңгээлибизди өлчөө аркылуу ченей алабыз. Өндүрүштүн жана кирешенин негизги булактары жумушчулардын чеберчилигинин жогорулашына, жакшы жабдуулардын болушуна, технологиялык өркүндөтүүлөргө жана ишти мыкты уюштурууга жараша болот. Эгер мунун баары өркүндөтүлбөсө, экономика мурдагы деңгээлинде калышы же анын көрсөткүчтөрү төмөндөп кетиши мүмкүн.

Жер сыяктуу мүлккө ээлик кылуу укугуна адамдар адатта сатып алуунун, белекке алуунун же мурастап калуунун натыйжасында ээ болот. Айрым өлкөлөрдүн бай болушунун негизги себептеринин бири алардын жарандарынын жеке менчикке ээлик кылуу укуктары так аныкталып, эч кандай шек туудурбагандыгында. Анча жакшы өнүкпөгөн экономикалык системаларда ушул сыяктуу менчик укугуна ээ болуу мүмкүн эмес. Андыктан бул жерде жашаган адамдар өндүрүш кубаттуулугун өнүктүрүүгө (имараттарды курууга же машиналарды сатып алууга) өздөрүнүн убактысын жана акчасын жумшагылары келбейт, себеби алар жерден кол жуун калышы ыктымал. Анын үстүнө мындай өлкөлөрдө төмөндөгү себептерден улам адамдардын карыз алышы өтө кыйын:

- Карызга акча бере турган мекемелер аз.
- Банктар жана башка *кредит* (проценттүү карыз) берүүчү мекемелер адатта кредитти кайра акчалай түрүндө төлөй турган шартта бергенди артык көрүшөт, ал эми кээ бир жерлерде адамдардын колунда товар гана (мисалы, кой же дан) болуп, аларды акчага «айландыруу» кыйын болушу мүмкүн.
- Банктар жана башка кредиттик мекемелер кредит төлөнбөгөн учурда мүлктүк доо коё турган, толук ээлик кылган менчиги жок адамдарга кредит берүүнү каалабайт.
- Ушул факторлордон улам проценттик өлчөмдөр жогору болот да, кредит алгандар карызды төлөй албай жана пайда ала албай калуу коркунучу чоң болот.

Квалификациясы жогорураак жумушчулардын эмгеги *квалификациясы* (билими, кесиптик даярдыгы) төмөнүрөөк жумушчулардыкына караганда өндүрүмдүүрөөк болот. Үйрөнүү, тажрыйба жана билим адамдардын эптүүлүгүн, чеберчилигин арттырышына мүмкүндүк берет. Станоктор мыкты болсо, анда иштеген жумушчулар да көбүрөөк өндүрүшөт. Эмгек куралдарын жакшыртууга жана квалификациялуу жумушчуларды жалдаганга жумшалуучу *инвестиция* (киреше алуу максатында каражат сарптоо) адегенде *чыгымдарды* талап кылса да, кийин продуктулар көп жана кыйла сапаттуу чыгарыла баштаганда пайда алып келет. Убакыт, энергия жана материалдар сыяктуу ресурстардын аз чыгымдалышы менен продукция өндүрүү мүмкүнчүлүгү болгондо, биз өндүрүмдүүлүк (натыйжалуулук) жогорулады деп айтабыз.

Экономикалык өсүштүн өтө орчундуу *аспектилеринин* (каралуучу жактарынын, тараптарынын) бири – бул жаңы технологиялар жана жаңы нерселерди киргизүү. Жаңылыктарды киргизүү товар өндүрүүнүн натыйжалуу ыкмаларына алып келет же таптакыр жаңы товарларды жаратууга *өбөлгө* (шарт, мүмкүнчүлүк) түзөт. Мисалы, Канат өзүнүн дандырына же мешине отунду азыраак жагып нан бышыруу жолун тапса, анда анын чыгымы азайып, кирешеси көбөйөт. Анын наабайчылык иши үнөмдүүрөөк, сарамжалдуураак болуп калат.

Жеке өзүнүн кирешеси менен жаңы идеяларга гана таянган ишкананын өсүшү кыйын. Эгер Канат электр мешин орноткусу келсе же башка айылдык кардарларды өзүнө тартуу менен суроо-талапты чоңойтууну чечсе, ага жаңы меш орнотуу жана жүк машина сатып алуу үчүн карыз акча керек болот. Ишкердик жүргүзүү, ишкана ачуу же кеңейтүү үчүн жумшалуучу же карызга алынуучу каражат *капитал* деп аталат. Экономикалык өсүштүн негиздеринин бири – проценттик төлөмдөрү алгылыктуу капиталдын бар болушу. Эгер проценттик төлөм өтө эле жогору болсо, анда ишканалар карызга акча албай калышат да, өздөрүнүн чарбалык иш-аракетин кеңейтишпейт. Маселен, Канат жүк машина сатып алуу үчүн Анвардан 26 миң сомду бир жылдык мөөнөт менен карызга сурады дейли. Анвар Канатка андай болсо бул 26 миңге кошуп 3 миң сомду капитал пайдаланган акың үчүн процент эсебинде төлөйсүң деп жооп берди. (Компенсация наркы туура келген кандайдыр бир белек, же ишкананын *акциясы*[1] түрүндө, же дагы башкача жол менен төлөнүшү мүмкүн). Канат кеңейтилген ишкана менен жүк машина карызды төлөгөнгө, ошондой эле калган чыгымдардын ордун толтурганга жеткидей киреше алып келеби деп ойлоно баштайт. Эгер иши оңунан чыкса, Канат башка атаандаш карыз берүүчүлөрдү да табышы мүмкүн. Анда ал 26 миң сом карызга кошуп кайтаруу үчүн эң төмөнкү проценттик төлөмдү талап кылган карыз берүүчүнү тандай алат. Адатта проценттик төлөмү эң төмөн болгон карызды банктар берет, анткени алар карыздын төлөнбөй калуу коркунучун башка көптөгөн карыздарга бөлүштүрүп жибере алат.

Акырында, ишкананын экономикалык жактан уюштурулушун жакшыртуу да экономикалык өсүшкө алып келиши мүмкүн. Ишканаларда чогуу иштөөгө милдеттүү болгон адамдар эмгектенет. Алар үчүн жумуштун максатын, өздөрү кимге отчет берип турушу керектигин, кантип биргелешип натыйжалуу иштөөгө болорун билүү маанилүү. Адамдар машиналарга караганда алда канча татаал болгондуктан, кээде эмгектин эң натыйжалуу болушуна эмне өбөлгө түзөрүн аныктоо кыйын. Башкаруучулар ишкананын ресурстарын абдан натыйжалуу пайдаланышы керек. Жумушчулар адатта ишканадагы эң орчундуу ресурс болуп саналат. Ийгиликке жетишүүнүн дагы бир жолу – эмгектин натыйжалуулугуна жумушчулардын кызыгуусун, алардын өз ишинен канагат алышын, ишкананын кожоюндары кадырлай тургандыгын сезишин камсыз кылуу.

5.0 Макроэкономика

Кайсы бир товарларды өндүрүп сатуучулар менен аларды сатып алып пайдалануучулардын ортосундагы экономикалык карым-катыштарды (айрыкча акчасыз жүргүзүлгөн айырбаштоолорду) карап көрсөк, алардын атүгүл айылда да бир топ эле татаал экендиги байкалат. Эгер силер өлкөдө жүргүзүлүп жаткан бардык алмашуулардын натыйжасын түшүнүп, аларды санап чыгууга аракеттенсеңер, бул өтө эле татаал экенин көрөсүңөр. Макроэкономика дал ушундай иштерди аткарууга аракеттенет.

Макроэкономика төмөнкүлөрдү иликтейт:



Кыргыз Республикасында ар кайсы деңгээлдердеги бюджетке жалпы мамлекеттик салыктардын түшүп турушу. «Бюджет боюнча жарандар үчүн колдонмодон,» 2002-ж.

[1]**Акция** – *акционердик коомдор чыгарган, жүгүртүү мөөнөтү чектелбеген баалуу кагаздар. Акциянын ээсинин акционердик капиталга кошкон үлүшү бар экендигин күбөлөндүрөт.*

- өлкөдө өндүрүлгөн нерселердин наркы (силер өлкөнүн ички дүң продукциясы (ИДП – ВВП) жөнүндө укkан болсоңор керек. Буга продуктулардын эле эмес, унаа (транспорт) жана саламаттык сактоо сыяктуу тейлөө кызматтарынын да наркы кирет);
- өндүрүмдүүлүк деңгээли (продукцияны өндүрүүгө же тейлөөгө зарыл болгон ресурстардын көлөмү – адамдар, убакыт, материалдар). Өтө аз ресурс жумшоо менен продукция өндүрө же тейлөө кызматын көрсөтө алсак, анда өндүрүмдүүлүк жогору дейбиз.
- жумуштуулук жана жумушсуздук деңгээли (эмгекке жарамдуу калктын ичинен жумуштуулардын түзгөн проценти);
- өлкөдөгү баалардын жалпы *динамикасы* (өсүшү, өзгөрүп турушу). (Силер *инфляция* дегенди укkан чыгарсыңар, бул бардык товарлардын орточо баасынын өсүшү дегенди билдирет. Инфляция – жаман көрүнүш, анткени мында акчанын күчү начарлайт. Кээ бир өлкөлөрдө, мисалы, Японияда буга карама-каршы келген проблема, б.а. *дефляция* бар. Канчалык таң калыштуу болгону менен, экономика үчүн бул көрүнүш да инфляциядай эле зыяндуу. Мындайда акчанын баасы өсүп, товарлар арзандайт. Анткени сатып алган нерселерди кийин арзандап кетет деп адамдар акча сарптабай, инвестиция жасабай калышат.
- капиталдын жана проценттик өлчөмдөрдүн болушу;
- өлкөнүн башка өлкөлөрдөн сатып алган (импорттогон) продукциясынын наркы менен өзү башка өлкөлөргө саткан (экспорттогон) продукциянын ортосундагы тең салмактуулук (*баланс*).

Ушундай иликтөөнү жүргүзүү менен өкмөт экономиканын өсүп же өспөй жатканын, өлкөнү башкарууда колдонуп жаткан ыкма экономикалык өсүшкө өбөлгө же тоскоол болуп жатканын түшүнө алат. Кээ бир өлкөлөрдө муну аныктоо өтө кыйын. (Мисалы, эгер силер досуңардан анын уюнун сүтүн алып, ордуна бир аз отун жарып берсеңер, бул алмашуу жөнүндө өкмөттүн билүүгө мүмкүндүгү жок).

Өкмөт өндүрүмдүүлүктүн жогорулашына, калктын жумуш менен толук камсыздалышына, инфляциянын жана проценттик өлчөмдөрдүн аз болушуна, импортко салыштырганда экспорттун басымдуулук кылышына жетишүүгө, булар аркылуу, экономикалык өсүштү камсыз кылууга умтулат.

Өкмөт ошондой эле жеке адамдын экономикалык укуктарын өзүнчө бир топтун экономикалык укуктары менен тең кармоого умтулат. Мисалы, атаандашы жок бир компаниянын өндүрүштө, товар жана тейлөө рыногунда (базарында) үстөмдүк кылышына, б.а. *монополиянын* пайда болушуна жол бербөөгө аракеттенет. Бирок кээде ар кандай себептерден улам өкмөт өзү кандайдыр бир тармактарда монополия ээси болуп калат.

6.0 Кыргызстандын совет мезгилиндеги экономикасы

Совет доорунда Кыргызстандын экономикасы Советтер Союзунун экономикасынын бир бөлүгү болгон. Ал кезде өлкөнүн экономикасы кыйла жакшы өнүккөн. Алсак, өнөр жайдын ар кайсы тармактары түптөлүп, коомдук тейлөө дагы (мисалы, жалпы билим берүү системасынын иши) жакшы жолго коюлган. Кыргызстан, негизинен, айыл чарба продукциясын, ошондой эле минералдык чийки заттарды жана электр энергиясын өндүргөн. Соода алмашуунун көпчүлүк бөлүгү Советтер Союзунун чегинде жүргүзүлүп, бардык финансылык ресурстар жалпы союздук бюджеттен келип турган.



Токтогул ГЭСи

Мурдагы Советтер Союзунун экономикасы бирдиктүү ишкана сыяктуу башкарылган да, өндүрүштүк каражаттардын бардыгы мамлекеттин менчигинде болгон. Жумушчулар менен кызматкерлер эч качан өндүрүштүк каражаттарга ээлик кыла алган эмес, андыктан ишканалардын кирешеси мамлекеттик бюджетке гана түшүп тур-

ган. Ишканалардын өз ара эркин соода жүргүзүү укугу болгон эмес.

Кайсы типтеги продукцияны кайда, качан өндүрүүнү, каякка бөлүштүрүүнү, анын тышкы көрүнүшү, баасы кандай болууга тийиш экендигин Москвадан Мамплан (Мамлекеттик пландоо комитети) чечип турган. (Эркин базар экономикасында мындай чечимдерди жеке фирмалардын жана ишканалардын ээлери өздөрү чыгарат). Мамплан ошондой эле кызматчылардын эмгек акысынын чоңдугун да көзөмөлдөп турган. Бул чечимдер адамдардын кызматына болгон суроо-талапка же алардын ишинин сапатына жараша болгон эмес. Жарандарга жана өлкөгө эмне керек болорун катардагы жарандар өздөрү эмес, пландоо органдары тандап турган.

Мындай системанын эң башкы кемчиликтери төмөндөгүлөр болгон:

- мыкты продукция өндүрүү үчүн ишканаларга, ал эми жумушчуларга өздөрүнүн ишинин сапатын жакшыртуу үчүн стимул болгон эмес;
- ресурстарды эң эле үнөмдүү пайдалануу-га алып келе турган чечимдерди айрым ишканалар жана керектөөчүлөр өздөрү эмес, бардык ресурстарга ээлик кылып турган уюмдар гана чыгара алат деген түшүнүк болгон. Тилекке каршы, бул дайыма эле оңунан чыга берген эмес. Эң мыкты чечимдерди алар кимдерге көбүрөөк таасир эте турган болсо, адатта ошолор чыгара алат. Булар – керектөөчүлөр жана продукцияны өндүрүүчүлөр.

Кайра куруу мезгилинде 1987-1990-жж. ишканаларга кыйла өз алдынча иштөө мүмкүнчүлүгүн берген айрым мыйзамдар кабыл алынган.

6.1 Өлкөнүн 1991-жылдан кийинки экономикасы

Республикалар көз карандысыздыкка жетишкенден кийин Советтер Союзунун бирдиктүү экономикасы кыйрап, мунун айынан соода-экономикалык байланыштардын басымдуу бөлүгү үзүлүп же кескин түрдө начарлап калды. Бул абдан ылдам жүргөн инфляцияга алып келип, адамдардын сактап койгон акчаларынын чоң бөлүгү жоготууга учурады, өнөр жай токтоп калды да, жумушсуздардын катары көбөйдү. Бул өз кезегинде мамлекеттин дагы өз кирешелеринин басымдуу бөлүгүнөн кол жуушуна алып келди, андыктан мамлекет коомдук кызматтарды мурдагы деңгээлинде камсыздап, колдоп тура албай калды. Өз алдынча жүргүзүлө баштаган экономика тез эле начарлап кетти. Өкмөт ошондон тартып экономиканы кайра жандандыруу үчүн, анын эркин базар моделине (үлгүсүнө) өткөрүлүшүн уюштура баштады.

Дүйнөлүк банк, МВФ, АБР... Мен аларга карыздарды төлөймбү?

«Эл өкүлдөр жыйыны Кыргызстандын тышкы карыздары жөнүндөгү маселени талкуулады. Финансы министринин орун басары Эмирлан Төлөмырзаев депутаттарга акыркы 12 жыл ичинде Кыргызстан 2 миллиард 456 миллион АКШ долларын түзгөн 115 кредиттик макулдашууга кол койгондугун маалымдады. 2003-жылдын 1-сентябрына карата тышкы карыздар 1 миллиард 642 миллион долларды түзөт. Бул бүгүнкү күндө ар бир жаранга 420.2 доллардан туура келет. Төлөмырзаев ошондой эле эгер Кыргызстан салык (налог) өлчөмүн чоңойтуу, эсептер балансын турукташтыруу жана экономиканын ар бир секторун реформалоо аркылуу МВФпын (Эл аралык валюта фондунун) көрсөтмөлөрүн аткарса, Париж клубу бул сумманы кыскартышы ыктымал экендигин белгиледи. Эгер МВФтын сунуштарын аткарса, биздин өлкө 2009-жылдын аягына чейин карыздарынан кутула алат».

(Ж. Зарлыкбеков, «Агым» гезити, 10-окт., 2003-ж. 2-бет)

Карызды ким төлөөгө тийиш, эмне үчүн банктар бизге дагы эле кредит берүүдө деген суроо силерди да тынсыздандырышы мүмкүн. Акыры карыз акчаны Кыргызстандын жарандары төлөшү керек, анткени өкмөт карызды силердин атыңардан алат. Эгер акча төлөнсө, аны кийин банктар башка өлкөлөргө бере алат. Тилекке каршы, карыз дайым эле өз убагында кайтарыла бербейт, тескерисинче, акча улам көбүрөөк керектелип, карыз барган сайын өсүүдө. Бул олуттуу маселе, анткени өкмөт өз жарандарынан чогулткан салыктар мурунку карыздардын проценттерин төлөөгө эле кетип калат.

Чындыгында жогоруда айтылган банктар карыз эле эмес, кыйла чоң суммадагы акчаны грант түрүндө да берет. Гранттар төлөөсүз берилет, б.а. аларды кайтаруу керек болбойт. Кээде бай өлкөлөр финансылык жардам алган мамлекеттин акчаны пайдасыз короткой, мүмкүн болгондун баарын жасап жаткандыгына канааттанса, карызды да кечип иштиши мүмкүн.

Бул банктар коммерциялык максатты көздөбөйт, анткени алар карызды өтө төмөн процент менен берет. Андай болсо мунун аларга эмнеси пайдалуу? Алар экономикасы начар өлкөлөргө финансылык жардам көрсөтүү менен өздөрүнүн жарандарын коргоону, өздөрүнүн экономикасын өнүктүрүүнү каалашат. Карыздардын көбү «байлап берилет», б.а. карыз акча берилгенге чейин эле өкмөт ал акча колдонула турган кандайдыр бир конкреттүү долбоорлорду түзүүгө тийиш.

Өкмөт:
- Мамлекеттик менчикти жарандардын жеке менчигине өткөрүү (менчиктештирүү) системасын түздү.
- Жеке менчикти коргоо жана аны кыйла эркин соодалоону камсыздоо үчүн мыйзамдарды өзгөрттү.
- Жаңы салык системасын түздү, анткени мамлекеттик кирешенин мурдагы булактарынын көпчүлүгү же иштебей калган эле, же жеке менчикке сатылган болчу.
- Иштеп жаткан ишканаларга жана жаңыдан түзүлүп жаткан компанияларга өздөрүнүн бүткүл дүйнөдөгү жаңы соода өнөктөрү (партнерлору) менен мамилелерин сактап калууда жана өнүктүрүүдө жардам берди.
- Мурда Москвада жайгашкан уюмдар аткарып келген функцияларды жүзөгө ашыруу (аткаруу) үчүн мамлекеттик жаңы институттарды түздү.
- Жаңыдан акча чыгара баштады, анткени өлкөдө өзүнүн акчасы болгон эмес.
- Жарандарга болуп жаткан өзгөрүүлөрдү түшүндүрдү, анткени мурдагы шарттыңгайларда мыйзамсыз эсептелген көп нерселерге экономикалык жаңы шарттарда уруксат берилген эле.

Ишканалардын башкаруучулары жана ээлик кылуучулары:
- Эски соода байланыштарын калыбына келтирип, жаңыларын табышат.
- Өз ишканаларын керектөөчүлөрдүн талабын канааттандырууга багыттап, кайра түзүшөт, бул көбүнчө алар чыгарган продукциянын тышкы көрүнүшү же тиби өзгөртүлөт дегенди билдирет.
- Ишкананы кайра уюштурууга кеткен чыгымдардын ордун толтуруу үчүн финансылык ресурстарды табышат.
- Ишкананын ишине тиешелүү жаңы мыйзамдарды иликтеп чыгышат.

Жөнөкөй жарандар:
- Жаңы мыйзамдарды окуп үйрөнүшөт.
- Өздөрүнүн ишкер ишканаларын түзүшөт.
- Өздөрүнө жаңы жумуш табышат.

Менчиктештирүүнү жүзөгө ийгиликтүү ашырыш үчүн менчиктин адилеттүү бөлүштүрүлүшүн камсыздай турган бир катар мыйзамдарды иштеп чыгып, кабыл алуу зарыл болчу.

Бул процесске өбөлгө түзө турган система ишканалардын жана фирмалардын акцияларын соодалоого мүмкүндүк берет. Алсак, ишкананын наркы аны башкаруу ыкмаларын адамдар кандай баалаганына жараша жогорулашы же төмөндөшү мүмкүн. Жарандар акция сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн өкмөт *ваучерлерди*[2] чыгарды. Аларды сатууга коюлган ишканалардын үлүштөрүн сатып алууда акча ордунда пайдаланууга болор эле.

Кыргызстандын көпчүлүк адамдары үчүн жерди менчиктештирүү абдан зор мааниге ээ. Жердин басымдуу бөлүгү жеке менчикке таратылып бүтсө дагы, жерди эркин сатуу жана сатып алууга уруксат берген мыйзамдар жакында эле караштырыла баштады.

6.2 Чакан ишкерликтин мааниси

Азыр иштеп жаткан ишканалардын көпчүлүгү мурдагы советтик экономикалык системада таптакыр болгон эмес. Алардын көпчүлүгү чакан үй-бүлөлөргө таандык, көлөмү дагы чакан. Эгер

Фондулук биржа[1] кандайча иштейт?

Бизнести өнүктүрүү үчүн капиталды көбөйтүү максатында ири компаниялар адатта ээлик кылуу укугун сатышат. Албетте, бул укуктун көпчүлүк бөлүгүн эч ким сатып ала албайт, ошондуктан акция деп аталуучу чакан үлүштөр сатылат. (Ишкананын өзү же фирма бул учурда бөлүнүп кетпей тургандыгын эсиңерде тутқула.)

Бул акциялар фондулук биржа деп аталган базарда сатылат. Мындай компаниялар өз акцияларын сатуу үчүн каттоодон өткөрүшөт, бирок баасын өздөрү коё алышпайт. Акциялардын наркы коомдук суроо-талапка жана сунушка жараша аныкталат. Ошентип, кайсы бир компаниялардын акцияларынын наркы ошол компаниянын башкарылышы жөнүндө эл кандай деп ойлогонуна жараша жогорулап же төмөндөп турат. Эгер башкаруу начар жүргүзүлсө, акциялардын наркы төмөндөйт, ал эми акция ээлери башкарууну жакшыртууну талап кылышат. Эгер нарк жогоруласа, анда акция ээлери өз акцияларын сатып киреше табышы мүмкүн.

Кээде компаниялар акция ээлерине өз кирешесинин бир бөлүгүн (бул дивиденд деп аталат) беришет. Компаниянын жетекчилиги ар бир акция үчүн берилүүчү дивиденддин деңгээлин компаниянын кирешесине жараша аныктайт.

[1] ***Биржа*** *– бир түрдүү товарлардын, баалуу кагаздардын,* ***валютанын****, жумушсуздар эмгегинин үзгүлтүксүз иштеп туруучу дүң базары.* ***Валюта*** *– 1) мамлекеттин акча бирдиги; 2) эл аралык соодада колдонуулучу акча системасы.*

[2] ***Ваучер*** *– менчиктештирилип жаткан ишкананын акциясына алмаштыруу аркылуу менчиктештирүүгө катышуу укугун бере турган документ.*

силердин үй-бүлөңөр нан сатса, анда ал дүйнөдөгү эң ири компаниялар тутунгандай эле ишкер принциптерди (эрежелерди) сактоо менен иштей тургандыгы эсиңерде болсун. Мындай чакан *бизнес* (киреше алууга багытталган экономикалык иш-аракет) экономика үчүн өтө маанилүү, анткени:

- Көп миңдеген адамдардын киреше алышына жана жумушка ээ болушуна шарт түзөт.
- Ал бүткүл өлкөдөгү адамдар үчүн экономикалык жактан пайдалуу кызматтарды көрсөтүп, товарларды сатат.
- Ал өз продукциясын өндүрүүнү керектөөчүлөрдүн дайыма өзгөрүп туруучу суроо-талаптарын канааттандыруу үчүн бат-бат өзгөртүп тура алат.
- Ал мамлекетке салык кирешесин берет.
- Ал ишкерлерге өз иштерин жүргүзүү принциптерин үйрөтөт.
- Ал жаңы ишкер идеяларды сынап көрүүгө мүмкүндүк берет.
- Ал өсүп, ири бизнеске айланышы мүмкүн.
- Ал өлкөдөгү акчанын жүгүртүлүшүнө жардам берет. (Байлыкты көбүрөөк жаратуу үчүн бул кайсы жерде эң эффективдүү пайдаланыла турган болсо, ошол жакка акчаны жумшоого мүмкүндүк берет).
- Конкуренция жүргөндүктөн, чакан ишканалар өздөрүнүн өндүрүштүк чыгымдарын эң төмөнкү деңгээлде кармап турушу керек. Бул өз кезегинде бааны жана инфляцияны төмөн деңгээлде кармап турат.

Азыркы учурда көптөгөн чакан ишканалар товарларды башка өлкөлөрдөн ташып келишет. Жаңы товарлардын базарга жеткирилип турушу жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарынын канааттандырылышы ушундайча ишке ашса дагы, дал ушул керектөөчүлөрдү жергиликтүү өндүрүштүн товарлары менен камсыздап турган чакан ишканалар жана өз продукциясын башка өлкөлөргө сатып турган ишканалар өлкөнүн экономикасына эң чоң жардам берет.

Мамлекет жаңы ишкер ишканаларга төмөндөгүчө жардам бере алат:

- компанияларды жана ишканаларды кабыл алынган контракттардын шарттарын аткарууга аргасыз кыла турган мыйзамдарды кабыл алуу
- өз элчиликтери аркылуу компанияларга чет өлкөлүк керектөөчүлөрдү издеп табууда жардам берүү
- мамлекеттик илимий мекемелер аркылуу техникалык жардам көрсөтүү
- салык ставкаларын (өлчөмдөрүн) төмөндөтүү
- жаштардын компанияларга, ишканаларга зарыл болгон адистиктер боюнча билим алышына мүмкүндүк түзүү
- компаниялардын акцияларын жарандар сатып алышына колдоо көрсөтүү.

6.3 Банк системасы

Банктар ар кандай экономиканын маанилүү бөлүгүн түзөт. Кыргызстан Улуттук банкынын милдеттеринин бири-өлкөдөгү жүгүртүлүп жаткан акчанын санын көзөмөлдөп туруу. Бул акчанын наркына таасир этет. (Эгер өлкөдө акча эсепсиз санда чыгарыла баштаса, анда анын баркы кетер эле). Бирок бул банктын өзүнүн клиенттери жок.

Менчик ишканалар үчүн өз акчаларын кайсы жерде эң көп пайда алып келе турган болсо, ошол жакка жумшай турган коммерциялык банктардын болушу маанилүү. Мындай банктар жаңы байлыкты төмөндөгүдөй жолдор менен табууга умтулушат:

- бош турган акчасын өз клиенттерине берүү (клиенттер адатта банк салымдарынан чакан көлөмдөгү проценттерди алышат),
- бул акчаны адамдарга жана компанияларга карызга берүү (банктан акчаны кредитке алган адам ага белгилүү өлчөмдөгү процент төлөйт).

Адатта банктар компаниялар сыяктуу иштейт да, кредиттерди эң төмөнкү өлчөмдө берүү жана өздөрүнүн салымчыларына (акчаларын банкка салгандарга) мүмкүн болушунча көбүрөөк процент төлөө үчүн өз ара атаандашат.

«Бакай» банкы

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

02-тапшырма. Адистешүү

Шеригиңер менен силердин жамааттагы адамдарда бар адистиктердин баарын (мисалы, механик) санап чыккыла. Анан адистер өздөрүнүн билимин, эптүүлүгүн колдонгону үчүн акы алар-албасын, ошондой эле алар бул адистиктерге кайдан окуп ээ болушканын белгилегиле. (Эгер шаарда же шаар тибиндеги кыштакта жашасаңар, анда өзүңөр турган көчө же кварталды гана эске алышыңар керек).

Атайын көндүмдөр (эптүүлүктөр)	Акы алышабы?	Муну кайдан окуп үйрөнүшкөн?
1. Самолёт айдоо	*Ооба*	*Учкучтар мектебинен*
2. Шырдак жасоо	*Жок*	*Чоң энелерден*

03-тапшырма. Бартер

1. Төрттөн болуп бир буюмду экинчи буюмга башма-баш алмаштырып (*бартер* кылып) жаткан адамдарды акыркы жолу качан көргөнүңөрдү бири-бириңерге айтып бергиле. Адамдар кандай буюмдарды алмаштырышты? Алар эмне үчүн акчаны колдонбой, бартерди тандап алышты?
2. Төмөндөгү таблицаны дептериңерге көчүрүп, аны толтургула. Бөлүмдөргө ар бир системанын артыкчылыгын жана кемчилигин жазгыла.

Акча	Бартер
Артыкчылыктары	*Артыкчылыктары*
Кемчиликтери *Акча баалуулугун жоготот*	*Кемчиликтери*

04-тапшырма. Суроо-талап жана сунуш

Эки-экиден болуп өзүңөр жашаган жердеги кишилер алганга мүмкүнчүлүгү бар, сунушталышы жана талап кылынышы өзгөрүлүп турган товарлардын үч түрүн ойлонуп көргүлө. (Мисалы, тамеки, телевизор, алма ж.б.). Андан кийин төмөндөгү таблицаны дептериңерге көчүрүп, андагы суроолорго жооп жазгыла.

(Буларды унутпагыла:

- ✓ Сунуштун өзгөрүлүшү товар сунуштоочулардын санынын өзгөрүлүшүнө же алар камдап турган товарлардын көлөмүнө жараша болушу мүмкүн.
- ✓ Суроо-талаптын өзгөрүлүшү кайсы бир товарды алгысы келген адамдардын санынын өзгөрүлүшүнө же анын керектелишинин көлөмүнө жараша болушу мүмкүн).

Товар	Ушул товарга болгон суроо-талапты кандай факторлор өзгөртө алат?	Бул товарды сунуш кылууну кандай факторлор өзгөртө алат?
1.		
2.		
3.		

05-тапшырма. Биздин менчик

Силердин үй-бүлөңөрдүн кандай менчиги бар экендиги жөнүндө ойлонуп көргүлө. Эң чоңу болгон үйдөн баштап кийимге чейинки 10 буюмдун атын жазып чыккыла.

Төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

1. Бул буюмдардын силердин менчигиңер экендигин кантип далилдей аласыңар?
2. Бул менчикке мыйзамдуу түрдө ээлик кылуу укугун кантип ала аласыңар?

06-тапшырма. Пайда: ким пайда көрөт?

Шеригиңер менен бул окуяларды окуп чыгып, суроолорго жооп бергиле.

Алмаздын айылда кичинекей дүкөнү бар. Бул жерде ал кассета саткан жалгыз адам. Ал кассетанын «SONY» MX 345 моделин 35 сомдон сатат. Бул Бишкектегиге караганда 30%ке кымбат, ал эми кассетаны айылга алып келүү үчүн 5% сарпталат. Нурия Бишкекке барып, өзүнүн дүкөнүнө кассета сатып алууну чечти. Ал кассетаны 30 сомдон сатмак болду.

1. Нуриянын иш-аракетинен ким пайда көрөт?
2. Алмаз эмне кылса болот?

Айылда Гүлнаранын чакан наабайканасы бар. Бул жерде токочторду ушундай эле баада саткан дагы бир наабайкана бар. Бир жумада Гүлнара 1000 токоч жасаш үчүн 50 кг ун (1 кап) коротот. Ал 550 сомго 50 кг ун сатып алат. Бардык чыгымдардан кийин ал күнүнө 150 сом пайда көрөт. Эгерде ал 5 кап унду дүңүнөн сатып алса, анда 1 кап ундун баасы 500 эле сом болот. Эки наабайкана иштеп жатканына карабастан, нан элге жете бербейт.

1. Гүлнара түшкөн пайданы эмне кылышы керек?
2. Унду дүңүнөн (ири көлөмдө) сатып алуу планынан ким пайда көрөт?
3. Баа кандай болушу мүмкүн?
4. Планды жүзөгө ашырууга дагы кандай факторлор жолтоо болушу мүмкүн?

07-тапшырма. Жергиликтүү бизнес

Шеригиңер менен жергиликтүү бир ишканага (дүкөнгө же кандайдыр бир өндүрүшкө) барып, алардын ээлерине төмөнкү суроолорду бергиле. Ишкана боюнча отчет жазгыла. Бул отчет менен классты тааныштырууга даярдангыла.

1. Сиз кандай товарларды/продукцияларды сатасыз (тейлөө кызматтарын көрсөтөсүз)?
2. Сиздин бизнесиңиздин аты кандай? (Айрым чакан ишканалардын аты жок болушу мүмкүн).
3. Бизнес менен качантан бери алектенип келе жатасыз?
4. Сиздин кардарларыңыз кимдер?
5. Бизнес жүргүзүүгө канча каражат жумшайсыз?
6. Товарыңызды кайдан аласыз? Же өзүңүз өндүрөсүзбү?
7. Канча товар өндүрүүнү же сатып алууну сиз кантип билесиз?
8. Сатылып жаткан товардын баасын кантип чыгарасыз?
9. Акыркы жолу бааны өзгөртүүдө кайсы факторлорду эске алдыңыз?
10. Бизнес жүргүзүүдө кандай кыйынчылыктарга туш келесиз?
11. Бизнес жүргүзүүнүн кандай артыкчылыктары бар?

08-тапшырма. Кантип миллионер болсо болот?

Бул тапшырманы эки жол менен аткарса болот:

1) керек боло турган товарды ойлонгула да, төмөнкү тапшырманы аткаргыла;
2) же тапшырманы аткаруу үчүн биз сунуш кылган товарды пайдалангыла.

Сунуш кылынган товар: *силер бурап койсо күрүчтүн ташын бөлүп чыгара турган жөнөкөй машинаны ойлоп таптыңар.*

Силер бул буюмду жасап чыгарып, аны сатып, бизнес баштагыңар келет. Шеригиңер менен суроолорду окуп чыгып, өзүңөрдүн бизнес-планыңарды жазгыла. Аны класска сунуш кылууга даярдангыла.

1. Силердин продукцияңарды ким сатып алат?
2. Эл силердин компанияңар жана продукцияңар жөнүндө кантип билет?
3. Товарыңардын/продукцияңардын баасын кантип коёсуңар?
4. Бизнес жүргүзүү үчүн силер канча чыгым сарпташыңар керек болот?
5. Ишти баштап жатып, товарды канча санда чыгарууну чечүүдө эң мурда эмнени эске аласыңар?
6. Түшкөн пайданы эмне кыласыңар?
7. Кандай факторлордон улам силер товардын баасын өзгөртүшүңөр мүмкүн?
8. Силердин бизнесиңер канткенде көбүрөөк пайда бериши мүмкүн?

09-тапшырма. Аялдар бизнесте

Бизнес менен алектенген бир нече аялды тапкыла (алар базарда соода кылган, же кафеси бар, же кийим тигүүчү цех ачкан силердин туугандарыңардан болушу да мүмкүн). Аларга төмөнкү суроолорду бергиле жана алардын жообун класста талкуулоого даярдангыла.

1. Бизнес менен алектенген эркек менен аялдын айырмасы эмнеде?
2. Бизнес менен алектенген аялдардын кандай артыкчылыктары бар?
3. Бизнестеги аялдар эркектерге кантип жардам берет?

10-тапшырма. Таң калыштуу эреже

Элестетип көрсөңөр: өкмөт, жазында же жайында төрөлгөн болсоңор акы төлөнүүчү жумуш жасашыңарга же бизнес жүргүзүшүңөргө тыюу салган мыйзам чыгарды дейли. Мунун ордуна силер өмүр бою үйдө эле отурушуңар керек.

Шеригиңер менен эгер бул мыйзам кабыл алынып, натыйжада калктын тең жарымы иштей албай калса, анда ушундай чектөөнүн экономикага таасири кандай болорун (б.а. буга канчалык чыгым кетерин, канча пайда алынбай каларын) ойлонуп көргүлө. Мектептерде, ишканаларда, мамлекеттик органдарда, ооруканаларда, айылдарда ж.у.с. эмне болот? Мисалы, жазында же жайында туулган профессор өзүнүн багында гана иштей алмак. Ушул суроого жооп иретинде көлөмү 150 сөздөн турган дилбаян жазгыла. Аягында ушуга окшош нерселер силердин коомдо да болуп же болбой жатканын көрсөтсөңөр болот. Же мындайда айрым адамдардын белгилүү убакыт аралыгында экономикалык ишмердигин чектөөгө алып келген кандайдыр бир салттар, үрп-адаттар да себепчи болушу ыктымал.

11-тапшырма. Силер бир күн кечке эмне кыласыңар?

Мындан ары чакан диалог жүрөт. Сүйлөшүүгө катышкандар:

- ✓ Аялы (үй кызматында) – ***А***
- ✓ Күйөөсү – ***К***
- ✓ Уулу – ***У***
- ✓ Статистика агенттигинин кызматчысы – ***САК***

Сүйлөшүүнү окуп бүткөндөн кийин шеригиңер менен иштеп, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле да, класстык талкуугa даярдангыла:

1. Аялынын күндөлүк милдеттери жөнүндө күйөөсүнүн пикири кандай деп ойлойсуңар?
2. Силердин пикириңер боюнча, адамдардын акы төлөнбөгөн жумушун баалоого мындай көз караш кандай таасир этет?
3. Силер жашаган жерде акы төлөнбөгөн кандай иштер жасалат?
4. Алар маанилүүбү?
5. Эгер үй жумушун ушинтип бааласак, анда үй жумушунан тышкары дагы кадыресе иштеген жайы бар аялдар эмне болушат? Үй жумушун ким аткарат?
6. Бардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн жумушун баалай турганыбызды биз кантип көрсөтө алабыз?

Кырдаал: Үй-бүлө үйдө кечки тамакты ичип бүтүп, сүйлөшүп отурат. Эшик тыкылдайт. Уулу туруп, эшикти ачат.

У: *Саламатсызбы?*

САК: *Саламатчылык, менин атым Бактыяр, мамлекеттик статистика агенттигинин кызматчысымын. Мен үй-бүлөлөрдө сурамжылоо өткөрүп жүрөм. Силердин үй-бүлөңөргө бир нече суроо берейин дедим эле. Жооп берип коёсуңарбы?*

К: *Албетте, кириңиз. Менин атым Бакыт, бул менин жубайым Салтанат, бул болсо уулум Дамир. Отуруңуз. Чай ичесизби?*

САК: *Ооба, ыракмат. Менин берер суроолорум сизге жекече же жашыруун мүнөздө эмес.*

К: *Жакшы болот, суроолоруңузду бере бериңиз.*

САК: *Сиздин жана аялыңыздын бир күн кечке кыла турган иштериңиздерди билгим келет.*

К: *Менин жубайым… Ал эртеден кечке үйдө, демек, айта турган сөз деле жок. Ал туруп эртең мененки тамакты даярдайт, уулун карайт, үйдү таза кармайт, түшкү тамакты жасайт жана кошуналары менен сүйлөшөт.*

САК: *Дегиңкиси, мага айрым тактоолор керек. Мен жубайыңыздан сурасам каршы болбойсузбу?*

К: *Албетте, сураңыз. Салтанат, бери келчи. Бактыяр сага бир нече суроо берейин дейт.*

САК: *Жакшы-ы, сиз мага эртең менен тургандан баштап жатканга чейинки кадыресе бир күнүңүз жөнүндө айтып бере аласызбы?*

А: *Ооба. Менин күнүм эртең мененки саат 5те башталат. Мен туруп суу ысытыш үчүн от жагам. Анан эртең мененки тамакты бышырып, уулумду мектепке даярдайм. Биз саат 6да чогуу тамактанабыз, анан күйөөм жумушка кетет. Мен ашканаңы жыйнаштырып, саат 7де кир жууп, үй жыйнай баштайм. Үйдө кир жуугуч машина жок болгондуктан, адатта бага 1 саат кетет. Кир жууп бүтүп, бир аз бакчада иштейм, андан кийин базарга барам. Өзүбүз бакчада өстүргөндөрдүн айрымдарын сатам. Сатыктан түшкөн акчаны тамак-аш сатып алууга жумшайм. Адатта мен базарда 8 саатка жакын отуруп, үйгө 5те келем. Үйгө келгенден кийин кечки тамакты жасайм, анан бакчага барып, ал жерде бир аз иштейм. Караңгы киргенде үйгө келем. Үйдө иш табылат, мисалы, бир нерсе тигем ж.б.*

САК: *Жакшы, дагы эмне менен алектенесиз?*

А: *Жок, болгону ушул.*

У: *Сиз арыктан суу ташыганыңызды, үй сааганыңызды, отун тергениңизди унутуп калдыңыз.*

А: *Ооба, ооба, ал дагы бар.*

У: *Ал эми сабактардан мага жардам бергениңиз, дагы тамак-аш алып чоң энеме барып турганыңызчы?*

А: *Ал эсептелбейт.*

САК: *Мүмкүн, эсептелер, эсептелбеши да мүмкүн. Бирок убактыңызды алат да.*

А: *Ооба, ошондой, мага такыр убакыт жетпейт.*

САК: *Сиздин кызыккан нерсеңиз барбы?*

А: *Китеп окуганды жакшы көрөм. Бирок менин кызыккан нерсем (хоббим) үй-бүлөм деп ойлойм.*

САК: *Ырахмат. Эми, Бакыт, өзүңүздүн күнүңүз жөнүндө айтып бериңизчи.*

К: *Мен эртең менен туруп…*

12-тапшырма. Бизнес жана жарандык коом

Шеригиңер менен бул суроого жооп жазгыла.

«Коомдун өнүгүшүндө жеке бизнестин ролу өкмөттүн ролуна тең келиши же андан да жогору турушу мүмкүн. Эмне үчүн андай?»

13-тапшырма. Силердин районуңардагы өткөөл мезгилдеги экономикалык өзгөрүүлөр

Үч-төрттөн болуп, Советтер Союзу кулаганга чейин эле иштеп турган бир ишканага барып, андагы кызматкерлерге төмөнкү суроолорду бергиле:

- Менчиктештирүүдөн кийин сиздерде кандай өзгөрүүлөр болду?
- Ушул мезгилдеги кайсы кадамдар сиздер үчүн өтө кыйын болду?
- Эгер ишкана менчиктештирилбесе, эмне болот эле?

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы, 2003-ж.,

V бап

Саясий жана экономикалык укуктардын өз ара байланышы

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Укуктар жана эркиндиктер

1. Үч-төрттөн болуп саясий жактан эркин адамдар кандай укуктарга жана эркиндиктерге ээ болорун талкуулагыла.
2. Үч-төрттөн болуп экономикалык жактан эркин адамдар кандай укуктарга жана эркиндиктерге ээ болорун талкуулагыла.

02-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле:

Термин	Аныктама
1. Коррупция	а) Кандайдыр бир максаттарга жетүү үчүн адамдардын жүрүш-турушу менен иш-аракеттерине таасир этүүчү күч.
2. Бийлик	б) Адам менен өкмөттүн өз ара укуктарын жана милдеттерин пайда кылуучу, адатта ажыратып алгыс мыйзамдуу байланыш.
3. Салыктар	в) Киреше алууга багытталган экономикалык ишмердик.
4. Саясий укуктар	г) Адамдын саясий турмушка активдүү катышуу укугу.
5. Бизнес (ишкердик)	д) Мыйзамсыз пайда көрүү үчүн кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу.
6. Экономикалык укуктар	е) Мамлекеттик фондго төлөнүүчү мажбурлоочу жана милдеттүү төлөмдөр.
7. Жарандык	ж) Менчикке ээ болуу, ишкердик ишин жүргүзүү укугу жана контракт түзүү укугу.

Окуу үчүн текст

1.0 Экономикалык укуктар деген эмне?

Жарандарга экономикалык эркиндиктерди жана укуктарды берүү өлкөнүн экономикалык абалын жакшыртуу үчүн жасалган олуттуу (маанилүү) кадам болуп саналат, анткени ал жарандарга чыгармачылык жөндөмүн жана болгон дараметин экономиканын өнүгүшү үчүн жумшоого мүмкүнчүлүк берет.

Экономикалык укуктарга төмөндөгүлөр кирет:

- мүлктүн бардык түрлөрүн сатып алуу, ээлөө жана сатуу укугу
- продукцияны өндүрүү, пайдалануу, сатып алуу жана сатуу укугу
- *тейлөө кызматтарын* (буюм түрүндөгү эмес иш-аракет түрүндөгү товарды, мисалы, окутуу, дарылоо ж.у.с.) сатып алуу, сатуу жана пайдалануу укугу
- өзүнө жумуш тандоо укугу
- өз жумуш ордун өзгөртүү укугу
- *профсоюз*дарга[1] жана профсоюздук бирикмелерге кирүү укугу
- өз бизнесин түзүү укугу
- контракт түзүү укугу.

Айрым адамдар экономикалык абал жакшырса адамдардын саясий укуктары анча маанилүү болбой калат деп эсептешет. Бул баптын максаты – мунун туура эмес экенин көрсөтүү.

[1] *Профсоюз – өз мүчөлөрүнүн социалдык-экономикалык укуктарын жана таламдарын (кызыкчылыктарын) өндүрүштө жана андан тышкаркы чөйрөдө коргоо үчүн эмгекчилердин ыктыярдуу бириккен уюму.*

2.0 Саясий укуктар деген эмне?



Өз эркин ыктыярдуу түрдө билдирүү укугу

Саясий укуктар, негизинен, биз менен лидерлерибиздин өз ара мамилелерибизге тиешелүү укуктар системасы болуп саналат. Биз бир катар суроолорду берүү менен, бул кайсы укуктар экендигин жана аларга биз канчалык деңгээлде ээ боло аларыбызды түшүнө алабыз. Саясий жана жарандык укуктар өз ара тыгыз байланышкан, андыктан биз жарандык укуктарга тиешелүү суроолорду да коштук.

Саясий укуктар:

1. Өкмөт башчысы же башка жогорку бийликтеги адам эркин жана адилет шайлоо жолу менен шайланабы?
2. Парламенттин мүчөлөрү эркин жана адилет шайлоо жолу менен шайланабы?
3. Шайлоо жөнүндө адилеттүү мыйза́мдар, шайлоо алдындагы өнөктүктөрдү өткөрүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр, эркин добуш берүү жана добуштарды калыс эсептөө мүмкүнчүлүгү барбы?
4. Шайлоочулар өздөрү шайлаган лидерлерге реалдуу бийликти бере алабы? (Эгер силердин шайлаган өкүлдөрүңөр чечим кабыл алуу ыйгарымына ээ болбосо, анда силер саясий процесске катыша албайсыңар).
5. Адамдардын ар түрдүү саясий партияларга бириги́үү укугу барбы?
6. Оппозицияны жактаган добуштар олуттуу санды түзөбү жана оппозициянын өз таасирин күчөтүү же бийликти шайлоо жолу менен алуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүгү барбы?
7. Жарандар аскер адамдарынын, чет өлкөлүк күчтөрдүн, диний топтордун же кандайдыр бир башка таасирдүү топтун көзөмөлүнөн эркинби?
8. Азчылыкты түзгөн этностук (улуттук), диний жана башка топтордун өзүн-өзү билүүгө (өз коомун өздөрүнүн маданий дөөлөттөрүнө ылайык келгендей уюштурууга), өзүн-өзү башкарууга укуктары барбы жана алар чечимдердин кабыл алынышына катыша алабы?

«Эркин жана адилет шайлоо» деген эмне?

Жарандар талапкер катары көрсөтүлүүгө мыйзамдуу укугу бар каалагандай кишини сунуш кыла алса жана ал үчүн эч кандай жазадан коркпостон добуш бере алса гана, шайлоо эркин болот.

Шайлоону эркин өттү дегенде биз бардык шайлоочуларга жана талапкерлерге бирдей мамиле жасалгандыгын түшүнөбүз. Добуштарды ката эсептөөгө жана бурмалоого, паралоонун же алдамчылыктын ар кандай түрүнө жол койбоо керек.

Жарандык укуктар:

1. Өкмөттүн көзөмөлүнөн эркин болгон жаңылыктар менен пикирлер булактары (массалык маалымат каражаттары), көз карашты маданияттуу билдирүүнүн башка түрлөрү барбы? (Көзөмөлдө турганда алар өкмөттүн туура эмес кадамдары жөнүндө чыныгы маалыматтарды тарата албайт).
2. Ачык мүнөздөгү коомдук талаш-тартыштар жана жекече эркин талкуулар өткөрүлүп турабы? Б. а. адамдар туура маалыматтын негизинде өкмөттү коркпой сындай алабы?
3. Силер биргелешип саякатка чыгып жана чогулуп, мамлекеттин саясатына каршы ачык жана бейпил *демонстрация*[1] өткөрө аласыңарбы?
4. Жарандар мыйзам алдында тең укуктуубу? Алар көз каранды эмес, калыс сот системасына кайрыла алабы? Коопсуздук күчтөрү мыйзам талаптарын сактайбы? (Көз карандысыз сот системасы өкмөттү сындай алат).
5. Эркиндигинен адилетсиз ажыратуудан, өлкөдөн чыгарып жиберүүдөн жана саясий террордон же саясий системаны колдоочу (же ага каршы турган) топтордун зомбулугунан коргонуу мүмкүнбү?

Дин тутуу эркиндиги

[1] ***Демонстрация*** *– коомдук-саясий маанайларды туюнтуучу (билдирүүчү) массалык жүрүш.*

8. Гидрофильдік және гидрофобтық ұнтақтардың бір-бірінен ерекшеліктерін білесіз бе? Жалпақ ұнтақтарды алудың қандай технологиялық әдістерін және жабдықтарын білесіз?
9. Көздің ерітінділерін дәріханада дайындаудың ерекшеліктерін түсіндіріңіз?
10. Мазтүзгіш дәрілерді дәріханада дайындаудың ерекшеліктерін түсіндіріңіз?
11. Жұмсақ дәрілік түрлерді дәріханада дайындаудың ерекшеліктерін түсіндіріңіз?
12. Суппозиторийлерді дәріханада дайындаудың ерекшеліктерін түсіндіріңіз?
13. Жарнаның құрамына кіретін негізгі және қосымша заттарды атаңыз?

3.8 Сұйық дәрілік түрлерді технологиясы

Көптеген жағдайларда тұрақтылығы жоғары емдік әсері бар дәрілік заттарды сұйық дәрілік түрлерге айналдыру қажет. Әсерінің ұзақтығын қамтамасыз ету үшін емдік заттарды ағзаға енгізу жолдарын өзгерту, атап айтқанда қолданудың инъекциялық әдісін ауыстыру қажет. Сұйық дәрілік түрлерді алу үшін дәрілік заттарды, сондай-ақ қосымша заттарды ерітіндіге, суспензияға, эмульсияға, суспензияға және эмульсияға айналдыру қажет.

Ескерту Коллоидтық дисперсиялық жүйелер дегеніміз не? Жалпақ беттің дисперсиялық дәрежесі дегеніміз не? Жалпақ беттің дисперсиялық дәрежесінің формуласын жазыңыз? Коллоидтық ерітінділерді алудың қандай әдістерін білесіз? Коллоидтық ерітінділерді тазартудың қандай әдістерін білесіз? Коллоидтық ерітінділерді тұрақтандыр

Экинчи окуяда фермер Домингонун экономикалык укуктары бар, бирок алардын көбүнөн айрылат, анткени анын саясий укуктары жок. Бул жерде маселе бир нече жыл өткөндөн кийин өкмөт элге көңүл бурбай, анын менчигин тартып ала баштагандыгында.

4.0 Бизге укуктардын эки түрү тең бир мезгилде керекпи?

Саясий жана экономикалык укуктар менен эркиндиктер өз ара өтө тыгыз байланыштуу, анткени жарандардын саясий укуктары болбосо, өкмөт алардын менчикке болгон укугун оңой эле аксатышы мүмкүн. Эгерде мамлекет жарандарды салык төлөөгө милдеттендирсе же алардын мүлкүн тартып алса, же жарандардын макулдугусуз алардын пайдалануу укугуна чек койсо, анда аларды эркин деп атоого болбойт. Өкмөттүн мындай аракеттер жалпы жыргалчылык үчүн жасалды деп билдириши жарабайт. Айрым өлкөлөрдө өкмөт кимдир бирөөнүн мүлкүн «жалпы пайда үчүн» алып коюуга ниеттенгенде, ал демейде бул мүлктүн наркын *компенсациялайт* (ордун толтурат). (Мисалы, жол куруу үчүн бир адамдын жери тартып алынышы ыктымал). Бирок компенсациянын өлчөмү талаш болушу да мүмкүн.

Демократиялык өлкөлөрдө ал турсун өз мүлкүн пайдалануу укугуна өкмөт чек койгон кезде жарандар макулдугун бербесе да, аларды эркин деп айтууга болот. Анткени алар шайлоодо өкмөткө каршы добуш берүү менен өздөрүнүн саясий укуктарын пайдаланып, эгерде жарандардын жетиштүү саны ушундай пикирде болсо, аны алмаштыра алат. Бул экономикалык, ошондой эле саясий укуктарды да берүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтып турат.

Жарандардын толук саясий укуктары жана аларды пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүктөрү бар болсо, алар өздөрү жашаган өлкөдөгү экономикалык саясатты аныктап, экономиканын күч-кубаттуулугуна таасир эте алышы мүмкүн. Өз жарандарына абдан көп экономикалык жана саясий укуктарды берген өлкөлөр эмне үчүн эң бай болору ушуну менен түшүндүрүлөт. Ошол эле мамлекеттер көпчүлүк учурларда коррупцияга өтө аз чалдыгат. Айрым өлкөлөр, мисалы, Сингапур жана Гонконг провинциясы (саясий өз алдынчалыгы бар аймагы), башка өлкөлөр менен катар, бай болгонуна карабастан, өз жарандарына саясий бийликти көп бербегендиги жагынан алганда анчейин демократиялуу эмес. Бирок алар кеңири экономикалык укуктарды берген, ошол эле учурда жарандардын башка юридикалык укуктары да жакшы корголгон.

Айрым өлкөлөр экономикалык укуктарга караганда саясий укуктарды тезирээк киргизүүгө же аны тескерисинче кылууга аракеттенишет. Кайрадан шайланган чиновниктер жаңы мыйзамдар менен экономикалык эркиндикти жайылта алышы үчүн адегенде

Өлкөлөрдүн экономикалык эркиндигинин 2003-жылдагы индекси

The *Wall Street Journal* гезити жана *Heritage Foundation* изилдөө уюму кезектеги экономикалык эркиндик индексин жарыялады. Эң эле эркин экономикасы бар он өлкөнүн катарында Гонконг, Сингапур, Жаңы Зеландия, Люксембург, Ирландия, Эстония, Улуу Британия, Дания, Швейцария жана АКШ аталды. Булар жана дагы жети мамлекет «*экономикалык жактан эркин*» өлкөлөр категориясына киргизилди.

«*Негизинен эркин*» өлкөлөр категориясына негизги рейтингде 22-орунду Белгия менен чогуу ээлеген Литва жана Израил менен чогуу 29-орунга чыккан Латвия кошулду. (*Рейтинг* – атактуулук, популярдуулук деңгээли). «*Негизинен эркин эмес*» деп Армениянын (ал Франция менен бирге 44-орунду ээледи), Грузиянын (91), Кыргызстандын (Руанда менен чогуу 103-орунду ээледи), Азербайжандын (106), Россиянын (114), Украинанын (117) жана Казакстандын (131-чи, Йемен жана Бангладеш менен чогуу) экономикалары таанылды. «*Репрессивдүү*» деп Беларустун (145), Тажикстандын (146) жана Өзбекстандын (149) экономикалары саналды. Ушул эле категорияга Куба, Түндүк Корея, Ливия, Бирма, Зимбабве, Лаос, Иран жана Венесуэла да кошулду. Салыштырып көрсөк: Германия 18-орунда, Испания 27-чи, Чехия 32-чи, Япония 38-чи, Польша 56-чы, Кытай 128-чи орунда.

Мурдагы советтик мамлекеттердин кыйласынын позициясы жакшырыптыр. Мисалы, 2002-жылдагы рейтингде Эстония 6-орунду, Литва 29-чу, Латвия 33-чү, Армения 44-чү, Молдова 92-чи, Грузия 113-чү, Украина 131-чи, Россия 135-чи, Беларусь 151-чи орунда турган эле. Кыргызстан менен Азербайжан 104-орунду ээлеген болчу. Казакстан 119-чу, Тажикстан 143-чү, Түркмөнстан 146-чы, Өзбекстан 149-чу позицияда болгон. Ошол эле учурда АКШ 2002-жылда рейтингге салыштырмалуу алтынчы орундан онунчуга түшүп калган.

Кыргызстандагы абалды өзгөртүү үчүн саясий укуктардын пайдаланылышы

2001-жылы биздин өлкөнүн эли айыл өкмөт башчыларын шайлады.

Анын натыйжасында өз талапкерлигин койгон мурунку башчылардын көбү кызматынан айрылды, анткени эл башка өкүлдөрдү шайлады.

шайлоо өткөрүлүшү зарыл болсо да, акыры келип экономикалык структура экономиканы өзгөртөт. Бирок бул структура корголууга муктаж. Мындай коргоону жүзөгө ашыруунун кыйла натыйжалуу ыкмасы – аларга шайлап алган лидерлери отчёт берип турушу үчүн жана зарыл болгондо аларды алмаштырып туруу үчүн адамдарга саясий укуктарды берүү.

5.0 Бирок мага саясий укуктар жардам бербегендей болуп көрүнөт

Эгемендүүлүккө жакында ээ болгон мамлекеттердин жашоочуларынан демократия, эркин рынок (базар мамилелери) жана менчиктештирүү жөнүндө пикирин сураганда, алардын көпчүлүгү болуп жаткан иштерден көңүлү калгандыгын айтышат. Көп учурларда алар туруктуу саясий укуктары бар *капитализмге*[1] негизделген экономика кандай экендигин билбей, *дендароо* (өзүн жоготкон) абалда калышат. Алар капитализмдин жана эркин рыноктун ийгиликтери жөнүндө, балким, айрым экономикалык укуктар бар, бирок саясий укуктар өтө чектелген өз өлкөлөрүндөгү тажрыйбага таянуу менен гана пикир айтышар. Мисалы, жарандарга добуш берүү укугу өңдөнгөн бир гана саясий укуктун берилиши менен өлкө демократиялуу болуп кетпейт. Же, башкача айтканда, мотору жок машина деле сыртынан машинага окшош болгону менен, анын пайдасы тийбейт.

Мыкты системабы?..

IFESтин бир дагы кызматкери эч кынтыксыз, кемчиликсиз саясий система бар деп эсептебейт. Уинстон Черчилль, белгилүү англис премьер-министри, бир жолу: «Демократия – бул көп кемчиликтери бар жаман система... бирок мен андан жакшыраак системаны таба албайм!» – деген эле. Демократияны окуп үйрөнүүдө силер өздөштүрө турган таң каларлык идеялардын бири мындай: биз дайым эле өз жетекчилерибизге ишене албайбыз.

Башкача айтканда, бардык иш-аракеттер эрежелерге ылайык жасалуучу демократиялык системада силер жарандар катары: «Жасаган иштериңиз мага жакпайт, андыктан сиздин мени башкарышыңызды каалабайм», – деп айтканга мүмкүнчүлүгүңөр болот. Эгер силердин пикириңерди жактагандардын саны жетиштүү болсо, анда бул жетекчи кызматынан кетүүгө тийиш.

Айрым өлкөлөрдөгү адамдар жаңылыш ойлогондой, Бириккен Улуттар Уюму же IFES өңдүү аларга колдоо көрсөтүүчү уюмдар демократиялык башкарууга опоңой эле өтүүгө болот деп эсептебейт. Демократия эч кынтыксыз (кемчиликсиз) система эмес, бирок муну адамдардын атаандашкан кызыкчылыктарын эң жакшы түрдө теңдөөчү бирден бир система десе болот. Адамдарга бардык экономикалык жана саясий укуктарды берүү жана алардын натыйжалуу пайдаланылышына жетишүү велосипед тепкенди же атка мингенди үйрөнүүгө окшош: буларды иш жүзүндө гана үйрөнүүгө мүмкүн. Ошондуктан бул укуктардын натыйжалуу иштешине жетишүүдө жарандар үчүн бир гана ыкма бар: бул – айыл өкмөтүнөн тартып президенттин *аппаратына* (иш жүргүзүү, башкаруу мекемесине) чейинки бардык деңгээлдерде өз укуктарын сөзсүз пайдалануу жолу.

Буту менен добуш берген кыргыздар!



Октябрь революциясынан соң башка саясий жана экономикалык укуктар менен катар менчик укугу дагы жетиштүү жүйөлөрсүз бузулуп жаткандыгына көзү жеткенден кийин көп адамдар мекенин таштап башка өлкөлөргө кетишкен. Ошондой адамдардын эң көрүнүктүү өкүлү – Рахманкул хан (1912-1990), кыргыздардын акыркы ханы, өзү туулуп өскөн Памирден уруулаштарын жана жердештерин баштап көчүп кеткен. Алар эзүүдөн кутулуу үчүн өз жерин таштап Кытайдын Синьцзян облусуна 1947-жылы ашуу ашып өтүп кеткен.

Кыргыздардын башка башчыларынын ишмердигин да эстегиле. Алар кайсы саясий, жарандык жана экономикалык укуктарды коргоого аракеттенишкен?

А.Муратовдун «Рахманкул хан» тарыхый очерки боюнча (Бишкек. «Учкун», 2004).

6.0 Бардык өлкөлөр бирдей болушу керек дейсиңерби?

Андай эмес экендиги айдан ачык: өз жарандарына саясий жана экономикалык укуктарды берүүчү мамлекеттик системалардын көп түрлөрү бар. Алардын айрымдарында, мисалы, Батыш Европа өлкөлөрүндө, өкмөттүн өз жарандарынын турмушуна олуттуу таасири бар. Бельгия же Кошмо Штаттар сыяктуу башка өлкөлөрдө болсо өкмөттүн таасири азыраак. Бирок бул өлкөлөрдүн баарында жарандар дайым мамлекеттик түзүлүштүн өздөрү каалаган түрүн (лидерлерди, саясатты ж.у.с.) тандап турушат. Айрым азиялык лидерлер азиялыктарча жасоо – бул өз жарандарынын макулдугуна таянбастан чечимди өзү каалагандай кабыл алуу дешет. Бул көз караш

[1] *Капитализм – өндүрүш каражаттары негизинен жеке менчикте болгон, эркин ишкерликке, атаандаштыкка, товар өндүрүп, сатып пайда табууга жол коюлган саясий система.*

адамдар иш жүзүндө өздөрүнүн тандап алуу укугунан өздөрү баш тарткан кезде гана үстөмдүк кылышы мүмкүн. Түштүк-Чыгыш Азиядагы (Индонезия) жакында болуп өткөн окуялар жана Борбордук Азиядагы коомдук пикирди сурамжылоо төмөнкүнү көрсөттү: алардын лидерлеринин айткандарына карабастан, адамдар тандап алуу укугунан баш тартууну өтө жактыра беришпейт экен.

7.0 Биз үчүн эмне жакшы экенин өкмөт билбейби?

Айрым адамдар жаңы демократиялык мамлекетте же калкынын көпчүлүгү билимсиз болгон өлкөдө жарандарга толук саясий укуктарды берүү башаламандык менен туруксуздукка гана алып келет дешет. Аскерлер жана башка таасирдүү топтор бийликти демократиялык жол менен шайланган өкмөттөрдөн тартып алган өлкөлөр бар (мисалы, 2000-жылы Пакистанда жана Фижиде ушундай болгон). Бул топтор көбүнчө шайланган саясатчылар коррупцияга баткан жана өз добуштарын сатып алган деп өз аракеттерин акташат. Чынында эле мындай нерселер кээде болот. Ал турсун дүйнөдөгү дээрлик эң белгилүү демократиялык өлкө деп эсептелген Кошмо Штаттарда да айрым шайланган адамдар *компетентсиз* (иш билбеген) жана таза эмес болуп чыгат. Бирок ишенимди актабаган лидерлер саясий укуктардын болушуна өбөлгө түзүүчү көз·карандысыз массалык маалымат каражаттары жана ак ниет, адилеттүү юридикалык системанын шарапаты (жакшы, оң таасири) менен кызматынан алынышы мүмкүн. Мисалы, Филиппинде жана Албанияда элдин саясий укуктары бар болгондуктан, алар өз президенттерин шайлашкан эле. Бирок алар акчага сатылып кеткендигин билгенден кийин демонстрациялардын аркасында жана юридикалык жолдор менен президенттерин ээлеген кызматтарынан алып коюшту. Чындыгында көптөгөн адамдар биринчи кезекте дал ушул саясий укуктардын жетишсиздиги ушундай абалга алып келди деп талашуусу мүмкүн. Себеби эл саясий укуктарга толук ээ болсо, мыйзамдар бекем сакталышын талап кыла алат эмеспи. Мындай абалда саясатчылардын коррупцияга батуу мүмкүнчүлүгү аз болот, анткени алар кармалып, жазага тартыларын билишет. Ошентип, саясий укуктарды берүү туруксуздукка, экономиканы начар башкарууга жана коррупцияга алып келиши мүмкүн, бирок адамдардын саясий укуктары жок кезде да ушундай болушу ыктымал, анткени мында өкмөттү өз аракеттери үчүн жооп берүүгө мажбурлоо мүмкүн эмес.



Коррупция үчүн айыпталышат

Акырында көпчүлүк адамдар өздөрү тандап алууну артык көрөрүн ар ким билет. Добуш берүүчү жайда, телекамеранын алдында же базарда инсандын тандап алуу укугун чектөө – бул адамдарды «адам» деген түшүнүктүн ажырагыс бөлүгүнөн ажыратуу.

Республикалык бюджеттин тармактарга бөлүштүрүлүшү, %

Тармактар	1997	1998	1999	2000	2001	2002 планы
Мамлекеттик жалпы тейлөө кызматтары	12,2	13,7	14,7	14,7	16,5	15,7
Коргонуу жана коомдук тартип	16,4	14,4	15,9	18,9	16,1	16,2
Билим берүү	9,2	9,5	8,0	7,6	8,9	7,3
Саламаттыкты сактоо	6,8	4,9	4,4	4,4	4,1	4,8
Социалдык *камсыздандыруу*[1] жана социалдык камсыздоо	17,4	15,0	14,1	10,5	12,3	15,9
Турак-жай коммуналдык чарбасы	2,8	3,0	3,5	4,2	4,6	2,9
Эс алуу жана маданий-диний ишмердик	1,5	2,0	2,8	2,2	1,7	1,6
Отун энергетикалык комплекси	0,1	2,4	1,0	0,2	2,2	0,2
Айыл, суу жана токой чарбасы, балыкчылык жана аңчылык	3,3	5,1	4,3	4,4	5,5	5,0
Тоо-кен өнөр жайы жана минералдык ресурстар	1,1	1,1	1,0	3,3	1,0	0,5
Транспорт жана байланыш	2,0	3,6	6,5	4,8	3,7	4,1
Экономикалык мүнөздөгү башка кызматтар	3,4	0,8	0,3	0,3	0,4	0,4
Негизги топторго кирбеген чыгымдар	23,2	24,5	23,5	24,5	23,0	24,5
Жалпы чыгымдар	**100**	**100**	**100**	**100**	**100**	**100**

[1]***Камсыздандыруу*** *– мекемелердин, уюмдардын, жарандардын акча каражаттарынын эсебинен күтүүсүз кырдаалдар үчүн атайын резерв фонддорун түзүү. Камсыздоо – муктаж, көп балалуу үй-бүлөлөрдү, майыптарды, карыларды ж.б. атайын пособие, пенсия ж.б. менен камсыз кылуу.*

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

03-тапшырма. Бул кайсыга кирет?

Шеригиңер менен төмөнкү укуктар менен эркиндиктердин кайсылары экономикалык, кайсылары саясий экенин аныктагыла. Эсиңерде болсун, кээ бир укуктар менен эркиндиктер экөөнө тең кириши мүмкүн. Мындайда бул укук кайсы *категорияга* (топко, түргө) көбүрөөк ылайык келсе, ошону белгилегиле.

№	Укуктар жана эркиндиктер	Саясий жана жарандыкпы же экономикалыкпы?
1.	Үйгө ээ болуу укугу	
2.	Шайлоодо добуш берүү укугу	
3.	Менчик жерин сатуу укугу	
4.	Каалаган тилде сүйлөө укугу	
5.	Радио аркылуу өз оюн айтуу укугу	
6.	Өзү даярдаган продукцияны рекламалоо укугу	
7.	Бийликке келүү максаты менен уюмдарды түзүү эркиндиги жана укугу	
8.	Бизнести баштоо укугу	
9.	Валюта кармоо жана сактоо укугу	
10.	Мамлекеттик бийлик жөнүндө өзүнө жакын пикирде болгон адамдар менен жолугушуп туруу укугу	
11.	Машина айдоо укугу	
12.	Өз лидери менен макул болбоо укугу	

04- тапшырма. Эркиндиктин баасы

Шеригиңер менен коомубузда «мыйзамдарды бузуу эркиндигин» эмне үчүн бере албаганыбыздын себептерин түшүндүргөн, көлөмү жүз сөздөн көп эмес дилбаян жазгыла.

05- тапшырма. Кайсынысы эң маанилүү?

1. Төмөндө экономикалык укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн шарт-ыңгайлардын тизмеси берилген. Өзүңөр жашаган жердеги каалаган бизнести тандагыла. Шеригиңер менен тизмени карап чыгып, андагыларды тандаган бизнесиңер үчүн маанилүүлүгүнө жараша жайгаштыргыла.

№	Экономикалык укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн шарттар	Маанилүүлүк деңгээли
1.	Менчикке жана продукцияга ээ болуу укугу	
2.	Менчикти жана продукцияны сатуу укугу	
3.	Ишеничтүү транспорттук каражаттардын бар болушу	
4.	Өзүңөр даярдаган продукцияны жана менчигиңерди рекламалоо укугу	
5.	Товарларды импорттоо укугу	
6.	Ишеничтүү банк кызматынын болушу	
7.	Товарларды экспорттоо укугу	
8.	Ишеничтүү укук коргоо органдарынын жана көз карандысыз сот системасынын болушу	
9.	Товарларды ташуу укугу	
10.	Чектен ашкан коррупциядан эркин болуу укугу	
11.	Башкалардын акы төлөнүүчү кызматтарынан пайдалануу укугу	
12.	Суу ресурстарынын жетишерлик болушу	
13.	Товарларды коомдук жайларда ачык сатуу укугу	
14.	Каалаган валютаны пайдалануу укугу	
15.	Энергия ресурстарынын болушу	

2. Эми укуктар менен эркиндиктин эң эле маанилүү 3 түрүн тандагыла да, ойлогон бизнесиңер менен алектенүү үчүн аларды кандай себептерден улам тандап алгандыгыңарды түшүндүрүп берүүгө даярдангыла.

06-тапшырма. Экономика жана Конституция

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4, 5, 16, 19-статьяларын окуп чыккыла. Берилген эки суроого жооп камтыган кыскача дилбаян жазгыла:

1. Силер кайсы мүлктүк укуктарга ээсиңер?
2. Эгер ишкердик менен алектенсеңер, силердин кайсы укуктарыңар жана милдеттериңер болот?

07-тапшырма. Коллективдүү келишимдерди түзүү

Бул укук кардарлар менен сатуучулардын, жалданма жумушчулар менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосундагы сүйлөшүү учурунда жүзөгө ашырылат.

Жалданма жумушчулар үчүн коллективдүү келишим түзүү укугу алардын ар бири өзүнчө айлык акыны жогорулатууну же эмгек шартын жакшыртууну суранып отурбай эле, мунун ордуна уюмдагы бардык жумушчулар биригип өздөрүнүн талабын коёт дегенди билдирет. Эгер жумушчулар ушундай ыкманы колдонсо, алардын позициясы бир кыйла күчтүү болуп калат, себеби жумуш берүүчү жумушчулардын талабын орундатпаган учурда алар бул ишкананын продукциясын чыгарууну токтотуп же жайлатып коё алышат. Жумуш берүүчүлөр менен жумушчулардын ортосунда келишим түзүү үчүн коллективдик сүйлөшүү жүргүзүү укугу демократиялуу өлкөлөрдүн бардыгында ишеничтүү камсыздалган болсо да, мындай укук берилбеши керек же жетиштүү түрдө чектелүүгө тийиш деп эсептегендер да бар. А силер кандай деп ойлойсуңар?

Шеригиңер менен төмөндөгү пикирлерди окуп чыккыла да, булардын кайсынысы силердин көз карашыңарга жакын экендигин аныктагыла:



Айнура: *Мен бул укук өзгөчө мааниге ээ деп ойлобойм, анткени кожоюндар адамдар үчүн канткенде жакшы болорун өздөрү билишет. Кандай болгон күндө да, карапайым адамдардын укуктары дайыма чектелүү. Турмуш өзү ушундай.*

Чынара: *Мен макул эмесмин. Бул коллективдик келишим укугу фермерлер менен дыйкандарга карата да колдонулат. Эгер алар биргелешип чыгышса, өздөрүнүн продукциясына бааны жогору коё алышат. Бул бүткүл өлкө үчүн да пайдалуу, анткени фермерлер алган акчасын өздөрүнө керектүү товарларга сарпташат. Бул дүкөндөрдүн ээлери чоң киреше алышат да, мамлекеттик казынага салык көп түшөт дегенди билдирет.*

Галина: *Бул туура, бирок мындай укуктар оңой эле кыянат иштерге алып барышы мүмкүн. Жалданма жумушчулар же продукция өндүрүүчүлөр ушундай укукка ээ болууга тийиш дегенге мен макулмун, бирок алардын мындай мүмкүнчүлүгү бир топ чектелиши керек деп ойлойм. Мисалы, башталышынан жок эле дегенде алты жума мурда расмий түрдө эскертпей туруп иш таштоо жарыялаганга врачтарга уруксат бербеш керек. Бардык тараптардын сөзгө келишине жетишүү зарыл.*

Саша: *Менин оюмча, коллективдик келишим түзүү укугуна байланышкан проблема мындай: жалданма жумушчулар ишкердүүлүктүн шарт-ыңгайын түшүнбөй эле эмгек акыны жогорулатууну талап кыла беришет. Алар ишканаңы банкрот кылышы мүмкүн. Фермерлер дагы ушундай. Алар койгон баага биз макул болмоюнча базарга продукция алып чыгуудан баш тартышы же өздөрүнүн продукциясын бүт бойдон экспортко жибериши мүмкүн.*

08-тапшырма. Жергеээлик кылуу укугу

2001-жылы Кыргыз Республикасында жеке адамдарга жерди сатуу жана сатып алуу укугун берген мыйзам кабыл алынган. Бул көпчүлүк демократиялык өлкөлөрдөгү жарандардын маанилүү экономикалык укугу.

Шеригиңер менен жер жөнүндөгү бул жаңы мыйзам тууралуу төмөндөгү пикирлерди окуп чыгып, булардын кайсынысы силердин көз карашыңарга жакын экенин аныктагыла:



Тимур: *Бул мыйзамдын максаты – байларды ого бетер байытуу. Мен буга каршымын. Менин оюмча, жер бүт бойдон мамлекетке таандык болууга, адамдарга керек болсо ижара берилүүгө тийиш. Эгер бай адамдар жерди сатып алып, ижарага берсе, анда биз жөн эле ижарачы дыйкандар болуп калабыз. Мен ошондой эле жерибизди бүт бойдон чет элдиктер сатып алат да, биз өлкөбүздөн айрылабыз деп тынчсызданам. Жети атасынан бери дыйкан болгон адамдар жерден кол жууса эмне болот?*

Айгүл: *Мен буга макул эмесмин. Менимче, мыйзам жакшы мүмкүнчүлүктөрдү берип жатат, анткени бул фермерлер менен бизнесмендер жер сатып ала алышат дегенди билдирет. Мындай болгондо алар жерди жакшыртат же анда курулуштарды тургузат да, мунун баары алардын өздөрүнүкү болгондуктан, көңүлдөрү тынч болот. Көңүл тынч болбосо, ушунун баарын жасап бекер эле убара болбоймбу деген шектенүү пайда болот. Банктар да карызды төлөй албай калса алып койгудай менчиги жокторго заемду берүүгө анча көңүлдөнбөйт. Мыйзамдагы бул өзгөртүү жерди эң жакшы ишмете алгандарга берүүгө жол ачат. Бул болсо өлкөнүн өнүгүшүнө жардам берет.*

Тамара: *Жерди сатып алуу-сатууга байланышкан мындай проблема бар. Айрым адамдар жер сатып чайкоочулук кылат да, анын баасын асмандатып жиберет. Ошондо колунда жоктор өздөрүнө эгин, жашылча же жемиш багын өстүрүү үчүн жер сатып ала албай калат. Мен жер адилеттүү түрдө бөлүштүрүлбөйт деп да кооптоном. Дагы бир проблема бар: адамдар жердин чыныгы наркын билбей, болор-болбос эле акчага сатып жиберип, куржалак калышы мүмкүн. Менин оюмча, бул мыйзамды ишке киргизгенде эч болбосо ошол жердин өзүндө жашап жаткан адамдар чоң жеңилдиктерге ээ болууга, алгачкы он жылдын ичинде жер салыгынан бошотулууга тийиш.*

Дмитрий: *Менимче, айрым проблемалардын келип чыгышына карабастан, бул мыйзам зарыл. Мен адамдарга алардын үй-жайы турган жерлерди берүү керек деп ойлойм. Бул ар бир адамдын бир нерсе эгип өстүрүү үчүн өз жери, өзүнүн үйү болот дегенди билдирет. Мен ошондой эле агрардык өлкөдө жердин жеке менчикке берилиши өнүгүүнүн чечүүчү фактору болуп саналат деп эсептейм. Жерди ижарага берсе деле болмок, бирок анын мөөнөтү өтө узак, балким 100 жыл болууга тийиш. Бирок бүгүн адамдар эртеңки күнгө ишеничтүү карагысы келет, андыктан биз жерди сатып алуу жана сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушубуз керек.*

09-тапшырма. Бизнес мыйзамдары

Шеригиңер менен жергиликтүү жеке ишканага барып, кожоюнунан советтик тартиптин учурунда болгон мыйзамдарга салыштырганда бизнес жасоону жеңилдеткен кандай мыйзамдар кабыл алынганын сурагыла. Натыйжасын класска айтып бергиле. Силер кандай жаңы мыйзамдар кабыл алынгандыгын жана алар бизнес жасоону өнүктүрүүгө кандай таасир бергенин түшүндүрүшүңөр керек.

10-тапшырма. Салыктар бизге эмне үчүн керек?

Силер ар кандай салык акчаны каалагандай иштетүүгө чек коёт деп айтышыңар мүмкүн. Бирок бардык мамлекеттерде салыктын ар кыл түрлөрү бар.

1) Шеригиңер менен салыктын кайсы түрү жөнсүз жана кайсылары жөндүү экенин аныктагыла.

Жообуңарды түшүндүрүүгө даяр болгула.

2) Шеригиңер менен кайсы салыктар мамлекет үчүн абдан маанилүү экенин талкуулагыла. Жообуңарды түшүндүрүүгө даяр болгула.
3) Өзүңөрдү финансы министри деп элестеткиле. Силердин салыктан түшкөн бир миллиард долларды сарптоо мүмкүнчүлүгүңөр бар. Шеригиңер менен бул сумманы таблицада көрсөтүлгөн тармактарга кандайча жумшаарыңарды аныктагыла. Жообуңарды түшүндүрүп берүүгө даярдангыла.

№	Тармактар	Проценти
1.	Коргонуу	
2.	Саламаттыкты сактоо	
3.	Социалдык камсыздоо (пенсионерлер жана жетимдер үчүн)	
4.	*Бажы* (таможня)	
5.	Билим берүү	
6.	Укук сактоо органдары	
7.	Транспорт	
8.	Эл аралык мамилелер	
9.	Башкаруу органдары	
10.		

4) Үйүңөрдөгүлөрдөн силердин бул бюджетиңер жөнүндөгү пикирин сурагыла.

11-тапшырма. Айырмасы кайсы?

Шеригиңер менен борборлошкон пландуу экономиканы жана эркин базар экономикасын салыштырган төмөндөгү таблицаны толтургула. Алардын баары эле айырмаланбай тургандыгына көңүл бургула.

№	Борборлошкон пландуу экономикада...	Эркин базар экономикасында...
1.	*Бардык экономикалык чечимдерди Мамплан кабыл алып турган (б.а. борбордук деңгээлде).*	
2.		*Жеке менчикке ээ болууга уруксат берилет.*
3.	*Салыктар алынчу.*	
4.		*Жеке ишкердик колдоого алынат.*
5.	*Эркин маалымат каражаттары болгон эмес.*	
6.		*Өкмөт адатта ачык сынга алынат.*
7.	*Эл аралык банктар болгон эмес.*	
8.		*Көпчүлүк ишканалар жеке менчикке таандык.*
9.	*Өндүрүштүн деңгээлин пландоочулар аныктаган.*	
10.		*Ар кандай адам чет өлкөлүк валютаны ала алат.*
11.	*Валютанын наркын пландоочулар борбордук деңгээлде аныктаган.*	
12.		*Ар кандай ишкана өзү каалаган продукцияны өндүрө алат (эгер бул мыйзамга туура келсе).*

12-тапшырма. Биздин дүйнө

Төмөнкү суроолорду шеригиңер менен талкуулап, жоопторуңарды класска түшүндүргүлө же дилбаян жазгыла (200 сөздөн ашпасын):

1. *Эмне үчүн адамдар бир эле учурда экономикалык да, саясий да эркиндиктерге ээ болууну каалашат?*
2. *Эмне үчүн кээ бир адамдар бул эки эркиндиктин бирөөсүн экинчисинен жогору коюшат?*

VI бап

Мамлекеттин пайда болушу жана улутчулдук

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

Термин	Аныктама
1. Көз карандысыздык (суверенитет) 2. Улут 3. Этнос 4. Элита 5. Улутчулдук 6. Этникалык тек (улуту) 7. Легитимдүүлүк	а) Генетикалык жактан кайсы топтон чыкканын көрсөткөн мүнөздөмө. б) Толук бойдон көз карандысыз жана өз алдынча башкаруусу бар өлкөнүн статусу. в) Кайсы бир коомдун бардык мүчөлөрүнүн ролу менен сыймыктануудан тартып этникалык же башка биримдикке таандык болгондугу үчүн сыймыктанууга чейинки сезимдерди жана түшүнүктөрдү камтыган концепция. г) Мыйзамдуулук, демек, укук ченемдүүлүк. д) Бийик интеллекти, социалдык же экономикалык статусу менен айырмаланган адамдар тобу же табы. е) Белгилүү бир территорияны ээлеген, саясий бүтүндүккө бириктирилген эл. ж) Тарыхый, тилдик жана маданий жактан тектеш болгон адамдардын туруктуу тобу.

02-тапшырма. Адегенде

Укуктарды жана мыйзамдарды кантип иштеп чыгуу же коомду кантип уюштурууну ойлонордон мурун биз уюмдашкан коом жарала элек кезде адамдардын кандай «укуктары» болгондугун аныктап алышыбыз керек. Бул маселени белгилүү философ Жон Локк карап чыккан. Эми кезек силердики.

Силердин классыңардагы бардык окуучулар жашоо шарты жакшы, табигый ресурстарга бай, бирок башка адамдар жок жерге жөнөдү деп элестеткиле. Ал жакка барганда, силер дүйнөнүн башка бөлүгүндөгү адамдар менен байланышканга мүмкүнчүлүгүңөр жок экенин билесиңер. Үч-төрттөн болуп, төмөндөгү кырдаалдарды талкуулагыла:

1. Анда силердин жашооңорду, укугуңарды, эркиндигиңерди жана менчикке ээлик кылуу укугуңарды көзөмөлдөй турган бийлик органдары же мыйзамдар болобу?
2. Кимдир бирөөнүн силерди башкарууга укугу болобу? Эгер болсо, бул укукту кантип алат?
3. Силердин дароо эле кандайдыр бир укуктарыңар болот беле? Алар кайсы укуктар болор эле? Алардын сакталышына ким жооп бермек?
4. Башкаларга караганда күчтүрөөк же зирегирээк адамдар эмне кылышы мүмкүн? Эмне үчүн?
5. Ал эми карапайым жана тажрыйбасы азыраак адамдар эмне кылышы мүмкүн? Эмне үчүн?
6. Бардык адамдардын жашоосу кандай болор эле?

Окуу үчүн текст

Бул бапта биз төмөнкү маселелерди карайбыз:

- «Мамлекет» сөзүнүн мааниси
- Мамлекет идеясы кантип өнүккөн?

- Мамлекет кантип түзүлөт жана ал легитимдүүлүккө кантип ээ болуп, саясий формасын кантип өзгөртөт?
- Улутчулдук жана улуттар.

1.0 Мамлекет концепциясы

Бир караганда мааниси толугу менен дал келгендей сөздөр, бири-бирине анча-мынча жакын болсо дагы, ар кайсы адамдар үчүн кыйла айырмаланып турушат. «Өлкө» дегенде географиялык чеги бар территория, ал эми «улут» дегенде анда жашагандардын жалпы мүнөздөлүш идеясы көңүлдө болот. Айрым учурларда «ата журт» же «мекен», ошондой эле «королдук» жана «республика» деген сыяктуу түшүнүктөр колдонулушу мүмкүн.

«Мамлекет» түшүнүгү да белгилүү бир аймакта жашаган жана саясий түзүлүшкө кирген бүтүндөй элди же, бир кыйла тар мааниде, ушул аймактагы саясий түзүлүштүн формасын (өкмөттү) да туюнта алат. Демократиячыл өлкөлөрдө сөздүн биринчи мааниси кыйла кеңири колдонулат, анткени аларда эл мамлекеттик түзүлүштүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал өкмөт үстүнөн реалдуу бийлик жүргүзүү жана башкарууга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Өздөрүнүн улут же эл деп атаган көп өлкөлөрдүн курамына чындыгында ар түрдүү адамдар да кирет. Европа өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө ушундай. Бирок өздөрүн улут же эл деп атаганы менен, цыгандар, лөлүлөр же курддарга окшоп өзүнчө мамлекети жок болгон адамдардын чоң топтору да болорун унутпагыла. Мамлекети жок болгондуктан, булар ар кайсы өлкөлөрдүн өкүлдөрү кирген Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө боло албайт. «Улутчулдук» дайыма мамлекеттерди жаратуучу, өнүктүрүүчү да, бөлүп-жарып кыйратуучу да зор күч боло келгендигин биз тарыхтан билебиз. Ошондуктан бул бапта улутчулдук идеясын бир топ кылдат иликтейбиз.

Бул окуу китебинде «мамлекет» термини белгилүү бир аймакта, башка мамлекеттердин көпчүлүгү легитимдүү деп тааныган, көз карандысыз саясий түзүлүштүн шартында жашап жаткан адамдар тобун атоо үчүн колдонулат. Мындай түзүлүштүн легитимдүү деп тааныышы анын мыйзамдуу процессте, б.а. жалпы кабыл алынган жол менен пайда болгондугун туюнтат. Адатта мындай процесс бир катар мыйзамдардын колдонулгандыгын билдирет. Эми мамлекет легитимдүүлүккө кантип ээ болорун карап көрөлү.

2.0 Легитимдүүлүк

«Мамлекет» түшүнүгү салыштырмалуу түрдө кийинчерээк келип чыккан. Байыркы гректердин «шаар-мамлекеттери» алардан 2500 жыл кийин жаралган улуттук мамлекеттердин алгачкы үлгүсү болгон. Гректердин полиси (шаар-мамлекети) бүгүн мамлекет деп аталган нерсенин айрым белгилерине ээ болгон чакан саясий түзүлүш эле. Ал белгилүү бир аймакты ээлеп, суверендүү болгон, анын бийлигин эл тааныган. Бирок шаар-мамлекет – бул жөн гана саясий уюм эмес, андан кыйла чоңураак нерсе болгон: ал ошондой эле өз жарандарынын маданий жана диний турмушуна да шарт түзүп, аны ар түрдүү жолдор менен көзөмөлдөп турган. Ал кезде дин менен мамлекеттин ортосунда кийинчерээк өзгөчө мааниге ээ болгон даана *ажырым* (өзүнчөлүк) жок эле. Полистер ушунчалык кичинекей болгондуктан, аларды сөздүн азыркы маанисинде мамлекет деп атоо кыйын.

Никколо Макиавелли (1469-1527)

Италиялык философ Никколо Макиавелли XVI кылымда Батыш маданиятына азыркы «мамлекет» түшүнүгүн биринчи болуп киргизген. Макиавелли мамлекетти элдин эркиндигин жана укуктарын коргой билген, жөндөмдүү жана акылдуу жетекчилер башкарууга тийиш болгон *өз* алдынча түзүлүш деп эсептеген. Анын концепциясынын кеңири тааныышына жарандарды коргоого алууну мамлекеттин башкы функциясы катары карагандыгы да себепчи болсо керек. Анткени бул жөнөкөй жана түшүнүктүү нерсе болгон.

Албетте, мамлекеттер абдан кубаттуу болушу мүмкүн, бирок, атүгүл элдин пайдасы үчүн аракеттенген учурларда деле, алар өз күч-кубатына таянганда белгилүү даражада легитимдүү эсептелгенге умтулушу зарыл. Европада Макиавеллиге чейин ханзаадаларга же королдорго бийлик ыйгарымдарын эң жогорку күч – христиандардын Кудайынын өзү берет деп эсептешкен. Бирок андай деген менен алардын бийлиги чектелүү деп эсептелген да, ал «кудайга жакыныраак» турган чиркөө бийлигинин көзөмөлүндө болгон.

Мамлекеттин түзүлүшүнүн адеп-ахлактык жүйөсүн (зарылдык себебин) биринчи болуп англис философу Жон Локк (1632-1704) сунуш кылган. Локк адеп-ахлак менен акыл-эстин негизги

принциптерине ылайык келген саясий коом адамдар үчүн зарыл нерсе деген ишенимде болгон.

Локктун мамлекеттик башкаруу жөнүндөгү теориясы бардык адамдар тең укуктуу болуп туулат, б.а. алар жашоого, эркин болууга жана менчикке ээлик кылууга бирдей укуктуу деген идеяга негизделген. Ал менчик укугун жашоо жана эркин болуу укугунун эле кеңейтилиши, анткени менчикке ээ болбой туруп жан сактоо мүмкүн эмес деп түшүндүргөн. Жашоо, эркин болуу жана менчикке ээлик кылуу укуктары жалпы маңызы боюнча бир эле идеяны – эркин жашоо укугун туюнтат.

Бирок башка бирөөлөрдүн укуктарын бузгандарды жазалоо жолдору болбогон шартта бул укук өз маанисин жоготот.

Ошондуктан киши табиятын эске алуу менен адамдар өздөрүн коргоо үчүн баштапкы укуктарынын жок эле дегенде бир аз бөлүгүнөн баш тартышы зарыл. Локк, эгер мамлекет жок болгондо, адамдар аны өз укуктарын коргоо үчүн ыктыярдуу түрдө түзүшмөк деп эсептеген.

Локк *анархияны* же, өзү айткандай, «табигый абалды» (мамлекеттик бийлик жоюлган коомдогу абалды) жактаган эмес. Локк, тескерисинче, ар бир адамдын жеке турмушуна башкаларды кийлигиштирбөө укугу менен чектелген жалпыга бирдей эркиндигин айткан. Демек, азил-чыны аралаш айтылып жүргөндөй, «бир адамдын кол шилтөө эркиндиги экинчи адамдын мурдуна жетпей токтолушу керек». Эгерде мындай тең укуктуулук сакталбаса, иллюзиялуу (жаңылыш түшүнүлгөн, жалган) «жалпы эркиндик» көпкө созулбай, башаламандыкка айланат.



Жон Локк (1632-1704)

Локк монархияны да, *аристократияны* (бийлик уруу башчыларына таандык болгон мамлекеттик башкаруу формасын) да, демократияны да ашкере (өтө) жактай берген эмес. Ал туура башкарса, бул системалардын ар бири жашап кете алат деп ойлогон. Бирок ал чындыгында эле мамлекеттин зарылдыгын анын мыйзамдарында так, даана чагылдырылууга тийиш болгон олуттуу (маанилүү) адеп-ахлактык негизди көрсөткөн. Бул мыйзамдар эл ишенимине кыянаттык кылуу деп аныктала турган иш-аракеттерди так, даана чагылдырууга тийиш. Локк мамлекеттин легитимдүүлүгүнүн *башаты* (негизи) – элдин башкарууга макул болушу деп далилдеген. Эл – бул эркин жашоого укуктуу адамдар; алар өздөрүн коргоо үчүн бул укуктун (эркин жашоо укугунун) бир бөлүгүн мамлекетке ыйгарышат. Андыктан, Локктун ою боюнча, легитимдүүлүктүн баары акыр-аягында элден келип чыгат. Эгерде элдин өкүлүбүз деп жар салган бийлик төбөлдөрү (башчылары) элдин укуктарын көзгө илбесе, алардын бийлиги легитимдүү болбой калат.

Көптөгөн саясий философтор мамлекеттин болушу зарыл экендигин негиздөө үчүн өз *аргументтерин* (далил катары келтирилүүчү жүйөлүү ойлорун) сунуш кылышкан. Айрым ойчулдар мамлекет – тартиптин башаты, ал калк үчүн адеп-ахлактык нормаларды орнотушу керек деп эсептешкен. Ал эми башкалары болсо укукту элге мамлекет берет, мунсуз элдин жаран болгондон башка эч кандай укугу калбайт деп ойлошкон.

К.Маркс, Ф.Энгельс, кийинчерээк В.И.Ленин мамлекет коомдун өнүгүүсүнүн акыркы *стадиясында* (баскычында) – коммунизмдин тушунда жоюлуп кетет деп ойлошкон. Алар мамлекет – бул эзүүнүн машинасы, жеке менчик жоюлганда мамлекет да аны менен кошо жоголот деп эсептешкен.

Бирок социалисттик саясий системанын тушунда мамлекет жашоонун дээрлик бардык жактарын көзөмөлгө ала баштады. Коммунизмдин максаты жеке менчикти жоюу экендигин эске алсак, буга таң калууга деле болбойт: мындай кырдаалда бүткүл экономикалык иш-аракеттерди борбордон уюштуруучу кандайдыр бир форма пайда болбой коймок эмес. Акыр-аягында ал экономикага эле эмес, адамдын жекече эркиндиги үчүн да түпкө жетер нерсе болуп чыкты.

3.0 Мамлекеттин формасын өзгөртүү: революция

Өзүнүн тарыхый өнүгүү жолунда көпчүлүк өлкөлөр мамлекеттик түзүлүштүн ар кандай түрлөрүн баштан кечиришти. Өзгөрүүлөрдүн айрымдары өз ырааты менен оор кыйынчылыктарсыз эле ишке ашты. Ал эми башкалары болсо кан төгүүлөр жана кыйроолор менен коштолуп турду. Өтө *радикалдуу* (кескин) өзгөрүүлөрдүн

Ирак жана Афганистан:

Болуп жаткан окуяларга карата ар кимдин өз пикири бар. Кимдики туура экендигин айтуу кыйын, бирок башкы маселе мындай: жаңы өкмөттөр мыйзамга негизделгенби?

Башкаруунун жаңы формалары орнотулуп, конституция жазылды.

Жакынкы бир нече жылда бул жаңы өкмөттөрдүн мыйзамдуулугун Эл текшерет!

айрымдары «революциялык өзгөрүүлөр» катары каралып жүрөт.

Бирок бул эмнени билдирет? Революциялар сөзсүз зордук-зомбулук менен ишке ашырылышы керекпи? Алар мамлекеттик системанын толугу менен алмаштырылышына алып келүүгө тийишпи? Аларды эл массасы колдошу керекпи? Эгер андай болбосо, аларды легитимдүү деп эсептөөгө болобу?

Бул суроолорго так жооп берүү кыйын, атүгүл мүмкүн да эмес. Бирок төмөндөгү мисалдарды карап көрсөк, көп нерселерди түшүнүп алабыз.

Кандуу Француз революциясы монархияны жоюп, анын ордуна башкаруунун республикалык формасын орнотууга тийиш эле. Эксперимент көп жагынан оңунан чыкпай калды, анткени жарандар саясий турмушка катыша ала турган шарттар түзүлгөн жок. Францияда азыркы республикалык түзүлүштүн негиздери киргизилгенге чейин дагы ондогон жылдар керек болду.

Ал эми Англиянын колониялары бөлүнүп чыккандан кийин болгон Америкадагы революциянын (1775-1781) натыйжасында мамлекеттик башкаруунун жаңы системасын түзүп алган жаңы *стабилдүү* (туруктуу) өлкө пайда болду. Бирок мунун бир кызык жери, революция америкалык колонисттердин британиялык монархиянын өзүнө болгон нааразылыгынан чыккан жок. Тескерисинче, алар король Георг IIIнү өзүнүн ыйгарым укугун ашыкча пайдаланды жана өзү чыгарган мыйзамдар боюнча аракеттенбеди деп айыпташкан. Алар бизден талап кылынган салыктардын өлчөмүнө биз өзүбүз макулдук берген жокпуз, анткени Британ Парламентинде биздин өкүлдөрүбүз жок, бул салыктарды бизге король таңуулады деп чыгышкан. Америкалык колонисттер Джон Локктун укуктук мыйзамдуулук башкарылып жаткандардын макулдугунан келип чыгат деген идеясын турмушка ашырышкан жана биз мындай макулдук берген жокпуз дешкен.

Колонисттер туура жана легитимдүү башкаруу болушу үчүн улуттук жаңы мамлекет керек жана анда элдин түздөн-түз шайлана турган өкүлдөрү болууга тийиш деген жыйынтыкка келишкен. Бул мамлекет Америка Кошмо Штаттары деген ат менен дүйнөгө таанылды.

«Бостондогу чай ичүү». *XVIII к. 2-жарымынан тартып түндүк америкалык колониялар[1] британ бийлигине каршы кыймылга бириге башпады. 1767-ж. Британиянын бийлик башчылары айнекке, коргошунга, боёкко, кагазга жана чайга салык салууну киргизишти. Колонисттер төлөөдөн баш тартканда чай салыгынан башкасы баары жоюлган эле. 1773-ж. майында англис парламенти «Чай мыйзамын» кабыл алып, ага ылайык чай менен соода жүргүзүү монополиясы Англиянын Ост-Инд компаниясына өткөрүлдү. Колонисттер муну эң коркунучтуу прецедент, эркин сооданы чектөө катары баалашты... Патриоттук уюмдар чайды түшүрүүгө жол бербөөнү чечишти. Бир топ киши Ост-Инд компаниясынын чайын ташып Бостон портуна келген кемелердин бортуна чыгып, чайды деңизге ыргытып салышты. Бул жөнүндө кабар патриотизмдин мурдагыдан да күчөшүнө алып келди. Улуу Британиянын өкмөтү келтирилген зыяндын орду бүт бойдон толукталганга чейин Бостон портун жаап таштоону чечип, Жаңы Англияга аскердик кемелерди жиберди. Бул чаралар түндүк америкалык колониялардын бүт бардыгынын каршы турушуна түрткү болду да, акыр аягында АКШнын түзүлүшүнө алып келди.*

1917-жылы болгон орус революциясы да анык радикалдуу саясий төңкөрүш болгон, ал жеке менчикти жоюп, чыныгы бийликти калктын экономикалык күч-кубаты жок эң жакыр катмарына берүүнү (пролетариат *диктатурасын*[2] орнотууну) көздөгөн. Октябрь революциясы өлкөнү өзгөртүп, маанилүү экономикалык өнүгүү болгону байкалса да, мамлекеттик системанын өзү түбөлүктүү болгон жок.

1991-жылы бул *режим* (саясий түзүлүш) кулагандагы көп партиялуу шайлоого өтүү чечими менен башталган өзгөрүүлөр радикалдуу болсо да, революцияга мүнөздүү айрым жалпы белгилерге ээ эмес эле. Ал белгилерге төмөнкүлөр кирет:

- ✧ төңкөрүштүн уюштурулушу үчүн жооптуу элита;
- ✧ талап кылынган өзгөрүүлөр тууралуу так түшүнүк;
- ✧ калктын өзгөрүүлөр үчүн күрөшкөн сынчыл массасы;
- ✧ адаттагыдай куралдуу көтөрүлүш.

Жаңы республикалардын ар биринде өзгөрүүлөр ар кандайча жолдор менен жүрдү. Булардын көпчүлүгү учурларда азыркы күнгө чейин улантылууда. Кээ бир өлкөлөрдө түп

[1]*Колония – саясий, экономикалык жактан башка өлкөгө көз каранды болгон мамлекет.*

[2]*Диктатура – бир гана киши же кишилердин бир тобу чексиз бийликке ээ болгон саясий режим.*

тамырынан кайра өзгөртүүлөр жаңы конституция кабыл алынганга чейин бир нече жылга созулду. Мисалы, Украина 1991-жылы көз карандысыздыкка жетишти, бирок жаңы Конституцияны 1995-жылы гана кабыл алды.

Саясий *эволюция* (ырааттуу өнүгүү) ар кандай өзгөрүүлөрдүн составдык зарыл бөлүгү болуп саналат. Адамзат өз тарыхынын улам бир жаңы этаптарын басып өтүүдө. Ал турсун эң маанилүү деп эсептелген өзгөрүүлөр да, эгер күч менен ишке ашырылган болсо, сөзсүз түрдө туруктуу болуп, узакка жашай бербейт. Тескерисинче, кээде узакка созулган жана жай жүргөн өзгөрүүлөр ыкчам жасалган радикалдуу бурулушка караганда туруктуураак натыйжаларга алып келет. Кандай гана кайра куруу болбосун (ал «революциялык» же тынч жол менен жүрөбү, баары бир), анын эң кыйын бөлүгү – бул жаңы *институттарды* (коомдук-саясий түзүлүш формаларын, мекемелерди, органдарды) түзүү жана жарандык коомду куруу. Анткени мамлекеттик бийлик органдарына кирбеген көпчүлүк элдин активдүү жана ыктыярдуу колдоосу гана бүтүндөй коомдо жүргөн өзгөрүүлөрдүн пайдалуу, келечектүү болушун камсыз кылышы мүмкүн.

4.0 Улуттар, улутка таандык болуу жана улутчулдук

Жогоруда айтылгандай, «мамлекет» түшүнүгү «улут» түшүнүгүнөн ачык айырмаланат. Мамлекеттер калкынын тили жана маданияты ар түрдүү болгон көп улуттуу түзүлүш катары пайда болуп, бакыбат жашап, гүлдөп өнүгүшү мүмкүн. Биз «улут» – бул маданияты же тарыхы боюнча бириккен адамдардын тобу деп айтканыбыз менен, бул жалпылыкты дайым эле так аныктоо оңой боло бербейт. Тилекке каршы, бул жалпы сапат кээде кыялдан чыгарылат же аларды, саясий максаттарды көздөп адамдардын башын айландыруу үчүн, элдин бир бөлүгү үчүн өзүнчө «улуттук идентификация» жараткысы келген адамдар ойлоп табышат. (*Идентификация* – салыштыруу жолу менен окшоштугун таап, тааныу). Бирок бул биримдикке таандык болуу сезими – улуттун бар болушунун зарыл шарты, ансыз адамдар өз лидерлери менен жана мамлекеттик системанын алкагында да, андан тышкары да боло турган саясий түзүм менен байланыштарын сезип туйбайт.

Адамдардын улутун кээде тилине карай аныкташат. Мисалы, немистер өздөрүн немис тилинде сүйлөгөн улутпуз деп эсептешет. Бирок айрым немис эместер (мисалы, австриялыктар) ушул эле тилде сүйлөшсө да, башка өлкөгө киришет. Ушул сыяктуу эле Африканын бир топ бөлүгүндөгү французча сүйлөгөн адамдар дегеле башка улуттардын өкүлдөрү болуп саналат. Тил дайым эле адамдын улутун айырмалоочу маанилүү *критерий* (белги) боло бербейт. Алсак, Казакстанда же Тажикстанда туулуп өскөн немистерден эне тилин билбегендери кезигет. Анткени алар Германияда төрөлгөн эмес, бирок ата-энелери немис болгондуктан, буларды да немис деп эсептешет.

Еврейлерге да кээде улут деп аныктама беришет, бирок аларды тил эмес, дин бириктирип турат. Анткени еврейлер кайсы өлкөдө туулса, ошол жердин тилинде сүйлөп калышат. Бирок алардын айрымдары иудаизм динине ишенбесе деле өздөрүн еврей деп аташат. Мындайда бириктирүүчү фактор катары өткөндөгү алардын тарыхый жалпылыгы эсептелет.

Борбордук Азияда айрым этникалык топтордун улутка таандык болуусу көп учурда өтө татаал келе турган уруу-уруктук мамилелерге байланыштуу аныкталат. Бул региондогу өлкөлөрдүн азыркы чек аралары совет доорунда кабыл алынган *административдик-саясий* (башкаруучулук саясий) чечимдер боюнча бөлүнгөн. Мында кээ бир улуттар, мисалы, кыргыздар, бир нече республикага бөлүнүп калган. Азыр кыргыздар Кыргызстанда эле эмес, Тажикстан менен Өзбекстанда, Кытайда жана башка өлкөлөрдө да жашайт.

Улутчулдук бүтүндөй бир улуттун жалпы бир идеяга түрдүү жолдор менен ишениши болуп саналат. Борбордук Азиядагы республикалардын алдында азыр ушундай идеяларды жана улуттук өзүнчөлүктү аныктап алуу деген кыйын милдет турат.

Улут катары өз тагдырын өзү чечүү жана белгилүү бир этноско таандык болуу проблемалары Советтер Союзу тарагандан кийин пайда болгон бардык мамлекеттерге мүнөздүү нерсе. Бул мамлекеттердин көпчүлүгү көп улуттуу, аларда ар башка тилдерде сүйлөгөн, этностук жактан ар түрдүү, маданий жана диний салттары да түрдүүчө болгон элдер жашайт.

Улутчулдукту бийлик башында тургандар адамдарды бөлүп-жарып, ич ара кайраштыруу үчүн колдонушу мүмкүн. Бул өлкөдөгү улуттук азчылыкты түзгөндөрдүн (мамлекетте калктын негизги бөлүгүн түзгөн улутка кирбегендердин) укуктарын чектөө коркунучун туудурат, кээде чектеп да коет. Улутчулдуктун бул түрү адатта илгертен жөнгө салынбай келе жаткан тарыхый карама-каршылыктары бар, этностор ортосунда өз ара таарыныч сакталган жана учурда үстөмдүк кылган этностун өкүлдөрү мурда көз каранды абалда жашап, эзилип келген өлкөдө

пайда болот. Улуттук азчылыкты түзгөндөр өз кезегинде өздөрүнүн тилин, маданиятын жана каада-салттарын сактоого умтулушу мүмкүн.

Бирок улутчулдукту сөзсүз түрдө эле тескери көрүнүш катары караганга болбойт. Ар бир адам өз улутунун тарыхын, маданиятын, тилин барктай билсе, улутташтары жана мекендештери жетишкен зор ийгиликтер менен сыймыктанса, мунун эмнеси жаман?

Улутчулдук жалпы улуттук маданий салттарга, үрп-адаттарга басым жасабастан, буга карама-каршы идеяны билдириши да мүмкүн. Бул – өлкөнүн бүтүндөй эли калайык-калктын бардыгынын укуктарын коргогон, маданий жана рухий дөөлөттөрүн сыйлап, аларга кам көргөн өз өкмөтүн жактайт, колдойт деген идея. Ушундай идеяны, мисалы, маданий салттары ар түрдүү көптөгөн *этностор* (улуттар) жашаган Сингапурдун жана Канаданын калкы жактырары белгилүү. Мындай өлкөлөрдүн экономикасы да туруктуу келет, анткени дүйнөнүн туш тарабынан *иммигранттар* (көчүп келүүчүлөр) бул өлкөлөргө келип жашоого кызыгышат: алар, өздөрүнүн маданий салттары башкача экенине карабастан, жергиликтүү эл менен оңой эле аралашып кетерин жакшы билишет.

Ошентип, улутчулдук сөзсүз эле жаман же жакшы көрүнүш эмес. Бул – жакшы максаттар үчүн да, жаман максаттар үчүн да колдонулушу мүмкүн болгон зор күч. Кеп зарыл болгон жаңы улуттук белгилер калыптанганга чейин улуттук өзүнчөлүктү маданий айырмачылыктар урматталгандай кылып өзгөртүүдө турáт.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

1-бөлүк. Мамлекеттин пайда болушу

03-тапшырма. Эмне үчүн мамлекет куруу керек?

Үч-төрттөн болуп, адамдар эмне үчүн мамлекет курууну чечкендигинин себептерин карап чыккыла. Силер төмөнкү 4 нерсени аткарышыңар керек:

1. Тизмени карап чыгып, дагы кайсы себептер жазылбай калганын аныктагыла.
2. Силер зарыл деген себептерди кошкула.
3. Эң маанилүүсү катары төртөөнү тандагыла.
4. Аларды маанилүүлүк деңгээли боюнча жайгаштыргыла.

№	Мамлекетти куруунун себептери	Маанилүүлүк деңгээли
1.	Кимдир бирөө жол башчылык функцияны аткарышы мүмкүн.	
2.	Адистешкен эмгектин мүмкүнчүлүгү.	
3.	Тышкы душмандардан коргонуу.	
4.	Биз улуттук желекке ээ болобуз.	
5.	Биз цивилизациялуураак болобуз.	
6.	Мамлекет кызматтардын көрсөтүлүшү үчүн салык чогултат.	
7.	Биз ким экенибизди айта алабыз.	
8.	Биздин укуктарыбыз корголот.	
9.	Адамдар туш келип жүргөн өлкө ичиндеги кылмыштуулуктун түрлөрүнө каршы күрөш жүргүзүлөт.	
10.		
11.		

04-тапшырма. Силердин оюңар кандай?

Шеригиңер менен төмөнкү суроолорду талкуулагыла да, ар бирине жооп жазгыла. (Ар бир суроонун жообу 100 сөздөн ашпасын).

1. Улут менен мамлекеттин кандай айырмасы бар?
2. Бир мамлекетте бирден ашык улуттардын болушу мүмкүнбү?
3. Эгерде өлкөнү же улутту бириктирип турган идея болбосо, коом өнүгө алабы?
4. Мамлекеттер легитимдүүлүккө кантип ээ болушат?

05-тапшырма. Силердин оюңар кандай?

Шеригиңер менен бул суроолорду талкуулап, ар бир суроого жооп жазгыла. (Жооп 150 сөздөн ашпасын).

1. Америкалык колонисттер өз революциясынын чыгуу себебин кантип түшүндүрүшкөн?
2. 1917-жылдагы революциянын негизги себеби эмне болгон?

2-бөлүк. Улуттар жана улутчулдук

06-тапшырма. Атактуу адамдар

Ар өлкөнүн өзүнүн атактуу адамдары бар. Мисалы, Тажикстанда Самани жана Фирдоуси, Кыргызстанда Курманжан датка, Индияда Махатма Ганди, Казакстанда Абылай хан, Өзбекстанда Улугбек, Россияда Петр Биринчи, Америкада Авраам Линкольн, Францияда Жанна Д' Арк. Үч-төрттөн болуп, төмөндөгү суроолорду талкуулагыла. Өз идеяңар менен классты тааныштырууга даярдангыла.

1. Силердин оюңарча, улуттук баатырлар кандай жалпы сапаттарга ээ?
2. Силердин оюңарча, улуттук баатырлар эмне үчүн керек?
3. Улуттук баатырлардан биз эмнелерди үйрөнсөк болот?
4. Силердин оюңарча, жамаатыңардагы кайсы адам бери болгондо жергиликтүү масштабдагы каарман боло алар эле?
5. Силер эмне үчүн бул адамдарды тандадыңар?

Курманжан датка (1810-1907)

07-тапшырма. Алар эмне кылышкан?

Шеригиңер менен бир улуттук каарманды тандагыла да, анын кылган иштерин санап чыккыла. Ал кандай сапаттарга ээ болгон?

08-тапшырма. Атактуу аялдар

Ар кандай өлкөдө атактуу аялдар эркек баатырларга караганда аз. Мындай аялдар саналуу гана. мисалы, Жанна Д' Арк, Клеопатра, Индира Ганди, Мария Склодовская-Кюри жана Курманжан датка. Эмне үчүн мындай аз? (Шеригиңер менен бул суроону талкуулагыла).

09-тапшырма. Улуттук өзгөчөлүктөр

Шеригиңер менен бир улутту экинчисинен айырмалап турган нерселерди карап чыккыла.

- Жердин өзгөчөлүгү
- Жашоо түрү
- Орун алган жери
- Тарыхый окуялар
- Башкалардын бизге жасаган мамилеси.



Эми бул тизмеге өзүңөрдүн кошумчаңарды киргизип, төмөндөгү суроого жооп бергиле:

Бир өзгөчөлүктү экинчисинен маанилүүрөөк деп айтууга болобу?

10-тапшырма. Биз кимбиз?

Шеригиңер менен же чакан топто төмөндө берилген таблицаны карап чыккыла, анан:

1. Аны силер маанилүү деген өзгөчөлүктөр менен кошумчалап дептериңерге же ватманга көчүргүлө.

2. Кыргызстандыктардын ар бир категорияга мүнөздүү улуттук өзгөчөлүктөрүн жазгыла (төмөндө мисал берилген).
3. Башка бир (борборазиялык эмес) өлкөнү тандап алып, төмөндөгү таблицаны толтурганга аракет кылгыла.

Өзгөчөлүктөрдүн категориялары	Япония	Кыргызстан	Башка өлкө
Жайгашкан жери	*Тынч океандын түндүк бөлүгүндө жайгашкан.*		
Негизги тарыхый окуялар	*Мурда жабык түрдөгү феодалдык, агрардык өлкө болгон. 1850-жылы америкалыктар аларды күч менен изоляция абалынан чыгарышкан. Өнөр жайы өнүккөн өлкөгө айланган. Экинчи дүйнөлүк согушта антигитлердик коалицияга каршы согушкан.*		
Басымдуулук кылуучу тил	*Япон*		
Мамлекет формасы	*Конституциялык монархия*		
Жеринин өзгөчөлүгү	*Тоолуу аралдар.*		
Искусство, адабият	*Жакшы ырдашат.*		
Тамак	*Чийки балык, күрүч*		
Кийим	*Кимоно, бирок салттуу улуттук кийимди чанда гана кийишет*		
Продукция	*Автомобилдер, электроника*		
Маданий азчылыкты түзгөндөр	*Корейлер*		
Климат	*Түндүгү жылуу, түштүгү суук.*		
Улуттук эмблемасы	*Күн*		

11-тапшырма. Сулуулук жергиликтүү калктын көзү менен

Эгер силер ар кандай өлкөнүн адамдарынан алардын улуту жөнүндө сурасаңар, алар белгилүү бир үй-бүлөдөн, кыштактан, региондон, өлкөдөн экенин айтышат. Анан ошол улуттун, ошол региондун өзгөчөлүктөрүн айтып берүүнү сурасаңар, алар төмөнкүлөрдү айтышат:

1. *Биздин эл эмгекчил жана көп иштейт.*
2. *Биздин эл абдан берешен.*
3. *Биздин тамагыбыз эң даамдуу, муну жеп көрүңдөр билет.*
4. *Дүйнөдө биздин токойлорубуздай кооз токой жок.*
5. *Биз .... караганда ынгайлыраактыз, сиз бизге ишенсеңиз болот.*
6. *Биздин балдарыбыз эң сулуу.*
7. *Биздин өлкөбүздөгү бардык жакшы нерселер биздин маданиятыбызга байланыштуу.*
8. *Биздин тилибиз эң так жана жакшы өнүккөн.*

Силер эки бейтааныш жолоочу менен поездде баратабыз деп элестеткиле. Силер өлкөнүн Рифф деген аймагынан чыккансыңар. Өлкөнүн Фирр аттуу аймагынан чыккан адам менен бир купеде отурасыңар. Бул аймактын тили менен маданияты таптакыр башка. Силердин кошунаңар ошол вагондо отурган япон туристке өзү жашаган тарапты жогоруда берилген фразаларды колдонуп сүрөттөп айтып берет. Баарыңарга түшүнүктүү орток бир тилде сүйлөшүп жатасыңар.

Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

1. Жогоруда берилген мүнөздөмөлөрдү укканда силер эмнени сезесиңер?
2. Бөлөк бир адам кантип бул ойлорду ушундай эле күчтүү, бирок башка улуттарды анча кемсинтпегидей кылып айтып бериши мүмкүн?

Шеригиңер менен төмөнкү ойлорду окуп чыгып, суроого жооп бергиле:

1. Менин айылым эң жакшы.
2. Ал берки айылдан жакшыраак.
3. Биз бере шенирээктиз, жакшыраак көрүнөбүз, жакшыраак иштейбиз.
4. Биздин өлкөдөгү адамдар беркилерге караганда ишенимсиздик.
5. Берки адамдарга ишенүүгө болбойт.
6. Сиз акчаңызды уурдаткан болсоңуз, муну ... айылынан бирөө кылганы шексиз.
7. Биздин тилибиз алардын тилинен жакшы.
8. Алардын тили кылкылуу. Бул жөнүндө мындай тамаша бар...
9. Алар башка бир жерде жашаса жакшы болмок.
10. Алар биздин бардык проблемаларыбыздын себепкерлери.
11. Мен аларды жек көрөм. Бул проблеманы чечиш үчүн бир нерсе кылыш керек.

Күчтүү улутчулдук сезим кантип расалык дискриминацияга, стереотиптердин пайда болушуна, башка терс көрүнүштөргө, акыр-аягында өлкөдөгү туруксуздукка алып келиши мүмкүн?

12-тапшырма. Бул эмнени түшүндүрөт?

Биз өлкөбүз менен сыймыктанышыбыз керек, бирок башка адамдарга *«Менимче, биздин тоолор аябай кооз»* деген сыяктуу айтышыбыз керек. Көптөгөн өлкөлөрдөгү адамдардын *«Өз үйүм, өлөң төшөгүм»* деген макалга эмне үчүн толук кошуларын шеригиңер менен ойлонгула.

13-тапшырма. Көп эл – бир өлкө

Кыргызстан – көп улуттуу жана көп маданияттуу өлкө. Шеригиңер менен бир улуттуу өлкөдө жашоонун кемчиликтерин жана көп улуттуу өлкөдө жашоонун артыкчылыктарын талкуулагыла. Жообуңар менен классты тааныштырууга даярдангыла.

Көп улуттуу жана ар түрдүү маданияты бар өлкөнүн артыкчылыктары	Бир улуттуу жана жалгыз маданияты бар өлкөнүн кемчиликтери
Башка тилдерди үйрөнүү оңой.	*Музыкалык жанрлар аз.*

Бир нече негизги этникалык топтордон турган, элдери тынчтыкта жана ынтымакта жашаган үч өлкөнү атагыла. Бул өлкөлөрдөгү этникалык топтордун тизмесин түзүүгө аракет кылып көргүлө. Таблицаны дептериңерге көчүргүлө. Төмөндө мисал келтирилген.

Өлкөлөр	Негизги этникалык топтор
Россия	*Орустар, украиндер, тажиктер, кыргыздар, казактар, татарлар ж.б.*

14-тапшырма. Улутчулдукту силер кандай түшүнөсүңөр?

Төмөндөгү улутчулдук жөнүндөгү ойлорду карап чыккыла:

1. Кайсы ойлор карама-каршы экенин чечкиле.
2. Бул ойлордун кайсынысы силердикине жакын экенин чечкиле.

1- окуучу: *Мен муну эр көкүрөк жана күчтүү болуу деп түшүнөм. Бул биздин желегибизди, үй-бүлөбүздү жана кандаштыгыбызды билдирет. Бул биздин башка өлкөлөрдөн айырмаланарыбызды, биз эң мыкты деп эсептеген жалпы маданий мурасыбызды билдирет. Улутчул адам өлкөсү үчүн өз жанын берүүгө да даяр, анткени анын өлкөсү анын жеке укуктарынан маанилүү.*

2-окуучу: *Мен улутчулдуктун идеясы – эркиндик идеясы деп ойлойм. Бул биз этникалык жактан окшош болбосок да, эркиндиктерибизге коркунуч туудурган тышкы күчтөргө каршы бирге турарыбызды билдирет. Башка адамдардын укуктарын бузбаш үчүн, өлкө катары бизде бардык этникалык топтордун маданий салттарын колдонуу эркиндигибиз болбосо, анда бизде жалпы максатыбыз жана жалпы улутубуз жок.*

3-окуучу: *Улутчулдук – жок болуп бараткан түшүнүк деп ойлойм. Бүгүнкү Интернеттин[1], глобалдашуунун[2], эркин базар менен демократиянын заманында улутчулдук жана улут маселеси анча маанилүү болбой калды. Дүйнө жалпыбыздыкы болуп баратканы мага жагат. Дүйнөдө бөлүнүүчүлүк жек көрүүчүлүктү гана жаратып келген.*

4-окуучу: *Бизде түрдүү тилдер, үрп-адаттар жана диндер бар экенин биз эске алышыбыз керек. Аларды коргоо үчүн биз тил табыша ала турган топторго бөлүнүшүбүз керек. Ошентип, бир улуттун бир тили, бир маданияты болот. Ошол өлкөнүн жашоочулары болгондон кийин, азчылыкты түзгөндөр өз укуктарын жоготсо да, көпчүлүктүн чечимине баш ийүүгө тийиш. Алар муну туура түшүнүүгө тийиш: атүгүл азчылыктын укуктары жоюлса деле, көпчүлүктүн чечими дайыма артыкча мааниге ээ.*

15-тапшырма. Эмне кылса болот?

Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорго жооп бергиле. Жоопторуңарды класска айтып берүүгө даярдангыла.

1. Адамдар – өлкөнүн эң негизги байлыгы. Муну эске алуу менен өлкөнүн өнүгүшүнө колунан келген салымын кошуу үчүн аларга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү максатында өкмөт кандай чара көрө аларын ойлонгула.
2. Ар бир адам өз потенциалын көрсөтүүдө бирдей мүмкүндүккө ээ болушу үчүн силер жамаатыңарда эмне кыла аласыңар? Шеригиңер менен ошол иш-чараларды тизмелегиле.

16-тапшырма. Силердин оюңар кандай?

Адамдар өз улуту жана өз өлкөсү менен сыймыктанышы үчүн жана ошол эле учурда бардык жарандар тең укуктуу болушу үчүн эмне кылыш керек? Ушундай иш-аракеттердин тизмесин түзгүлө.

17-тапшырма. Улутчулдукпу же патриотизмби?

«Улутчулдук менен патриотизмдин окшоштуктары жана айырмачылыктары» деген темада дилбаян жазгыла (150 сөздөн көп эмес).

[1] ***Интернет*** *– адатта телефон линиясы аркылуу бүткүл дүйнөдөгү компьютерлерди байланыштырып турган система.*
[2] ***Глобалдашуу*** *– дүйнөдөгү бардык экономикалык базарларды бириктирүү процесси.*

VII бап

Мамлекет жана саясий бийлик

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге тийиштүү аныктама бергиле.

Термин	Аныктама
1. Диктатура	а) Жогорку мамлекеттик бийлик диний топтун же чиркөө башчысынын колунда болгон башкаруу формасы
2. Теократия	б) Федерациянын курамындагы мамлекеттик түзүлүш
3. Федерация субъектиси	в) Бир адам же адамдардын тобу чексиз бийликке ээ болгон саясий режим

02-тапшырма. Принциптер

Үч-төрттөн болуп, демократиянын силердин оюңар боюнча эң маанилүү болгон принциптеринин тизмесин түзгүлө.

Окуу үчүн текст

Өткөн баптан биз мамлекеттер жана улуттардын ар түрдүү жолдор менен пайда болорун көрдүк. Бул бапта адамдар кантип бийликке келерин жана мамлекеттик бийлик кантип уюштуруларын карап чыгабыз. Мында төмөнкү суроолорго жооп берүүгө аракет кылабыз:

- Улуттардын пайда болушуна чейинки саясий системалар
- Улуттук мамлекет системалары
- Саясий бийликтин формалары
- Демократиянын формалары
- Эл аралык уюмдар

1.0 Улуттардын (азыркы мамлекеттердин) пайда болушуна чейинки саясий системалар

Улутка чейинки эң байыркы саясий системалардын бири – бул уруулук жамаат. Жер шарынын көпчүлүк бөлүктөрүндө (буга Борбордук Азия да кирет) бүгүнкү күндө да ар кандай даражадагы саясий таасири бар уруулар жашайт.

Уруулук жамаат туугандык байланыштардын негизинде түзүлөт да, чоң үй-бүлөлөр анын бөлүктөрү болуп эсептелет. Адатта уруулларды эр жеткен эркектердин тобу же болбосо жамааттын мүчөлөрүнүн пикири боюнча кандайдыр бир өзгөчө касиети бар адамдар (мисалы, шамандар) башкарат. Уруунун диний эрежелерге жана күндөлүк турмушка негизделген жазылбаган салттуу укуктары болот.

Улут пайда болгонго чейинки саясий биримдиктин башка бир түрү аймактык жамаат болгон. Дүйнө жүзүндө, өзгөчө экономикасынын негизин айыл чарбасы түзгөн өлкөлөрдө,

Барс бек каган

Барс бек – VII кылымда Енисей дарыясынын жээгинде кыргыз мамлекетин негиздеген уруу жол башчысы. Эзелки түзүлүштөр азыркы мамлекет жөнүндөгү түшүнүгүбүздөн кескин айырмаланса дагы, биздин мамлекетибиздин түптөлүшү ошол байыркы мезгилден башталган. Барс бектин шимердигинен улам Кыргызстандын бардык элдери алардын ушул өлкө жарандары экендигин аныктаган тарыхый жалпы мураска ээ.

кыштактар социалдык, экономикалык, диний жана саясий жашоонун борбору болгон.

Туугандыкка негизделген уруу тибиндеги саясий биримдиктердин бара-бара улуттук мамлекеттердин татаал системасына айланышы көбүнчө аймактык кыштак жамааттарынын өзгөрүлүшү жана кеңейиши аркылуу жүргөн.

Бир нече кыштактын жамаатынын кандайдыр бир жалпы муктаждыктан улам биригүүсүнөн шаар түзүлгөн. Шаардык саясий системасы бар шаарлар мындан миңдеген жылдар мурун да салыштырмалуу түрдө татаал саясий биримдик болгон. Алардын пайда болушу уруулук жамааттын бийлик системасынан биротоло кол үзгөндүктү билдирген. Анын ордуна тапка, кесипке негизделген саясий, экономикалык жана социалдык статус пайда болгон.

Байыркы грек шаарларынын айрымдарында «жарандар» деп аталган эркек адамдар (же алардын бир бөлүгү, буга кулдар кирген эмес) шаарды башкаруу үчүн өкүлдөрдү шайлашкан. Байыркы грек шаарларынын шаардык өкмөттөрү кийин демократиялык өз алдынча башкаруунун үлгүсү болуп калды.

2.0 Улуттук мамлекеттер – унитардык жана федерациялык системалар

Дүйнөдөгү көпчүлүк улуттар бүгүнкү күндө унитардык мамлекеттерде жашап жатышат. Бирок алардын ортосунда бир топ айырмачылыктар бар. *Унитардык* мамлекет – бул борбордук өкмөт төмөн турган, бийлиги кыйла чектелген аймактык жана башка жергиликтүү органдарга ыйгарым берүүчү бийлик системасы. Унитардык мамлекеттерди үч түргө бөлүүгө болот:

1. *Децентрализация*[1] иш жүзүндө кеңири колдонулган, бирок дайыма эле мыйзам менен бекитиле бербеген өлкөлөр. Буга мисал катары Улуу Британияны келтирүүгө болот, мында Түндүк Ирландия, Уэльс жана Шотландия Лондондогу борбордук өкмөттөн бир топ эркин, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарын шайлоо системасы бар. Мыйзам боюнча жергиликтүү бийлик органдары жалпы улуттук парламентке баш ийгени менен, иш жүзүндө алардын ыйгарымдары абдан чоң.
2. Аймактык децентрализация аз колдонулган жана жергиликтүү бийлик органдарынын иши катуу көзөмөлдө турган өлкөлөр. Бул, мисалы, Францияга тиешелүү, мында жергиликтүү бийлик органдарынын жетекчилери борбордук өкмөт тарабынан дайындалат, бирок кээ бир жооптуу кызматкерлер эл тарабынан да шайланат.
3. Бардык бийлик борбордук өкмөттүн колунда болгон өлкөлөр. Мисалы, Совет бийлигинин мезгилинде жергиликтүү *чиновник*тер (мамлекеттик кызматкерлер) коммунистик партия тарабынан дайындалып, Москвадагы борбордук бийликке баш ийген.

Ал эми *федерациялык* системада саясий бийлик бийлик органдарынын эки түрүнө: жалпы улуттук (федералдык) бийлик органдарына жана федерация субъектилеринин бийлик органдарына бөлүнүп берилет. Федерация субъектилеринин бийлик органдарынын ыйгарымдарын адатта федералдык органдар тартып ала албайт (алса да көп кыйынчылыктар менен алат). Иш жүзүндө федерациялык өкмөт федерация субъектилеринин бийлик органдарынан бир топ даражада көз каранды болот. Мисалы, АКШ, Бразилия, Индия, Россия Федерациясы, Ливия, Малайзия, Германияда ушундай.

Бирок системалары толугу менен окшош болгон эки федеративдик мамлекет жок. Айрым учурда федерация субъектилери Швейцариядагыдай болуп этникалык же тилдик айырмачылык боюнча түзүлөт. Ал эми башка бир учурда бул сыяктуу маданий принциптер, Россия Федерациясындагыдай, айкын эмес.

3.0 Саясий бийликтердин формалары

Саясий бийликти төмөнкүлөр жүргүзүшү мүмкүн:

- ✓ көпчүлүк (демократия);
- ✓ азчылык (олигархия); бул диний топ (теократия) же коомдун бир табы (аристократия) болушу мүмкүн;
- ✓ бир адам (монархия, монократия же көбүнчө диктатура);
- ✓ эч ким (анархия).

Анархияны эске албаганда, мына ушул формалардын ар бири унитардык мамлекеттерде да, федерациялык мамлекеттерде да кезигиши мүмкүн.

Борбордук Азиядагы монархиялар

Бухара эмиратын чексиз бийлиги бар эмир башкарган. Ошол кезде анын бийлигин чектөөчү мыйзам чыгара алгыдай парламент болгон эмес.

Борбордук Азиянын тарыхынан дагы кандай мисалдарды эске түшүрө аласыңар?

3.1 Монархиялар жана монократиялар

Монархия – саясий бийликтин эң эски формаларынын бири. Мында бийлик бир адамдын колунда болуп, салт боюнча ага бийликти кудайдын өзү берген, ал бир гана кудайдын алдында жооп берет деп эсептелет. Монархтарды эл шайлабайт, алар же элита тарабынан шайланат,

[1] *Децентрализация – борбордук бийлик органдарынын башкаруу ыйгарымдарын жергиликтүү органдарга өткөрүп берүү.*

же өздөрү бийликти күч менен алышат. Кийин бийлик такты мураска калтыруунун катаал эрежелерине ылайык алардын укум-тукумуна калат.

Азыркы күндө көпчүлүк монархтар саясий бийликке ээ эмес, алардын ролу негизинен ар кандай аземдерге катышуу менен гана чектелет. Мисалы, Улуу Британияда монархтын (королеванын) бийлиги мыйзам менен чектелген, андыктан мындай система конституциялык монархия деп аталат. Бирок көп учурларда король, мисалы, Таиландда болгон сыяктуу, өз өлкөсүнө мыйзам аркылуу эмес, өзүнүн инсандык кадыр-баркы менен таасир тийгизиши мүмкүн. Таиланд дагы, Улуу Британия да бир эле учурда монархиялык дагы, демократиялык да өлкө болуп саналат.

Шайланган мамлекет башчылары, колунда зор бийлик турса да, чындыгында эч качан король деп эсептелбейт. Көптөгөн шайланган президенттер, ошондой эле премьер-министрлер абдан чоң бийликке ээ болуп, аны кеңири колдоно алышат. Мисалы, өлкөнү түп-тамырынан бери өзгөртүүчү реформаларды жүргүзүү үчүн азыркы Украина менен Россияда мамлекет башчылары парламенттик колдоону талап кылбаган указдарды берүү сыяктуу өлкөнү башкаруу формасын колдонушат. Бирок бул мамлекеттердин президенттери өлкөнүн Конституциясына ылайык демократиялык түрдө жалпы элдик добуш берүү менен шайлангандыктан жана мыйзамга ылайык демократиялуу иш жүргүзгөндүктөн, аларды монархтар дегенге болбойт. Монархтар эч качан шайланышпайт. Ал эми *монократия* башка кеп, мында мамлекеттик бийликке шайлоо жолу менен (мында алдамчылык да болушу мүмкүн) келген бир адам жалгыз өзү башкарат да, иш жүзүндө диктатор болуп калат. Буга мисал катары Индонезиянын мурунку президенти Сухартону, ошондой эле Заирдин (азыркы Конго) мурунку президенти Мобуту сыяктуу Африка өлкөлөрүндөгү көптөгөн башкаруучуларды атоого болот.

Сухарто

3.2 Олигархия

Олигархия – бул өлкөнү өзгөчө артыкчылыктарга ээ болгон адамдардын тобу башкарган жана өз катарынан өлкө башчысын шайлаган мамлекеттик бийликтин түзүлүшү. Мамлекеттик башкаруунун мындай формасы индустриалдык (өнөр жай, илим жана техника абдан өнүккөн) мезгилге чейин абдан кеңири таралган. Мында мамлекетти коомдун эң жогорку катмарынан чыккан бир ууч адамдардын тобу башкарат.

3.3 Демократия

Улам барган сайын көпчүлүк кабыл алып жаткан бардык адамдардын сот алдындагы тең укуктуулугун таануу принциби демократиянын өнүгүшүнө абдан зор таасир тийгизген. Джон Локк сыяктуу англис философтору монархиялык бийликке шек келтирип, ушул принципти адамдардын жана аларды башкарган өкүмдарлардын ортосундагы мамилеге да колдонууга болбойбу деп суроо койгон. Суроо мындай эле: «Королдун башкарууга кандай укугу бар?» Бул королдордун «ыйык укук» боюнча башкаруу идеясынын кадырынын кетишине алып келди. Анын ордуна биздин ар бирибиз, каалагандай башка адам сыяктуу эле, өзүбүздү башкарганга укуктуубуз деген тендик идеясы пайда болду. Өз алдынча башкаруу идеясы өз кезегинде демократиялык башкарууга алып келди.

Демократиянын негизги идеясы – бул элдин өзүн-өзү башкарышы. Бирок кээде көпчүлүктүн башкарышы же көпчүлүк добушка ээ болуу демократиялык коомдо чечим кабыл алууну мыйзамдаштырат деп жаңылыш түшүнүшөт. Бул анча туура эмес. Көптөгөн демократиялык өлкөлөрдө адамдардын шайлоодо добуш берүү аркылуу башкалардын укуктарына шек келтиришине чек коюлат жана ошентип жеке адамдын укуктары да корголот. Мисалы, калктын этникалык көпчүлүгү азчылыкты сөз укугунан ажыратып коюу үчүн добуш бере албайт.

Демократияга аныктама берүүдө кыйынчылык туудурган дагы бир маселе – бул «элдик башкаруу» деген эмне экенин аныктоо. Бул үчүн биз төмөнкүлөргө токтолушубуз керек:

- ✧ Эл деген ким?
- ✧ Бул түшүнүккө ар бир адам киреби?
- ✧ Өлкө үчүн эмне жакшы экенин айрым адамдар башкалардан мыкты билеби? (же «жалпы жыргалчылык» дегенди жакшыраак түшүнөбү?)

- ✧ Мунун мааниси болушу керекпи?
- ✧ Элдин белгилүү бир бөлүгү гана добуш берүүгө катышса, анда «өзүн-өзү башкаруу» деген эмне?
- ✧ Элдин калган бөлүгү өзүн-өзү «башкарат» деп айта алабызбы?
- ✧ Силер добушуңарды берген талапкер же тарап шайлоодо утулуп калса, силер өзүбүздү өзүбүз башкарып жатабыз деп айта аласыңарбы?

Бул маанилүү суроолорго тарыхта ар кандай жооптор берилип келген. Бул жерде бир нерсени эске алуу керек: «демократиялык» деп аталган системалардын көпчүлүгүндө өз кызыкчылыктарына түздөн түз тиешеси бар мыйзамдын кабыл алынышына ар бир адам катышкан түз демократия иш жүзүндө колдонулбайт. Бул калктын санынын өтө көптүгү, кабыл алына турган чечимдердин да көптүгү жана татаалдыгы менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан демократиялык өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө шайлоочулар алардын кызыкчылыктарын коргой турган адамдарды шайлаган өкүлдүк демократия колдонулат.

4.0 Демократиялык мамлекеттердин түрлөрү

Мамлекет демократиялык же демократиялык эмес экенин кантип аныктоого болот? Мындан тышкары, бир мамлекеттин экинчи бир мамлекетке караганда демократиялуураак экенин кантип билебиз?

Мамлекеттин ички *механизмдерин*[1], бул механизмдер демократиялык нормаларды жана адам укуктарын канчалык деңгээлде камсыз кылып, жарандардын өз иштери менен эркин алектенүүсүнө жана мамлекеттик бийлик органдарын көзөмөлгө алышына мүмкүнчүлүк берерин билгенде гана мамлекеттеги демократиянын деңгээлин аныктоого болот.



Ар өлкөнүн демократиялык системасы ар кандай болгону менен, системанын демократиялык деп эсептелиши үчүн зарыл болгон белгилүү бир принциптер жана нормалар бар. Буга төмөнкүлөр кирет:

- ¤ *Элдин эгемендүүлүгү.* Чыныгы демократиялык мамлекетте эл жогорку бийликтин бирден-бир ээси болот да, ал бул бийликти өз өкүлдөрүн шайлоо аркылуу жүзөгө ашырат.
- ¤ *Шайлоону өз мезгилинде өткөрүп туруу.* Жогорку бийликти колдонуп, эл өз өкүлдөрүн көбүнчө өлкө конституциясында белгиленген мөөнөткө гана шайлайт.
- ¤ *Көпчүлүктүн башкаруусунун азчылыктын корголушу менен шайкеш келиши.* Шайлоолор канчалык тез-тез жана адилеттүү түрдө өткөрүлүп, бийликтин шайланууучу органдары алмашып турганы менен, азчылыкка карата дискриминациялык иш-чаралар көрүлө турган болсо, бул режимди демократиялык деп айтууга болбойт.
- ¤ *Мамлекеттик башкаруу иштерине катышуудагы жарандардын теңдиги.* Бул принцип партиялар менен бирикмелерди түзүү эркиндигине, ар кандай коомдук маалыматтарды алуу жана мамлекеттик жогорку бийлик үчүн атаандаш күрөшкө катышуу укугуна негизделет.
- ¤ *Бийликти бөлүштүрүү.* Мамлекеттик бийлик белгилүү даражада көз карандысыздыгын сактап, ошол эле учурда бири-бирин токтото алгыдай кылып бийликтин өзүнчө бутактарынын ортосунда теңдештирилип бөлүштүрүлүшү керек. Мисалы, АКШда саясий бийлик эки палатанын (Конгресс менен Сенаттын), сот системасынын, президенттин жана анын администрациясынын ортосунда бөлүштүрүлгөн.
- ¤ *Адам укуктарынын жалпы декларациясын жактоо.* Бул принципти «Адам мамлекет үчүн эмес, мамлекет адам үчүн» деп түшүнсө болот. Бул калктын жалпы муктаждыктары мамлекеттикинен маанилүүрөөк дегенди билдирет.
- ¤ *Теңчилик принциби.* Теңчиликтин эки түрү бар: мыйзам алдындагы теңчилик жана сот системасынын алдындагы теңчилик. Кээ бир өлкөлөрдө жарандар мыйзам боюнча тең укуктуу эсептелет, бирок соттор аларга бирдей карабайт.
- ¤ *Өзүнүн саясий жана экономикалык статусун өзгөртүү укугундагы теңчилик.* Жарандардын өз көз караштарын жана саясий органдардагы өздөрүнүн статусун

[1]*Механизм – кандайдыр бир ишмердик түрүнүн же процесстин тартибин аныктоочу система, түзүлүш.*

өзгөртүү укугу болууга тийиш. Бул, мисалы, шайлоодо өз талапкерлигин көрсөтүүнү билдириши мүмкүн. Ошондой эле жарандардын экономикалык укуктары корголгон болушу керек.

Кээ бир өлкөлөр башкаларга караганда демократиялуураак болот. Эгерде бир демократиялык өлкөнү башка бир ушундай өлкө менен салыштыргыбыз келсе, анда биз «Саясий жана экономикалык укуктардын карым-катышы» деген баптагы көрсөткүчтөрдүн тизмесин пайдаланышыбыз керек.

5.0 Эмне үчүн өлкөлөр демократиялык системаларды тандап алышат?

XX кылымда мамлекеттер өздөрүнүн саясий структураларын кайрадан түзүп, демократиялык мамлекетке айланган үч мезгил болгон. Биринчи мезгил XX кылымдын башына туура келет. Бул мезгилдин ичинде 29 демократиялык өлкө пайда болгон. Фашизмдин жана Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепетинен алардын саны 12ге чейин кыскарган. Экинчи мезгил 1950-70-жылдарды камтып, мында демократиялык мамлекеттердин саны 36га жеткен. 1980-90-жылдарды камтыган үчүнчү мезгилде демократиялык мамлекеттердин саны эки эсеге көбөйгөн. 1993-жылы дүйнө жүзүндө 99 көз каранды эмес демократиялык мамлекет болгон. Адам укуктарын активдүү коргогон принциптерге таянган стабилдүү демократиялык өлкөлөрдүн саны бир топ аз болгону менен, дүйнөлүк жалпы *тенденциядан* (өнүгүү, өзгөрүү багытынан) улам адам укугун коргоого көбүрөөк көңүл бөлгөн туруктуу демократиялык мамлекеттердин саны артууда (көбөйүүдө) деп айтууга болот.

Эл бийлиги
АКШнын экинчи президенти (1797-1801) Жон Адамс атаандашынан БИР гана добуш ашыкча алуу менен шайланган.

Демократиялык системалар табиятынан туруктуу келет, анткени алардагы чечим кабыл алуу *компромисстерди* иштеп чыгуу (тил табышуу) жана консенсуска жетишүү маданиятына негизделет. Кризис болгон учурларда мөөнөтүнөн эрте өткөрүлгөн шайлоолор менен өтө курч, талаш маселелерге арналган референдумдар жай жүргөн алгылыктуу өзгөрүүлөргө алып келет.

Демократия чыгармачыл, эмгекчил адамдарга түрткү берет, ал эми мунун өзү өлкө үчүн пайдалуу болот. Ошондуктан дүйнөдөгү эң бай 25 өлкөнүн демократиялык мамлекет экени кокусунан эмес.

6.0 Мамлекеттик бийликтердин демократиялык түзүлүшү эмне менен мүнөздөлөт?

Өлкөнүн демократиялык бийликтери мамлекетти башкарууга өз жарандарын тартуу үчүн көптөгөн ыкмаларды колдонушат. Буга, өздөрүн демократиялык деп атаганы менен, эң негизги адам укуктарын сактабаган мамлекеттер да кирет.

«Демократияда ким башкарат?» деген суроого токтолсок, анда легитимдүүлүк талабына ылайык эл бийликтин *туткасы* (ээси), ал эми өкмөт чиновниктери элдин кызматчылары болорун көрөбүз. Чоң өлкөлөрдө эл эч качан түздөн түз башкара албайт деген да чын, бирок мамлекетти башкарууга эл салыштырмалуу түрдө көбүрөөк катышкан өлкөлөр да бар. Мамлекеттик иштерге адамдар канчалык көп тартылса, мамлекет ошончолук демократиялуу болот. Айрымдар коомдук жана мамлекеттик башкарууга жарандардын активдүү катышуусун талап кылган мамлекет начар болот, эффективдүү иштей албайт, андыктан өз жарандарын коргой албайт деп жаңылыш ойлошот.

Совет доорунда жашаган адамдар мамлекет дээрлик бардык иштерди көзөмөлдөп тургандыгын, ошондой эле саясий көз караш эркиндиги жана режимге каршы болуу эркиндиги өтө чектелгендигин билишкен. Алар мамлекеттин экономикалык түзүлүшүндө, өнүгүүнүн негизги багыттарынын белгиленишинде жана мамлекеттик ресурстарды башкарууда олуттуу кемчиликтер бар экенин да билишчү. Бирок, жарандар деп эсептелгенине карабай, мамлекеттик башкаруунун жогорку органдарына сын айтыла турган учурларда алардын эч нерсе өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Тилекке каршы, азыркы *постсоветтик* (совет доорунан кийинки мезгилдеги) көп мамлекеттерде мыйзам үстөмдүгү сыяктуу чөйрөлөрдө, айрыкча укук тартибин камсыздоодо, абдан олуттуу кемчиликтер кезигет. Кээ бир өлкөлөрдө жергиликтүү мафиянын бийлиги коррупцияны пайда кылып, коопсуздукка шек келтирүүдө. (*Мафия* – өкмөт адамдары менен байланышкан зордук, коркутуу методдорун колдонуучу жашыруун кылмыштуу уюм). А чындыгында демократиялуу мамлекет жеке адамдардын укуктарын коргоп, мыйзамдар катуу сакталышын камсыздоого тийиш.

Эгер демократия ойдогудай иштесе, анда:

- Тиранияга же бир адамдын бийликти башкаларга каршы кыянаттык менен пайдаланышына жол берилбейт.
- Негизги укуктар – саясий жана жарандык эркиндик, ошондой эле жеке менчик укугу сакталат.
- Адамдар каалагандай көчүп жүрүүгө укуктуу (башкаларга зыяны тийбесе).
- Өзүн-өзү билүү принциби ишке ашат, мында жарандар өзүн-өзү башкарат.

Гариева З., Базарбаева А., Ногойбаева Б., 3-орун, Бишкек ш., 2002-ж[1].

- Моралдык *автономия* (өз алдынчалык) болот, башкача айтканда адамдар жасаган иштерине өздөрү жооп берет.
- Адамдардын өнүгүүсүнө жана өзүн-өзү көрсөтүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлөт.
- Саясий теңдик сакталат.

Бирок демократиянын эң негизги артыкчылыгы – ал көз караштардын, уюмдардын ар түрдүүлүгүнө жана тынч жагдайдагы талаш-тартыштарга жол берет. «Жеңишке согуш эмес, шайлоо аркылуу жеткен артык» – бул демократиянын негизги урааны.

7.0 Эл аралык уюмдар

Эл аралык уюмдар да кыйла зор бийликке ээ. Алардын айрымдары мамлекеттердин өкүлдөрүнөн турат. Бирок ал мамлекеттер ушул уюмдар жар салган принциптерди сакташы да, сактабашы да мүмкүн. *Резолюцияга* (талкуулоонун негизинде кабыл алынган токтомдорго), макулдашууга же келишимдерге мамлекеттин кол коюшу алар сөзсүз түрдө сакталат дегенди билдирбейт. Демократиялык институт болуп саналган Бириккен Улуттар Уюмун (БУУ) эл аралык саясий уюмдардын эң белгилүүсү десе болчудай. БУУга дүйнөдөгү дээрлик бардык өлкөлөр кирсе да, көпчүлүк учурда ал өз мүчөлөрүнүн (мүчө мамлекеттердин) каалаганын жасоосуна тыюу сала албайт деп сындашат. Чынында эле БУУ кайсы бир өлкөнү согуш баштабоого ынандыруу (көндүрүү) аракетин жасаганы менен, ал аны токтото албайт.

БУУнун негизги функцияларынын бири – мүчө мамлекеттердин өкүлдөрүнүн жалпы маселелерди талкуулоого катышуусуна шарт түзүү. Кээде мындай талкуулар конфликттерди ого бетер ырбатат (курчутат). БУУнун негизги иши милдеттүү түрдө жүзөгө ашырылбай турган резолюцияларды кабыл алуу болуп саналат. БУУ дүйнө жүзүндө өзүнүн атайын *агенттиктеринин*[2] аткарган иштери менен таанымал, буга мисал катары Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмун, Эл аралык эмгек уюмун, Дүйнөлүк тамак-аш программасын жана башкаларды келтирүүгө болот.

Өлкөлөр ошондой эле соода же коопсуздук сыяктуу белгилүү бир маселелер боюнча да атайын уюмдарды, бирикмелерди түзүүнү чечиши мүмкүн. Борбордук Азия республикалары бүт кирген Көз Карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги буга мисал боло алат.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

1-бөлүм. Саясий бийлик

03-тапшырма. Бийликтин ар башка түрлөрү

1. Бийлик жөнүндөгү төмөнкү ырастоолорду шеригиңер менен карап чыгып, аларды эң күчтүү бийликтен (1) эң начар бийликке (7) карай кеткен тартипте жайгаштыргыла.

[1] ***Бул сүрөттү*** *«Сорос-Кыргызстан» фондунун колдоосу менен «Өнүгүү боюнча улуттук кеңеш» коомдук бирикмеси өткөргөн «Демократия жана жаштар» аттуу коомдук-саясий плакаттардын республикалык конкурсунун катышуучулары тарткан.*

[2] ***Агенттик*** *– бул мекемелердин же жеке адамдардын тапшырмаларын аткаруучу уюм.*

№	Ырастоо	Күчтүүлүк даражасы
1.	Башка бирөөгө бир нерсе жаса деп буюруу, жасабаса күч колдонуу. Мисалы, бирөөгө бир нерсе кыл десеңер, ал айтканыңарды аткарат, себеби тил албаса таяк жеп каларын билет.	
2.	Башка бирөөгө бир нерсе жаса деп буюруп, бирок ал аткарбаса эч нерсе кылбоо. Бирөөгө бир жумушту тапшырсаңар, силердин жазалабай турганыңарды билгендиктен, аткарбай коет.	
3.	Бирөөгө бир иш аткарууну буюруп, аткарбаса аны менен кызматташпай коюу. Мисалы, «карыздарыңды төлө, болбосо сага эч нерсе сатпайм», – дейсиңер.	
4.	Бирөөгө бир нерсе жаса деп буюруп, ал укпай койсо топтун мүчөлүгүнөн чыгаруу. Силер бирөөгө оюн эрежелерин сакта деп буюруп, мындан ары дагы буза турган болсо ал футбол клубунан чыгарыларын эскертесиңер.	
5.	Бирөөгө бир нерсе жаса деп буюруп, аткарбаса сот аркылуу жазалоо. Силер бирөөдөн өзү кол койгон контракттын шарттарын сактоону талап кыласыңар да, көнбөй койсо сотко бересиңерди эскертесиңер.	
6.	Бирөөгө бир нерсе жаса деп буюруп, аткарбаса кайсы бир артыкчылыктарынан ажыратуу. Силер ининерге дайыма кечиге бергенди токтот, болбосо досторуң менен сейилдеп келгенге жибербей коем дейсиңер.	
7.	Бирөөгө бир нерсе жасоону буюруп, аткарбаса экономикалык чара көрүү (санкция жасоо). Видеопрокаттын кожоюну видеофильмди бир жума кечиктирип кайра бергениңер үчүн силерге айып (штраф) салат.	

2. Төмөндөгү маселени талкуулагыла:

Төмөндөгү кырдаалдарда бийликтин кайсы түрү көбүрөөк колдонулушу мүмкүн:

а) окуучулардын окуучуларга жүргүзгөн бийлиги (б.а. окуучулардын бири-бирине өздөрү каалаганды жасатууга мажбурлашына жол коюу керекпи?);
б) ата-энелердин балдарына жүргүзгөн;
в) жергиликтүү бийлик органдарынын жарандарга жүргүзгөн;
г) борбордук бийлик органдарынын жарандарга жүргүзгөн;
д) эл аралык уюмдардын көзкарандысыз мамлекеттерге жүргүзгөн?

04-тапшырма. Бийликтин түрдүү формаларынын биздин турмушка тийгизген таасири

Алкакта берилген текстти окуп чыккыла.

Бийлик ыйгарымдары

Биз күн сайын турмуштук маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алабыз. Бирок чечимдерди кабыл алуу процесси биздин турмушубузга таасир этүүчү бийлик системаларынын аракеттерине дуушар болот. Адептик принциптер, жергиликтүү жана улуттук мыйзамдар, маданий же диний салттар жана үй-бүлөлүк үрп-адаттар бийлик системаларына мисал боло алат.

Бийликке карата берилүүчү маанилүү суроолор төмөнкүлөр:

1. Бийлик кайдан келип чыгат? (Мисалы, биздин өлкөдө мыйзамдарды кимдер кабыл алат? Көпчүлүк өлкөлөрдө адамдар мыйзамдарды кабыл алып же четке кага турган өкүлдөрдү шайлашат).
2. Мамлекеттик бийликтин талаптарынын ишке ашырылышына ким жооп берет жана мында ыйгарымдар кимге берилет? Башкача айтканда, мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү кимдер болот? (Мисалы, ата-энелериңер үй-бүлөлүк салт-санааны аткарууга силерди мажбурлайт).
3. Мамлекеттик бийлик өкүлү кандай ыйгарымдарга ээ? (Эгерде уурулук кылсаңар, милиция силерди түрмөгө камашы мүмкүн).

Коом мамлекеттик бийлик системасы болмоюнча жашай албайт. Бирок бул система адамдар мамлекеттик бийликтин болушуна жана анын ыйгарымдарына макул болгондо гана жакшы иштейт.

1. Кечээтен бери эмне кылганыңар жөнүндө ойлонуп көргүлө.
2. Тигил же бул иш-аракетти эмне үчүн ошондой жасадыңар? Силер адептик принциптерге, мыйзамдарга, маданий же диний салттарга, үй-бүлөдөгү үрп-адатка жараша же өзүңөр каалагандыктан ушундай кылдыңарбы?
3. Төмөндөгү таблицаны дептериңерге көчүрүп, толтургула. Өзүңөрдүн иш-аракетиңерди аны тандап алууга түрткү берген бийликтин тушуна жазгыла. Силер үчүн мында бир нече мисалдар берилген. Эсиңерде болсун: айрым иш-аракеттер бир нече бөлүмдөргө туура келиши мүмкүн.

Адептик принциптер	Мыйзам	Жекече каалоо	Үй-бүлөлүк үрп-адат	Маданий каада-салт
Атамдын тилин алып, китептерди ал айткандай иретте койдум.	Жашыл жарык күйгөндө жолдон өттүм.	Өзүмдүн аудиокассетала-рымды уктум.	Кечки саат 5те тамактандым.	Үйгө кирерде бут кийимимди чечтим

4. Шериңер менен төмөнкү суроолорду талкуулагыла:
   - «Адептик принциптер» бөлүмүндөгү ар бир иш-аракетти карап чыгып, бул принциптин мааниси эмнеде экениндигин түшүндүргүлө. Мисалы: «Сен атаңдын айтканын аткарышың керек».
   - Бийлик формаларынын ар биринде кайсы иш-аракет алгылыктуу, кайсынысы алгылыктуу эмес деп ким чече тургандыгын түшүндүрүп бергиле.

05-тапшырма. Бийлик жана/же анын мыйзамдуулугу (легитимдүүлүгү) эмнеден келип чыгат?

Шериңер менен мамлекеттик бийликтин формаларынын тизмесин карап чыккыла. Мыйзамдуулук тибин же бийликти алуу ыкмасын башкаруу формасы менен дал келтиргиле. (Айрым учурларда мамлекеттик бийлик күчтүү болгону менен, легитимдүүлүгү жок болот).

Башкаруу формасы	Ал бийликке жана/же мыйзамдуулукка кандайча ээ болот?
1. Демократиялык президенттик республика 2. Абсолюттук (чексиз) монархия 3. Теократия 4. Диктатура 5. Олигархия 6. Конституциялык монархия	а) Мураска калган титулу (наамы) бар өкүмдар бийликти атадан балага, укумдан тукумга калтыруучу салт боюнча. Адатта мындай бийликти чектей турган парламент болбойт. б) Бай адамдардын же кандай мүлкү бар экендигине жана эмнени көзөмөлдөгөнүнө карай саясий укугу бар белгилүү бир таптын адамдарынын гана макулдугу менен. в) Адамдын же адамдар тобунун мажбурлоо же зомбулук менен бийликке ээ болуусу жана аны пайдалануусу. г) Бийлик эл шайлаган өкүлдөр түзгөн эрежелер системасы аркылуу легитимдүү болуп калат. Бул эрежелер өкүмдардын иш-аракеттерин чектейт. Өкүмдарды эл шайлабайт. д) Адамдардын макулдугу. Адамдар шайланган жетекчиге ушундай бийлик берүүгө макул болушат. Алар өздөрүнүн макулдугун жетекчиге добуш берүү аркылуу билдиришет. е) Диний лидердин же диний органдын бийлиги, ал диний салттарга жана адамдардын жетекчилерди кудай тандайт деген ишенимине негизделет.

06-тапшырма. Оң жана терс жактары

Ар бир системанын кандай артыкчылыктары жана кемчиликтери бар? Мыйзамдуулук принциби кандайча иштей тургандыгы жөнүндө көбүрөөк ойлонгула. Бул ишти шериңер менен аткаргыла. Силер үчүн кээ бир мисалдар келтирилди.

Артыкчылыктары	Кемчиликтери
Демократия	Демократия
Монархия	Монархия *Өкүмдар мыйзамдарды өзү каалагандай өзгөртүшү мүмкүн.*
Теократия	Теократия
Диктатура	Диктатура *Жаман өкүмдарды кызматынан кетирүү кыйын.*

07-тапшырма. Эл аралык күчтөр

Шеригиңер менен эл аралык уюмдун аталышын анын функциялары менен дал келтиргиле.

Эл аралык уюм	Уюм эмне кылат?
1. БУУ 2. БУУнун Качкындар боюнча жогорку комиссариатынын башкармасы 3. ОБСЕ 4. ЮНИСЕФ 5. АСЕАН 6. Европа Союзу 7. Дүйнөлүк банк 8. Дүйнөлүк соода уюму 9. КМШ	а) Мурда СССРге кирген өлкөлөрдүн тобу. б) Бул уюмга бардык өлкөлөр кирип, ар бир өлкө добушка ээ болот. Уюм Нью-Йоркто жайгашкан. в) Бул уюм балдар менен аялдарды коргоого жана аларга жардам берүүгө аракет кылат. г) Европа өлкөлөрүнүн бул уюму ага мүчө болгон жана катышкан өлкөлөр ортосундагы мамилелерди жана эркин базарды өнүктүрүүгө жардам берүүгө аракет кылат. д) Мамлекеттердин өнүгүшү үчүн проценти төмөн карыз акча берет. е) Бул уюм өз өлкөсүнөн качууга мажбур болгон адамдарга жардам берет (анткени алар өз өлкөлөрүндө калышса, өлүмгө дуушар болушу мүмкүн). ж) Бул уюм Европада жана ага жакын жайгашкан өлкөлөрдө саясий туруктуулукту жана демократияны сактоого аракет кылат . з) Бул Япония, Таиланд, Малайзия жана Вьетнам сыяктуу өлкөлөрдүн экономикалык уюму. и) Бул уюм өлкөлөргө товарларды бири-биринен эркин сатып алууга жана сатууга жардам берет.

08-тапшырма. Эл аралык уюмдардын бийлиги

Эл аралык уюмдар өлкөнү башкаруу ыкмасын өзгөртүшү үчүн өкмөткө кысым көрсөтө алат. Мисалы, убагында БУУга кирген өлкөлөр Түштүк Африканын бардык адамдарына добуш берүү укугу берилмейинче аны менен соода жүргүзүүдөн баш тарткан.

1. Шеригиңер менен эл аралык уюмдар өкмөттү саясатын өзгөртүүгө мажбурлаганына дагы эки мисал жазгыла.
2. Шеригиңер менен эл аралык уюмдар, силердин оюңар боюнча, өкмөттү саясатын өзгөртүүгө мажбурлай ала турган жагдайды баяндап бергиле.

2-бөлүк. Демократия

09-тапшырма. Демократия деген эмне?

Төмөндө келтирилген тизмени карагыла. Шеригиңер менен адегенде демократиялык система кандайча иштээрин сыпаттаган ойлорду белгилеп чыккыла (✓). (Булардын айрымдары демократиялуу эмес). Анан 3-4 төн болуп иштеп, демократиянын өзүңөр эң маанилүү деген алты принцибин тандап алгыла.

№	Демократиянын принциптериби?	Ооба/жок	Эң маанилүүсү
1.	Адамдар добуш берүүгө каалагандай тез-тез катыша алышат.		
2.	Адамдар өз өкүлдөрүн алмаштыра алышат.		
3.	Адамдар мезгил-мезгили менен өздөрүнүн лидерлери кимдер болору тууралуу чечим кабыл ала алышат.		
4.	Эң төмөнкү жаш курагы жана жарандык добуш берүүгө катышуу үчүн бирден-бир шарт болуп эсептелет.		
5.	Шайлоо күн ачык күндөрү гана өтүүгө тийиш.		
6.	Талапкер аялдар болушу керек.		
7.	Бардык талапкерлер окуй алууга тийиш.		
8.	Кызыккан адамдар добуш берүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзө алышат, бирок ким кандай добуш бергенин кароого акысы жок.		
9.	Эки палаталуу парламент болууга тийиш.		
10.	Шайлоо жашыруун добуш берүү жолу менен өткөрүлөт.		
11.	Кызыккан адамдардын баары добуштарды санооого жана жыйынтык чыгарууга байкоо жүргүзө алышат.		
12.	Жарандар бардык чечимдер үчүн добуш берсе, шайлоо демократиялуу болот.		
13.	Талапкерлер бирден көп болууга тийиш.		
14.	Бай адам гана президент боло алат.		
15.	Бюллетендерде талапкердин өмүр баяны жана сүрөтү болууга тийиш.		
16.	Бюллетендерде шайлоочу бардык талапкерлерге каршы добуш бере ала турган пункт болууга тийиш.		
17.	Талапкер белгилүү бир жаш курагынан улуу болууга тийиш.		
18.	Саясий партиялар катталууга тийиш.		

10-тапшырма. Төмөнкү сунуштар демократиялуу жана жөндүүбү?

Шеригиңер менен төмөндө сунуш кылынган мыйзам *долбоорлорун*[1] карап чыккыла да, аларга демократиялуулугу боюнча баа бергиле. Беш упайлык системаны пайдалангыла, анда 0 – мыйзам долбоору жөндүү эмес болсо да, демократиялуу экенин, 1 – абдан демократиялуулугун, 3 – орточо экенин, 4 – демократиялуу эмес экенин, 5 – таптакыр демократиялуу эмес экенин билдирет.

№	Мыйзам долбоору	Баа
1.	Бардык судьяларды президент дайындайт.	
2.	Добуш берүү ар бир добуш берилгенден кийин текшерилип турат.	
3.	Жергиликтүү администрациялардагы бардык кызматкерлер шайланат.	
4.	Студенттер өздөрүнүн окутуучулары үчүн добуш беришет.	
5.	Менчик ээлери гана добуш берүү укугуна ээ болушат.	
6.	Коомчулук өз врачтарын өздөрү шайлайт.	
7.	Массалык маалымат каражаттарын жалаа жапканы үчүн сот жообуна тартууга мүмкүндүк берген мыйзамдар киргизилет.	
8.	Жаңы үйлөргө 20% салык киргизилет.	
9.	Парламент өкүлдөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен президент кызматынан четтетилиши мүмкүн.	
10.	18 жаштан улуу курактагы бардык адамдар дайым сүрөтү бар өздүк күбөлүгүн ала жүрүүгө милдеттүү .	
11.	Талапкерлер катталгандыгы үчүн жылдык орточо кирешесинин 50%ин төлөөгө милдеттүү.	
12.	Эгерде көпчүлүк бул үчүн добуш берсе, кээ бир саны аз этносторго эмгек акы аз төлөнөт.	
13.	Көп талапкерлер болот, бирок алар бир гана партиядан көрсөтүлөт.	
14.	Саясий партияларга тыюу салынат. Бардык талапкерлер көз каранды эмес болууга тийиш.	
15.	Эң көп дегенде 10 саясий партия болууга тийиш.	
16.	Парламент мүчөлөрү мыйзамды буза алышат, буга сот кирише албайт.	

[1] *Долбоор – кайсы бир документтин талкуу, бекитүү үчүн көрсөтүлгөн алгачкы тексти, орусча – «проект».*

11-тапшырма. Өзүңөр канчалык деңгээлде демократиялуусуңар?

Биринчи кадам:

Жекече иштеп төмөнкү ойлорго канчалык макул болгонуңарга же макул болбогонуңарга жараша упай бергиле.



№	Ой-пикирлер	Упай
0.	Газеталарга жакшы жаңылыктар гана чыгууга тийиш.	4
1.	Мен досторума эмне кылууга тийиш экенибизди айтам да, каршы пикирлерди укпайм.	
2.	Менин ар кандай улуттагы дос балдарым жана дос кыздарым бар, мен алардын баарына бирдей мамиле жасайм.	
3.	Жаш туугандарыма караганда тажрыйбам чоң болсо да, алардын интеллектин урматтайм.	
4.	Жөн эле буйруктарга баш ийип жүрсөк, турмуш алда канча жөнөкөй болор эле.	
5.	Аялдардын мүмкүнчүлүктөрү эркектердики менен тең болууга тийиш деп ойлойм.	
6.	Бардык чечимдер боюнча добуш берүү керек деп эсептейм.	
7.	Эгер кимдир бирөө мени катуу кордосо, ага каршы анча-мынча күч колдонууга болот.	
8.	Мен өз пикиримди ачык айтпайм, анткени аны анча маанилүү эмес деп эсептейм.	
9.	Акчасы көп адамдар – турмушунда ийгиликке жетишкендер, ошондуктан алар гана добуш берүү укугуна эгедер.	
10.	Англис тили – дүйнөдөгү эң мыкты тил.	
11.	Мыйзамдан эч ким жогору турбашы керек.	
12.	Эгерде чечим эркин жана адил добуш берүү менен кабыл алынса, мен анын натыйжаларына макул болом.	
13.	Менимче, эркиндик чечим кабыл алууга укуктуулук, ошондой эле анын натыйжалары үчүн жооп бере билүү дегенди билдирет.	
14.	Жакшы жетекчи адамдарга бардык нерселерди бере алат жана алар үчүн толугу менен жооп берет.	
15.	Кайсы мыйзамдарга баш ийип, кайсы мыйзамдарга баш ийбөөнү биз өзүбүз добуш берүү менен чечишибиз керек деп ойлойм.	

Экинчи кадам:

Ар бир пункт үчүн өз упайларыңарды эсептеп чыккыла. Үлгү катары таблицанын № 0 пунктун карагыла.

№	Таблицанын упайлары	Менин упайларым
0	Упайлардын саны: 1 = (билдирет) 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	2
1.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
2.	Упайлардын саны: 1 = 1, 2 = 2, 3 = 3, 4 = 4, 5 = 5	
3.	Упайлардын саны: 1 = 1, 2 = 2, 3 = 3, 4 = 4, 5 = 5	
4.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
5.	Упайлардын саны: 1 = 1, 2 = 2, 3 = 3, 4 = 4, 5 = 5	
6.	Упайлардын саны: 1 = 2, 2 = 1, 3 = 1, 4 = 2, 5 = 2	
7.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
8.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
9.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
10.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
11.	Упайлардын саны: 1 = 1, 2 = 2, 3 = 3, 4 = 4, 5 = 5	
12.	Упайлардын саны: 1 = 1, 2 = 2, 3 = 3, 4 = 4, 5 = 5	
13	Упайлардын саны: 1 = 1, 2 = 2, 3 = 3, 4 = 4, 5 = 5	
14.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
15.	Упайлардын саны: 1 = 5, 2 = 4, 3 = 3, 4 = 2, 5 = 1	
	Бардыгы:	

Үчүнчү кадам:
Упайлардын жалпы санын (№ 0 пунктунун натыйжасы кошулбайт) 15ке бөлгүлө.

- 0 жана 2.0 ортосундагы упай силердин өтө демократиялуу экениңерди билдирет.
- 2.1ден 3.0 чейинки упай силердин бир топ демократиялуу экениңерди билдирет.
- 3.1ден 4.0 чейинки упай силердин демократиялуулугуңардын жетишсиздигин билдирет.
- 4.1ден 5.0 чейинки упай силердин таптакыр демократиялуу эмес экениңерди билдирет.

12-тапшырма. Алар макулбу?

Силерди жакшы тааныгандардан өзүңөрдүн канчалык демократиялуу экендигиңерге тест боюнча баа берүүнү өтүнгүлө. Анын жыйынтыгын өзүңөрдүн жыйынтыгыңар менен салыштыргыла. Алар бирдейби?

13-тапшырма. Кайсы пикир силерге жакын?

Төмөндө бир суроого окуучулар берген жооптор келтирилген. Аны досуңар менен талкуулап чыгып, бул пикирлердин кайсынысы өзүңөрдүкүнө туура келе тургандыгын ойлонуштуруп көргүлө. Эгерде бири да туура келбесе, жекече көз карашыңарды баяндап бергиле. Аны далилдөөгө даяр болгула.

Демократиянын өкүм сүрүүчү сөзсүз түрдө жакшы өкмөттүн болушун билдиреби?

Данияр: *Мен буга таптакыр макул эмесмин. Демократия – бул убакытты бекер коротуу. Ал бай өлкөлөр үчүн жакшы, биз үчүн жарабайт. Кээ бир мамлекеттердин жетекчилери күчтүү, бирок анча демократиялуу эмес болсо да, экономикасы жакшы өнүккөн, өкмөтү да мыкты. Буга мурунку Малави мисал боло алат.*

Бакыт: *Мен мынчалык кескин пикирде эмесмин. Демократиянын бар экендиги сөзсүз эле жакшы өкмөттүн боло тургандыгын билдирбейт, анткени адамдар кийин анча мыкты эмес болуп чыга турган жетекчилер үчүн добуш берип жаңылышы мүмкүн. Филиппинде бир нече жыл мурда эмне болгондугун эле эстеп көрчү. Ошентсе да, адил жана ачык жол менен шайланса, демократия жакшы өкмөттүн болушуна өбөлгө түзөт деп ойлойм.*

Альфия: *Мага баары бир. Адамдар тынчтыкта жашап, тамак-аш жетиштүү болсо, алар кандай мамлекеттик системада жашагандыгы эч кандай мааниге ээ болбойт. Партия дегендер талашып-тартышкандан башканы билишпейт. Мен дегеле эч кандай өкмөт болбосо жакшы болот эле деп ойлойм. Мен тропикалык аралдарда жашагым келет… Жалгыз!*

Тамара: *Сенин оюң туура. Өлкөдө тынчтыктын болушу эң маанилүү, бирок тынчтыкты камсыз кылуу үчүн биздин өкмөт акыл-эстүү принциптерге негизделүүгө тийиш. Демократия дайыма жакшы өкмөттү түзүүгө алып келет деп ойлойм. Демократия канчалык көп болсо, ошончолук жакшы болот. Мен чыныгы демократия бар жерде эң мыкты өкмөт болот деп ойлойм. Демократиялык процесс өтө логикалуу, ал туура чечимдерди кабыл алууга өбөлгө түзөт. Ал адамдарды рационалдуулукка үйрөтөт.*

Марат: *Койсоңорчу! Демократиялык өкмөт дегендер кабыл алып жаткан айрым акылсыз чечимдерди карап көрсөңөр боло. Менин жеке оюмча демократия – бул ар биринин кемчиликтери бар көп варианттардан жакшыраагын тандоо. Мунун эң жаман жери – адамдар көбүнчө өз көмөчүнө күл тартат. Бирок дал мына ушундай эң начар жеринен улам ал бизге керек. Ал биздин сасык саясатчылардан кутулушубузга мүмкүндүк берет.*

Айнура: *Мен демократия добушун кандай колдонууну билген адамдардын добуш берүү укугун камсыз кылса, аны жактайм. Мен добуш берүү укугу байларга гана берилүүгө тийиш, анткени мамлекеттин байлыгын алар түзөт деп жатам.*

14-тапшырма. Силердин оюңар кандай?

Шеригиңер менен төмөнкү маселени талкуулагыла. Өз жообуңарды класска негиздеп берүүгө даяр болгула.

«Эгерде жарандары күндөлүк турмушта демократиялык принциптерди колдонушпаса, мындай өлкөнү чыныгы демократиялык өлкө десек болобу?»

VIII бап

Мыйзам үстөмдүгү

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен ар бир терминге тийиштүү аныктама бергиле.

Термин	Аныктама
1. Референдум	а) Бирдей укукка жана статуска ээ болгондук.
2. Мыйзамдар	б) Мамлекет белгилеген жалпыга милдеттүү жүрүм-турум нормалары.
3. Теңдик	в) Бир нерсенин жактырылышы же расмий уруксат берилиши; бир нерсенин бекитилиши.
4. Ратификация	г) Кийинки окшош учурларды караштырууда үлгү катары колдонулушу мүмкүн болгон иш-аракет же окуя.
5. Прецедент	д) Чиркөөдөн (мечиттен) ажыратылган, бир дагы дин өзгөчө статуска ээ болбой, бардыгы бирдей тең каралган мамлекет.
6. Дүнүйөчүл (светское) мамлекет	е) Жалпы улуттук мааниси бар маселе боюнча өлкөдө бүткүл элдик добуш берүү.

Окуу үчүн текст

Адамдын негизги укуктары сактала турган саясий системаларды иштеп чыгууда адамдар коомду ал прогрессивдүү (алдыңкы, жаңычыл) болгондой жана анда байлыктар жарандарга калыс бөлүштүрүлгөндөй кылып уюштурууга аракеттенишет. Бирок байлыктардын бөлүштүрүлүшү дайыма талаш маселе болгондуктан, адамдарга сөзсүз түрдө мыйзам керек. Мыйзамдар белгилүү бир иш-аракеттерге уруксат берип, башкаларына тыюу салат.

Негизинен мыйзамдардын башаттары төмөнкүлөр болот:

- Эл аралык келишимдер
- Конституциялар
- Күчүндө турган мыйзамдар
- Сот органдарынын белгилүү бир чечимдери
- Жергиликтүү бийлик органдарынын токтомдору
- Үрп-адаттар жана салт
- Коом дөөлөттөрү

Мыйзам үстөмдүгү жалпыга бирдей болушу зарыл; антпесе ал эч кимге тиешеси жок болот.

Адамдар мыйзамдардын бүтүндөй системасын сакташы үчүн ал бардык адамдарга бирдей колдонулушу керек. Биз буга мыйзам талаптары жеке адамдардын талаптарынан жогору турганда, б.а. жеке адам эмес, мыйзам башкарганда гана жетише алабыз. Бул идея «мыйзам үстөмдүгү» деген түшүнүк менен берилет. Бул түшүнүккө биз төмөндөгү аныктаманы берсек болот: эч бир инсан (ким экенине карабастан) мыйзамдан жогору турбайт жана бардык адамдар бирдей эле эрежелерге баш иет. Мыйзам үстөмдүгү коомдогу абалына, улутуна же башка бир себептерге карап жеке адамдарга өзгөчө артыкчылыктардын берилишине жол койбойт. Ал ошондой эле мыйзамдардын бардыгы легитимдүү болушун, башкача айтканда, мурдагы мыйзамдарда белгиленген тартип боюнча ишгелип чыгышын (парламенттик процедуралардан өтүшүн) талап кылат. Мамлекеттеги адам укуктары жана негизги эркиндиктер мыйзам үстөмдүгүсүз жашай албайт. Мыйзам үстөмдүгүсүз атүгүл мамлекеттин өзүнүн жашоосу коркунучта калат, анткени өлкөдө тез эле анархия болуп кетиши мүмкүн.

Ар кандай мамлекетте мыйзам үстөмдүгү принцибинин канчалык жүзөгө ашырылып

жаткандыгы төмөнкү факторлор менен аныкталат:

- Конституция
- Ошол мамлекеттин укуктук салттары
- Жарандардын мыйзам үстөмдүгү принциби маанилүү экендигине ынангандыгы



Кыргыз Республикасынын Конституциясы

1.0 Конституциялар

Ар кандай мамлекеттин конституциясы мамлекеттин түзүлүш принциптерин жана мамлекеттин ар түрдүү бийлик органдарынын карым-катнашын аныктай турган негизги мыйзам болуп саналат. Мына ушуга ылайык ар бир мамлекеттин өзүнчө конституциясы болууга тийиш. Конституцияда ошондой эле мамлекеттин жарандарынын негизги укуктары жана милдеттери белгиленип, анын саясий түзүлүшүнүн принциптери баяндалат. Саясий түзүлүштү баяндоодо конституцияда көп учурда мамлекеттик органдардын ыйгарымдарынын чектери белгиленет (башкача айтканда, мамлекеттин эмнени жасай алары жана эмнени жасай албашы көрсөтүлөт).

Конституция – өлкөнүн эң негизги укуктук документи, анткени конституцияга каршы келген мыйзам эч убакта күчкө ээ боло албайт. Ошондуктан биз конституцияны эң жогорку мыйзам деп айтабыз. Конституция мамлекеттин түзүлүшүн жана анын негизги дөөлөттөрүн аныктоо менен, көп учурда элдин ар кандай маданий жана саясий дөөлөттөрүн чагылдырат. Эгерде бул абдан жакшы түзүлгөн документ болсо, анда ал мамлекетти ички жана тышкы душмандардан коргоодо эң башкы курал болот.

1.1 Бирок мен бул конституцияны кабыл алуу үчүн добуш берген жокмун. Эгер жакпаса, биз аны өзгөртө алабызбы?

Жарандардын конституцияны ратификациялашы маанилүү саясий процесс болуп саналат. Бул адатта алардын шайлаган өкүлдөрү аркылуу жүзөгө ашырылат. Калктын өз турмушун жөнгө салуучу документти түшүнүп, аны колдоосу абдан зарыл. Конституцияны кабыл алуудагы негизги идея – бул конституцияда белгиленген принциптерге ылайык бийлик жүргүзүлгөн шартта өзүн башкарууга элдин макул болушу.

Конституциянын айрым бөлүктөрүн жактырбагандар өлкөдө дайыма болот эмеспи. Бирок, ошондой болсо да, чыныгы демократиялык коом өзүнүн учурга ылайык талаптарын канааттандыруу үчүн эркин, ачык шайлоолорду өткөрүүгө (эгер муну саясий көпчүлүк колдосо) жана конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул өзгөртүүлөр парламент тарабынан же бүткүл элдик референдум өткөрүү аркылуу жасалышы мүмкүн.

Дүйнөдөгү бардык конституциялардын төрттөн үч бөлүгүнөн көбү кабыл алынгандан кийин бара-бара толугу менен өзгөртүлүп кеткен. Адатта конституциялардын жоболору кандайдыр бир убактылуу нерселерге же жарандардын айрым бир бөлүгүнө ылайыктап өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүн болбогондой жазылат. Бирок, ошого карабастан, конституцияны өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк болууга тийиш, анткени ар кандай мамлекеттин максаттары жана дөөлөттөрү мезгилдин өтүшү менен мыйзамдар сыяктуу эле өзгөрүшү мүмкүн. Кээ бир конституциялык түзөтүүлөр анча маанилүү боло бербейт, ал эми айрымдары болсо мурунку Советтер Союзу кыйрагандай саясий системанын толук өзгөрүшүнө алып келиши ыктымал.

Кээ бир өлкөлөрдө конституцияга өзгөртүү киргизилишине жол берилбейт. Бирок көп мамлекеттерде буга жол берилет да, мында төмөндөгүдөй ыкмалар колдонулат:

а) өзгөртүүлөрдү референдум жолу менен киргизүүгө жол бере турган;
б) өзгөртүүлөрдү киргизүүнү кечеңдете турган;
в) сунуш кылынган өзгөртүүлөрдүн экинчи чечим менен ырасталышын талап кылган;
г) өзгөртүүлөрдү билимдүү көпчүлүктүн колдоосу менен



АКШ Конституциясына кол коюу, 1787-ж., 17-сентябрь

гана (мисалы, парламентте) киргизүүнү талап кылган;

д) өзгөртүүлөрдүн төмөн турган жергиликтүү бийликтер тарабынан ырасталышын талап кылган.

Мисалы, штаттардын федерациясы болгон Австралияда конституцияда сунуш кылынган өзгөртүүлөрдүн адегенде мыйзам чыгаруучу орган тарабынан даярдалышы талап кылынат. Андан кийин референдум өткөрүлүп, мында жарандар сунуш кылынган өзгөртүүлөргө макул же макул эмес экенин билдиришет. Конституцияга өзгөртүү киргизүү үчүн өлкөнүн көпчүлүк жарандары жана штаттардын көпчүлүгү добуш бериши керек. (Штаттардын көпчүлүгү дегенибиз – бул алты штаттын ичинен төрт штаттын жарандарынын көпчүлүгү өзгөртүүгө добуш бериши керек деген сөз).

Мындан эки жүз жыл мурун жазылган Америка Кошмо Штаттарынын конституциясы дүйнөдөгү эң эски конституциялардын бири болуп саналат. Азыркы күнгө чейин ага 27 оңдоо киргизилген. Америкалык конституцияга киргизилген негизги өзгөртүүлөрдүн ичинде жарандардын эркиндиктерин кеңейтүүчү, мисалы, караларга, кийинчерээк аялдарга добуш берүү укугу берилген оңдоолор болгон.



АКШнын мамлекеттүүлүгүнүн башкы белгилери

1.2 Жазылган конституциянын тутумундагы бөлүктөр[1]

Демейде жазылган конституцияда төмөндөгүлөрдү камтыган статьялар болот:

а) мамлекеттин өзгөчөлүгү;
б) инсан укуктары;
в) мамлекеттин бийлик ыйгарымдары;
г) конституцияга өзгөртүү киргизүү процесси.

Адатта конституциянын биринчи статьяларында мамлекеттин тиби: анын унитардык же федерациялык, дүнүйөчүл же дүнүйөчүл эмес мамлекет экени аныкталат. (Дүнүйөчүл мамлекетте диний партиялар болушу мүмкүн, бирок мамлекет эч кайсы динди жактап колдогон саясат жүргүзө албай тургандыгын айта кетүү керек).

Андан ары конституцияда адатта жарандардын укуктары жана милдеттери аныкталган статьялар берилет. Конституциялар инсандын эркиндигине так жана бекем гарантия берип, бул гарантия иштеп, жүзөгө ашырылып турушу зор мааниге ээ. Мамлекет конституцияда жазылган кайсы бир укуктарды коргоого иш жүзүндө аракеттенбесе же аракеттенсе дагы алардын корголушу дегеле мүмкүн болбосо, анда бул адамдардын конституцияга ишенбей калышына гана алып келет. Айрым конституцияларда элге медициналык жактан камсыздоо жана социалдык кызматтар сыяктуу ар кыл жыргалчылыктар убада кылынат. Бирок мамлекет мындай укуктарды иш жүзүндө бергиси келбеши (көбүнчө буга каражаты да жок болушу) мүмкүн. Дал ушул себептен улам Украинанын Конституциясында 1995-жылы мындай социалдык кызматтар гарантияланган укуктар катары эмес, каалоодогу максаттар катары жазылган.

Конституцияны даярдоодо аны түзүүчүлөр мамлекеттин бийлик ыйгарымдары менен жарандардын укуктарын теңдештирүүгө тийиш. Ошондой эле мында азчылыктын (мисалы, этникалык чакан топтун) укуктары корголуп, азчылыктын көпчүлүккө өз эркин таануулашына жол берилбеши керек. Көп мамлекеттердин конституциясы бар болгону менен, айрымдары өз

[1] *Бул бөлүмдө «Дүйнөдөгү мини- же макси- конституциялар» деген китептин материалдары пайдаланылды. // Лейн Ян-Эрик. Конституциялар жана саясий теория. Манчестер, Нью-Йорк, Манчестер Юниверсити Пресс, 1996-ж., 110-135-беттер.*

жарандарынын адам укуктарын жана башка укуктарын иш жүзүндө коргобойт. Тескерисинче мамлекеттер өздөрү ушул укуктарды одоно бузушу мүмкүн.

Мамлекеттин негизги ыйгарымдарын аныктоо конституциянын кийинки бөлүмүн түзөт. Мында адатта мамлекеттик бийликти үч бутакка бөлүштүрүү эрежеси колдонулат:

1. Аткаруучу бийлик (өлкөнүн мыйзамдарына ылайык аткаруу жана башкаруу чечимдерин кабыл алуу ыйгарымдары. Ушундай ыйгарымдары бар институт «аткаруучу орган» деп аталат. Көп өлкөлөрдө бийликтин аткаруу органдарына президент жана анын министрлер кабинети кирет).
2. Мыйзам чыгаруучу бийлик (өлкөнүн укук системасынын составдык бөлүгү болуп кала турган мыйзамдарды иштеп чыгуу жана аларды кабыл алуу укугу. Ушундай укукка ээ болгон институт «мыйзам чыгаруучу орган» деп аталат).
3. Сот бийлиги (кылмыш жасады деп айыпталган адамдын мыйзамды бузганын аныктоо, эгер ал күнөөлүү болсо, ага жаза берүү үчүн колдонулат. Сот бийлиги сот системасына берилет).

Конституциянын жоболору адатта мамлекеттик бийликтин бутактары тең болгондой, бийликтин бир бутагынын органдары башка бутактарга өз эркин таңуулай албагандай болуп жазылат.

Адатта аягында конституцияны өзгөртүү боюнча эрежелер келет. Адамдын негизги укуктары мезгилдин өтүшү менен өтө эле өзгөрүп кетпейт, дал ушул себептен бул укуктарды коргоо системасы да өзгөрүлбөй турууга тийиш. Демек конституциялар жана конституциялык нормалардын иштөөсү мамлекеттин кайсы бир кезектеги башчысы каалагандай өзгөртүлө бербеши керек.

Эгерде конституцияны жарандардын башкарууга макулдугун ырастаган жарандар менен мамлекеттер ортосундагы жазуу түрүндөгү келишим десек, анда анын жоболорунун тиешелүү деңгээлде иштелип чыгышына, чечмеленишине, колдоого алынышына жана колдонулушуна көптөгөн адамдар катышууга тийиш. Алардын ичинде төмөнкүлөр болууга тийиш:

а) жарандар;
б) парламенттеги (мыйзам чыгаруу органындагы) эл өкүлдөрү;
в) өкмөт (аткаруу бийлиги);
г) мамлекет башчысы (аткаруу бийлиги);
д) судьялар (сот бийлиги).

1.3 Конституциялар авторитардык мамлекеттерде кантип колдонулат?

Сталин И.В. (1879-1953 жж.)

Мамлекеттердин, негизинен, эки түрү бар:

- жарандар башкарууга өз макулдугун берген, демократиялуу мамлекеттер
- белгилүү бир топ жарандардын макулдугусуз башкарган, авторитардык мамлекет

Авторитардык мамлекеттерде көбүнчө конституция болот. Мында конституция боюнча жетекчилерди шайлоо укугу сыяктуу укуктар жарандарга берилбегендиги ачык эле көрсөтүлүшү мүмкүн. Муну монархиялардан, бир партиялуу системадан же кандайдыр бир диний топ башкарган мамлекеттен жолуктурабыз.

Кээде авторитардык мамлекеттерде дүйнөлүк коомчулукту ишендирүү үчүн жарандардын укуктарын коргоо жарыяланган конституциялар болсо да, күндөлүк турмушта бул укуктар корголбойт. Бул мамлекеттер негизинен Адам укуктарынын жалпы декларациясы сыяктуу документтерди ратификациялашкан, бирок анын жоболорун иш жүзүндө аткарышпайт. Авторитардык мамлекеттерде Конституция көпчүлүк учурда башкаруучу топтун бийлигин мыйзамдаштырып, башка топтордун бул режимге каршы чыгуусуна жол бербейт. Мурунку Советтер Союзунун 1936-нчы жана 1978-жылдардагы конституцияларында жана Кытайдын 1954-үнчү жана 1982-жылдардагы конституцияларында адам укуктарын коргоо, бардык иштердин мыйзамга ылайык жүргүзүлүшү, саясий көз караштардын эркиндиги жана адамдардын жеке турмушуна кийлигишпөө жарыяланган. Бирок муну менен бирге анда коммунисттик партиянын жетекчилик ролу жөнүндөгү жобо бар болчу. Башкача айтканда, партия акыркы бүтүм чыгара турган бийлик ээси болгон. Ушундан улам бул конституциялар адам укуктары корголот деген парда (чүмбөт) катары кызмат кылган. Чындыгында бул конституциялар адам укуктары мамлекеттин жана партиянын кызыкчылыктарына КАРШЫ КЕЛБЕСЕ гана корголорун көрсөткөн.

Бир дагы мамлекет (демократиялык же демократиялык эмес экенине карабастан) өзүнүн жазылган документтерине толугу менен ылайык жашай албасын эске тутуу зарыл. Бул өзгөчө кээ бир жоболору учурдун талабына жооп бере албай калган эски конституциялары бар демократиялык өлкөлөргө тиешелүү. Бирок мамлекеттин жакында эле кабыл алынган конституциясында жарандардын укуктары даана белгиленгени менен, мамлекет өзүнүн мыйзамдарын аткарбаса, өз жарандары да, дүйнөлүк коомчулук да мындай конституцияга ишенбейт.

Ар бир конституциянын баалуулугуна маданий, диний жана тарыхый факторлор чоң таасир тийгизет, бирок кандайдыр бир кадыр-баркка ээ болуш үчүн конституциялар колдонулуп, анда мамлекет сактоого умтулган жана гарантия берген укуктар көрсөтүлүшү керек.

2.0 Мыйзам үстөмдүгүн ишке ашыруу

Мыйзам үстөмдүгү өкүм сүргөн өлкөлөр адатта стабилдүүрөөк болот, анткени мыйзам үстөмдүгү саясий жана укуктук тартипти орнотуп, так жана адилет эрежелердин бардыгына бирдей колдонулушу башкаруучулар менен башкарылгандардын ээнбаштыгын токтотот.

Туруктуу тартипти камсыз кылуудан тышкары мыйзам үстөмдүгү инсан эркиндигине, жеке менчикке жана башка экономикалык эркиндиктерге кам көрүү менен байланыштуу. Джон Локк мыйзамдын максаты эркиндикти жоюу же чектеп коюу эмес, аны сактоо жана кеңейтүү деп эсептеген. Ал бир жолу: «Мыйзам жок жерде эркиндик да жок болот», – деген. Мыйзам үстөмдүгү ал турсун мамлекеттик чиновниктерди да тыйып, башкаруудагы зордук-зомбулуктан эркиндикти камсыз кылат.

Адамзат тарыхында ар түрдүү элдер ар түрдүү ыкмалар менен мыйзам үстөмдүгүн ар кандай негизде орнотуп, бекемдөөгө аракет кылышкан. Мында үч негизги жол менен башатты бөлүп көрсөтүүгө болот: диний укук, салттык укук жана жарандык укук (бирок булардын да көптөгөн варианттары бар).

2.1 Диний укук салттары

Куран

Илгертен эле адамдар мыйзамдарды коомдун үстөмдүк кылып турган диний салттарына негиздешкен жана көп учурда бул экөөнү айырмалашкан да эмес. Диний укук салттары «эң жогорку мыйзам» болуу менен адамдардын бийлиги катары эмес, укуктун үстөмдүгү (кудайдын амири) катары каралышы мүмкүн эле. Тилекке каршы, дайыма эле ушундай боло берген эмес, анткени мамлекеттин өкүмдары (ал дагы адам) көп учурда мыйзамды чечмелөөчү да болгон. Бирок, динге негизделгенине же акыл-эске негизделгенине карабастан, «эң жогорку мыйзам» идеясы укук үстөмдүгүнүн башаты болгон. (Исламдын да, христианчылыктын да тарыхында ошол диний мекемелер дин окууларын эле эмес, философияны, илимди жана ойлонуу логикасын да өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн борборлор катары иштеп, университеттерге демөөрчүлүк кылгандыгын унутпагыла).

Диний көз караштарга негизделген укук салттарынын мисалдарын байыркы Египеттен, Индиядан, орто кылымдардагы Европадан жана мусулман дүйнөсүнүн бир топ бөлүгүнөн байкоого болот. Көпчүлүк элдердин, а түгүл өнүккөн дүнүйөчүл мамлекеттердин укуктук системаларында алардын диний тарыхынын жок дегенде издери сакталып калган.

Мусулман дүйнөсүндө ислам укугу же шарият (диний эрежелер) жана үрп-адаттар маанилүү фактор болуп саналат. Ал эми Иран сыяктуу мамлекеттерде ал расмий статуска ээ. Башка бир өлкөлөрдө шарият дүнүйөчүл укук системасы менен жанаша жашап, негизинен жеке укуктарды жана үй-бүлө укуктарын жөнгө салып турат, бирок коммерциялык укук менен жазык укуктарына кирише албайт. Борбордук Азия мамлекеттеринде ислам укугу каада-салт, ырым-жырымдарда кездешет, бирок азыркы учурда мамлекеттик укук системасынын бир бөлүгү болуп саналбайт. Мунун башкы себеби ушул өлкөлөр мурдагы Советтер Союзунун укуктук системасын мурастап калгандыгы менен байланыштуу. Ал эми советтик укук системасы болсо көп нерселерди падышалык Россиянын жана Батыш Европанын укугунан да өздөштүргөн.

Исламдын укуктук салттарындагы айырмачылыктар (кадимки жана жарандык укуктардын айырмасы катары)

Исламдын укуктук салттарында ушундай айырмачылыктар бар.

Анын айрым багыттарында шариятты конкреттүү кырдаалдарда колдонуу жолдорун («ижтихад») судья өзү түшүнгөндөй колдоно алат. Бирок ахл-аль-хадис салты чечмелөөнүн мындай вариантын кабыл албай, Курандагы суннаны жана Мухаммед пайгамбардын хадистерин (накыл сөздөрүн) катуу карманууну талап кылат.

Башкалары алардан мурункулар чыгарган сот чечимдерин колдонсо болот деп эсептешет, бирок өздөрү мыйзамдарды чечмелей алышпайт.

Христиан дүйнөсүндөгү эски укуктар да динге негизделген, бирок Рим *империясында*[1] иштелип чыккан дүнүйөчүл укуктардан дагы көп нерселер өздөштүрүлгөн. Чиркөө менен мамлекеттин ортосунда болгон күрөш да христиан дининин чыгыш жана батыш бутактарында ар түрдүү формада болгон. Чыгышта император константинополдук патриархты (азыр Стамбул деп аталып калган шаардагы чиркөөнүн башчысын) өзү дайындап, анын бийлигин чектеп, ал турсун аны ыйгарымдарынан ажыратуу менен мамлекеттин чиркөөгө үстөмдүк кыларын көрсөткөн. Ал эми Батышта, тескерисинче, чиркөө менен мамлекеттин күрөшү жүздөгөн жылдарга созулуп, аягында Рим папасы жана королдун бийлик бөлүшүүсү менен аяктаган. Европада соода борборлорунун пайда болушу, протестанттык реформациялар (адамдар чиркөөнүн мамлекетти башкаруу укугуна шек келтиргендеги өзгөртүүлөр), инсанга көңүл буруунун өсүшү менен бирге ушул принцип да мыйзам үстөмдүгүнүн кенен иштелип чыгышына өбөлгө түзгөн. Бирок бул процесс эки багыт менен кеткен: Англияда (кийинчерээк англис тилдүү өлкөлөрдө) кадимки укуктук салт, ал эми Европадагы башка көп өлкөлөрдө жарандык укуктун салты өнүккөн.

2.2 Кадимки укуктун салттары

Кадимки укуктар Улуу Британияда жана башка анын көптөгөн мурунку колонияларында жүздөгөн жылдар бою өнүгүп, колдонулуп келген. Талаш-тартыштарды чечүүдө соттор акыл-эсти жана тууралык менен туура эместик принцибинин, ошондой эле тажрыйба же каада-салттын негизинде иштелип чыккан адеп-ахлактын нормаларын колдонушкан. Мисалы, сот чечим чыгарганда:

- Эмне болгонун билүү үчүн эки тараптын тең пикирин угат
- Кайсы мыйзамды колдонуу зарыл экенин карап көрөт (бул мыйзамдарды, каада-салтты жана мурунку ушул сыяктуу иштерде чыгарылган сот чечимдерин карап чыгууну талап кылаарын унутпагыла)
- Бул мыйзамдарды азыркы учурга колдонуу адилеттүү же адилетсиз болорун чечет

Убакыттын өтүшү менен мына ушундай иштер пайда боло турган окшош жагдайлардан жана буга тиешелүү чечимдерден норма түрүндө жазылган схемалар пайда болгон. Башка соттор да чечимдерди ушундай эле чыгаргандыктан, бул норма мыйзамдуу болуп калган. Бул нормалар кийинки иштерге да колдонула баштаган.

2.3 Жарандык укук салттары

Францияда жана континенттеги Россия сыяктуу башка өлкөлөрдө укук мыйзам үстөмдүгүнүн принциптерин киргизүүдө таяна турган Англиянын кадимки укуктук салттарына дегеле окшош болгон эмес. Мунун ордуна Рим империясы кулаган соң Европада рим укуктары менен башка мыйзамдардын айкашынан турган укук болгон. Талаштардын туулушун күтүп, анан мурунку чечимдердин тажрыйбасына таянбастан, жарандык укуктун салты боюнча талаш чыкканга чейин эле адамдардын иштерин аң-сезимдүү түрдө жөнгө салууга аракеттенишкен. Бул үчүн каалагандай кырдаалдарды эске алгыдай мыйзамдардын абдан кеңири тарамын түзүү талап кылынган.

Бул эки системанын ортосундагы негизги айырмачылык соттун функциясында. Кадимки укук системасында соттордун укуктук иштерди өзү каалагандай чечүүгө мүмкүнчүлүктөрү чоң болгон, анткени алардын чечимдери прецедент болуп, кийин укук булактары болуп кала берген. Бирок бул төмөнкү инстанциядагы соттор өз алдынча мыйзам чыгара алат деген сөз эмес, анткени алардын чечимдери соттордун мурунку чечимдерине негизделүүгө тийиш эле.

Ал эми жарандык укуктун сотторундагы судьялардын өз алдынчалыгы, тетирисинче, азыраак болгон, анткени алардын чечимдери конкреттүү сот процессине катышып жаткан конкреттүү адамдарга гана колдонулат. Ошондуктан алардын чечимдери кийинки иштерге эч кандай таасир бере албайт.

3.0 Жүйөлөшүүчүлүк жана тергөө системасы

Иштердин сотто каралуу процесстери да айырмаланган. Кадимки укук сотторун биз жүйөлөшүү процесстери десек болот, анткени ал жерде каршылашкан эки тараптын *таламын* (кызыкчылыктарын) коргогон эки юрист талашып-тартышып, ар кимиси өз кардарынын актыгын далилдешет. Муну *жүйөлөшүүчүлүк* деп аташат. (Кылмыш иштерин караганда тараптардын бири мамлекет болот). Юристтер далилдерди чогултуу үчүн жооп беришет. Ал эми судьянын же калыстардын ролу – кимдин чындыкты айтып жатканын чечүү же болбосо мыйзам

[1]***Империя*** *– 1) император башкарган монархиялык мамлекет, 2) колонияларга ээлик кылган мамлекет (мис., Британия империясы).*

боюнча далилденген нерсени тактап, кайсы мыйзамдарды колдонуу керектигин аныктоо. (Калыстар – булар соттолуучунун күнөөлүү же күнөөсүз экендиги тууралуу чечим чыгарганга тандалбай эле чакырыла турган жарандар тобу. Бирок мындайда судья сот процессинин туура жүргүзүлүшүнө көз салып, эгер айыпталуучу күнөлүү деп табылса, аны жазалоо чарасын аныктоого тийиш).

Жарандык укук сотторунда дайыма болбосо да демейде тергөөнүн «инквизитордук» (катуу) системасы колдонулуп, мында айыпталуучу тарабынан мыйзам бузулгандыгына жетиштүү далил бар же жок экенин аныктоо үчүн сурак жүргүзүлөт. Сотко чейин жана сот процессинин учурунда эмне болгону иликтенип, анан мыйзам колдонулат. Эгер далилдер жетиштүү болсо, судья соттолуучуга карата мыйзамда белгиленген жобо боюнча өкүм чыгарат. (Иш жүзүндө судья үчүн далилдерди прокурор чогултат). Мында жыйналган далилдерге жооп бербегендиктен, адвокат анча деле роль ойнобойт.

Соттордун ишиндеги дагы бир айырмачылык *күнөөсүздүк презумциясынын* бар же жок экендигинде көрүнөт. Бул күнөө тагылгандан кийин сот айыпталып жаткан адам күнөөлүү же күнөөсүз деген божомолго токтой тургандыгын билдирет. Көпчүлүк өлкөлөрдө айыпталуучунун күнөөсүн фактылар менен далилдөө дал айыптоочу тараптын (прокурордун) милдети болсо, башка кээ бир өлкөлөрдө коргоочу (айыпталуучуну жактаган адвокат) анын күнөөсүз экендигин далилдемейинче күнөөлүү деп эсептеле берет.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

02-тапшырма. Булактар

Эки-экиден болуп төмөнкү маселени талкуулагыла:

«Коомубуз үчүн эрежелерди ишпеп чыгууга аракет кылганда биз кайдан кеңеш же акыл-насаат ала алабыз?»

03-тапшырма. Мыйзамдын үстөмдүгүбү же инсандын бийлигиби?

Шеригиңер менен төмөнкү ойлорду окуп чыккыла да, анда мыйзамдын үстөмдүгү же инсандын үстөмдүгү айтылып жаткандыгын аныктагыла. Биринчи мисал үлгү иретинде аткарылган.

№	Ойлор	Мыйзам	Адам
1.	Экономикасы туруктуу жана өнүгүп жаткан көп өлкөлөр ушул системаны тутунат.	✓	
2.	Чечимдер бийлик ээлеринин кызыкчылыктарына негизделет.		
3.	Мыйзамдар парламентте көпчүлүк добуш менен жактырылган тартип боюнча кабыл алынат же өзгөртүлөт.		
4.	Бийлик ээлери укуктук нормаларды чанда гана бийликке ээ болбогондордун пайдасына тууралап чечмелейт.		
5.	Чечимдерди кабыл алуунун мындай түрү бийликтин бөлүнбөгөндүгүнүн натыйжасы болуп эсептелет.		
6.	Мыйзамдар аларды кабыл алгандардын пайдасы үчүн оңой кабыл алынат же өзгөртүлөт.		
7.	Бул системада бардыгы тең жана мыйзам бардыгына бирдей.		
8.	Мыйзамдар бийликтегилердин кызыкчылыгына жараша чечмеленет.		
9.	Чечимдер мыйзамдарда белгиленген нерселерге негизделет.		
10.	Мыйзамдар өтө тез кабыл алынышы же өзгөрүшү мүмкүн.		
11.	Мыйзамдар көп учурда карама-каршы чечмеленет.		
12.	Мыйзамдарды алар бирине-бири карама-каршы келбегенде гана пайдаланууга болот.		
13.	Мыйзамдарды колдонуу маселелери боюнча кабыл алынуучу чечимдер ырааттуу болушу керек (башкача айтканда, судья бир мыйзамды колдонсо, бардык учурларда бирдей колдонууга тийиш).		
14.	Бийлик ээсинин алмашуусу менен эле мыйзам өзгөрө бербейт.		

04-тапшырма. Силердин оюңар кандай?

Шеригиңер менен инсандын бийлигинен мыйзамдын үстөмдүгү маанилүүрөөк деп эмне үчүн эсептей турганыңарды талкуулагыла.

05-тапшырма. Мыйзамдар эмне үчүн керек?

Төмөндө келтирилген мыйзамдарды кабыл алуунун себептерин карап чыккыла. Эки-экиден болуп иштеп, себептерди алардын түшүндүрмөлөрү менен дал келтиргиле.

Мыйзамды кабыл алуу үчүн себеп	Түшүндүрмөсү
1. Адептик нормалар 2. Үрп-адат 3. Диний ишенимдер 4. Жекече эркиндик 5. Туруктуу иштеген коом 6. Артыкчылык 7. Коргоо	а) Адамдын эркин болуу укугун коргоо. б) Адамдардын айрым бир категориясына өзгөчө статус берүү. в) Узак убакыт бою белгилүү бир топто жашап көнүп калган адамдардын жүрүм-турум эрежелери. г) Эмне туура, эмне туура эмес экендигин тааныу. д) Адамдардын дене-бой, акыл-эс жана финансылык жыргалчылыгын камсыз кылуу жана алардын бири-бирине зыян келтирүүчү аракеттерине жол бербөө. е) Жогорку руханий авторитетке же философиялык окууга берилгендик. ж) Адамдар өздөрүн талаптагыдай алып жүргөн жана талаш-тартыштарды тынчтык жолу менен чечкен коомдун өнүгүүсү.

06-тапшырма. Ал эмне үчүн керек?

Үч-төрттөн болуп бири-бириңерге «Конституция эмне үчүн кабыл алынат?» деген суроого жооп бергиле (максаттарын санап бергиле).

07-тапшырма. Конституцияны кантип бааласак болот?

Үч-төрттөн болуп жакшы Конституцияны жазуу боюнча талкуу жүргүзүп, сунуш киргизгиле. Төмөндө эки мисал берилди.

- *Ал адамдар тарабынан бекитилүүгө тийиш.*
- *Ал бийликти бөлүштүрүүгө жана теңдештирүүгө тийиш.*

08-тапшырма. Үрп-адаттар, салттар, мыйзамдар жана башка жүрүм-турум эрежелери.

1. Шеригиңер менен төмөндөгү окуяны окуп чыккыла.

Болот жана Гуля шаардан алыс жайгашкан айылда турушат. Алардын Айнура аттуу кызы бар. Кызды 22 жашка чыга электе күйөөгө бермекчи болушту. Ата-энеси Айнурага бир жигит тууралуу сөз кылышса, ал азыр күйөөгө чыгуу жөнүндө ойлоно электигин, анткени адегенде окуусун бүтүп алышы керек экендигин айтты. Бир нече айдан кийин алар дагы сөз козгоп, бул ирет башка бир жигит менен баш кошкун дешти. Бирок ал дагы эле бул маселени талкуулагысы келбейт. Акырында үчүнчү дагы бир жигитке тийгин деп ата-энеси катуу эле кысым көрсөтө баштады. Ошондо ата-энеси Айнура менен катуу жаңжалдашып калышты. Кыз мажбурлап күйөөгө берүүгө аракеттенүү мыйзамга каршы келет дейт. Ата-энеси болсо ал бул жоругу менен үй-бүлөдөгү салтты бузуп жаткандыгын айтышты.

2. Төмөндөгү суроону окуп чыккыла да, өзүңөрдүн пикириңерге көбүрөөк туура келген ойду тандагыла.

Биздин өлкөдө мыйзам менен салттар карама-каршы келип калган учурларда биз эмне кылышыбыз керек?

Асель: *Кээде бизде кандай мыйзамдар бар экендигин билбей да калабыз, андыктан мен жергиликтүү урп-адаттар мамлекеттик каалагандай мыйзамдардан маанилүү деп эсептейм. Каада-салттар биздин күндөлүк турмушубузга таасир этет эмеспи. Сөз болуп жаткан бул учурда ата-энелер өз дегенин бербей, кыздарын күйөөгө чыкканга мажбурлоого тийиш. Эгер адамдар салтты сыйлабай калса, анда пейил бузулуп, элдин баары эч кандай мыйзамдарга баш ийбей коет.*

Александр: *Мен макул эмесмин. Эгер биздеги ар бир уруу эмне туура, эмне туура эмес деп өзү билгендей чече берсе, бул акыры башаламандыкка алып келет. Мисалы, элестетип көрсөңөр, мындай бир кырдаалда судья эмне кылат эле? Бир уруудан кайсы бир аял башка уруудагы эркекке турмушка чыкты дейли. Эки жылдан кийин анын күйөөсү дагы бир аялга үйлөнмөкчү болот. Аялдын тууганлары буга каршы турат, анткени бул алардын урп-адаттарына туура келбейт. Натыйжада мушташ болуп, милиция аялдын тууганларын анын күйөөсүн сабагандыгы үчүн камакка алат. Мындай учурда бир салт башка каадага каршы келет. Эгер мыйзамды карасак, бүт баары так жазылган. Мен биздеги уруулардын каада-салттарын таштап салып, өлкөбүздүн мыйзамдарын эле сакташыбыз керек деп ойлойм.*

Кеңеш: *Бизде кайсы бир аймактагы адамдардын кызыкчылыгына тиешелүү болгон учурда каада-салтка артыкчылык бере турган мыйзам болушу мүмкүн. Башка жагдайларда мыйзамга артыкчылык берүү керек.*

Адыл: *Ооба, бирок башка бир кырдаалды карап көрөлүчү. Менин апам оштук, атам болсо нарындык! Мен бул жердеги маселени оңой деп ойлобойм, анткени каада-салттарга байланыштуу дайыма кыйынчылыктар пайда болот. Анын үстүнө урп-адаттарды колдонуу өздөрүнүн гана кызыкчылыктарын ойлогон адамдарга чоң бийлик берип коюшу мүмкүн деп чочулайм. Биз олуттуу учурларда чечимди сотто калыс адамдар чыгарууга тийиш деп табышыбыз керек.*

Бермет: *Мен компромисске келишибиз керек деп эсептейм. Өтө оор кылмыш жасалган учурларда, мисалы, киши өлтүрүлгөндө, дайыма мыйзамды колдонуу керек экендигине адамдар макул болот деп ойлойм. Бирок анча олуттуу эмес тартип бузулган учурларда судья каада-салттарды эске алып, урп-адаттарга да, мамлекеттик мыйзамдарга да ылайык келген компромисстик чечим чыгарууга тийиш. Менимче, кеп кайсы бир жоруктун кылмыш же кылмыш эмес экендигин аныктоодо эмес. Кеп бул кылмыш канчалык олуттуу жана ага кандай жаза колдонуу керек экендигин тактоодо. Айрым өлкөлөрдө кээ бир анча олуттуу эмес тартип бузуулар болгон учурларда чечимди сот чыгарат, бирок мажбурлап иштетүү жазасын кайсы жерде өтөө керек экендигин жергиликтүү жамаат өзү аныктайт.*

Сайора: *Мен макул эмесмин. Эгер биз адамдар мыйзамды сыйласын десек, анда аны ыраатту түрдө колдонушубуз керек. Антпесек бул адамдардын бардык мыйзамдар жөнүндөгү пикирине таасир тийгизет. Бирок кайсы бир мыйзамды көпчүлүк туура эмес деп эсептесе, анда мыйзам чыгаруу процессин колдонуп (биздин парламент аркылуу), ал мыйзамдын кайра каралып чыгышы үчүн аракет жасашыбыз керек. Ырас, буга бир топ убакыт кетет, жыйынтыгы да ойдогудай болбой калышы мүмкүн. Бирок таптакыр мыйзамсыз жашагандан көрө кийин өзгөртүп жакшыртып алсак боло турган анча адилеттүү эмес мыйзамдын болгону жакшы.*

09-тапшырма. Азчылыктардын көз караштары

Шеригиңер менен өзүңөрдү эл аралык олимпиадалык комитеттин кыргызстандык тобунун мүчөлөрү катары элестетип көргүлө. Зифф деген кичинекей мамлекетти кийинки Олимпиадалык оюндардан чыгаруу сунушу айтылат. Бул маселе боюнча эки этапта добуш берүү жүргүзүлөт. Биринчи этаптан кийин көпчүлүк аталган өлкөнү оюндан чыгарып салууну чечет. Төмөндө добуш берүүнүн экинчи этабына чейин болуп өткөн талкуу сунуш кылынат.

Нускоолор (инструкциялар, көрсөтмөлөр).

1. Эмнелер айтылгандыгын окуп чыккыла.
2. Принциптерге тиешелүү ойлордун тизмесин карагыла.
3. Үчүнчү жана төртүнчү чыгып сүйлөөчүлөр кайсы принциптер тууралуу айтып жаткандыгын аныктагыла.

Биринчи чыгып сүйлөгөн киши:

Комитеттин уставында улутуна, ишенген динине же саясий системасына карабастан бардык өлкөлөр мелдештерге катыша ала тургандыгы айтылат, бирок биз ага карабастан Зифф өлкөсүн оюндан чыгарууга добуш бердик. Биздин буга укугубуз бар, бирок бул үчүн олуттуу себептер болууга тийиш жана мунун

кийинки Олимпиадалык оюндарга кандай таасир этери жөнүндө да ойлонуштуруп көрүшүбүз керек.

Экинчи чыгып сүйлөгөн киши:

Бизге тиешелүү ыйгарымдар берилген, ошондуктан биз адептик принциптерди карманбаган өлкөлөрдү чыгарып салууга укуктуубуз. Эгерде биз бийликти пайдалана албасак, мындай бийликке ээ болуунун кажети жок. Зиффтин эли Олимпиадалык оюндарга катышкан мамлекеттер туткан диндердин бирин да тутпайт. Анын үстүнө алардын үрп-адаттары жана салт-санаалары биз үчүн алгылыксыз. Алар демократиялуу эмес жана өздөрүнүн товарларын дүйнөлүк базарда өндүрүшкө кеткен чыгымдардан төмөн баада сатышат. Биз аларга жакпайбыз, аларды биз жактырбайбыз. Оюндарга катышууга мүмкүндүк берүү менен биз аларды ошол бойдон кабыл ала тургандыгыбыздан үмүткөр кылабыз.

Үчүнчү чыгып сүйлөгөн киши:

Ооба, силердин айткандарыңар туура. Биздин өлкөнүн экономикасына алардын продукциясынын биз мыйзамсыз деп эсептегендей жол менен сатылышы терс таасир этүүдө. Бирок биздин Олимпиадалык оюндардын эрежелерин сыйласак, биз аларды так колдонууга тийишпиз. Биздин эрежелерде айтылгандай, биз оюндан чыгаруу укугун өлкө өз жарандарына карата зомбулук ыкмаларын колдонгондо, демек, улуттук командалардын Олимпиадалык оюндарга катышуусу мыктыларды тандоого негизделбегенде гана пайдалана алабыз.

Төртүнчү чыгып сүйлөгөн киши:

Мыйзам боюнча айрым өлкөлөрдү катыштырбай коюу укугуна ээ болуу менен биз бул үчүн акыры келип чоң зыян тартып калышыбыз ыктымалдыгын эстен чыгарбоого тийиш экенибизди кошумчалагым келет. Биз кийинки алтын медалдын ээси кайдан чыгарын эч качан алдын ала так биле албайбыз. Өлкөнү чыгарып салуу менен потенциалдуу жеңүүчүнү чыгарып салуу коркунучуна кабылабыз. Муну менен биз баарыбыз рекорд чегин жогорку деңгээлге көтөрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайбыз.

Принциптер:

1. Мыйзам үстөмдүгүнүн инсан бийлигинен өйдө турушу.
2. Дин тутуу эркиндиги.
3. Көпчүлүктүн чечими дайыма эле эң жакшы чечим боло бербейт.
4. Азчылык добуш берүү укугуна ээ болууга тийиш.
5. Азчылыкты көпчүлүктөн коргоо керек.
6. Азчылык көпчүлүккө бир нерсени сунуш кыла алат.

10-тапшырма. Ким эмнеге жооп берет?

Төмөндө келтирилген милдеттерди аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтерине өзүңөр туура тапкандай бөлүштүргүлө. Кээ бир милдеттер бийликтин бир нече бутактарына бөлүштүрүлүүгө тийиш деп чечишиңер мүмкүн. Мындайда силер жообуңарды түшүндүрүп беришиңер керек.

№	Милдеттер	Аткаруу бийлиги	Мыйзам чыгаруу бийлиги	Сот бийлиги
1.	Дайындоо үчүн судьяларды тандап алуу			
2.	Дайындоо үчүн судьялыкка талапкерлерди жактыруу			
3.	Жарандар өлкөнүн мыйзамдарын бузган-бузбагандыгын чечүү			
4.	Жаңы мыйзамдарды сунуш кылуу			
5.	Сунуш кылынган мыйзамдар күчүнө киргерин чечүү			
6.	Салыктарды кандайча жумшоону чечүү			
7.	Конституцияда жарандарга берилген укуктарга ылайыктуулугун чечүү үчүн сунуш кылынган мыйзамдарды карап чыгуу			
8.	Салыкты кантип алууну чечүү			
9.	Президентти кызматынан четтетүү			
10.	Бюджетти бекитүү			
11.	Башка өлкөгө согуш жарыялоо			
12.	Айрым депутаттарды мыйзам чыгаруу бийлигиндеги кызматынан убактылуу четтетүү			
13.	Шайлоо күнүн белгилөө			

11-тапшырма. Конституция жазабыз

Бул көнүгүүдө силер кемеси кыйрап ээн аралда калган 100 адам үчүн Конституция жазасыңар. Мугалимиңер классты беш-алты чакан топко бөлөт. Тапшырма 3 этаптан турат.

1-этап. Кеменин кыйроосу

1) Деңиз саякаты учурунда силер түшкөн жүргүнчүлөр кемеси бороонго туш келди. Кеме чөгүп кетип, силер аман калган жүз адам менен узуну 10, туурасы 5 км болгон ээн аралда калдыңар. Үйгө кайтууга эч мүмкүнчүлүк жок. Силердин (мугалим айткан) топту аралда чогуу жашоого мүмкүндүк берүүчү мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн өкүлчүлүктүү топ катары шайлашат. Кеме кыйрагандан кийин бир нече буюм: ар кандай аспаптар (3 бычак, 3 сүлгү жана балка) жана анча-мынча тамак-аш (100 кг буудай жана 100 кг картошка) калган.

2) Силердин аралыңар субтропиктик зонада жайгашкан деп элестеткиле. Аралдын көрүнүшүн (анын сырткы түрүн, климатын, флорасын жана фаунасын, географиялык абалын) кыялданып элестеткиле. Арал негизги деңиз жолдорунан алыста болгондуктан, башкалардын жардамынан үмүт жок деп эсептегиле. Тобуңар менен бул аралга ат койгула.

3) Ким кандай ишке уста экенин аныктагыла. Мындай билгичтиктерди тизмелегиле. (Бирөөлөр ар кандай өсүмдүктөрдү өстүрүүнү билсе, башкалар билбеши мүмкүн). Мындай иштерди билгендерди кандайча пайдаланууну жана кыйроодон кийин сакталып калган азык-түлүктү кандайча бөлүштүрүүнү талкуулагыла. Өзүңөрдүн чечимиңерди жазып койгула.

4) Аралда жашоонун принциптерин аныктагыла. Бул аралдагы эң башкы эрежелер кандай болууга тийиш? Тынчтыкта эмгектенип жашоо үчүн бул принциптердин кандай мааниси бар?

5) Төмөнкү суроолорду талкуулагыла:

а) Чечимдер кандайча кабыл алынат?
б) Бийлик кимде болот?
в) Бул адам (же адамдар) кандайча шайланат?
г) Бул аралдын адамдары кандай укуктарга ээ болушат жана кандай милдеттерди аткарышат?
д) Ички чыр-чатактарды кантип басасыңар?
е) Башка кандай укуктар киргизилүүгө тийиш?
ж) Кимдир бирөө бул эрежелерди бузса эмне болот?

Силердин мыйзамдарыңардын жыйнагы коомдун жашоосуна жардам берген бардык маанилүү факторлорду камтый тургандыгын текшерип көргүлө.

6) Силердин макулдашууңарды класстагы башка окуучуларга тааныштыра турган бирөөңөрдү шайлагыла.

2-этап. Башка топтордун баалоосу

Мыйзам жыйнагын түзүп бүткөн соң, башка топтордун иштерин кароого болот. Башка топтордун оозеки тааныштыруусун угуп, алардын жашап кетүү мүмкүнчүлүктөрүнө баа бергиле. Төмөнкү суроолорду дептериңерге көчүрүп жазгыла. Топторго төмөнкү критерийлер боюнча упай менен (0дөн 5ке чейин; 5 – эң жогорку баа) баа бергиле:

1. Табигый кырсыктар болгон учурда аралдын жашоочуларынын жашап кетүү мүмкүнчүлүктөрү кандай?

Арал #1_____ Арал #3_____ Арал #5 _____
Арал #2_____ Арал #4_____ Арал #6 _____

2. Аралдын жашоочуларынын жекече турмушу канчалык деңгээлде корголгон?

Арал #1_____ Арал #3_____ Арал #5 _____
Арал #2_____ Арал #4_____ Арал #6 _____

3. Аралдын жашоочуларынын турмушунун уюштурулушу ар бир адамдын жекече коопсуздугун канчалык деңгээлде гарантиялайт?

Арал #1_____ Арал #3_____ Арал #5 _____
Арал #2_____ Арал #4_____ Арал #6 _____

4. Аралдын жашоочулары өздөрүнүн турмушуна тиешелүү жетекчилери чыгаруучу чечимдерге канчалык таасир эте алышат?
Арал #1_____ Арал #3_____ Арал #5 _____
Арал #2_____ Арал #4_____ Арал #6 _____

5. Аралдын жашоочулары өздөрү каалаган нерселерди канчалык деңгээлде жасай алышат?
Арал #1_____ Арал #3_____ Арал #5 _____
Арал #2_____ Арал #4_____ Арал #6 _____

6. Жетекчилердин бийлиги канчалык деңгээлде чектелген жана алар кантип көзөмөлдөнөт?
Арал #1_____ Арал #3_____ Арал #5 _____
Арал #2_____ Арал #4_____ Арал #6 _____

3-этап. Проблемаларды чечүү

Төмөнкү кырдаалдарда эмне болорун элестеткиле. Проблемаларды чечүү жолдорун өз тобуңар менен караштыргыла. Ээн аралда силерге эч киҥ жардам бербестигин унутпагыла.

1-кырдаал
Силердин аралыңарда бийликте турган адам (же топ) жаңы эле чечим кабыл алды. Ал боюнча мамлекеттик кызматка «Бирден бир ишенимдүү жол» деп аталган ассоциацияга киргендер гана дайындалышы мүмкүн. Ассоциацияга кирүү үчүн азык-түлүк түрүндө ири салым төгүп берүү, ошондой эле өзүнүн төрагага берилгендигин жарыялоо керек.
Ассоциацияга кирбеген адамдар бул чечим алардын аралынын Конституциясы гарантиялаган укуктарга каршы келерин далилдөөгө далалат жасашат.

2-кырдаал
Мыйзамды жана тартипти коргоо үчүн жооптуу адамдар аралдагы кылмыштуулуктун күчөшүнө тынчсызданышат. Алар мыйзамды бузду деп шектенген адамдарды токтоосуз түрдө бир жылдык мөөнөткө түрмөгө камоо тууралуу жаңы эле чечим кабыл алышты. Адамды камоо үчүн бийликке жабыр тарткан кишиден же күбөдөн маалымат алуу эле жетиштүү болот. Бийликтегилердин пикири боюнча, тез жооп кайтаруу жана катаал жазалоо коомдук бейпилдиктин жана тартиптин негизи болуп эсептелет.

Кээ бир жарандар аралдын Конституциясында көрсөтүлгөн негизги укуктарды бузат деп эсептеп, жаңы тартипке макул болушпайт.

12-тапшырма. Силер эмнени унуттуңар?

Конституция жазгандагы тобуңар менен иштеп, өзүңөрдүн Конституцияңарды Кыргызстандын Конституциясы менен салыштыргыла. 5 айырмалуу жана 5 окшош жобону тапкыла.

IX бап

Кыргыз Республикасында мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү жана мыйзам үстөмдүгүнүн орнотулушу

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен ар бир терминге тийиштүү аныктама бергиле.

Термин	Аныктама
1. Автономия 2. Репрессия 3. Кылмыш 4. Тоталитаризм 5. Бюрократия	а) Мыйзам бузуу. б) Мамлекеттин негизинен штаттык курамы шайланма эмес, дайындалуучу кызматкерлерден турган бюролор (мекемелер) же бөлүмдөр аркылуу башкарылышы. в) Мамлекет коомдук турмуштун бардык тарабын толугу менен көзөмөлгө алган саясий режим. г) Башкалардын саясий иш-аракеттерин болтурбоо үчүн жазалоо чараларын колдонуу. д) Региондогу саясий жактан кыйла өз алдынча түзүлүш.

Окуу үчүн текст

Бул бапта төмөнкү маселелер каралат:

- Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү
- Конституция кандайча иштелип чыккан?
- Конституциянын негизги белгилери
- Укуктук системанын жардамы менен мыйзам үстөмдүгү кандайча колдоого алынат?

1.0 Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жаралышы

Кайсы бир мамлекеттин келип чыккан мезгилин аныктоого аракеттенгенде биз эки кыйынчылыкка туш келебиз:

- ❖ адамдар жамааты жөнөкөй эле күн өткөрүүдөн мамлекеттин карамагындагы жашоого өткөн учурда кандай иштер болорун кантип аныктоо керек;
- ❖ ошол мезгилден сакталып калган далилдердин бар же жок экендиги.

Дал ошол себептен этникалык кыргыздардын мамлекети чындыгында кайсы мезгилде пайда болгондугун азыр тактоо кыйын.



Кыргыз-Нур көлү

Кытай жазма эстеликтеринен маалым болгондой, болжол менен биздин заманга чейинки 200-жылдарда Монголиянын түндүк батышындагы Кыргыз–Нур көлүнүн жээгинде жана Тянь-Шанда жашаган кыргыз уруулары кандайдыр бир деңгээлде өз алдынчалыкка жетишип,

өздөрүнүн каганатын түзүшкөн. Бирок бүгүнкү күндө ошол каганаттын иш жүзүндөгү көз карандысыздыгы канчалык жана кандай мүнөздө болгондугун так айтуу кыйын.

IX кылымда азыркы Кыргызстандан алыс түндүк тарапта, Енисей дарыясынын боюндагы аймакта кыргыздардын бир кыйла автономдуу мамлекети пайда болгон деген божомол бар. Ошол кезде кыргыздардын саясий системасынын эң орчундуу элементтери: уруулук негиздеги монархиялык бийлик, чиновниктер аппараты, салык системасы, мыкты үйрөтүлгөн аскер, атүгүл *дипломатиялык* корпус (элчилер кызматы) түзүлгөн. Мамлекеттик башкаруунун бул бир топ цивилизациялуу системасы кыргыздар кийинчерээк XI-XII кылымдарда Тянь-Шанга көчкөндө да сакталып, Чыңгыз хан басып кирип кыйратканга чейин жашап турду. Бирок кийин кыргыздар өздөрүнүн коомдук-саясий турмушун кайра калыбына келтиришти.

Тянь-Шанда кыргыз уруулары күчтүү мамлекеттердин: Бухара хандыгынын, Кытайдын, Россиянын жана Кокон хандыгынын таасири астында калды да, улуттук биримдиктин жана маданий-руханий жалпылыктын жок болуп кетүү коркунучу туулду. Кыргыз ак сөөктөрүнүн Мухаммед кыргыз, Кубат бий, Алымбек датка жана булардын ичинен эң атактуусу Ормон Ниязбек уулу, же Ормон хан (1790-1854) сыяктуу алдыңкы өкүлдөрү элди саясий жактан баш коштуруу үчүн чечкиндүү кадамдар зарыл экенин аңдап билишкен. XIX кылымда аз убакытка болсо да (1842-1854) Ормон хан кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтире алды, бирок тез

Картада Кыргыз-Нур (Хиргис-Нур) көлүнүн жана Енисей дарыясынын жээгиндеги Кыргыз мамлекетинин жайгашкан жерлери көрсөтүлгөн

эле уруулардын кагылышуусунан ажал тапты. Анын өлүмүнөн кийин мамлекеттүүлүк идеясы узак мезгилдер бою көмүскөдө калды.

Кокон хандыгы багындырып алгандан кийин кыргыздар жашаган аймак абсолюттук (чексиз) монархияга негизделген эзүүчү мамлекеттин курамында болду. Кыргыздын уруу

башчылары Кокон хандыгындагы бийлик үчүн жүргөн күрөшкө тартылды. Алардын айрымдары, мисалы, Алымбек датка, атүгүл мамлекеттик жогору кызматтарга да жетишкен. Бирок Алымбек датканын урпактарынын жана кыргыздын башка кадыр-барктуу бийлеринин түндүк-түштүк болуп бөлүнгөн элди бириктирүү үчүн жасаган аракеттери оңунан чыкпай келди. Буга ошол кезде кыргыз уруулардын Россия империясына кошула башташы да кыйла чоң тоскоол болду. Түндүктө болсо кыргыздардын чоң бөлүгү падышанын катаал бийлигине каршы көтөрүлүшкө чыгып, жеңилип калганда 1916-жылы Кытайга качууга аргасыз болгон. Элдин бул жер которуусу тарыхта «Үркүн» деген ат менен сакталып калган.

1917-жылдан кийин Борбордук Азияда, ошондой эле Кытайдын батыш чегинде жайгашкан азыркы Синцзян-Уйгур автоном округунда жашаган бардык уруулар менен элдерди бириктирген көз карандысыз Түркстан мамлекетин түзүүгө аракеттер жасалды. Бул кыймылды түрк Энвер Паша жетектеген. Революциядан кийин бул аймакты кайра көзөмөлдөй баштаган орустар жетектеген кызыл аскерлер аны 1921-жылы өлтүрүшкөн.

1921-1922-жылдары, Кыргызстандын территориясы Россия Советтик Федеративдүү Социалисттик Республикасынын бир бөлүгү болуп калган кезде, кыргыздын бир топ саясий ишмерлери – А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов жана И. Арабаев Кыргыз Тоолуу облусун түзүүгө аракет кылышкан. Түркстан Автономдуу Советтик Республикасынын жетекчилиги бул идеяны негизинен колдогон. Бирок жаңы автономдуу облусту түзүүгө жол ачат деп күтүлгөн 1922-жылдагы съезд (партиянын жыйыны) Сталин тарабынан таратылган. (Сталин эч кимге ишенбегендиктен өзү бийлик жүргүзүп турган мезгилде Советтер Союзу боюнча он миллиондогон адамдарды өлүмгө айдаган. Кыргыздын көптөгөн патриот жетекчилери да ошолордун катарында өлүм жазасына тартылгандыгы тууралуу төгүнгө чыгарылгыс далилдер бүгүн кеңири белгилүү).

Ал кезде кыргыздардын баары эле жаңы саясий системаны кучак жая тосуп алган деп айтууга болбойт. Жаңы системанын көп жакшы жактары болсо дагы, ага каршы турган адамдар да болгон. Азыркы учурда гана тарыхчылар ошол каршылык көрсөткөндөрдүн ролуна туура баа бере баштады. Анткени алар кыргыздардын салттуу турмуш-тиричилигине ылайык келбеген маданиятты жана чарба формаларын таңуулагандарга каршы чыгышкан. (1980-жылдардын аягында эле совет бийлигине каршы кантип күрөшкөндүктөрү жөнүндө небере-чеберелерине айтып берген аксакалдар тирүү болчу).

2.0 Мурдагы СССРдин курамындагы кыргыз мамлекеттүүлүгү

1924-жылы Кара-Кыргыз Автономдуу облусу түзүлүп, ал 1925-жылы Кыргыз Автономдуу облусу, ал эми 1926-жылы Кыргыз Автономдуу Республикасы деп аталган. Мамлекеттик бийликтин эң жогорку органынын – Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы А.Ороз-беков, ал эми өкмөттүн башчысы Ж.Абдрахманов болду. 1929-жылдын 30-апрелинде республиканын алгачкы Конституциясы кабыл алынды. Ошентип Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү мыйзамдаштырылды, бирок бул дегеле көз карандысыз мамлекет түзүлдү дегенди билдирген эмес. Анткени Кыргызстан тоталитардык мамлекеттин – СССРдин системасына кирип калды. Союздагы ар бир республика, атүгүл алардын эң ириси болгон Россия (РСФСР) да толук суверенитетке (эгеменд үүлүккө) ээ эмес эле.

БКП (б) Кыргыз Обкомунун аткаруу бюросу, 1927-ж.

Россия империясынын ордуна курулган СССР жалгыз партиянын (коммунисттер партиясынын) үстөмдүгүнө негизделген мамлекет болчу. Бул партия ушул *эбегейсиз* зор өлкөнүн бардык элдеринин жашоо-тиричилигинин бардык жактарына көзөмөл жүргүзгөн. Мамлекеттик иштерди борбордо да, жер-жерлерде да иш жүзүндө мамлекеттик кызматкерлер эмес, партиялык лидерлер жетектеген. Кыргыз ССРинин бюджети башка бардык союздук республикалардыкындай эле формалдуу түрдө республиканын өзүндө түзүлчү да, бирок иш жүзүндө Москвада тийиштүү чечим кабыл алынгандан кийин гана жалпы союздук бюджеттин

эсебинен *каржыланчу* (финансыланчу). Чектөөлөр бардык эле иштерден көрүнүп турчу, себеби Советтер Союзунун өкмөтүнүн союздук республикалардын укуктарын бузган чечимдерин токтотуп коюу үчүн даттанууга эч кимдин акысы болгон эмес.

Ошондой болсо да, мурда Россия империясында, кийин СССРдин курамында жашаган көп элдердин мамлекеттүүлүгү расмий түрдө алгачкы ирет дал ушул мезгилде мыйзамдаштырылды. 1936-жылдын 5-декабрында Кыргыз Автономдуу Советтик Социалисттик Республикасы Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүп, буга чейинки автономдуу абалдагыга караганда өз алдынчалыгы кыйла жогору турган статуска жетишти. 1937-жылдын 20-мартында Кыргыз ССРинин биринчи Конституциясы кабыл алынды да, ушуну менен анын СССР курамындагы мамлекеттүүлүгү калыптанып бүттү.

1978-жылдан 1993-жылга чейин Кыргыз ССРинин Конституциясынын өзгөртүлгөн варианты иштеп келди. Бул өтө карама-каршылыктуу документ эле. Бир жагынан алганда мында өлкөдө мамлекеттик бийликтин бардык органдарын жана судьяларды шайлоо аркылуу жүзөгө ашырылуучу элдик бийлик жарыяланган. Бирок коммунисттик партиянын абсолюттук бийлигин ырастаган бир эле жобо бул демократияны дээрлик жокко чыгарып койгон. Мунун өзү коммунисттик партия мамлекеттен жана элдик суверенитеттен (эл эркинен) жогору турат дегенди билдирген. Конституцияда жар салынган демократия мындай шартта катаал өкүмчүл бир партиялуу режим колдогон «демократия оюнуна» айланып калган.



Кыргыз ССРинин желеги жана герби

1985-жылы гана, кайра куруу башталган кезде, СССРдин мамлекеттик түзүлүшүндө союздук республикалардын укуктарын кеңейтүүгө багытталган өзгөрүүлөр жүрө баштады. Алардын суверенитети барган сайын бекемделип, СССРдин борборчул түзүлүшүнө көбүрөөк карама-каршы келе баштады. Акыр-аягында 1991-жылдын августунда кайра куруунун кризиси бышып жетилди да, бул СССРдин урашына жана мурдагы союздук республикалардын ордуна жаңы көз карандысыз мамлекеттердин түзүлүшүнө алып келди. Кыргызстан да өз алдынча мамлекет болуп өнүгүү жолуна түштү.

1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин үчүнчү *сессиясында* (жыйынында) Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү Декларация кабыл алынды. Анда, бөлүп айтканда, өлкөдөгү бийликтин бирден бир *туткасы* (ээси) – эл, бийлик эл үчүн иштейт деп баса белгиленген. Бул эл бийликке эмес, бийлик элге кызмат кылат дегенди билдирет.

3.0 Кыргызстандын 1993-жылкы Конституциясынын иштелип чыгышы

Күтүлбөгөн жерден көз карандысыздыкка ээ болуп калган соң өлкө өз легитимдүүлүгүн бир топ жоготуп, мындан ары башкара албай турган мурдагы бийлик түзүлүшүнө эң зор ыйгарымдарды берген эски Конституция менен жашап калды. Ошол эле учурда партиянын мүчөлөрү эми Жогорку Кеңеш деп жаңыча атала баштаган Жогорку Советтин курамында турду. Бул шайланбаган парламент эле. Жаңы парламент бир нече талапкердин ичинен Аскар Акаевди тандап, өлкөнүн президенти кылып шайлады. Ошондо жасалган мындай кадамдардын биринин дагы укуктук негизи жок эле десе болот, бирок бул өзгөчө мезгил болгондуктан башкача болушу кыйын эле.

Конституцияны даярдоо үчүн чет элдик *эксперттердин* (баа берүүчү адистердин) жардамы менен комиссия түзүлдү. Конституциянын долбоору кийин басма сөзгө жарыяланды. Ошондон кийин комиссия бийликтин облустук жана райондук органдарына кайрылып, атайын чакырылган массалык жыйналыштарда Конституциянын долбоорун талкуулоону уюштурууну өтүндү.

Тилекке каршы, бул чогулуштарга көп адамдар катышкан жок, анткени алар совет доорундагыдай эле эми да көпчүлүктүн пикирине анча олуттуу көңүл бөлүнбөйт деп ойлошту.


Эгемендүү Кыргызстан

Акыры, 1993-жылы 5-майда парламент Конституциянын долбоорун кабыл алды. 1994-жылы парламенттин көпчүлүк мүчөлөрү отставкага кетти. Ошол эле жылы сентябрда Президент парламентти таратуу менен жаңы шайлоону белгиледи. Президент кош палаталуу парламентке шайлоо өткөрүү тууралуу указ чыгарды. 1995-жылы парламенттин эки палатасына, ал эми кийинки жылы Президентикке бүткүл элдик шайлоо болуп өттү. 1996-жылы февралда Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө бүткүл элдик реформа болуп өттү. Өзгөртүүлөрдүн бири кош палаталуу парламенттин түзүлүшү болду. Ушул этапта гана эл бийликтин башкаруусуна макулдугун берди десе туура болор эле.

1998-жылы Конституцияны айрым жаңы өзгөртүүлөр менен бүт бойдон кабыл алуу боюнча бүткүл элдик экинчи референдум өткөрүлүп, ага ылайык Президентке мурдагыдан көбүрөөк укуктар ыйгарылды.

4.0 1993-жылкы Конституциянын негизги өзгөчөлүктөрү

Конституцияда демократиялык, укуктук мамлекеттин принциптерине негизделген эгемендүү, унитардык жана дүнүйөчүл, демократиялык Кыргыз Республикасы салтанаттуу түрдө жарыяланды. Конституция кыскача киришүүдөн, 8 баптан, 12 бөлүмдөн жана 97 статьядан турат.

Конституцияда төмөнкүлөр аныкталат:

- Конституциялык системанын негиздери
- Инсандын статусу (адамдын укуктары жана эркиндиги)
- Мамлекеттик органдардын түзүлүшү, бийлик органдарынын өз ара мамилелери, алардын компетенциясы (ыйгарым чектери) жана бийликтердин бөлүнүшү
- Сот системасынын негиздери, жогорку сот органдары (Конституциялык сот, Жогорку сот жана Эң жогорку *арбитраждык сот*[1])
- Жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу
- Конституцияны өзгөртүү жана Кыргыз Республикасынын жаңы Негизги Мыйзамын кабыл алуу тартиби

Конституция Кыргыз Республикасындагы укуктун башкы башаты катары бардык мыйзамдар жана мыйзамдык актылар үчүн негиз болуп саналат. Конституцияда айтылган принциптер андан ары мыйзамдарда дааналантылат.

5.0 2003-жылдагы референдум

2003-жылдын февралында референдум болуп, анын натыйжасында Конституцияга ар түрдүү өзгөртүүлөр киргизилди. Негизги жаңылык – 2005-жылкы парламенттик шайлоодон кийин азыркы кош палаталуунун ордуна бир палаталуу Жогорку Кеңеш иштейт.

6.0 Конституцияны өзгөртүүнүн ар түрдүү жолдору

1. Конституция Президент тарабынан жарыялана турган бүткүл элдик референдумда өзгөртүлүшү мүмкүн.
2. Конституцияга өзгөртүүлөрдү Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны жана Эл өкүлдөр жыйыны киргизе алат. Бирок Жогорку Кеңеш ар бир палатанын бардык депутаттарынын 2/3си добуш берген учурда гана бул өзгөртүүлөрдү киргизиши мүмкүн. (2005-жылдан кийин жаңы түзүлүүчү жалгыз эле палатанын жактырышы керек болот).
3. Конституцияны өзгөртүү жөнүндөгү сунуштар эң кеминде 300 000 шайлоочунун колу менен Президентке же Жогорку Кеңешке кайрылуу иретинде берилиши мүмкүн.

7.0 Кыргыз Республикасынын конституциялык системасынын негиздери

Мамлекеттин Конституциясынын бар болушунун өзү эле конституциялык же идеалдуу мыкты системаны билдирбейт. Бул үчүн өкмөт конституциялык принциптерге ылайык иштеши зарыл. Кыргыз Республикасынын конституциялык системасынын негизги принциптери Конституциянын 1-бабында берилген. Аларга төмөндөгүлөр кирет:

- эл бийлиги
- мамлекеттин республикалык формасы

[1]***Арбитраждык сот*** *– уюмдардын, ишканалардын ортосундагы чарбалык талаш-тартыштарды карап, алар боюнча чечим чыгаруучу мамлекеттик расмий бейтарап сот.*

- жарандык укуктар менен эркиндиктин эң бийик дөөлөт болушу
- элди социалдык жактан коргоо
- бийликтин бөлүштүрүлүшү
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун гарантиясы
- саясий жана идеологиялык плюрализм
- дүнүйөчүл мамлекет
- жеке менчик укугунун корголушу.

8.0 Конституция биздин өлкөдөгү мыйзам үстөмдүгү үчүн негиз катары

Мамлекеттик бийликтин үч бутагы тең (аткаруу, мыйзам чыгаруу жана, баарынан маанилүүсү, сот бийлиги) мыйзам үстөмдүгүн бекемдөө боюнча өз функцияларын аткарышат.

Аткаруу бийлиги мыйзам бузгандардын баарын сот жообуна тартуучу укук-тартип коргоо органдарынын жардамы менен мыйзамдардын акыйкат жана адилеттүү колдонулушуна жетишүүгө умтулушу керек (мыйзамдар бардык жарандарга карата бирдей колдонулууга тийиш). Мындан сырткары ал прокурорлук функцияларды бардык тартип бузуучуларга каршы бийлик тарабынан бирдей мамиле болгудай кылып аткарышы керек. Бийликтин аткаруу органдары мыйзам чыгаруу бийлиги мыйзам чегинде жана конституциялык жол-жоболорго ылайык иштеп жаткандыгына көзү жеткендей болушу керек (антпесе мыйзам чыгаруу бийлиги Конституцияны бузуп, аткаруу бийлигин четтетип салышы мүмкүн).

Мыйзам чыгаруу органы ал өзү иштеп чыгып кабыл алып жаткан мыйзамдар адилеттүү жана иш жүзүндө аткарылармлык экендигин анык билүүгө тийиш. Ал атүгүл аткаруу органдарынын бийлигине тиешеси бар же аны чектей турган мыйзамдарды да чыгарганга укуктуу болушу керек (б.а. аткаруу бийлиги кызматтан кетирет деп мыйзам чыгаруу органы коркпогудай болууга тийиш).

Сот бийлиги сот процедураларынын туура аткарылышын жана сот жообуна тартылып жаткан ким экендигине карабай, атүгүл бул мамлекеттин өзү, президент жана анын өкмөтү, парламенттин депутаттары болсо да, эгер аларга каршы кылмыш иши козголуп жаткан болсо, мыйзамдардын бирдей колдонулушун гарантиялоого тийиш. (Ырас, эгер судьяларды аткаруу бийлиги же мыйзам чыгаруу органы гана дайындаса, мындай болбостугу анык, анткени эгер бул органдардын ишине шек келтирсе, судьялар кызматынан айдалышы мүмкүн).

Бирок мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөнүн эң маанилүү *аспектиси* (жагы, тарабы) бийлик бутактарынын бири-биринен көз карандысыздыгына байланышкан. Эгер алардын бирөө өз ишин аткара албай калса, бийликтин башка бутагы же калган эки бутагы тең ушул органдын иштөөгө жараксыз экендиги жөнүндө маселе коюшу мүмкүн.

Ушул принциптер кандай даражада жүзөгө ашырылып жатканын кароо менен биздин мамлекет канчалык демократиялуу экендигине баа бере алабыз. Бул принциптер турмушка ашырылбаса, биз жаран катары өкмөттү алмаштырууну же Конституцияны жана анын принциптерин өзгөртүүнү колдоп добуш берүүгө милдеттүүбүз. Ошенткенде биз мыйзам үстөмдүгүн адам бийлигинен өйдө коюуга жардам бере алабыз.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

1-бөлүм. Мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү

02-тапшырма. Биздин тарых

Шеригиңер менен Кыргызстандын улуттук мамлекет катары өнүгүү тарыхындагы негизги окуяларды чагылдырган мезгилдик тизмекти түзгүлө. Силер Кыргыз Республикасынын Конституциясына бүгүнкү күнгө чейин киргизилген өзгөртүүлөрдү да кошсоңор болот.

03-тапшырма. Окуялар жана алардын натыйжалары

Мурунку тапшырмада түзүлгөн тизмеден 1920-жылга чейин болуп өткөн окуяларды карап чыккыла. Силер кандай деп ойлойсуңар, бул негизги тарыхый окуялар Кыргызстандын улуттук мамлекет катары калыптанышына канчалык таасирин тийгизген? Үч-төрттөн болуп өз дептериңерге төмөндөгү таблицаны көчүрүп жазып, аны толтургула. Төмөндө анын бир үлгүсү берилди. Класска жообуңарды айтып берүүгө даяр болгула.

Окуя	Натыйжа
Кыргыз мамлекеттүүлүгү болжол менен IX кылымда Енисейде түзүлгөн.	*Саясий системанын өтө маанилүү элементтери пайда болгон.*

04-тапшырма. Совет мезгилинин оң жана терс таасирлери

Өз дептериңерге төмөндө келтирилген таблицаны көчүрүп чийгиле. Шеригиңер менен өзүңөрдөн улуу тааныштарыңардан жана кошуналарыңардан ошол мезгилдеги кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жагында Кыргызстан үчүн оң жана терс болгон натыйжалары жөнүндө сураштыргыла. Мындай оң жана терс көрүнүштөрдүн тизмесин түзгөндөн кийин, аларды төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүштүргүлө:

(1) Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жолундагы артка карай өтө олуттуу кадам/алдыга карай өтө олуттуу кадам;
(2) Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жолундагы артка карай олуттуу кадам/алдыга карай кадам;
(3) Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жолундагы артка карай кадам/алдыга карай кичине кадам;

Оң жана терс факторлордун үлгүлөрү силерге берилди. (Ошентип, биринчи оң фактор кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу ишиндеги алдыга карай жасалган өтө олуттуу кадамдардын түрүнө киргизилди). Өз жообуңарды класска айтып берүүгө даяр болгула.

Оң өбөлгөлөр	Түр	Терс өбөлгөлөр	Түр
1. Эркектер жана аялдар үчүн бир түрдүү эмгекке бирдей акы төлөө.	*1*	*1. Кыргызстан өзүнүн тышкы саясатын жүргүзө алган эмес.*	*1*
2. Жалпыга акысыз билим берүүнү киргизүү.		2.	
3.		3.	
4.		4.	

05-тапшырма. Конституцияны өзгөртүү

3-4төн болуп конституцияны демократиялык жол менен өзгөртүү үчүн сунуштардын тизмесин түзгүлө.

06-тапшырма. Чыныгы жаран

Үч-төрттөн болуп төмөндөгү аныктама эмнени түшүндүрөрүн талкуулагыла:

> *«Эгерде канадалык: «Сиз кимсиз?» – деп сураганда, колунда Кыргызстандын паспорту бар бир адам: «Мен нарындыкмын», «Мен оштукмун» же «Мен таластыкмын», ж.б.у.с. деп жооп берсе, анда мындай адамды Кыргыз Республикасынын чыныгы жараны деп атоого болбойт».*

Силер бул ойго макулсуңарбы? Өз пикириңерди түшүндүрүп берүүгө даярдангыла.



07-тапшырма. Силер жашаган жерде

Шеригиңер менен силер жашаган жерде жашап жаткан этникалык азчылыктыктардын тизмесин түзгүлө. Андан соң төмөнкү учурларда өзүңөр колдонуучу ыкмаларды санап көрсөткүлө:

а) ал калктардын маданий салт-санааларын жана үрп-адаттарын баалай тургандыгыңарды билдиргенде;
б) башкаларды өзүңөрдүн маданий салт-санаалар менен тааныштырууда.

08-тапшырма. Сабырдуулук (толеранттуулук)

Үч-төрттөн болуп өзүңөрдүкүнөн айырмаланган жана силер үчүн алгылыксыз болгон маданий салт-санааларга карата кандай мамиле жасоо керектигин талкуулагыла. Класстагыларга өз жообуңарды айтып берүүгө даяр болгула.

09-тапшырма. Макул жана каршы

Айталы, силер Нур өлкөсүндөгү басымдуу этникалык топтун өкүлдөрү болгон парламент мүчөлөрүсүңөр. Шеригиңер менен төмөндөгү мыйзам долбоорлоруна макул же каршы болуп добуш бере турганыңарды чечкиле. Бул жашыруун добуш берүү эмес, ошондуктан силерден эмне үчүн мындай же тигиндей добуш бергениңерди сурашы мүмкүн экендигин унутпагыла. Биринчи жооп үлгү катары берилет.

№	Мыйзам долбоору	Ооба	Жок
1.	Үйдүн ичинде күндөн сактоочу көз айнекти тагынууга тыюу салынат.		✓
2.	Улуттук азчылыктардын тилдерин жалпы элдик жарыяларда колдонууга тыюу салынат.		
3.	Нур мамлекетинин бардык маданияттарынын бий фестивалы үчүн бюджеттик каражат бөлүп берүү.		
4.	Нур мамлекетинин жарандары гана жеке менчикке ээ боло алат.		
5.	Нур улутуна кирбеген бардык улуттар 20дан ашык адам катышкан жыйындарды өткөрүү үчүн каттоодон өтүшү зарыл.		
6.	Нуризм улуттук мамлекеттик дин болуп калат.		
7.	Нур тилинде сүйлөбөгөн жарандар да парламентке мүчө боло алышат.		
8.	Улуттук азчылыктардын тилдеринде китеп басып чыгарууну каржылоо үчүн бюджеттен акча бөлүү.		
9.	Кыздар үчүн 8 жылдык жана балдар үчүн 10 жылдык милдеттүү билим берүү.		
10.	Баласагын аймагында салттуу баш кийимди кийип жүрүүгө тыюу салган мыйзамды алып таштоо.		

10-тапшырма. Кодак, Анкор, БМВ, Майкрософт, ОРТ, Тойота, Кока Кола

Көптөгөн өлкөлөр сыяктуу эле Кыргыз Республикасынын дүкөндөрүндө да башка өлкөлөрдүн товарлары сатылат. (Мисалы, Кытайдын бут кийимдери, АКШнын музыкалык дисктери жана кассеталары). Ошондой эле Кыргыз Республикасына бүткүл дүйнө жүзүнөн адамдар келип турушат. Мунун баары турмушту өзгөртүп, өлкөнүн маданиятына таасир тийгизет. Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорду талкуулагыла (анан өз жоопторуңарды класска айтууга даярдангыла):

1. Силер акыркы 10 жылдын ичинде оозеки кыргыз тилине жана Кыргызстандагы башка тилдерге кирип, колдонулуп жаткан кандай сөздөрдү билесиңер?
2. Бардык эле маданияттар ар кандай тышкы таасирлердин натыйжасы болуп саналабы же айрымдары жалаң гана ички факторлордун натыйжасыбы?
3. Кандай өлкөлөр башкаларга өтө күчтүү маданий таасир берүүдө: ачык өлкөлөрбү же тышкы таасирлерден жабык өлкөлөрбү? (Башка өлкөлөр менен идеяларды эркин алмашууга мүмкүнчүлүк катуу чектелген болсо, жабык өлкөлөр деп аталат. Мисалы, мурдагы Советтер Союзу).
4. Бул таасирлердин баары эле жаманбы же өлкөнүн маданиятынын өнүгүшү үчүн жагымдуулары, жакшылары да барбы?
5. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасына кайсы 3 өлкөнүн маданий таасири көп тийүүдө?
6. Кыргыз Республикасынын жарандары канткенде өздөрүнүн маданиятын жана өзгөчөлүгүн сактап калуу менен ошол эле учурда дүйнөлүк коомчулуктун жигердүү (активдүү) мүчөлөрүнөн да боло алышат?

11-тапшырма. Эмненин таасири эмнеге тиет?

Төмөндөгү окуяны окуп, суроолорго жооп бергиле.

Кечээ Чикагодон келген америкалык өңү кара жөө күлүк Роберт Ханифин Олимпиадалык оюндарда алыска чуркоо боюнча алтын медалды жеңип алды.

Мунун сыры эмнеде экенин сурашканда, ал анча белгилүү деле болбогон бир компаниянын суусундугун ичкендигин айтты. Ханифин мындан 3 жыл илгери деңиз деңгээлинен бийик жайгашкан жерде машыгуу үчүн «Шоро» суусундугун өндүрүүчү өлкөгө келгенде кубат берүүчү бул суусундукту ичип көргөнүн, акыркы 2 жыл бою ошол суусундукту ичип жүргөнүн айтып берди.

SHORO
"ШОРО" ФИРМАСЫ

1. Силердин оюңарча, «Шоро» суусундугун саткан компания эми эмне болушу мүмкүн?
2. Бул окуя Кыргыз Республикасынын маданиятына кандай таасир тийгизет?
3. Бул башка өлкөлөрдүн маданиятына кандай таасир этет?

12-тапшырма. Келечек жөнүндө суроолор

Шеригиңер менен төмөндөгү суроону талкуулап, 200дөн ашпаган сөздөн турган дилбаян жазгыла:

Азыркы учурда улутту калыптандыруу жана андан ары чыңдоо боюнча Кыргыз Республикасынын алдында кандай милдеттер турат? Аларды кантип аткарууга болот?

2-бөлүм. Кыргызстандагы мыйзам үстөмдүгү

13-тапшырма. Убара болуунун кереги эмне?

Шеригиңер менен төмөнкү суроого 150дөн ашпаган сөздөн турган жооп жазгыла:

Бизге Конституция эмне үчүн керек?

14-тапшырма. Бул Конституцияга туура келеби?

Шеригиңер менен төмөндөгү сунуш кылынган мыйзамды карап чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келер-келбесин айтып бергиле. Өзүңөрдүн ой-пикириңерди чечмелеп, кыскача дилбаян жазгыла (200 сөздөн ашпасын).

«Австралиялык паспорту бар адамдардын бардыгы Кыргыз Республикасында жер сатып ала алышат».

15-тапшырма. Алар адам укуктарын кандайча коргошот?

Шеригиңер менен Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Адам укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү конвенциясын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясын карап чыгып, аларда улуттук азчылыктардын корголгон укуктары жөнүндө кыскача дилбаян жазгыла.

X бап

Мамлекеттик бийликтин түзүлүшү

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

Термин	Аныктама
1. Шайлоо	а) Айрымдары каршы болгонуна карабай, бардык жарандарга пайда келтирүүчү нерсе. Мисалы, салыктар.
2. Саясий партия	б) Кайсы бир жалпы кызыкчылыкты көздөгөн эки же андан ашуун саясий партиянын ыктыярдуу бирикмеси.
3. Коомдук кызыкчылык	в) Парламенттке өз өкүлдөрүн жана бийликтин аткаруу органдарына жетекчилерди тандоо үчүн элдин эркин билдирүү процесси.
4. Коалиция	г) Жарандар өз жетекчилерине өкүлдөрү аркылуу эмес, өздөрү добуш берген процесс.
5. Түз шайлоо	д) Өз принциптерин жайылтуу жана талапкерлерин мамлекеттик кызматтарга көрсөтүү, колдоо үчүн расмий түрдө түзүлгөн саясий топ.
6. Апелляция	е) Жогорку инстанцияга кайсы бир маселени кайра караштыруу өтүнүчү менен кайрылуу.

Окуу үчүн текст

Бул бапта биз мамлекеттик бийликтин жалпы структурасын жана ага байланыштуу айрым маселелерди карайбыз. Ал төмөнкүдөй бөлүмдөргө бөлүнөт:

- Бийликтердин тең салмактуулугу жана бөлүштүрүлүшү
- Мамлекеттик кызматтардын уюштурулушу
- Мамлекеттик кызмат менен жарандардын ортосундагы мамиле
- Мамлекеттин бийликти жалгыз ээлеп алуу коркунучу

1.0 Бийликтердин тең салмактуулугу жана бөлүштүрүлүшү

Алгачкы улуу саясий ойчулдардын бири Аристотель (б.з.ч. 384-жылы Македонияда туулган) өзүнүн «Саясат» аттуу китебинде мамлекеттеги бийликтер төмөнкү үч функцияны аткарат деп жазган:

- мыйзамдарды иштеп чыгуу (муну мыйзам чыгаруу органдары ишке ашырат);
- мамлекетти башкаруу жөнүндөгү мыйзамдардын негизинде чечимдерди кабыл алуу (муну аткаруу органдары ишке ашырат);
- мыйзамдарды чечмелөө жана колдонуу боюнча чечимдерди кабыл алуу (муну сот органдары ишке ашырат).



Аристотель

Бул функциялар ар кайсы бийлик системаларында ар кандай аткарылып, дайым эле так, даана аныкталбай жүрөт. Мисалы, мыйзам чыгаруучулар мыйзамды чыгаруу менен эле чектелбестен, анын аткарылышына да катыша алат. Ошентсе да, Аристотелдин

жазгандарынын тууралыгы бүгүнкү күнгө чейин далилденип келет. (Улуу Британия жана анын мурдагы көпчүлүк колонияларында мыйзам чыгаруу бийлиги мыйзамдарды иштеп чыга жана аткара турган парламенттик башкаруу системасы бар). Бийликти жана жоопкерчиликти ушундайча бөлүштүрүү абдан зарыл, анткени бул ашкере чоң бийликтин аз эле кишилердин колунда топтолуп калышына жол бербөөгө өбөлгө түзөт. Мамлекеттик бийликтин үч бутагы бири-биринен көз карандысыз болсо, анда биз бийликтердин бөлүштүрүлүшү бар дейбиз. Мурунку бапта айтылгандай, бийликтин ушундайча уюштурулушу натыйжалуу болот, себеби бул анын ар бир бөлүгү башкаларынын бийлигин чектеп турганга укуктуу болушу жана иш жүзүндө чектеп турушу керек дегенди билдирет. Мындай шартта бийлик ыйгарымдары мамлекеттик бийликтин бутактарын кызматташууга аргасыз кылат, анткени алардын ар бири бирдей, бирок мазмуну жана көлөмү жагынан ар башка бийликке ээ болот да, өз максаттарына жетишүү үчүн бири-биринин колдоосуна муктаж болот. Андан сырткары ар биринин иштөөсүнө өзүнчө стимулдар бар. Мыйзам чыгаруу органы шайлоочулардын талаптарын канааттандырууга айрыкча кызыгат, анткени депутаттарды дал ошол шайлоочулар шайлайт эмеспи. Мындай бөлүштүрүүнү *<u>тең дештирүү жана токтотуу</u>* системасы деп атоого болот. Мисалы, президент (аткаруу бийлигинин бөлүгү) бардык адамдардын кыска багалектүү шым кийишин каалап калды деп элестетип көрөлү. Буга жетишүү үчүн ал узун шым кийүүгө тыюу салган мыйзамды иштеп чыгууга тапшырма берет. Мындай мыйзамды мыйзам чыгаруу органы даярдап, кабыл алышы керек. Эгер мыйзам чыгаруу органына аткаруу бийлиги кысым көрсөтпөсө, анда мындай мыйзамды ал туура эмес деп баалап кабыл албай коюшу ыктымал. Аны биротоло даярдоо үчүн сот системасынын кайсы бир бөлүгү сунуш кылынган мыйзам долбоорунун конституцияга жана аракеттеги башка мыйзамдарга туура келерин же келбесин билдириши керек. Эгер мыйзам чыгаруу органы мындай мыйзамды кабыл албай койсо же сот органдары ал башка мыйзамдарга ылайык келбейт деп белгилесе, анда президент өз ниетинен баш тартууга мажбур болот.



Бийликтин үч бутагы

Мыйзам кабыл алынган күндө да анын колдонулушунда ошол эле милдеттердин бөлүштүрүлүшүн көрөбүз. Аткаруу бийлиги мыйзамды бузгандарды кармап сот жообуна тарта турган милициянын иши үчүн жооп берет. Сот бийлиги бул мыйзам сакталып же бузулуп жаткандыгы жөнүндө чечим чыгарып, аны бузгандарды жоопко тартып турат.

Азыркы конституциялардын көпчүлүгүндө мамлекеттик бийликтердин тең салмактуу бөлүштүрүлүшү эске алынат, анткени бул чыныгы демократиянын өзөк мазмунун түзөт. Төмөндө бийликтин мыйзам чыгаруу, сот жана аткаруу бутактарына кандайча бөлүштүрүлөрү жана алар кандай иштээри чечмеленет.

2.0 Мыйзам чыгаруу органдары

Мыйзам чыгаруу органдарынын (булар парламент деп да аталышы мүмкүн) башкы функциясы мыйзамдарды түзүү болуп саналат. Бирок көптөгөн мамлекеттик системаларда аткаруу бийлигине да айрым бир мыйзам чыгаруу функциялары ыйгарылат, мында алар *указдарды* (жарлыктарды) жана башка жоболорду чыгаруу жолу менен жүзөгө ашырылат. Мындан тышкары мыйзам чыгаруу органдары мамлекеттин финансылык каражаттарынын кандай пайдаланылышын белгилеп, мамлекеттер аралык келишимдерди ратификациялайт, ар түрдүү маселелер боюнча эл алдында жарыя угууларды уюштурат, шайлоо өткөрүү тартибин аныктайт, кээде соттордун дайындалышын да бекитет.

Мыйзам чыгаруу органдары ар кайсы өлкөлөрдө көп белгилер, мисалы, төмөндөгүлөр боюнча айырмаланат:

1) депутаттардын саны;
2) иш тартиби жана уюштурулушу;
3) саясий партиялардын ролу;
4) алардын мамлекеттеги аткаруу бийлигине салыштырмалуу маанилүүлүгү;
5) алардагы кызмат орундарды ээлөө жолу (шайлоо же кээде дайындоо).

Бардыгы болбосо да дүйнөдөгү мамлекеттердин мыйзам чыгаруу органдарынын көпчүлүгү кээде «палаталар» деп аталуучу эки бөлүктөн турат. Бул адатта жогорку деңгээлдеги чакан

палата (анын курамына көбүнчө өлкөнүн чоң региондорунун өкүлдөрү кирет) жана бир кыйла көбүрөөк сандуу төмөнкү палата (анын депутаттары региондордун шайлоо округдары деп аталган кыйла майда бөлүктөрүнөн шайланат) бар дегенди билдирет. Шайлоо округдарынын ар бири бирден өкүл шайлайт. (Парламент мүчөлөрүн шайлоонун ар түрдүү жолдорун кийинки баптардын биринде караштырабыз.) Адатта мындай бөлүү бийликти андан ары бөлүштүрүү максатында жасалат. Бирок кээ бир чакан өлкөлөрдө (2005-жылдан тартып Кыргызстанда да) бир палаталуу парламент иштейт.

Өлкө	Калкы	Парламенттердин аталыштары	Мүчөлөрү-нүн саны	Мөөнөтү	Мамлекет башчысы	Башкаруу системасы
Англия	49,5 млн.	1. Лорддор палатасы* (үстүңкү) 2. Общиналар палатасы	713 630	Өмүр бою 5	Королева	Парл.
Б. А.Э.	2, 219 млн.	Маджлис Ватани Итихад	40	2	Шейх	Парл.
Түркия	67 млн.	Тюркие Бюйюк Миллет Межлиси	550	5	Президент	Парл.
Россия Федерациясы	141,364 млн.	1.Мамлекеттик дума 2. Федерация кеңеши	272 178	4 Ар түрдүү	Президент	През.
АКШ	250 млн.	1. Сенат 2. Өкүлдөр палатасы	100 435	6 2	Президент	През.
Тувалу	11,4 миң	Паламене о Тувалу	15	4	Королева	Парл.
Германия	81, 904 млн.	1.Бундестаг 2.Бундесрат	598**	4	Президент	През.
Казакстан	16,7	Сенат Мажилис	39 77	7	Президент	През.
Малайзия	24, 014 млн.	1. Деван Негара – Сенат 2. Деван Ракьят	69 193	3 5	Жогорку өкүмдар	Парл.

*92 мурастоочу пэр, 595 өмүр бою иштөөчү пэр (ак сөөктөр), 26 *архиепископ* (улук епископ) жана *епископ* (чиркөө округунун башчысы)

**жерлердин (округдардын) өз өкүлдөрү болот, бирок добуштарынын саны ар кандай

Постсоветтик республикалардын парламенттериндеги олуттуу маселелердин бири – аларга жаңыдан шайланган өкүлдөрдүн көбүнүн буга чейин депутаттык тажрыйбасы жоктугу. Алардын бул иште колдонулуучу татаал эрежелер, процедуралар менен тааныштыгы да жок. Парламенттик *жааттарды* (атаандашкан топторду, б.а. фракцияларды) түзгөндү, мунасага жетишкенди жана, мисалы, мыйзам долбоорлору менен иш алып барганды үйрөнүү, буга көнүгүү үчүн бир топ убакыт талап кылынат. Ишине тың мыйзам чыгаруучулар өз шайлоочулары жана массалык маалымат каражаттары менен ачык-айрым сүйлөшө билүүгө да тийиш. Эгер мыйзамчылар бул маанилүү функцияларды аткарууга жөндөмсүз болсо же аткарууну каалабаса, анда мындан бүт өлкө жапа чегет.

3.0 Сот органдары

Сот системасы мыйзамдарды иш жүзүндө колдонот жана алардын өлкөнүн конституциясына ылайык, адилеттүү аткарылышына көзөмөлдүк кылат. Ошондуктан сот органдары көз карандысыз жана калыс болууга тийиш. Сот системасында адатта соттордун иерархиясы жана *апелляция* (лат. – «даттануу, кайрылуу») системасы болот. Ошондо гана жогорку инстанциядагы (*«инстанция»* – мамлекеттик органдар системасындагы баскыч) соттор төмөнкү инстанциядагылардын (мисалы, облустук сот райондук соттун) чечимин, эгер ал конституцияга же аракеттеги мыйзамдарга карама-каршы келсе, же юридикалык жол-жоболор бузулган болсо жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Адатта сот органдарынын эки иерархиясы болот да, алар төмөнкүлөрдү көзөмөлдөйт:

✓ ***Жарандык укук*** (өкмөткө жана жарандарга белгилүү бир иш-аракеттерди жасоо укугун берген мыйзамдар). Бул жекече маселелер болот, анткени мында айрым жарандардын

ортосундагы же жаран менен мамлекеттин ортосундагы иштер каралат. Ар бир тарап милдеттенмелердин (эгер, мисалы, келишимге тиешелүү болсо) аткарылган-аткарылбагандыгы тууралуу талашат.

✓ ***Жазык укугу*** (укуктарды кыянаттык менен пайдаланууларды же бузууларды жана бул кылмыштар үчүн тийиштүү жазаларды аныктай турган мыйзамдар). Мындай иштер коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурат, анткени булар дайыма жалпы элдин жыргалчылыгын коргоого милдеттүү болгон мамлекет менен жарандын ортосунда жүргүзүлөт (бул бардык жарандардын кызыкчылыгына туура келет).

Постсоветтик саясий кайра куруудагы эң эле кыйын маселелердин бири – аткаруу бийлигинин механизминен ажыратылган, көз каранды эмес сот системасын түзүү. Калыстыгы, мыкты билими, даярдыгы менен элдин ишенимине, сый-урматына жетишкен соттордуу дайындоо өтө зарыл.

4.0 Аткаруу органдары

Аткаруу органдары мамлекеттик бийлик структурасында (буга шайланууучу органдар да кирет) башкаруучулар болуп саналат. Алар мамлекеттик саясаттын багыттарын аныктайт жана парламент тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды жүзөгө ашырат. Алардын курамына мамлекеттин шайланууучу президент сыяктуу, же премьер-министр, министрлер өндөнгөн дайындалуучу кызмат адамдары, ошондой эле иштин техникалык жагын жөнгө сала турган мамлекеттик кызматкерлер кирет.

Аткаруу бийлигинин структурасындагы эң чоң айырмачылык системанын президенттик же парламенттик экенинен келип чыгат. Бирок бул айырмачылык дайым эле даана көрүнө бербейт, анткени мындай системалардын абдан көп түрлөрү бар.

Президенттик системада мамлекет башчысы, президент мыйзам чыгаруу органынын мүчөлөрү сыяктуу эле белгилүү бир мөөнөткө шайланат. Өтө эле адаттан тыш кырдаалдарсыз жана татаал, көбүнчө узакка созулуучу процедураларсыз президентти отставкага кетүүгө аргасыз кылуу мүмкүн эмес. Адатта президент да парламентти тарата албайт. *(Бул анын мүчөлөрүнөн эл өкүлдөрү болуу укугун тартып алуу дегендикке жатат. Адатта шайлоо башталарда ушундай болот).* Президенттик системалардын көбүндө вице-президент да болот. Бул иерархияда ал экинчи орунду ээлейт да, эгер президент иштөө жөндөмдүүлүгүн жоготуп койсо, анын кызматын аткарат. Президент демейде министрлерди (кээде буларды катчылар деп аташат) жана өкмөттүн башка мүчөлөрүн дайындайт. Америка Кошмо Штаттары, Франция жана постсоветтик өлкөлөрдүн көпчүлүгү президенттик республикаларга мисал боло алат. Бул өлкөлөрдө президент бир эле учурда мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы болуп саналат.

Парламенттик системада өкмөт башчысы *(премьер-министр, премьер же канцлер)* парламент мүчөлөрүнүн ичинен парламентте добуш берүү жолу менен шайланат. Ал адатта шайлоодо парламенттеги көпчүлүк орунду жеңип алган саясий партиянын лидери болот жана жаңы өкмөттү түзөт. Бул түз шайлоо эмес. Бирок шайлоочулар демейде ким премьер-министр болорун алдын ала эле билет, анткени ал шайлоодо көпчүлүк орунду жеңип алган саясий партиянын лидери болуп саналат. Анан премьер-министр парламент мүчөлөрүнүн ичинен министрлерди тандап дайындайт. Дайындалгандан кийин деле бул министрлер жана премьер-министр парламенттин мүчөлөрү жана өздөрүнүн шайлоо округдарынын өкүлдөрү бойдон калышат. Бул бийликтин аткаруу органы мыйзам чыгаруу органынын бөлүгүнөн турат дегенди билдирет. Мындай системада парламенттин көпчүлүгү ишеним көрсөтпөсө, премьер-министр менен өкмөт отставкага кетиши мүмкүн. Экинчи жагынан алганда, премьер-министр парламентти таратып, анын бүткүл курамын жаңыдан шайлоо жөнүндө жарлык чыгара алат. *(Бирок бул мамлекет башчысынын макулдугу менен гана жасалышы мүмкүн. Анын үстүнө мындайда мыйзам чыгаруучулар да өкмөткө ишеним көрсөтпөй чыгышы ыктымал).*

Парламенттик системада аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин ортосунда кыйла бекем кызматташтыктын болушу талап кылынат, анткени алар бирин-бири оңой эле таратып жибериши мүмкүн.

Парламенттик системада бийликтин аткаруу бутагынын үстүнөн алда канча катуу көзөмөл жүргүзүлөт, анткени мында мамлекет башчысынын жана өкмөт жетекчисинин кызматтары бөлүштүрүлгөн. Көп учурда кабыл алынган мыйзамдарды жактыруу же четке кагууда акыркы чечимди чыгаруучу, ошондой эле айрым соттордуу дайындоо укугуна ээ болгон мамлекет башчысынын ордун монарх же дагы эле президент деп аталып шайланууучу лидер ээлейт. Бул, айрыкча бир палаталуу парламенти бар өлкөлөрдө, бир топ түшүнбөстүктөрдү жаратышы ыктымал. Бирок президенттик системага караганда парламенттик системада президенттин бийлиги бир кыйла азыраак болот. Японияда, Испанияда, Улуу Британиянын Бириккен Королдугунда жана

Скандинавия өлкөлөрүндө монархы бар парламенттик системалар иштейт. Ал эми Италия, Венгрия, Германия, Чех Республикасы парламенттик республикалар болуп саналат, анткени бул өлкөлөрдүн президенттери өкмөт башчысы эмес, мамлекет башчысы болуп эсептелет.

Президенттер да, премьер-министрлер да мамлекетти министрлердин жардамы менен башкарат. Парламенттик системада министрлер кабинети бир топ өз алдынча болот да, премьер-министр калган министрлер менен дээрлик бирдей эле абалда турат.

Бул эки демократиялуу системанын кайсынысы демократиялуураак экенин айтуу кыйын. Бийликтин кайсы системасы тандалганына караганда, өкмөт Конституцияны канчалык деңгээлде ырааттуу сактайт жана бийлик бутактары канчалык деңгээлде теңдештирилген деген маселе бир кыйла маанилүү.

4.1 Мамлекеттик кызматтардын уюштурулушу

Өз милдеттерин аткарууда министрлерге адатта дайыма иштеп турган башкармалыктар менен бөлүмдөрдүн башчыларынан тартып катчыларга чейинки кызматкерлердин чоң тобу жардам берет. Көпчүлүк өлкөлөрдө мындай административдик кызматтар мамлекеттик жарандык кызмат деп аталат да, аларда иштегендер өкмөт жаңыртылганда алмашылбайт. Күндөлүк турмушта дал ушул мамлекеттик кызматкерлер саясий курсту жүзөгө ашырышат, кабыл алынган мыйзамдардын өкмөт көзөмөлдүгү астында аткарылышын камсыздашат.

Мурдагы советтик системадан калган проблемалардын бири – партиялык структураларга баш ийбеген мамлекеттик кызмат деген түшүнүктүн жоктугу. Жаңы эгемен мамлекеттерге мураска калган мамлекеттик кызмат мурда административдик бийликти жүргүзүү менен коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн да көзөмөлдөгөн. Натыйжада коомдогу ар бир мекеме (милициядан, университеттерден, саламаттыкты сактоо мекемелеринен тартып банктарга чейин) мамлекеттик органдардын көзөмөлүндө турган.

Мамлекеттик кызматты башкаруу бул өлкөлөрдө өзгөрүлө баштаганына аз эле убакыт болду. Анын айрым функциялары коммерциялык структураларга же өкмөттүк эмес уюмдарга (ӨЭУ) өткөрүлүп берилди. Ошондой эле мамлекеттин колунда калган функцияларды аткаруу үчүн азыркы учурда жеке ишканаларды башкаруу усулдары көбүрөөк колдонулуп жатат.

Батышта мамлекеттик кызматта адатта жеке сектордогуга салыштырмалуу түрдө аз эле адамдар иштейт. Аларды башкаруу дагы ар бир *департаменттин*[1] карамагындагы бөлүмдөр бир кыйла өз алдынчалыкка ээ болгондой кылып уюштурулган.

Мурдагы советтик республикаларда мамлекеттик кызматкерлердин саны дагы эле болсо абдан көп, мунун мамлекеттик бюджетке да зыяны чоң.

Ар кайсы кызматтарга адамдарды тандаганда салт боюнча алардын иш билгилиги, инсандык сапаттары жана татыктуулугу эмес, көбүнчө алардын саясий байланыштары, министрликтер менен *ведомстволордун*[2] жетекчилерине берилгендиги эске алынат да, ушунун өзү маселени ого бетер татаалдаштырат. (Демек, бардык кызматтарга адамдарды конкурс менен алып, курамына кызыкдар бөлүмдөрдүн эле эмес, башка башкармалыктардын жана кызматтардын да өкүлдөрү кирген коллегия же кеңеш дайындоого тийиш).

Эгер штаттык кызматтарга жекече ишкер сапаттарына карай алынбаса, анда кызмат адамдары саясий көзөмөлдү, өздөрүн дайындагандарга жекече берилгендикти (айрыкча тууган адамдар болсо) жана элдин таламына жооп бергидей мыкты чечимдерди чыгарууну дайым эле айкалыштыра албайт.

Мамлекеттик кызмат системасындагы айлык акынын аздыгы, ошондой эле демилге үчүн сыйлабастан, тескерисинче жазалап турган башкаруунун авторитардык ыкмалары абалды ого бетер оорлотот. Натыйжада мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин ишти жакшыртуу үчүн эч кандай стимулу жок, алар жер-жерлердеги шарт-ыңгайды анча дурус билбеген жетекчилердин уруксатысыз өз алдынча чечим кабыл алуудан коркуп, зарыл ишти да олку-солку болуп жатып арак аткарат. Мындай стилде иш жүргүзгөндө чечимдер туура кабыл алынбай, калк алдында аткарылуучу кызматтын сапаты да ойдогудай болбой калат. Андыктан жашоодо биз өзүбүз жетишкен ийгиликтерибизден эле эмес, кетирген каталарыбыздан да сабак ала жүрүүгө тийишпиз.

4.2 Мамлекеттик кызмат менен жарандардын мамилеси

Кээ бир өлкөлөрдө жарандар мамлекеттик мекемелердин бийлигинен коркушат, алардын коомдук (укук коргоо, юридикалык, медициналык, билим берүү, социалдык камсыздоо ж.б.) кызматтарына анча ишене беришпейт. Начар иштеген мамлекеттик кызматтар көбүнчө мыйзамдуу чоң ыйгарымдарга ээ болот же мыйзамга таянбай эле иштей берет. Демократиялуу

[1] ***Департамент*** *– министрликтин, мамлекеттик жогорку мекеменин бөлүмү.*

[2] ***Ведомство*** *– белгилүү бир тармакты же коомдук турмуштун бир чөйрөсүн башкарып, мамлекеттик башкаруу органдарынын системасына кирген мекеме.*

өлкөлөрдө жарандар мамлекеттик кызматтар жогорку профессионалдык деңгээлде болууга тийиш, алар биздин (тескерисинче эмес!) муктаждыктарыбызды канааттандыруу үчүн иштөөгө тийиш, алардын жашап турушунун мааниси да ушунда деп эсептешет. Мамлекеттик кызматтар жарандардан – салык төлөөчүлөрдөн чогултулган акча кандай сарпталып жатканы жөнүндө отчет берип турууга милдеттүү. Ошондуктан көп өлкөлөрдө жарандар мамлекеттик кызматтардын иш-аракеттерин чагылдырууга мамлекеттик органдарды аргасыз кыла алышы үчүн «Маалымат эркиндиги жөнүндө» мыйзамдар болот. Эгер мамлекеттик кызматтын таза, ак ниет менен иштебей жаткандыгы, мунун натыйжасында калкты тейлөөнүн сапаты начар экендиги же каражаттын керексиз эле ысырапталганы (төгүп-чачып сарпталгандыгы) аныкталса, анда жарандардын жетекчилерди кайра шайлоо жолу менен алмаштыруу мүмкүндүгү болууга тийиш. Ошентип, аткаруу бийлигинин жаңы шайланган жетекчилеринин мамлекеттик кызматта жакшы иштешине зор стимул берүүгө болот.

5.0 Мамлекеттин бийликти монополиялап алышы

Мамлекеттик органдын ар кандай системасы жакшы же начар болушу мүмкүн, бирок эч бир бийлик системасы кыянатчылыктарды такыр болтурбай коё албастыгы аныкк. Акыр-аягында ар кандай эле өлкөдө мамлекет күч колдонуунун (полиция, армия жана соттор аркылуу) негизги монополиясына ээ болуп калат.

Мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринин бири – бул жарандарды кылмышкерлерден коргоо. Бирок мамлекет өзү жарандардын укуктарын бузушу мүмкүн. Мындайда коргоочу бузуучуга айланып, ар кандай жеке кылмышкерден же кылмышкерлер тобунан алда канча коркунучтуураак болушу ыктымал. Ошентип мамлекеттик структуралар зарыл, бирок алар азыркы замандагы цивилизациялуу коом үчүн реалдуу коркунуч да туудурушу мүмкүн. Мындайда мамлекет тиранияга айланды дешет.

Өз жарандарына каршы туруп, элдин ишенимин актабаган өкмөттү тирания деп баалоого болот. Диктаторлор арам байлык топтоо үчүн калкты канчалык көп эзсе жана кысымга алса, ошончолук *тиран* (залим) болуп эсептелет. Мамлекеттик системанын ар кандай бөлүгү же ар кандай кызмат адамдары эл ишенимин актабай бийликти кыянаттык менен пайдаланууга азгырылып кетиши ыктымал. Бирок тирандык мамлекеттик башкаруу системасы өз калкына кас турган чыныгы табиятын жаап-жашыруу үчүн мыйзам чыгаруучулардын жардамы менен укуктук таяныч жасап алышы да мүмкүн. Мындайда дайындалган өкмөттүн адилетсиз иш-аракеттери жөнүндө эл эч каякка кайрылып даттана албайт, жарандардын кызыкчылыгы дегеле эске алынбайт.

Эгер сактануу чаралары, жолдору жок болсо, демократиялуу режимдерде дагы тирания өкүм сүрүп калышы мүмкүн. Демократиялык системада азчылыкты түзгөндөрдүн укуктары корголбосо, анда бул көпчүлүктүн тираниясына алып келет. Көпчүлүк азчылыкты кулга айланта алат, жөн эле көрө албастыктын же ачкөздүктүн айынан анын менчик мүлкүн тартып алышы, атүгүл кырып жок кылышы ыктымал. Ошондуктан өлкөдө бийликти бөлүштүрүү системасы жана азчылыктын укуктарын коргоонун конституциялык кепилдиги болушу зарыл.

Тирандык режимдердин күчөп кетиши көбүнчө куралдуу революциялык көтөрүлүшкө алып келет. Бирок эң жакшысы жана оңою – тынч жол менен эле тиранияны болтурбай коюу, анын эч качан орнотулбашы үчүн кам көрүү туура болот. Анткени залим жол башчылар бийликтен оңой эле кете койбойт. Өлкөдө мыйзам үстөмдүгү өкүм сүргөн шартта мыйзамды сактабаган кызмат адамын, ал ким (президент же карапайым жаран) экендигине карабай, сот жообуна тартуу мүмкүнчүлүгү дайым бар болот.

Албетте, тиранияны болтурбай коюунун дагы бир маанилүү жолу – бул шайлоо аркылуу өз лидерлерин алмаштырып туруу укугунун сакталышы. Шайлоо айрым инсандарды кызматтан түшүрүүгө мүмкүндүк берип эле калбай, эски конституцияны оңдоп-түзөө же жаңысын кабыл алуу жолу менен, ошондой эле ага мамлекеттик бийликтин таптакыр башка системасы жөнүндөгү жобону киргизүү аркылуу бүтүндөй саясий режимди жаңыртууга жол ачат. Ошентсе да шайлоо бардык эле дарттын дабасы боло албайт.

Кээде шайлоо жетик өркүндөтүлбөгөн эрежелер боюнча уюштурулушу мүмкүн. Андыктан шайлоо жөнүндөгү мыйзамдар *акыйкат* (адилет) өкүлчүлүктү жана эркин шайлоонун

өткөрүлүшүн камсыз кылуучу эл аралык принциптерге туура келиши үчүн көп аракет жасоо зарыл. Мында нормалардын бар болушу эле жетиштүү эмес: шайлоо эркин жана акыйкат жол менен өтүшү үчүн, аларды (нормаларды) иш жүзүндө колдонуу зарыл. *Шайлоонун уюштурулушу жана саясий партиялар жөнүндө кийинки баптарда сөз болот.*

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

02-тапшырма. Алар эмне кылышат?

Шеригиңер менен бул баптын материалдарын пайдаланып, мамлекеттик бийликтин, силердин оюңарча, эң маанилүү болгон функцияларынын тизмесин түзгүлө.

03-тапшырма. Мамлекеттик органдарды кантип уюштуруу керек?

Шеригиңер менен, силердин көз карашыңар боюнча, өлкөдөгү мамлекеттик бийлик түзүмүн иштеп чыгууда эске алынууга тийиш болгон маанилүү принциптердин тизмесин түзгүлө.

04-тапшырма. Адилеттүүлүк принцибин сактоо: татыктуусун тандоо

Мамлекеттик сынакты (экзаменди) өткөрүүдө мугалимдер кеңири ыйгарымдарга ээ болушат. Алардын колдонгон сынак тартиби кимдин эң мыкты жөндөмү болсо, ошого эң жакшы баа коюлушуна өбөлгө түзүүгө тийиш. Татыктууларды тандоо дегендин өзү ушул. Бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө тийиш болгон мамлекеттик сынактардын системасы кандайча иштейт? Мектеп директорунан бул системанын иштөө принцибин тактагыла. Андан төмөндөгүлөрдү сурагыла:

1. Сынактын программасын ким түзөт?
2. Окуучулар тааныштанга чейин анын жашыруундугу кандайча сакталат?
3. Окуучулардын бардыгы бирдиктирүү *критерийлердин* (талаптардын, ченемдердин) негизинде калыс коюлган татыктуу бааларын алышы үчүн баалоо системасы кандай иштейт?

05-тапшырма. Конституциялык гарантиялар

Шеригиңер менен Кыргыз Республикасынын Конституциясын карап чыккыла. Аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтеринин иштеринде токтотуучу жана теңдештирүүчү кайсы механизмдер колдонулат? Төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

1. Жаңы мыйзамдарды түзүүдө же эскилерине өзгөртүү киргизүүдө президенттин иш-аракетин эмне чектеп турат?
2. Парламенттин палаталарына өздөрү кабыл алгысы келген каалагандай мыйзамдарды киргизе беришине жана кабыл алышына эмне жолтоо болот?
3. Сотторго өздөрү каалаган чечимди кабыл алышына эмне тоскоол болот?
4. Райондук соттордун судьяларын дайындоо же кызматтан бошотуу кандай тартипте жүргүзүлөт?

06-тапшырма. Токтотуучу жана теңдештирүүчү механизмдер

Ойдон чыгарылган Зифф өлкөсүнүн президенти тууралуу бул окуяны окуп чыккыла:

Бүгүн Зифф мамлекетинин Президенти Зильдорф Хиггинске өзү жок кезинде мамлекетке чыккынчылык кылды деген күнөө коюлду. Армия колдогон элдик революция жаңы президенттик шайлоону өткөрүүнү талап кылгандан бир нече күн өткөн соң ал өлкөдөн чыгып кеткен. Конституцияга сыйбаган бул акт Конституциянын жеткире иштелбегендигинин – анда Президенттин иш-аракети үчүн тийиштүү токтотуучу жана теңдештирүүчү чаралар эске алынбагандыгынын өкүнөрлүк натыйжасы болду. Президент өтө зарыл учурларда мамлекеттин акча каражаттарын өзү каалагандай жумшоого мүмкүнчүлүк берген мыйзамды жарыялады. Ошентип, ал 2 000 000 $ өлчөмүндө өзүнө грант бөлдү. Парламент бул мыйзамга каршы чыкты, бирок Президент өзүнүн парламенттин ой-пикири менен эсептешпөө укугунан пайдаланды. Парламент Президентти кызматынан алыш үчүн зарыл болгон мүчөлөрүнүн 100% катышуусун камсыз кыла алган жок. Судьялар мыйзамды конституцияга сыйбайт деп төгүндөөгө аракеттеништи, бирок Президент Конституция боюнча иммунитети (кол тийгистик укугу) бар жана Конституциялык соттун бардык чечимин четке кагуу укугуна ээ болгондуктан, сот эч нерсе кыла алган жок.

Шеригиңер менен өз түшүндүрмөңөрдү, ошондой эле өлкөнү андан ары талап-тоноодон сактап кала тургандай кылып Зифф өлкөсүнүн Конституциясын өзгөртүү боюнча сунушуңарды жазгыла (көлөмү 200 сөздөн ашпасын).

07-тапшырма. Сухарто, Никсон жана Эстрада

Коомдун өзүн өзү сактоо жолдорунун бири – бул Конституцияда президент же король мыйзамды бузуп, мамлекеттин жана жарандардын таламдарына каршы иш жасаган учурда (б.а. мамлекетке чыккынчылык кылганда), аларды кызматтан алып коюу тартиби көрсөтүлгөн бөлүмдүн бар болушу.

Шеригиңер менен мындай учурда эмне кылуу керектиги жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кайсы бөлүгүндө айтылганын тапкыла. Адамдардын кайсы тобу адамды мыйзам жолу менен президентти кызматтан алып коё ала тургандыгын аныктагыла.

08-тапшырма. Бийликти эмне үчүн бөлүштүрүү керек?

Шеригиңер менен төмөндөгү суроого 100 сөздөн ашпаган жооп жазгыла:

«Эмне үчүн демократиялуу деп эсептелген мамлекетте бийликти анын ар кайсы бутактарына: аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийлигине бөлүштүрүү керек?»

09-тапшырма. Президенттик системабы же парламенттик системабы?

Шеригиңер менен чечкиле:

1. Төмөнкү ырастоолор кайсы системага тиешелүү: парламенттиккеби (ПАРЛ), президенттиккеби (ПРЕЗ) же эки системага теңби?
2. Кыргыз Республикасында кандай система иштейт?

№	Ырастоолор	ПАРЛ	ПРЕЗ
1.	Аткаруу бийлиги министрлерден турат.	✓	✓
2.	Депутаттар министр боло алышпайт.		
3.	Мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтеринин ортосунда так бөлүштүрүү жок.		
4.	Аткаруу бийлигинин жетекчиси – премьер-министр.		
5.	Өлкөнүн жетекчиси – Президент.		
6.	Мыйзам чыгаруу бийлигинин функциясы – мыйзамдарды бекитүү.		
7.	Аткаруу бийлигинин ыйгарымдары оппозициянын жана сот бийлигинин ыйгарымдары менен теңдештирилген.		

10-тапшырма. Дайындалганбы же шайланганбы?

Шеригиңер менен кызмат адамдарын шайлоодогу же дайындоодогу артыкчылыктарды жана кемчиликтерди санап чыккыла.

Артыкчылыктар	Кемчиликтер
<u>Дайындоо</u> <u>Шайлоо</u>	<u>Дайындоо</u> <u>Шайлоо</u>

11-тапшырма. Ким эмне кылат?

Мында төмөндөгүлөрдүн тизмеси түзүлгөн:

а) сот, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтеринин жалпы функциялары жазылган билдирүүлөрдүн;
б) бул органдар аткарууга тийиш болгон конкреттүү милдеттер жөнүндөгү билдирүүлөрдүн.

Шеригиңер менен бул милдеттердин ар бирин классификациялап, андан кийин булар кайсы органдар тарабынан аткарыларын тактагыла.

Жалпы функциялар:

1. Бул орган добуш берүү системасы аркылуу мыйзамдарды иштеп чыгат жана кабыл алат. Бул өкүлчүлүк органы. Ал ошондой эле мамлекеттик органдардын айрым жогорку кызматтагы адамдарын дайындоо жана кызматынан кетирүү укугуна ээ.
2. Адатта мамлекеттик бул органдын бардык кызматкерлери дайындалат. Ал негизги эки ролду аткарат. Биринчиси – жаңы мыйзамдардын колдонуудагы мыйзамдарга, өзгөчө Конституцияга, каршы келип калбастыгы үчүн текшерип туруу. Экинчиси – бул мыйзамдарды жарандар бузган-бузбаганын аныктоо үчүн колдонуу. Эгер бузган болсо, бул орган тийиштүү жаза тууралуу чечим чыгарат (бирок чечимди өзү аткарбайт).
3. Бул орган мыйзам тарабынан берилген ресурстарды башкаруу жана өз программаларын аткаруу үчүн пайдаланат. Ал соттордуу дайындоо, ошондой эле кээ бир сунуш кылынган мыйзамдардын колдонулушуна жол бербөө бийлигине ээ болушу мүмкүн. Сот бийлигинин чечимин ишке ашырат. Ал мамлекеттик мыйзамдардын аткарылышын жана коомдун башкарылышын түздөн-түз көзөмөлдөп, анын жоопкерчилигин алат.

Аткаруу бийлиги	Мыйзам чыгаруу бийлиги	Сот бийлиги
Жалпы милдеттер:	*Жалпы милдеттер:*	*Жалпы милдеттер:*
Конкреттүү милдеттер:	*Конкреттүү милдеттер:*	*Конкреттүү милдеттер:*

Конкреттүү милдеттер:

1. Сунуш кылынган мыйзам долбоору Конституциянын 4-статьясына карама-каршы келет деген чечим чыгарды.
2. Машина уурдагандыгы үчүн бир адамды 5 жыл эркинен ажыратууга өкүм чыгарды.
3. Мектепти кайра курууга 400 000 сом сарптады.
4. «Кока-Кола» компаниясынын иш-аракетин токтотуу жөнүндөгү сунуш кылынган мыйзамды экинчи ирет окуп чыкты да, аны кайрадан өзгөртүүнү сунуш кылды.
5. Жогорку соттун судьясын дайындады жана/же кызматынан алды.
6. Ички иштер органынын өздүк курамын акчалай камсыздоо үчүн каражат төлөп берүүгө тийиштүү мекемени милдеттендирди.
7. 2004-жылдын бюджетин бекитүүгө добуш берди.
8. Парламентке шайлоонун мөөнөтүн белгиледи.
9. Президентке ишеним көрсөтпөө үчүн добуш берип, аны кызматтан алды.
10. Жаңы тышкы иштер министрин дайындады.

XI бап

Кыргыз Республикасындагы бийликтин түзүлүшү

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

Термин	Аныктама
1. Импичмент	а) Кандайдыр бир милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо.
2. Гарантия	б) Адамды же адамдар тобун соттук тартипте куугунтуктоо.
3. Спикер (төрага)	в) Президентти кызматынан четтетүү үчүн ага айып коюу процедурасы.
4. Аудитор	г) Парламент тандаган, адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндигинин сакталышына көзөмөл жүргүзгөн адам.
5. Омбудсмен	д) Финансылык документтердин тууралыгын текшерүүчү адам.
6. Күнөө тагуу	е) Парламенттин отурумдарына (заседаниелерине) жетекчилик кылат, палаталардын жана мамлекет башчысынын өз ара байланышын камсыздайт.
7. Ишенбөөчүлүк вотуму	ж) Парламенттеги көпчүлүк өкмөттүн жакшы башкара аларына шек санагандыгын билдирген кырдаал.

Окуу үчүн текст

Бул бапта Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин кандайча түзүлгөндүгү, анын мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги болуп үч бутакка бөлүнүшү каралат. Мында биз жалпысынан сереп (обзор) берүүгө аракеттендик. Мамлекеттик бийликтин уюштурулушу жөнүндө кыйла кеңири жана так билип алгыңар келсе, окуу куралынын аягында келтирилген Конституциянын жоболорун же башка мыйзамдарды карагыла.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин түзүлүшү



1.0 Президент

Кыргыз Республикасындагы бийликтин конституциялык системасында Президент өзгөчө орунду ээлейт. Ал мамлекет башчысы жана республиканын эң жогорку даражадагы кызматкери, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын *гаранты* (кепил

Турмуш деген ушундай!

Адегенде бул китеп 2001-жылы жазылган эле. Бирок 2003-жылы өлкөдө референдум болуп, ал парламенттин түзүлүшүнүн жана бийликтин үч бутагынын кээ бир милдеттери менен ыйгарымдарынын өзгөрүлүшүнө алып келди. Бул өзгөртүүлөрдүн көбү 2005-жылга чейин киргизилбейт, андыктан биз 2004-жылдагы системаны сүрөттөп, ошол эле учурда ал 2005-жылдан кийин кандай өзгөрөрүн да көрсөтүүгө аракет кылдык.

болуучусу, шарт түзүүчүсү), адам жана жаран укуктары менен эркиндигинин гаранты болуп саналат. Ал мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарынын аныкталышы, мамлекеттик бийликтин үч бутагынын *координацияланышы* (иштеринин макулдашылышы), ички түзүлүшү жана уюштурулушу үчүн жооп берет.

Конституция Президентке кеңири ыйгарымдарды берип, аны бийлик бутактарынын баарынан жогору коёт.

Бул ыйгарымдардын бардыгынын аткарылышын камсыздоо үчүн Президенттик администрация түзүлгөн. Өзүнчө жетекчиси бар бул администрациясы аркылуу Президент өкмөт менен байланыш түзүп, анын ишин көзөмөлдөйт, ошондой эле сот системасы жана парламент менен да иштешет. Президент жана анын администрациясы мамлекеттик бийликтин эч кайсы органына отчет бербейт.

Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти

1.1. Президент бийлигинин чектелиши

Бирок Президенттин бийлиги чектелет. Биринчиден, президенттик орун – бул шайланма кызмат, б.а. эл ар беш жылда башка Президентти шайлоо мүмкүндүгүнө ээ. Республиканын Конституциясы боюнча Президенттин бул кызматка катары менен эки мөөнөттөн ашык шайланууга акысы жок. Президенттик кызматка кандидаттын жашы 35тен кичүү же 65тен улуу эмес, мамлекеттик тилди билген жана кандидат катары көрсөтүлгөнгө чейин 15 жылдан кем эмес убакыт бою республикада жашаган Кыргызстандын жараны болушу талап кылынат. Президенттикке кандидат болуп катталуу үчүн 50 миңден кем эмес жарандын колун топтоо зарыл. Шайлоодо добуш берүүгө укуктуу бардык жарандардын жарымынан көбү катышканда добуштардын теңинен көбүнө ээ болгон талапкер (кандидат) шайланды деп эсептелет.

Мыйзам чыгаруучу орган – Жогорку Кеңеш, Президенттин саясатына белгилүү деңгээлде таасир эте алат. Ал:

- мамлекеттик жогорку кызматтарга Президент сунуш кылган кандидатураларды бекитпей коё алат;
- республикалык бюджетти жана жалпы республикалык программаларды бекитпей кое алат же аларга өзүнүн өзгөртүүлөрүн киргизе алат;
- парламент тарабынан кабыл алынган мыйзамдарга Президент койгон *ветону* (тыюуну, б.а. жаратпай коюуну) көпчүлүк болуп жеңип кете алат (ошондо ал бул мыйзамдарга кол коюуга аргасыз болот);
- өтө татаал жана узакка созулуучу импичмент (ишеним көрсөтпөө) процедурасын колдонуп Президентти кызматынан кетире алат.

2.0 Аткаруу бийлиги

Аткаруу бийлигине Кыргыз Республикасынын өкмөтү, ага баш ийген министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана облустук, райондук мамлекеттик администрациялар кирет. Президенттин тапшыруусу боюнча ал мамлекеттик саясий, экономикалык, маданий, социалдык жана коргоо саясатын иштеп чыгып, турмушка ашырат. Ал ошондой эле өз ишмердигинин программасынын негизги багыттары боюнча сунуштарды даярдап, Президенттин кароосуна жиберет.

Омбудсмен (Акыйкатчы) аппараты

Жакында эле түзүлгөн Омбудсмен (Акыйкатчы) аппараты бийликтин үч бутагынын эч кайсынысына кирбейт. Ишмердиги республикалык бюджеттен каржыланса дагы, анын милдети – адамдардын мамлекеттик органдардын үстүнөн жазган арыздарын жана даттануларын караштыруу. Зарыл болгон учурда Омбудсмен соттук териштирүү жүргүзгөнгө демилге көтөрөт.

Омбудсмен аппараты – жарандардын атынан чыгуучу көзкарандысыз орган.

Өкмөт, кабинет... Чаташып кетпейби?

Абдан так, мыйзамдуу аныктамалары бар экенине карабастан, улам бир маданиятка, тилге, саясий системага өткөн сайын бул терминдер күндөн күнгө бүдөмүк тартып, маанилери чаташтырылып баратат.

Өкмөткө же бийликтин аткаруу органдарынын башчылары, өкмөт структурасында иштеген адамдар гана, же мамлекеттик түзүлүштүн бөлүктөрү болгон бардык бийлик органдары кирет (муну ар башкача түшүнүүгө болот, буга атүгүл мыйзам чыгаруу жана сот бийликтери да камтылышы мүмкүн). Бул окуу куралында биз өкмөт дегенде аткаруу бийлигин гана түшүнөбүз (элди эмес).

Кабинет – бул бар болгону бийликтин аткаруу бутагындагы структуралардын башчыларынын (министрлердин жана комитет төрагаларынын) чогулушу. Кабинет адатта туруктуу структура болбойт, демек, талкуулануучу маселелерге жараша анын мүчөлөрү ар кандай курамда чогула берет.

Президент өкмөттүн башчысы болуп саналбайт, бирок анын түзүмүн аныктайт, парламенттин жактыруусунан кийин өкмөт башчысын – премьер-министрди дайындайт жана аны менен да, парламент менен да макулдашып, өкмөттүн калган мүчөлөрүн дайындайт (бул жөнүндө толугураак Конституциядан окуп билүүгө болот). Ошондой эле Президент анын жыйындарында төрагалык кыла алат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөт үйү

Министрлер кабинетине (өкмөттүн курамына) премьер-министр, вице-премьер-министрлер, министрлер жана мамлекеттик комитеттердин төрагалары кирет. Премьер-министр отставкага кеткенде же жаңы Президент шайланганда өкмөттүн бардык мүчөлөрү отставкага чыгышы керек. Өкмөттүн отставкага кетиши үчүн Жогорку Кеңештин макулдугу талап кылынбайт. Президент өз чечими менен премьер-министрди да, өкмөттүн айрым мүчөлөрүн да кызматтан кетире алат. Жогорку Кеңеш премьер-министрге ишенбөөчүлүк вотумун (чечимин) билдире алат, бирок акыркы чечимди Президент чыгарат. Президент макул болбосо, Жогорку Кеңешти таратып жиберет. Бирок Жогорку Кеңеш да Президентке ишенбөөчүлүк вотумун жарыялоого акысы бар.

Жогорку Кеңеш өкмөттүн иш-аракетине көз салып туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал премьер-министрдин жылдык отчетун кабыл алууга же четке кагууга укуктуу, Жогорку Кеңеш (парламент) өкмөттүн каалагандай мүчөсүнө ишенбөөчүлүк вотумун билдире алат. Кийинки тийиштүү кадамдар Президенттин макулдугу менен гана жасалышы мүмкүн. (2003-жылы Жогорку Кеңеш Жалалабат облусунун прокурорун отставкага кетирүүнү талап кылганда Президент бул талапты орундаткан эле). Мындан тышкары, депутаттар өкмөттүн ишиндеги каалагандай маселе боюнча анын каалагандай мүчөсүнө расмий суроо жолдоп, ага жоопту жазуу түрүндө же палатадагы «өкмөттүк саат» учурундагы угууда оозеки түрдө ала алат.

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы бийликтин аткаруу системасындагы мамлекеттик орган болуп саналат. Мыйзам бузгандардын баарына карата (ал жеке адамбы же уюмбу – баары бир) жазык тергөөсүн жүргүзүү менен ал мамлекеттин жана жарандардын таламдарын коргой алат. Прокуратура ошондой эле өзүнүн компетенциясынын чегинде мыйзамдардын соттордо адилеттүү жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзөт.

2.1 Бийликтин аткаруу бутагында чечимдер кандайча кабыл алынат?

Премьер-министр, министрлер, мамлекеттик комитеттердин төрагалары, административдик агенттиктердин директорлору жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары тийиштүү административдик органдардын бардык токтомдору жана ишмердиги үчүн жекече жооптуу болушат, бирок адатта өз алдынча чечим кабыл алышпайт. Алар жетектеген башкаруу органдары *коллегиалдуу* түрдө иштейт, б.а. бардык маанилүү чечимдерди демейде ушул органдын бардык башкармалыктарынын же бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен турган коллегия кылдат талкуулап, көпчүлүгү колдогондон кийин кабыл алат. Алардын бардык токтомдору мамлекеттик саясаттын нугуна (багытына), парламент жана Президент бекиткен мыйзамдар менен өкмөттүк программаларга шайкеш келиши керек.

Ар бир конкреттүү маселе боюнча чечимди ошол тармакка тиешелүү ыйгарымдары бар орган чыгарат. Маселен, шаарыңарда дүкөн ачууга уруксат алуу үчүн премьер-министрге кайрылып отурбай эле мэриянын тийиштүү бөлүмүнө арыз жазып, коштоочу документтер менен беришиңер керек.

Өкмөттүн министрлер кабинетинин жыйындары зарылдыгына жараша, бирок үч айда бир жолудан кем эмес, өткөрүлүп турат. Бул жыйындарда (эгер президент катышып жаткан болбосо) премьер-министр, ал жок болсо биринчи вице-премьер-министр төрагалык кылат. Жыйындарга өкмөт мүчөлөрүнөн тышкары талкууланууучу маселе боюнча чыгып сүйлөө үчүн административдик ведомстволордун директорлору, башкармалыктардын жана жергиликтүү администрациялардын жетекчилери, эксперттер жана башка компетенттүү адистер чакырылышы мүмкүн. Ошондой эле жыйында каралган маселени кеңири чагылдырып

2004-ж. 9-февралындагы
Өкмөт түзүмү



элге жеткирүү үчүн массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү да катыша алат. Өкмөт мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышып, булардын көпчүлүгү колдоп добуш берсе, жыйында чечимдер кабыл алынат. Эгер добуштар теңме-тең болуп калса, анда жыйында төрагалык кылуучу сунуштаган чечим кабыл алынат (демек, мындайда ал кошумча добушка ээ болот).

Жыйындын иш-аракеттерге негиз боло турган токтомуна төрага кол коёт. Кабыл алынган чечимдер анан өкмөттүн токтому же буйругу катары жарыяланат да, буларды аткарууга

[1]***Антимонополия*** – *монополияга каршы, монополияны чектөөчү.*

Кыргыз Республикасынын Президентин, ошондой эле Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларын кызматтан четтетүү маселеси боюнча бүтүм чыгаруу

Жергиликтүү соттордун судьяларын жазык коопкерчилигине тартууга макулдук берүү

Конституцияга өзгөртүүлөрменен толуктоолорду киргизүү маселеси боюнча бүтүм чыгаруу

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Конституцияга каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу

Саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын ишмердигинин конституцияга туура келер-келбестиги жөнүндө чечим кабыл алуу

Жогорку сот бардык жергиликтүү соттордун иш-аракетин жана алар жүргүзгөн процедураларды көзөмөлдөйт.

Облустук соттор жана Бишкек шаардык соту төмөн турган соттор чечим чыгара албай турган иштерди карайт. Ошондон тышкары, облустук соттун сот коллегиясы экинчи инстанциядагы сот катары райондук жана ага теңделген соттордун актыларын кайра караштырат. (Силер эгер жаңы жагдайлар пайда болсо же соттун процессуалдык (жол-жобого, эрежелерге байланышкан) нормалары бузулду деп эсептесеңер, соттун жогорку инстанциясына кайра кароо өтүнүчү менен кайрыла аласыңар, б.а. апелляция берсеңер болот). Ошондой эле соттор мыйзамда бекитилген башка ыйгарымдарга да ээ.

Райондук жана ага теңделген соттор бардык жаранды экономикалык, жазык жана административдик иштер (мыйзам боюнча жогорку инстанциядагы соттор кароого тийиш болгондорун кошпогондо) карайт. Булар башталыш инстанциядагы соттор болуп саналат.

Конституцияда судьялардын дайындалышы, эң жаш курак чеги, талап кылынуучу билими жана дайындоо процедурасы каралган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча судьялар көзкарандысыз, алар Конституциянын мыйзамга гана баш ийишет. Бирок судьялардын чыныгы көзкарандысыздыгы азырынча толук ишке аша элек, буга аларды дайындоо жана кызматтан бошотуу процесстери жана коррупциялык акынын аздыгы да себеп болууда. Андыктан бийликтин аткаруу органдары мурдагыдай эле соттор кыйла таасир тийгизе алышат. Бирок сот системасынын өнүгүп жаткан реформасы ушул маселелердин баарын демократиялык мамлекеттин дүйнөлүк кабыл алынган нормаларына ылайык чечүү тийиш.

Аксакалдар соту

Аксакалдар соту башка соттордон таптакыр айырмаланып турат. Алар жарандардын, шаарлардагы, айылдардагы жергиликтүү кеңештердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими боюнча түзүлүүчү мүмкүн. Аларга жашы улуу кишилер (жамаат аксакалдары) жана башка кадыр-барктуу кишилер кирет. Бул соттор жалаң гана мүлккө, үй-бүлөлүк чыр-чатактарга ж.у.с. байланышкан иштерди карайт. Алар кабыл алган чечимдер тийиштүү райондордун жана шаарлардын сотторунда кайра каралышы мүмкүн.

3-диаграмма

Күнөөлүү экендиги соттун чечими менен далилденмейинче адамдар күнөөсүз деп эсептелүү укугуна ээ болушу керек деген пикирге макулсузбу? (б. а. күнөөсүздүк презумпциясы болууга тийишпи?)



Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун биринчи курамы

- ✦ Республиканын бюджетин жана анын аткарылышы тууралуу отчётту бекитүү
- ✦ Эл аралык финансылык келишимдерден жана кредиттик макулдашуулардан тышкары эл аралык келишимдерди *ратификациялоо* (бекитүү) жана *денонсациялоо* (жокко чыгаруу)
- ✦ Өзгөчө кырдаалды киргизүү, Президенттин бул маселе боюнча указдарын бекитүү же жокко чыгаруу
- ✦ Согуш жана тынчтык маселелерин чечүү; аскердик абал киргизүү; Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүн тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо боюнча мамлекеттер аралык келишимдерде аныкталган милдеттенмелерди аткаруу зарыл болгон учурда өлкөнүн чегинен тышкары жерлерде колдонуу маселелерин чечүү
- ✦ Аскердик наамдарды, дипломатиялык *рангдарды* (даражаларды) жана класстык *чиндерди* (наамдарды), ошондой эле башка атайын наамдарды да аныктап бекитүү.
- ✦ Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо датасын белгилөө
- ✦ Премьер-министрди, башкы прокурорду, Улуттук банктын төрагасын дайындоого макулдук берүү
- ✦ Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын (омбудсменин) шайлоо жана кызматынан бошотуу

Конституцияга ылайык мыйзам чыгаруу демилгесин көтөрүүгө (парламентке мыйзам долбоорлорун киргизүүгө) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын өкмөтү укуктуу. Эгер 30 000 жактоочунун колун чогулта алса, жарандар да мыйзам долбоорун парламентке сунуш кыла алат. Иш жүзүндө мыйзам долбоорлорунун басымдуу бөлүгү өкмөттөн жана Президенттен келип түшөт. *(Мыйзамдар кандайча кабыл алынары тууралуу кийинки бапта сөз болот).*

Мыйзам боюнча парламентке шайлануу үчүн талапкер өлкөдө беш жылдан кем эмес жашаган, 25 жаштан кичүү эмес курakta болушу керек. Мындан тышкары, депутат бир эле учурда өкмөт мүчөсү же жергиликтүү кеңештин депутаты боло албайт. Президенттикке талапкерден айырмаланып, Конституцияда депутаттыкка канча ирет шайлануусу менен талапкердин жашынын улуулугуна чек коюлбаган, ал кыргыз тилин билүүгө милдеттүү эмес. Депутат Конституцияда каралган ар түрдүү жүйөлөрдүн негизинде парламенттеги ордунан айрылышы мүмкүн.

4.0 Сот бийлиги



Кыргыз Республикасында сот адилеттигин сот гана жүзөгө ашырат. Кыргыз Республикасындагы сот системасына Конституциялык сот, Жогорку сот жана жергиликтүү соттор кирет.

Конституциялык сот Кыргыз Республикасындагы сот бийлигинин Конституцияны коргоо боюнча эң жогорку органы болуп саналат. Анын курамына төрага, төраганын орун басары жана жети судья кирет. Ал төмөндөгүдөй ыйгарымдарга ээ:

- ➢ Мыйзамдарды жана башка нормативдик актылардын конституцияга туура келер-келбесин аныктоо (Ал мыйзам бузулган-бузулбагандыгы жөнүндө чечим чыгарбайт)
- ➢ Конституциянын иштешине, колдонулушуна жана чечмеленишине байланышкан талаштарды чечүү
- ➢ Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо укук чегинде өткөндүгү жөнүндө бүтүм чыгаруу

- Кыргыз Республикасынын Президентин, ошондой эле Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларын кызматтан четтетүү маселеси боюнча бүтүм чыгаруу
- Жергиликтүү соттордун судьяларын жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү
- Конституцияга өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүү маселеси боюнча бүтүм чыгаруу
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Конституцияга каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу
- Саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын ишмердигинин конституцияга туура келер-келбестиги жөнүндө чечим кабыл алуу

Жогорку сот бардык жергиликтүү соттордун иш-аракетин жана алар жүргүзгөн процедураларды көзөмөлдөйт.

Облустук соттор жана Бишкек шаардык соту төмөн турган соттор чечим чыгара албай турган иштерди карайт. Андан тышкары, облустук соттун сот коллегиясы экинчи инстанциядагы сот катары райондук жана ага теңделген соттордун актыларын кайра караштырат. (Силер, эгер жаңы жагдайлар пайда болсо же соттун процессуалдык (жол-жобого, эрежелерге байланышкан) нормалары бузулду деп эсептесеңер, соттун жогорку инстанциясына кайра кароо өтүнүчү менен кайрыла аласыңар, б.а. апелляция берсеңер болот). Ошондой эле соттор мыйзамда бекитилген башка ыйгарымдарга да ээ.

Райондук жана ага теңделген соттор бардык жарандык, экономикалык, жазык жана административдик иштерди (мыйзам боюнча жогорку инстанциядагы соттор карoого тийиш болгондорун кошпогондо) карайт. Булар баштапкы инстанциядагы соттор болуп саналат.

Конституцияда судьялардын дайындалышы, эң жаш курак чеги, талап кылынуучу билими жана дайындоо процедурасы каралган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча судьялар көзкарандысыз, алар Конституция менен мыйзамга гана баш ийишет. Бирок судьялардын чыныгы көзкарандысыздыгы азырынча толук ишке аша элек, буга аларды дайындоо жана кызматтан бошотуу процесстери жана айлык акынын аздыгы да себеп болууда. Андыктан бийликтин аткаруу органдары мурдагыдай эле сотторго кыйла таасир тийгизе алышат. Бирок сот системасынын даярдалып жаткан реформасы ушул маселелердин баарын демократиялык мамлекеттин дүйнөдө кабыл алынган нормаларына ылайык чечүүгө тийиш.

Аксакалдар соту

Аксакалдар соту башка соттордон таптакыр айырмаланып турат. Алар жарандардын, шаарлардагы, айылдардагы жергиликтүү кеңештердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими боюнча түзүлүшү мүмкүн. Аларга жашы улуу кишилер (жамаат аксакалдары) жана башка кадыр-барктуу кишилер кирет. Бул соттор жалаң гана мүлккө, үй-бүлөлүк чыр-чатактарга ж.у.с. байланышкан иштерди карайт. Алар кабыл алган чечимдер тийиштүү райондордун жана шаарлардын сотторунда кайра каралышы мүмкүн.

3-диаграмма

Күнөөлүү экендиги соттун чечими менен далилденмейинче адамдар күнөөсүз деп эсептелүү укугуна ээ болушу керек деген пикирге макулсузбу? (б. а. күнөөсүздүк презумпциясы болууга тийишпи?)





Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун биринчи курамы

Силердин соттогу жарандык укуктарыңар

Кылмыш жасадыңар деп күнөө тагылган күндө деле силер күнөөлүү саналбашыңар керек. Прокурор күнөөңөрдү фактылар менен далилдемейинче Конституция боюнча силерди сот күнөөсүз эсептөөгө тийиш (күнөөнү моюнга алуунун өзү эле жетишсиздик кылат). Айыпталып жаткан адам күнөөлүү деген чечимди чыгарганга чейин судья төмөндөгүлөрдү:

- сотто айыпталып жаткан адамдын иш-аракети чындыгында эле мыйзамсыз экендигин
- айыпталуучу ошол мыйзамсыз иш-аракетти жасаган адамдын дал өзү экендигинин далилдерин аныктоого тийиш.

Силер өзүңөрдүн күнөөсүздүгүңөрдү далилдөөгө милдеттүү эмессиңер. Далилдер мыйзамды бузуу жолу менен алынган болсо, алар жараксыз деп эсептелет да, сотто аларды колдонууга жол коюлбайт. Ынанымдуу жана талашсыз далилдер келтирилмейинче силерди эч ким күнөөлүү деп эсептей албайт.

Тийиштүү ордерсиз жана документтерди көрсөтпөй туруп (эгер бул өзгөчө кырдаал болбосо) силерди кармоого, камакка алууга эч кимдин акысы жок.

Кармалган учурдан тартып силер адвокаттын (коргоочунун) жардамын алууга укуктуусуңар. Адам сот ишинин каралуу процессинин каалагандай стадиясында корголууга укуктуу. Эгер жаран адвокаттын кызматына акы төлөй албаса, анда анын корголушу мамлекет тарабынан камсыздалат.

Жарандардын мындан башка да укуктары бар, алар жөнүндө юристтен консультация алганда сурап билсеңер болот.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

02-тапшырма. Кыргыз Республикасындагы укуктук система

Шеригиңер менен төмөндөгү ойлорду окуп чыккыла да, алар Кыргыз Республикасы үчүн туура же туура эмес экендигин аныктагыла. Эгер туура эмес болсо, сүйлөмдү оңдоп көчүрүп жазгыла.

№	Ойлор	Туура/Туура эмес
1.	Соттолуп жаткан адамдардын бардыгы күнөөлүү.	
2.	Адамды сот жообуна тартуудан мурун ага мыйзам бузгандыгы тууралуу күнөө тагуу керек.	
3.	Сотко кайрылуудагы максат айыпталып жаткан адамдын күнөөсүнө далилдер жетиштүү экендигин аныктоодо турат.	
4.	Милиция кылмыш жасады деп айыптаган каалагандай адам адвокаттын кызматынан пайдаланууга укуктуу. Бирок айыпталуучу бул кызматтын акысын төлөөгө тийиш.	
5.	Адамды качан айыптоо, аны сот жообуна тартуу же бейтарап калыстардын кароосуна коюу чечимин судья чыгарат.	
6.	Айыпталуучуну анын иши сотто каралганга чейин сот канча кааласа, ошончо убакыт бою тергөө изоляторунда камоого болот.	
7.	Кээ бир адамдар мыйзамга баш ийбей эле койсо болот.	
8.	Мыйзамдарды судья гана билүүгө тийиш.	
9.	Судья эгер кааласа, мыйзамды өзгөртө алат.	
10.	Күнөөлүү адамды кантип жазалоону судья чечет.	

03-тапшырма. Мыйзам өкүлү менен тааныштыла

Юристти же судьяны классыңарга чакырып, төмөндөгү суроолорду бергиле:

1. Сиз кантип юрист болгонсуз?
2. Бул үчүн кандай билим алуу керек?
3. Жаңы мыйзамдар жөнүндө сиз кантип билесиз?
4. Жарандык жана жазык укуктарынын ортосунда кандай айырмалар бар?
5. Жакшы иштелген жана начар иштелген мыйзамдардын ортосунда кандай айырмалар бар?
6. Адвокаттын жумушу акыркы бир нече жылдын ичинде кандайча өзгөрүлдү?

04-тапшырма. Аксакалдар

Үч-төрттөн болуп төмөндөгү маселени талкуулагыла:

«Аксакалдар соту жалаң гана эркектерден турушу керекпи?»

05-тапшырма. Булар кимдер?

Төмөндө берилген кызматтардын жана мекемелердин тизмесин окугула, аларды таблицанын бөлүмдөрүнө туура келгендей кылып бөлүштүргүлө. (2005-жылдан кийин парламентте бир гана төрага болорун көңүлдө туткула).

МЧЖ төрагасы, премьер-министр, Жогорку Кеңеш, Конституциялык Сот, айыл өкмөтү, министрлер, министрлердин орун басарлары, ӨӨЖ төрагасы, жергиликтүү соттун судьясы, прокурор, оппозициянын лидери.

Аткаруу	Мыйзам чыгаруу	Сот

06-тапшырма. Парламент кандай иштейт?

Шеригиңер менен ойдон чыгарылган Нур өлкөсүнүн парламентинин иши баяндалган таблицаны карап чыккыла. Эгерде Кыргыз Республикасынын парламенти ушундай иштесе, анда «ушундай эле» деп жазгыла. Эгерде ал башкача иштесе, анда анын ишиндеги айырманы бир сүйлөм менен жазгыла.

№	Ойлоп чыгарылган Нур өлкөсүнүн парламенти	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
1.	Парламентте бир гана палата бар. Ал «Берекет» деп аталат.	
2.	Шайлоо ар бир үч жылда өткөрүлөт.	
3.	Жашы 18ге жеткен ар бир жаран добуш берүүгө укуктуу.	
4.	Шайлоодон кийин шайлоо округдарында добуштардын көпчүлүгүн алган партия же партиялар коалициясы өкмөттү түзөт.	
5.	Бул өкмөт парламенттин мүчөлөрүнөн премьер-министрди тандайт. Анан премьер-министр өз партиясынын мүчөлөрүнөн министрлерди тандайт.	
6.	Президент ар бир 5 жылда шайланат жана эгерде ага парламенттин мүчөлөрүнүн 75 же андан көп проценти ишеним көрсөтпөсө, кызматынан түшүрүлүшү мүмкүн.	
7.	Президент жаңы мыйзамды сунуш кыла алат. Ал парламент сунуш кылган ар кандай жаңы мыйзамдарды кабыл албай коюуга укугу бар.	
8.	Парламентти спикер көзөмөлдөйт. Эгерде парламенттин мүчөсү эрежелерди сактабаса, спикер аны бир жумага чейинки мөөнөткө кетире алат.	
9.	Жаңы мыйзам кабыл алынганга чейин аны атайын түзүлгөн комитет талкуулайт. Адатта бул комитеттин курамына бардык партиялардын өкүлдөрү кирет.	
10.	Коомдук уюмдардын өкүлдөрү парламентке каалаган убакта бара алышат, бирок спикер өтүнбөсө, алардын чыгып сүйлөөгө укугу жок.	
11.	Парламент Конституциялык Сотту, Жогорку Сотту дайындайт. Президент сот кызматына кандидаттардын 50% тен көп эмес бөлүгүн жаратпай коюуга укуктуу.	

07-тапшырма. Ким эмнеге жооп берет?

Эки-экиден же үч-төрттөн болуп, милдеттерди Кыргыз Республикасынын саясий системасында бөлүнгөндөй кылып аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтерине бөлгүлө. Силер кээ бир милдеттерди үч бийлик тең аткарышы керек деп божомолдошуңар мүмкүн. Анын себебин түшүндүргүлө.

№	Милдеттер	Аткаруу бийлиги	Мыйзам чыгаруу бийлиги	Сот бийлиги
1.	Дайындала турган соттордуу тандайт.			
2.	Соттордун дайындалышын бекитет.			
3.	Адамдардын өлкөнүн мыйзамдарын бузганын же бузбаганын аныктайт.			
4.	Жаңы мыйзамдарды сунуш кылат.			
5.	Сунуш кылынган мыйзамдар күчүнө́ киргенин же кирбегенин чечет.			
6.	Салыктарды кантип бөлүштүрүүнү чечет.			
7.	Бюджетти сунуш кылат.			
8.	Сунуш кылынган мыйзамдарды карап чыгып, алардын Конституцияга туура келе тургандыгын жана адам укуктарын бузбай тургандыгын аныктайт.			
9.	Салыктарды кантип чогултууну чечет.			
10.	Аткаруу бийлигинин өкүлүн кызматынан бошотот.			
11.	Бюджетти бекитет.			
12.	Башка өлкөгө согуш жарыялайт.			
13.	Президенттикке шайлоону өткөрүү мөөнөтүн белгилейт.			

08-тапшырма. Кантип Президент болсо болот?

Топторго бөлүнүп, Кыргыз Республикасында Президентти шайлоонун жүрүшүн чагылдырган схеманы чийгиле. (Окуу китебинин аягындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясын карасаңар болот).

09-тапшырма. Президент кандай болушу керек?

Силердин оюңарча Президент үчүн зарыл болгон сапаттарды шеригиңер менен жазгыла.

10-тапшырма. Мен Президенттин кызматы жөнүндө эмнелерди билем?

Шеригиңер менен Конституциянын статьяларын карап чыгып, ага төмөндөгү ойлор ылайык келерин же келбесин чечкиле.

1. Президент парламентке спикер (төрага) боло алат.
2. Ал ар кандай мыйзамды бузууга укуктуу.
3. Ал министрлерди дайындоодо алардын талапкерлигин жактырат же вето коет.
4. Ал соттордуу дайындоо бийлигине ээ эмес.
5. Ал өзү каалаган убакытка чейин Президент боло алат.
6. Аялзаты Президент боло алат.

11-тапшырма. Кантип премьер-министр болуу керек?

Премьер-министрдин кантип дайындалары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кайсы бөлүгүндө айтылган? Бул процесс кандай ырааттуулукта жүрөрүн баяндап бергиле.

12-тапшырма. Премьер-министр кантип иштейт?

Шеригиңер менен Кыргыз Республикасында премьер-министрдин аткарган негизги функцияларынын тизмесин түзгүлө.

13-тапшырма. Жогорку Кеңеште ким эмне кылат?

Шеригиңер менен төмөндө аты аталган ар бир кызмат орундарына ылайык келе турган кызматтык милдеттерди тандагыла.

Кызмат	Кызматтык милдеттердин баяндамасы
1. Коопсуздук кызматынын офицери	а) Отурумда сөз болгон бардык нерселерди ММК (массалык маалымат каражаттары) үчүн жазып алат.
2. Гезиттин же телекөрсөтүүнүн репортеру	б) Мыйзамдарды талкуулоого жана кабыл алууга активдүү катышат.
3. Жогорку Кеңештин төрагасы	в) Белгилүү бир парламенттик топтун ишин уюштурат жана жөнгө салат.
4. Жогорку Кеңештин депутаты	г) ЖКнын заседаниесин алып барат, алардын ишинин жүрүшүн уюштурат, ар бир учурда бирден гана адам сүйлөшү керек экендигине көз салат.
5. Парламенттик комиссиянын жетекчиси	д) Белгилүү бир тармакта мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу менен алектенет.
6. Фракциянын лидери	е) Эч ким залга курал алып өтпөшү үчүн текшерет.

XII бап

Мыйзам чыгаруу органдары: тарыхы жана уюштурулушу

ТЕКСТТИ ОКУГАНГА ЧЕЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

01-тапшырма. Терминдер жана алардын аныктамалары

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

Термин	Аныктама
1. Мыйзам долбоору 2. Оппозиция 3. Мыйзам чыгаруу демилгеси 4. Лоббилөө 5. Плюрализм 6. Форум 7. Дворяндар	а) Ар түрдүү көп пикирлердин, идеялардын, позициялардын айкалышы. б) Өкмөткө каршы позицияда турган адамдардын тобу. в) Кеңири өкүлчүлүктүү жыйын. г) Парламенттин талкуусуна сунуш кылынган мыйзам. д) Көз карашыңардын тууралыгын далилдөө жана колдоо таап турмушка ашыруу аракети. е) Көбүнчө байлыгы, ак сөөк теги же даражасы менен айырмаланып турган адамдар тобу. ж) Мыйзам долбоорун талкууга сунуш кылуу, добушка салуу укугу жана мүмкүнчүлүгү.

Окуу үчүн текст

Бул бапта биз мыйзам чыгаруу органдарынын өнүгүү тарыхын, алардын жалпы кабыл алынган уюштурулушун жана иштөө *процедураларын* (жол-жоболорун, тартибин) карайбыз. Андан соң Жогорку Кеңештин уюштурулушу менен процедуралары, силердин аларга катышуу мүмкүнчүлүгүңөр жөнүндө сөз болот.

1.0 Мыйзам чыгаруу органдарынын легитимдүүлүгү

Мыйзам чыгаруу органдары дегенде территориялык жактан аныкталган шайлоо округдарынан эл (электорат) шайлаган өкүлдөр жыйынын түшүнөбүз. Бул өкүлдөр мыйзам чыгаруу ыйгарымына ээ жана мамлекеттик башкаруудагы башка функцияларды да аткарат. Көпчүлүк өлкөлөрдө парламент деп аталган мыйзам чыгаруу органдары, негизинен, демократиялуу өлкөлөргө мүнөздүү болсо да, иш жүзүндө азыркы бардык саясий системаларда бар.

Мыйзам чыгаруу органдарынын депутаттарынын ыйгарымдары алар жарандардын өкүлдөрү болгондугуна негизделет. Парламенттин ар бир мүчөсү (парламентарий) тең укуктуу жарандардын өкүлү болгондуктан, алар расмий ыйгарымдары жана статусу боюнча бири-бирине тең абалда турушат.

Азыркы коомдун татаалдыгынан улам парламентте өкүлдөрү бар бардык шайлоочулардын кызыкчылыктарын аныктоо өзгөчө кыйын. Мыйзам чыгаруу органдарынын ишин уюштуруу депутаттарга коомдогу керектөөлөрдү жана көпчүлүк менен азчылыктын көз караштарын (ишкерлер менен керектөөчүлөрдүн, фермерлер менен шаардыктардын кызыкчылыктарын) теңдештирүү мүмкүндүгүн берет. Маал-маалы менен өткөрүлүп туруучу кайра шайлоолорго көз

каранды болгондуктан, депутаттар бардык шайлоочуларга жана өздөрүнүн шайлоо округдарындагы «кысым көрсөтүүчү топторго» абдан көңүл бурууга аргасыз болот.

Ушунча адамдын көбүнчө бири-бирине карама-каршы келген жүйөлүү пикирлерин бирдиктүү чечимдерге айлантуу үчүн өзгөчө процедуралар зарыл. Ал процедуралар кылымдар бою жүргөн практикалык тажрыйбада иштелип чыгып, мурдагы парламенттерден улам кийинкилерине өтүп келет.

2.0 Парламенттин пайда болушу

Парламенттер өкүлдүк демократиядан мурда пайда болгон. Алар Европада XII кылымда эле жаралган. Азыркы мыйзам чыгаруу процедураларынын көбү узакка созулган тарыхый тажрыйбанын натыйжасында келип чыккан. Бул процедураларды ар кайсы доорлордогу парламентарийлер (парламент мүчөлөрү) парламенттик *прецеденттер*[1] түрүндө сактап келишкен. Мыйзам чыгаруу органдарынын бийлик ыйгарымдарына жана курамына негиз болгон өкүлдүк концепциясы да орто кылымдарда жаралган.

Мындан жети жүз жыл илгери Европада башкаруунун адаттагы формасы монархия болгон. Өз бийлигин сактагысы келген монархтар согуш жана тынчтык, салык салуу жана сот адилеттиги сыяктуу олуттуу маселелер боюнча кеңешүү үчүн мезгил-мезгили менен калктын ар кайсы топторунан чыккан таанымал өкүлдөрүн чогултуп, жыйын өткөрүп туруу керек деп эсептешкен. Айрым өлкөлөрдө монархтар дворяндар менен өзүнчө (коомдун башка катмарларындагыдан бөлөк) жолугушуп турган. Бул модель эки палаталуу системанын, башкача айтканда, кош палаталуу парламенттердин пайда болушуна алып келген. Адатта ырааттуу түрдө өткөрүлбөгөн мындай жыйындар Европа өлкөлөрүнүн көбүндө болгон. «Мыйзам чыгаруу органы» деген термин бир топ кийин, XVII кылымда Англияда революция мезгилинде Общиналар палатасы мыйзам жаратуучу (же, б.а. мыйзам чыгаруучу) орган болобуз деп чыккандан тартып колдонула баштаган.

Алгачкы парламенттер

1275-жылы Англиянын королу Эдуард I аскер муктаждыктары үчүн салык топтоого макулдук алуу максатында алгач ирет парламент жыйынын чакырган эле. 1286-жылга чейин парламентти 2 жылда бир жолу чогултуп турган. («Парламент» «parley» – «сүйлөө» деген сөздөн чыккан). 1295-жылы ал чиркөө (дин кызматындагылардын), жер ээлеринин (феодалдардын) жана шаардыктардын өкүлдөрүн чогултkан. Кыйла карапайым жарандардын өкүлдөрү киргендиктен, бул жыйын «парламент модели» деп аталган. Кийинчерээк аны «Общиналар палатасы» («община» – жамаат) деп атап коюшкан (бул палатанын мүчөлөрү король үй-бүлөсүнө тууган эмес, аны менен карым-катышы да жок болгон).

Илгерки королдор диний башчылардан, көбүнчө король үй-бүлөсү менен кандаш туугандыгы же жек жааттык байланышы бар дворян үй-бүлөлөрдүн башчыларынан (лорддордон) турган парламент менен гана акылдашчу. Бул жыйын «Лорддор палатасы» деп аталган.

Общиналар палатасына шайлоо калкынын саны бирдей эмес аймактардан өткөрүлүп, добуш берүүнүн жашыруундугу сакталчу эмес. Бул жалаң гана таасири күчтүүлөр катышкан жыйындарда ачык добуш берүү менен жүргүзүлчү. Алар өздөрүнүн ичинен көрсөтүлгөн кандидатураларды талкуулап, өкүл шайлашкан.

Европадагы алгачкы демократиялык кыймылдар парламентти элдин эркин монархка аткартуу үчүн колдонулуучу курал катары көрүшкөн. Ошондуктан парламенттер ар кайсы социалдык катмарлардан куралган, жаңы эле демократиялык мамилелерге өтүү алдында турган плюралисттик коомдордун муктаждыктарынан жана жогорку бийликти чектөө аракетинен улам келип чыккан десе болот.

3.0 Алар азыр эмне иш аткарышат?

Бардык мыйзам чыгаруу органдары өз өлкөсүндөгү эң орчундуу маселелерди талкуулоо үчүн зарыл болгон коомдук форум болуп саналат. Алар аркылуу демократиянын эң маанилүү функциясы аткарылат. Мыйзам чыгаруу органынын эң негизги функциясы – мыйзам долбоорлорун карап чыгуу, толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, аларды кабыл алуу же четке кагуу. Бирок көпчүлүк өлкөлөрдө бийликтин аткаруу бутагы мыйзамдарды кабыл алуу демилгесин көтөрүп чыгууга укуктуу жана көбүнчө долбоорлордун мыйзам болуп калышы же аларга вето коюлушу тууралуу акыркы чечимди кабыл ала алат. Маал-маалы менен курч талкууга алынып туруучу эң маанилүү мыйзамдардын бири аткаруу бийлигинин салыктарды

[1] ***Прецедент*** *– лат., мурда болгон, кийинки учурлар үчүн үлгү же актанууга жүйө катары колдонулчу окуя.*

чогултуп, түшкөн каражатты иштетүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Бул – мамлекеттик бюджет тууралуу мыйзам.

Мамлекеттик башкаруунун парламенттик системаларында (Улуу Британиядагы сыяктуу) мыйзам чыгаруу органдары өкмөттүн курамын аныктоого жана аткаруу бийлигинин башчысын шайлоого катыша алат. Өкмөт башчылыгына адатта үстөмдүк кылуучу партиянын же парламентте көпчүлүктү түзгөн партиялардын лидерлеринин бири шайланат.

Президенттик системаларда мыйзам чыгаруучулар адатта аткаруу органынын мүчөлөрүнүн дайындалышын бекитүү менен гана чектелет. Дайындоону аткаруу бийлигинин башчысы (ал көбүнчө президент болот) жүргүзөт. Бирок айрым кызматтарга бул системада адамдарды парламентарийлер шайлашат.

Мындай системадагы өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө мыйзам чыгаруу органдары аткаруу бийлигинин иш-аракеттерин ар кандай жолдор менен көзөмөлдөйт, б.а. өзүнүн көзөмөл жүргүзүү функциясын аткарып, токтотуу жана каршы салмак системасынын иштөөсүн камсыздайт. Мисалы, алар салык жыйымдары боюнча отчет берүүнү талап кылып, алар эмнеге жана кандайча сарпталганын тактай алышат.

Мыйзам чыгаруу органдарынын чечимдери жогору кызматтагы адамдардын көрсөтмөсү боюнча эмес, коллективдүү түрдө кабыл алынат. Бир нече жүз парламентарийдин (эркек жана аялдын) биргелешип жалпы чечим кабыл ала билүүсү үчүн мыйзам чыгаруу органынын мүчөлөрүнүн ортосунда жаралуучу өз ара карым-катыштардын татаал системасы жана атайын процедуралар болот.

4.0 Парламентарийлер кандайча иштешет?

Парламент кабыл алуучу чечимдер белгилүү деңгээлде парламенттик процедураларга да жараша болот. Дал ушул процедуралар (*«процедура»* – лат., кайсы бир ишти жүргүзүүдөгү, талкуулоодогу иш-аракеттердин расмий түрдө кабыл алынган жол-жобосу, тартиби) парламент ишинин төмөндөгүдөй өтө маанилүү үч аспектисин аныктайт:

1) мыйзам чыгаруу жана бюджет түзүү процесси;
2) кош палаталуу парламенттерде эки палата ортосунда пайда болгон карама-каршылыктарды жөнгө салуу;
3) коомдук талкууларды өткөрүү.

Процедуралардын бир бөлүгү жазуу түрүндөгү жоболор менен, экинчи бөлүгү жазылган эрежелерге негизделүүчү чечмелөөлөр жана прецеденттер менен, калгандары жүрүш-туруштун расмий эмес чек-ченемдери менен аныкталат. Жаңы түзүлгөн мыйзам чыгаруу органдары адатта башка өлкөлөрдө илгертен бери колдонулуп келаткан процедураларды өздөштүрүп алышат. Ар кайсы өлкөлөрдөгү мыйзам чыгаруу органдарынын процедуралык эрежелери ар кандай болсо да, бул эрежелердин көпчүлүгүнүн теги демократияга чейинки британ парламентинин процедураларына барып такалат.

Эрежелер чечим кабыл алууга күчтүү таасир этет, анткени алар карама-каршы пикирлерди талкуулоонун жүрүшүн аныктайт. Андыктан булар өздөрү да карама-каршылыктуу болушу ыктымал. Бул эрежелер боюнча комитеттердин, комитеттер менен бүткүл палатанын, көпчүлүк менен азчылыктын ыйгарымдары бөлүштүрүлөт. Ал эми башкаруунун парламенттик системаларында бул эрежелерге ылайык парламенттин кабинеттеги лидерлеринин жана аларды жактоочулардын ыйгарымдары бөлүштүрүлөт. Эрежелер иш-аракеттердин, мисалы, мыйзам долбоорун кароо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибин жөнгө салат.

Мыйзам чыгаруу процесси мыйзам долбоорлорун сунуш кылуудан башталат. Мыйзам долбоорлору парламентке төмөнкү жолдордун бири менен киргизилет:

- айрым депутаттар киргизет;
- министрлер кабинети (өкмөт) киргизет;
- федеративдик мамлекетте (Германиядагы сыяктуу) ага караштуу айрым штаттар жана жерлер киргизет;
- мыйзам чыгаруу демилгесин көтөрүү иретинде шайлоочулардын өздөрү киргизет;
- парламенттик комитеттер киргизет.

Мыйзам долбоору киргизилгенден кийин ал Жогорку Кеңештегидей окуулардын, талкуулардын жана өзгөртүүлөрдүн ар түрдүү баскычтарынан өтөт.

Бул ишти аткарууда жана жарандардын кызыкчылыктарын мүмкүн болушунча толук чагылдырууга аракеттенгенде парламенттин депутаттары көбүнчө белгилүү маселелер боюнча

адистешкен комитеттерди түзүшөт. Аларга көпчүлүк учурларда аппараттын ушул тармактар боюнча адистиги бар кызматкерлери жардам беришет. Же болбосо парламент мүчөлөрү парламенттен тышкары турган башка адамдарды мыйзам долбооорлору бүтүндөй палатанын талкуусуна коюлганга чейин иштешкенге чакырышы мүмкүн. Алардын өкмөт мүчөлөрүнөн отчет талап кылууга конституциялык укугу болушу ыктымал.

Дебат (талкуу, талаш-тартыш) жүргүзүү процедурасы ачык талкууларды жүргүзүү мүмкүндүгүн түзүп, ар бир чыгып сүйлөгөн адам үчүн убакытты чектейт. Бийликтин аткаруу органына таасир этүү максатын көздөгөн дебаттар ар түрдүү формаларда болот. Маал-маалы менен өткөрүлүп туруучу премьер-министрге жана кабинет мүчөлөрүнө суроо берүү убакыты (сааты) өкмөт мүчөлөрүн парламентте сурамжылоонун көпчүлүккө жаккан формасы болуп калды. Мунун себеби, бул убакытта министрликтерге ар кайсы проблемалар боюнча иш-аракеттерин айтып берүү мүмкүндүгү берилет. Бул кайсы бир деңгээлде АКШнын президентинин пресс-конференциясына же көп өлкөлөрдөгү комитеттердеги угууга окшоп кетет. Бул процедуралар адатта телекөрсөтүүгө да тартылат, ошентип алардын коомчулукка тийгизүүчү таасири дагы жогорулайт. Көпчүлүк парламенттер өз мүчөлөрүнө мамлекеттик саясаттын сөзсүз түрдө мыйзамдарга тиешелүү болбогон жалпы маселелерин да талкуулаганга мүмкүндүк берет. Алар бийликтин мыйзам чыгаруу же аткаруу органын эмес, *электоратты* (шайлоочуларды) ынандырууга көбүрөөк умтулушат.

5.0 Демократиялуу жаңы өлкөлөрдөгү мыйзам чыгаруу органдары

Азиянын жана Африканын экинчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн өлкөлөрүндө, Чыгыш жана Борбордук Европанын мурдагы Советтер Союзу кулагандан кийин пайда болгон жаңы демократиялуу мамлекеттеринде жашаган адамдар демократияга, демек тийиштүү түрдө парламенттердин ролуна байланыштуу иш жүзүнө дегеле ашпай турган нерселерди күтүшкөн. Анткени бул өлкөлөрдө дүйнөлүк экономикага аралашуу үчүн түп тамырынан өзгөртүүлөрдү жүргүзүү зарылдыгын эске алсак, көпчүлүк эл өткөөл мезгилде экономикалык кыйынчылыктар болбой койбостугун аңдаган эмес. Мурдагы жана жаңы демократиялык мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, парламенттер бар болсо эле шайлоочулар саясий жактан сабаттуу, өкмөт жоопкерчиликтүү боло койбойт экен. Ошентсе да мыйзам чыгаруу органдары азыркы саясий системаларда өтө маанилүү функцияларды аткарат, анткени алар саясатка коомчулуктун көңүлүн бурат. Алар:

- саясий лидерлерди таап чыгып, тарбиялап, такшалтат (көнүктүрөт);
- өкмөттү коомдун муктаждыктары, ал эмнени көбүрөөк каалары тууралуу маалымат менен камсыздап турат, ал эми мындай маалымат мамлекеттик саясаттын жана бюджеттин калыптанышына таасир тийгизет;
- улуттун өз тагдырын өзү чечүүсүнө жардам берет.

Кийинки саналган функциялар Африка менен Азиядагы XX кылымдын экинчи жарымында, ошондой эле Чыгыш жана Борбордук Европадагы Советтер Союзунун кыйрашынан кийин түзүлгөн жаңы көз карандысыз мамлекеттер үчүн өзгөчө маанилүү болуп чыкты. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин бул өлкөлөрдүн алдында мамлекеттик институттардын кандай болушу жана жаңы шарттагы курчуп турган социалдык-экономикалык маселелерди кантип чечүү жөнүндө коомчулук менен макулдашуу зарылдыгы пайда болду. Ушундай кырдаалда мыйзам чыгаруу органдары мамлекетти түзүүдө, калктын ар кайсы топторун жынысы, улуту, кесиби жана башка белгилери боюнча аныктоодо, бул топторду борбордук өкмөт менен байланыштырууда, саясий лидерлерди (оппозициянын өкүлдөрүн да) окутуп үйрөтүүдө, жаңы мамлекеттин символдорун иштеп чыгууда маанилүү роль ойноду. Парламенттер Европа мамлекеттеринин калыптануу процессинде да ушундай роль ойногон.

Алар кимдердин өкүлдөрү?

Көбүнчө парламентарий формалдуу түрдө географиялык чеги аныкталган аймактан шайланса да, иш жүзүндө ал өлкө калкынын жалпы кызыкчылыктары бар башка бөлүгүнүн атынан да өкүлчүлүк кылат. Мисалы, эгер парламент мүчөсү майып болсо, анда ал мамлекеттеги бардык майыптардын таламын коргоого аракеттенет.

6.0 Кыргыз Республикасындагы мыйзам чыгаруу процесси

Төмөндө 2005-жылы эки палатасы бириккенден кийин парламент колдоно турган мыйзам чыгаруу процедурасы жана жарандар бул процесске кандайча катыша ала тургандыгы

жөнүндө сөз болот. Жогорку Кеңеш мыйзамдарды иштеп чыгаруу жана кабыл алуудагы өзүнүн эң маанилүү функциясын аткарат. (Кандай мыйзам кабыл алынарына жараша процедуралар да айырмаланып турарын билип койгула. Төмөндө берилген процедуралар – варианттардын жалпы сыпатталышы гана. Эгер кайсы бир конкреттүү мыйзамды кабыл алуу процесси тууралуу кененирээк билгиңер келсе, Конституциянын статьяларын окугула).

6.1 Мыйзам долбоорун киргизүү

Көп органдар жана уюмдар, атүгүл айрым жарандар, парламентке мыйзам долбоорун киргизе алышат. Иштелип чыккан долбоорду Жогорку Кеңештин жалпы бөлүмүнө жиберүүгө болот. Анан Жогорку Кеңештин төрагасынын колуна тиет да, ал тийиштүү комитетке берет. Бирок жаңы мыйзам долбоорун тааныштыруунун эң жакшы жолу – аны парламенттин кароосуна киргизүүгө Жогорку Кеңештин депутатын көндүрүү. Кээде сиздин проблемаңызды карай турган комитеттин төрагасына берсеңиз, мындан да жакшы болот. Мыйзам долбоорунун Жогорку Кеңештин комитетинде каралышы эң орчундуу учур экендигин билип коюу керек, себеби комитеттер бүткүл мыйзам чыгаруу процессиндеги негизги жумушту аткарат.

6.2 Комитеттеги алдын ала талкуулоо

Комитет мүчөлөрү мыйзам долбоорун анын демилгечисинин катышуусунда карап чыгат. Долбоорду Жогорку Кеңештин кароосуна киргизгенге чейин демилгечи жана комитет мүчөлөрү ага айрым өзгөртүүлөрдү киргизе алат. Ошондон кийин комитеттердин төрагалары жана спикер биринчи окуунун датасын белгилешет.

Комитеттерде мыйзам долбоорлорун талкуулоо ачык жүрөт да, аны массалык маалымат каражаттары чагылдыра алат. Президенттин, премьер-министрдин, өкмөттүн жана ушул мыйзам долбооруна кызыккан мамлекеттик башка органдардын, саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин, мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү долбоорду комитетте талкуулаган учурда катышууга укуктуу.

6.2.1 Демилгечи жаран эмне кыла алат?

Депутаттардын маселеге же мыйзам долбооруна карата болгон абалкы пикирин билүү үчүн комитеттеги талкуунун жүрүшүн байкоо керек. Бул сиздин долбоорду өткөрүү үчүн аны ким аркылуу киргизүү керек экендигин түшүнүшүңүзгө жардам берет. Депутаттарга маселени жана ага карата өзүңүздүн позицияңызды даана баяндаган, чыгып сүйлөөгө ылайыктап орчундуу жерлерин бөлө көрсөткөн маалыматты берсеңиз, же атүгүл алар сүйлөй турган сөздүн текстин жазып берүүнү сунуш кылсаңыз болот. Ошондо алар сиздин пикириңизге көңүл бурушат жана бул маселе боюнча талкуу учурунда кыйла ынанымдуу сүйлөй алышат.

Көз карашыңызды эске алууну өтүнүп депутаттарга сиздин топтун мүчөлөрү же башка жарандар кат аркылуу кайрылышса, бул дагы ушул долбоорду колдогон шайлоочулардын көп экендигин көрсөтөт. Депутат үчүн бул маанилүү, анткени ал кийинки шайлоодо да жеңип чыккысы келсе, элдин колдоосуна муктаж болору бышык. Көбүнчө комитеттин бөлүмдөрүнүн кызматкерлери менен да сүйлөшүп турган оң, анткени алар мыйзам долбоору боюнча негизги ишти аткарат да, депутаттын пикирине таасир эте алат.

6.3 Сессиядагы талкууну баштоо жана биринчи окуу

Жогорку Кеңештин депутаттары мыйзам долбоорун сессияда кантип кароо керектигин талкуулашат. Бул процесске чейин жана анын жүрүшүндө мыйзам долбоорун киргизип жаткан депутат аны колдоого башка депутаттарды ынандырууга тийиш болот. Бул сессиянын жүрүшүндө:

1. Мыйзам долбоору тааныштырылат да, аны бүтүндөй кабыл алуу же албоо жөнүндө маселе коюлат. Эгер депутаттардын көпчүлүгү (зарыл сандагы добуш менен) колдосо, анда долбоор Президенттин кол коюусуна жиберилет.

2. Эгер долбоор көпчүлүк добуш менен бүтүндөй кабыл алынбаса, анда анын ар бир статьясын талкуулоо жөнүндө маселе коюлат (депутаттар буга макул болуп же каршы добуш беришет). Эгер депутаттардын көпчүлүгү макул болсо, анда ар бир статья боюнча добуш берүү башталат. Президенттин кол коюусуна депутаттардын зарыл сандагы көпчүлүгү колдоп жактырган статьялар гана өткөрүлөт.

3. Эгер депутаттар статьялар боюнча талкуулап кабыл алууну көпчүлүк добуш менен четке каккан болсо, андан кийин мыйзам долбоорун окуу учурунда талкуулоо керекпи деп добуш беришет. Эгер көпчүлүк депутаттар муну жактап добуш берсе, андан кийин окуу (биринчи деп эсептелүүчү окуу) өткөрүлөт. Мунун жүрүшүндө мыйзам долбоорунун ар бир статьясы талкууланат. Талаштуу болуп чыккан статьялар толуктап иштөө үчүн комитетке жиберилет. Алар экинчи окууда кайра каралат. Эгер мыйзам долбоорунун ушундайча өткөрүлүшүн зарыл сандагы көпчүлүк колдоп добуш бербесе, мыйзам долбоору четке кагылды деп эсептелет да, аны парламентте 6 айга чейин кайра кароого болбойт.

(Айрым мыйзам долбоорлору эки жолку окуудан өткөрүлүүгө тийиш экендигин билип койгула (Конституциянын 65-статьясын карагыла), практика жүзүндө да ушундай болот. Мындан тышкары, кээ бир мыйзамдар жөнөкөй көпчүлүктөн ашык добуш менен кабыл алынышы керек).

6.3.1 Демилгечи жаран эмне кыла алат?

Эгер мыйзам чыгаруучулар мыйзам долбоорун толуктап иштөө жана экинчи окууга даярдоо үчүн комитетке жиберүүнү чечсе, анда сиз жана сиздин топ буга календарлык пландан убакыт бөлүүгө комитет төрагасын ынандыруу үчүн жакшылап аракет кылышыңыздар керек. Анткени комитеттердин иш графиги абдан жыш болгондуктан, алар зарылына карай тандоого тийиш. Керектүү маалыматтарды таап, зарыл болуп калса, өзүңүздүн отчетторуңузду да берүү менен сиз комитетке жардам бере аласыз.

6.4 Угуулар

Угууларды комитеттер, комитет бөлүмдөрү, бүтүндөй парламент өткөрөт да, аларга спикерлер жана мыйзам долбооруна кызыккан же анын тематикасы боюнча зарыл иш тажрыйбасы бар адамдар да чакырылып, маалымат беришет, пикир айтышат.

Парламенттик угуулар адатта массалык маалымат каражаттары жана коомдук уюмдар үчүн ачык болот. Бирок, эгерде жашырын мүнөздөгү маселелер же мыйзам тарабынан корголуучу мамлекеттик кандайдыр бир сырлар талкуулана турган болсо, аларды даярдаган комитет жабык угууларды өткөрүүнү чечиши мүмкүн. Парламенттик угууларда депутаттардын көпчүлүгү жана башка катышуучулар жактырган сунуштар кабыл алынат.

6.4.1 Демилгечи жаран эмне кыла алат?

Сиз (же сиздин топ) комитеттин төрагасына же мүчөсүнө угууларды уюштуруу үчүн өз жардамыңызды же, эгерде алар уюштурулуп бүткөн болсо, чыгып сүйлөөнү сунуш кылсаңыз болот. Аргументтериңизди бул угууларда баяндоо менен сөзү өтүмдүү адамдарга идеяларыңызды жеткирип, депутаттар менен коомчулукту ушул мыйзам долбоорун колдоого үндөйсүз. Массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү чакырылса, алар мыйзам долбоору тууралуу элге кабарлашы мүмкүн. Анда мыйзам чыгаруу процессине көпчүлүк жарандар да катыша алат. Угууларда сиз дагы добуш бере аларыңызды билип коюңуз.

6.5 Экинчи окуу

Сиздин мыйзам долбооруңузду карап чыккан комитет аны толуктап иштеп өзүнүн бүтүмү менен кошо Жогорку Кеңешке жиберет. (Мыйзам долбооруна карама-каршы келгендиги үчүн жокко чыгарылууга тийиш болгон башка мыйзамдардын тизмеси бардык депутаттарга таратып берилет). Жогорку Кеңештин төрагасы долбоорду кандайча кайра кароо керектигин аныктайт, ошондуктан анын колдоосуна жетишкен оң. Экинчи окууда мыйзам долбоорунун өңдөлгөн жерлери гана каралат. Ошентип, төрага парламент отурумун буга чейин берилген схемадагыга окшош тартипте өткөрөт.

6.5.1 Демилгечи жаран эмне кыла алат?

Мыйзам долбооруңузду карап жаткан комитеттин мүчөлөрүнө жардам берүү менен эле чектелип калбай, сиз палатадагы башка депутаттардын да колдоосуна жетишүүгө аракеттенишиңиз керек. Парламенттик лоббилөө (*лоббилөө* – кайсы бир саясий кызыкчылыкты коргоо үчүн мыйзам чыгаруучуларга таасир этүү, аларды өз тарабына тартуу) эффективдүү болсун үчүн депутаттарга кат аркылуу, басылма материалдардын жардамы менен, ошондой эле телефондон жана жекече жолугушуу учурунда жетиштүү сандагы маалымат берүү керек. Палатада жарыш сөздөр башталганга чейин эле сиз берген маалыматтарды бүт бойдон депутаттардын баары – сизди жактагандары да, өз позициясын али тактай электери да, алып таанышып чыккандыгына көзүңүз жеткендей болсун. Эң эле жүйөлүү аргументтерди сиздин досторуңуз гана билип, сизге каршы туруучулар үчүн булар кези келгенге чейин белгисиз боло турушу зарыл.

Биздин парламенттин иши

19-январда спикер Абдыганы Эркебаев 2003-жылдын жыйынтыктарына жана 2004-жылдын пландарына арналган пресс-конференцияны өткөрдү. Былтыр 127 пленардык жыйын өткөрүлүп, алардын жүрүшүндө 284 мыйзам долбоорун депутаттар караган экен. 257 мыйзам долбоору кабыл алынган (булардын ичинде «Акционердик коомдор жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» мыйзамдар жана Шайлоо кодекси да бар). Азыркы учурда Мыйзам чыгаруу жыйынында (МЖда) каралышы зарыл 399 долбоор бар.

(Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин МЖ басма сөз кызматы 2004-жылы 19-январда берген маалыматтан).

6.6 Биротоло добуш берүү: үчүнчү окуу

Экинчи окуудан кийин комитет мыйзам долбоорун жакшыртып, мазмунун тактаган соң, үчүнчү окууда талкуулоо жана добушка коюу үчүн аны акыркы жолу парламенттин толук курамына сунуштайт. Үчүнчү окуу долбоорду биротоло талкуулап, мыйзам катары кабыл алуу же албоо керек деп биротоло добуш берүүгө мүмкүндүк берет. (Бирок бул үчүн дагы эле Президенттин макулдугу талап кылынат). Үчүнчү окууда депутаттардын мыйзам долбооруна эч кандай жаңы өзгөртүүлөрдү киргизгенге укугу болбойт.

6.6.1 Демилгечи жаран эмне кыла алат?

Парламентте көпчүлүк добушка ээ болуунун эң эле эффективдүү жолу – бул палатанын *пленардык* (жалпы) жыйынында ушул долбоорду колдоп сүйлөөгө депутаттарды ынандыруу. Эгер депутаттар макул болушса, сиз пландалган жыйындан бир топ мурда аларга мыйзам долбоору боюнча ынанымдуу жана далилдүү жерлери бөлө көрсөтүлгөн материалды беришиңиз керек. Ошондой эле сиздин маселеңиз боюнча иштөөчү комитеттин мүчөлөрү менен кызматташканды

да уланта берүү зарыл, анткени алар пленардык жыйындагы жарыш сөздөрдүн жүрүшүнө өзгөчө таасир этишет. Ошондой эле сиз мыйзам долбооруңузду колдосун үчүн башка депутаттарга да каттарды жиберип, алар менен жекече жолугушууларды да уюштурушуңуз керек.

6.7 Ветону жеңип өтүү

Мыйзам чыгаруу процессинин бүтүндөй жүрүшүндө дайыма аткаруу бийлигинин колдоосуна ээ болгон жакшы. Президенттин ыктымал ветосун болтурбай койгуңуз келсе, бул айрыкча зарыл. Эгер Президент мыйзам долбооруна вето койсо, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши белгилүү мөөнөт өткөнгө чейин аны кайра карай албайт. Жогорку Кеңештин депутаттары мыйзам долбоорун экинчи ирет караганда жактырса, анда Президент вето койгонго укугу болбойт да, ага сунушталгандан кийин бир айдын ичинде кол коюуга милдеттүү болот. Бирок Президент мыйзам долбоорун бүт бойдон четке какпай, анын айрым статьялары боюнча түшүндүрмөлөрдү жасап, өзүнүн сунуштары менен кайтарып бере алат. Анан Жогорку Кеңеш Президенттин кайчы пикирлерине макул болуу-болбоо тууралуу чечимге келет.

6.8 Долбоордун кабыл алынышы жана мыйзамдынжарыкка чыгышы

Сиздин мыйзам долбооруңузду парламент кабыл алып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгондон кийин ал мыйзам болуп калат. (Эгер парламент кабыл алган мыйзамга Президент вето койбогон болсо же коё албаса, анда ага бир айдын ичинде кол коюуга тийиш). Ушуну менен бул маселе боюнча мыйзам чыгаруу процесси аяктайт.

Булгакова Е., Усенко Д., Крюкова О., Бевза Д., Кочелев Н. I-орун, Бишкек ш., 2003-ж.

6.8.1 Демилгечи жаран эмне кыла алат?

Депутаттарга, алардын эксперттерине, консультанттарына жана жардамчыларына, ошондой эле сизге жардам берген же сиздин позицияңызды колдогон бийликтин аткаруу органдарынын бардык кызматкерлерине ыраазылык билдирүүнү унутпаңыз. Парламентке сунушталуучу жылдык бюджетти кабыл алганда сиздин программаңыз да эске алынышы, финансылык ресурстардын бөлүнүшү үчүн дагы күрөшүүгө жана, балким, Президенттин Администрациясын да лоббилөөгө туура келет. Ошондой эле жаңы мыйзамга байланыштуу зарыл жоболор менен буйруктарды чыгарышсын үчүн тийиштүү министрликтерди да лоббилөө зарыл болушу мүмкүн.

ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ КӨНҮГҮҮЛӨР:

02-тапшырма. Процесстин уюштурулушу

Депутаттар дайыма талашып-тартыша бербеши үчүн парламенттин иши кандай уюштурулууга тийиш? Үч-төрттөн болуп парламенттеги конфликттердин алдын алуучу эрежелерди ойлоп тапкыла.

03-тапшырма. Күтүлбөгөн нерсе

Мыйзам чыгаруу ишин жүргүзүүдөгү маселелердин бири мындай: силер жакшы жыйынтыкка ээ болобуз деп ниеттенсеңер да, бул кээде күтүлбөгөн натыйжага алып келет. Төмөндө сунуш кылынган мыйзамдарды карап чыгып, алар кандай оң жана терс натыйжаларга ээ болорун ойлонгула. Таблицанын биринчи сабы силерге үлгү катары толтурулган.

№	Сунуш кылынган мыйзамдар	Натыйжалары
1.	Бардык адамдар үчүн салыкты 95 пайызга чейин көбөйтүү.	Бүт бизнес банкрот болот, салык жыйноо кыскарат.
2.	Парламенттин мүчөлөрүнүн санын эки эсеге көбөйтүү.	
3.	Япониядан башка бардык өлкөлөрдөн импорттук товар-ларды ташып келүүгө тыюу салуу.	
4.	Улуттук алфавит катары корей иероглифин кабыл алуу.	
5.	Бардык ишканалар мамлекеттин менчигине өтүшү.	
6.	Мектептерде тамеки тартууга уруксат берүү.	
7.	Машинаны техникалык абалына карабастан айдоого уруксат берүү.	
8.	Адамдарды жөжө өстүрүүгө мажбурлоо.	
9.	Адамдарга өз акчаларын басып чыгарууга уруксат берүү.	
10.	Компанияларды бардык жумушчуларга күнүнө эң кеми 5 доллардан төлөөгө мажбурлоо.	

04-тапшырма. Жаңы мыйзамдар

Шеригиңер менен силер турмушта аткарылышын көргүңөр келген үч жаңы мыйзамдын тизмесин түзгүлө. Мыйзамдардын мазмуну менен маанисин жакшы ойлонгула, себеби кийин силердин мыйзамдарыңар талкуулоо үчүн тандалышы мүмкүн.

Төмөндөгүлөрдү ойлонгула:

- Мыйзам кимдерге таасир тийгизет?
- Ал адилеттүүбү?
- Ал Конституцияга ылайык келеби?
- Аны ким турмушка ашырат?
- Бул мыйзамды аткарганга элди мажбурлоого болобу?
- Бул жаңы мыйзамдын натыйжалары кандай болот?

05-тапшырма. Алар кандай жардам бере алат?

Шеригиңер менен бул кырдаал кандайча болушу мүмкүн экенин баяндагыла. (Баяндама 150 сөздөн ашпасын).

Парламентте оппозиция көбүнчө өкмөттү колдогон депутаттар менен макул болбойт, бирок ал эң жакшы мыйзамдарды иштеп чыгууда жардам берет.

06-тапшырма. Бул кандай иштейт?

Шеригиңер менен өкмөткө эмне үчүн күчтүү оппозиция керек деп ойлой турганыңарды түшүндүргөнгө аракет кылгыла. Өз көз карашыңарды 150 сөздөн көп эмес сөздөн турган дилбаянда негиздегиле.

07-тапшырма. Мыйзам долбоору кантип мыйзам болуп калат?

Мыйзамдар кантип сунуш кылынып, кантип кабыл алынарын, натыйжада Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бир бөлүгү болуп каларын көрсөткөн схема чийгиле.

08-тапшырма. Сот системасынын укуктары

Шеригиңер менен Конституцияны карап көрүп, сот системасы кабыл алынган мыйзамды кантип жана кайсы учурларда четке кага аларын түшүндүрүп, 150 сөздөн ашпаган дилбаян жазгыла.

09-тапшырма. Укуктук экспертиза

Мыйзамдары абдан аз өлкөдө жашап жатабыз деп элестетип көргүлө. Шеригиңер менен төмөндө көрсөтүлгөн проблемалардын ар бири боюнча мыйзам долбоорлорун даярдагыла. Анан классыңарга

юристти же судьяны чакырып, өзүңөр даярдаган мыйзам долбоорлору тууралуу пикирин сурагыла.

Проблемалар:

1. Иттер түнкүсүн көп үрүп силерди уктатпайт.
2. Силер баңгизат колдонгон адамдарды билесиңер.
3. Кошунаңардын ую силердин тамаркаңарга кирип алганын көрдүңөр.

10-тапшырма. Депутаттын бир күнү

Төмөндөгү күндөлүктүн үзүндүсүн окуп чыгып, депутат аткарган маанилүү демократиялык функцияларды шеригиңер менен санап чыккыла.

8.00 *Парламентке келдим. Жардамчым менен жолугушуп, бүгүнкү күндүн программасын талкууладым. Электрондук почта менен келген эки катка жооп жаздым. Биринчи кат башка бир депутаттан, экинчиси шайлоо округунан келиптир.*

9.30 *Комитеттин жер реформасы жөнүндөгү отурумуна бардым. 32-статьяны талкууладык.*

10.30 *Парламенттеги офисиме келдим, бир канча каттарды жардамчым менен талкуулап, ага каттарга кантип жооп берүү тууралуу көрсөтмө бердим.*

11.15 *Бишкектен бир сааттык жол болгон округдагы офисиме келдим. Райадминистрациядан суу менен жабдуу проблемасын чечүү үчүн сунуш кылынган план тууралуу документти окудум.*

12.15 *Жардамчым жана жергиликтүү фермерлер ассоциациясынын башчысы менен түшкү тамак ичтик. Биз айыл чарба колледжинин уюштурулушуна сунушталган өзгөртүүлөрдү талкууладык.*

13.30 *Конок катары жана жергиликтүү эксперт катары (мен инженер-гидромелиоратормун) суу менен жабдуу системасын калыбына келтирүү боюнча райондук комитеттин жыйынына катыштым.*

15.30 *Аялдар кооперативинин товарлары сатыла турган дүкөндүн ачылышына катыштым.*

16.15 *№ 8 мектепке барып, мектеп комитетиндеги окуучулар менен жолугуштум. Алар өз айылынын жакшырышына кантип салым кошо аларын билгилери келет. Айыл өкмөтүнүн башчысын да чакырышыптыр.*

16.45 *Округдагы офисиме келип, шайлоочулар менен жолугуштум. Мен ар бир шайлоочуга 30 мүнөткө чейин убакыт бөлгөнгө аракеттенем.*

18.15 *Чакан айылдын жашоочуларынын жыйынына бардым. Алар жакынкы поликлиниканын жабылышына тынчсызданып жатышат.*

19.30 *Офиске келерки жыл үчүн сунуш кылынган бюджет долбоору жөнүндөгү документтерди алып кеткени келип, кээ бир каттар жана пайда болгон суроолор жөнүндө жардамчыма бир канча көрсөтмөлөрдү жазып бердим.*

20.30 *Үйгө келип, үй-бүлөм менен сүйлөштүм.*

21.30 *Эртең эрте менен парламенттеги добуш берүүгө (бюджет жөнүндөгү мыйзам боюнча) катышканы Бишкекке кетишим керек болгондуктан, бюджеттин 38 жана 62-статьяларына сунуш кылынган оңдоолорду окуп чыктым.*

23.00 *Жатып, уктадым.*

11-тапшырма. «Урматтуу депутат...»

Шеригиңер менен парламенттин же жергиликтүү (облустук, райондук) кеңештин депутатына кат жазып, андан кат аркылуу жооп берүүсүн же силердин мектебиңерге келүүсүн өтүнгүлө. Силер андан

«Кыргыз Республикасында жаштар дуушар болуп жаткан проблемалар»

деген темада сүйлөп берүүсүн өтүнгүлө.

12-тапшырма. «Парламент» ролдук оюну

Силер Нур өлкөсүндө парламенттин мүчөсү болгону жатасыңар. Мугалим класстагы окуучулардын баарына ролдорду бөлүштүрөт. Бул парламент жана анын эрежелери Кыргыз Республикасындагы парламенттен айырмаланары эсиңерде болсун. Бул парламентте партиялар жок. Адегенде спикердин ыйгарымдарын, анан парламенттин мүчөлөрүнүн иш тартибин окугула.

Спикердин ыйгарымдары

Бардык түшүндүрмөлөр спикердин уруксатынан кийин айтылат. Чыгып сүйлөөгө уруксат алуу төмөндөгүдөй болот:

Парламенттин мүчөсү Шарипов кол көтөрөт.

Спикер: Сиз, Шарипов мырза… (спикер сүйлөгөндө башкалар унчукпай турат).

Шарипов: Спикер мырза, сөз алууга уруксат этиңиз.

Спикер: Сөз... берилет.

Эгер спикер парламенттин мүчөсү темадан сырткары сүйлөгөнүн же бирөөнүн инсаны тууралуу керексиз түшүндүрмө жасап жатканын сезсе, ал анын сөзүн бөлө алат. Сөз сүйлөөгө 2 мүнөттөн ашык убакыт берилбейт. Спикерден башка эч ким башкалардын сөзүн бөлө албайт.

Эгер аның көрсөтмөлөрүн аткарбасаңар, спикер силерге добуш берүү укугун бербеши мүмкүн. Бирок спикер силерди өзү каалагандай добуш берүүгө ***мажбурлай албайт***.

Спикер добуштар тең болуп калган учурларда гана добуш берет. *(Жогорку Кеңеште спикер регламент (иш тартиби) боюнча башкалардай эле, бирок эң акыркы болуп добуш берет).*

Ролдор:

Бир окуучу – парламенттин спикери.
Калгандары – парламенттин мүчөлөрү (айрымдар парламенттин мүчөлүгүнөн тышкары ким экени, эмне кылары көрсөтүлгөн карточкаларды алат. Калгандары эч кандай кошумча кызыкчылыктары жок, жөн гана депутаттар).

Карточкалар:

1. Сиз кийим-кече чыгарасыз, бирок сиздин дүкөндөрүңүз жок.
2. Сиздин эки балаңыз бар.
3. Сиз кийим дүкөнүнүн ээсисиз.
4. Сиз өз дүкөнүңүздө тамеки сатасыз.
5. Сиз тамеки тартпайсыз.
6. Сиз эки дүкөнчөнүн ээсисиз.
7. Сиздин ЦУМда бөлүмүңүз бар.
8. Сиз тамеки тартасыз.
9. Сиз автобустун айдоочусу болгонсуз, бирок тамеки тартпайсыз.
10. Сиз тамеки өстүрүү плантациясынын ээсисиз.
11. Сиз дарыгерсиз.
12. Сиз экономистсиз.

4-диаграмма

Парламент

Спикер үчүн иш тартиби:

1. Төмөндөгү келтирилген маселелер боюнча өз позицияңызды аныктаңыз.
2. Парламенттин мүчөлөрүнөн биринчи маселенин коюлушуна «макул» же «каршы» болуп кол көтөрүшүн өтүнүңүз.
3. Колдонуудагы мыйзамдын өзгөртүлүшүнө же жаңы мыйзамдын даярдалышына макул болгон парламенттин мүчөлөрүнө көрсөтмө бериңиз. 15 мүнөттө мыйзам долбоорун даярдоо жана жетекчи дайындоо үчүн алар чогулушу керек. Спикер аларга кошулбайт.
4. Жагдай кандай болсо, ошол бойдон калышын каалагандар чогулуп, жагдайдын өзгөртүүсүз калтырылышынын жүйөлөрүн баяндашы зарыл.
5. Топ жаңы мыйзам долбоорун даярдап бүткөндө, лидерден мыйзам долбоорун үн чыгарып окушун сураңыз.
6. Анан чечмелеп берүүнү сураңыз, башкача айтканда, алар эмне үчүн бул мыйзам долбоорун зарыл деп эсептешерин түшүндүрүүгө тийиш.
7. Бул топко кирбегендер да өз ойлорун айта алышат. Эки топту тең катуу көзөмөлдөп туруңуз. Эки тараптан тең бештен көп эмес ой айтылышы керек.
8. Эки тарап тең өз ойлорун айткандан кийин, мыйзам долбоорун добушка салыңыз. Парламенттин мүчөлөрү добуш берүүнүн тартибин өзгөртө аларын атайын белгилеңиз. өзүңүз добуштар тең болгондо гана добуш бере аларыңыз эсиңизде болсун.
9. Эгерде көпчүлүк мыйзам долбоору үчүн добуш берсе, сиз бул жаңы мыйзам долбоору

Президеттин бекитүүсүнө берилерин жарыяласаңыз болот.

10. Эгерде көпчүлүк мыйзам долбооруна каршы болсо, анда аны колдоп добуш бергендердин баары экинчи ирет чогулуп, кабыл алынышы үчүн долбоорго өзгөртүүлөрдү киргизишет. Бул үчүн аларга 7 мүнөт берилет. Бул учурда парламенттин башка мүчөлөрү баары макул боло турган чечимге келүү үчүн сунуштарын даярдашы керек.
11. Түзөтүлгөн мыйзам долбоору жалпы парламентке берилет.
12. Спикер түшүндүрмө берүүнү өтүнөт.
13. Кайрадан добуш берүү жарыяланат.
14. Эгерде көпчүлүк мыйзам долбоору үчүн добуш берсе, анда аны Президентке жиберишет.
15. Эгер көпчүлүк мыйзам долбооруна каршы добуш берсе, ал кийинки жылга чейин каралбайт.
16. Парламенттин мүчөлөрүнөн экинчи маселенин коюлушуна «макул» же «каршы» болуп добуш беришин сураңыз.
17. Эми 3-15-пункттардагы кадамдарды кайталаңыз.
18. Парламенттин мүчөлөрүнөн үчүнчү маселенин коюлушуна «макул» же «каршы» болуп кол көтөрүшүн сураңыз.
19. Эми 3-15-пункттардагы кадамдарды кайталаңыз.

Парламенттин мүчөлөрү үчүн иш тартиби:

1. Үч маселенин кайсынысы боюнча добуш бериңерди чечкиле (төмөндөгү шкаланы карагыла).



2. Спикердин нускоолорун аткаргыла.

Жаңы мыйзам долбоорун колдоп добуш бергендердин баары андан ары аны сунуштоо үчүн бир команда катары иштешет. Алар эмнени сунуш кыларын жана эгер мыйзам бузулса штраф кандай болорун так чечип алышы зарыл. Бул үчүн аларга 15 мүнөт берилет.

Талкууга коюлган маселелер:

1. Коомдук жайларда тамеки тартууга тыюу салынышы жөнүндө.
   Азыркы учурда тамеки тартуу жана тамеки сатууну көзөмөлдөө тууралуу эч кандай мыйзам жок.
2. Дүкөндөр (ЦУМдан башкасы) жумуш күндөрү гана, саат 17ге чейин иштесин деп алардын иштөө убактысын чектөө.
   Азыркы учурда дүкөндөр качан ачылып, качан жабылышы керектиги жөнүндө эч кандай мыйзам жок.
3. Жергиликтүү өндүрүшкө атаандаш боло турган кийим сатууга тыюу салуу же кийимдерди четтен алып келүүгө тыюу салуу.
   Азыркы учурда импортко салык салуу жөнүндө мыйзам бар, бирок импорт мыйзамга каршы эмес болгондуктан, импорттук кийимдерди сатууга тыюу салынбайт.

13-тапшырма. Жарандар мыйзам чыгаруучулардын ролунда

Референдум өткөргөндө жарандардын өздөрү мыйзам кабыл алышат. Ошентип, бардык добуш берген калк парламент болот. Шеригиңер менен референдум адилет жана акыйкат (чынчыл, таза) жол менен өткөрүлүшү үчүн зарыл болгон иш-аракеттердин тизмесин түзгүлө.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикасы

Кыргыз Республикасынын гербди

Жогорку Кеңеш тарабынан 1994-жылдын 14-январында бекитилген.

Авторлору: Асейин Абдраев – Нарын шаарындагы балдардын сүрөт мектебинин директору, Садырбек Дубанаев – Нарын облусунун ИИБ начальниги.

Кыргызстандын мамлекеттик символу болгон гербде булар чагылдырылган: Ак шумкар – тоону мекендеген кыргызстандыктардын берешендиги жана кыраакылыгы, максат-мүдөөсүнүн бийиктиги; чалкып жаткан көл – табияттын сулуулугу, жашоонун жана күч-кубат башатынын символу.

Кыргыз Республикасынын чегара кызматынын төрага орун басары генерал-майор Садырбек Дубанаев менен маектешүү (ал «Манас-1000», «Эрдик» медалдары, Кыргызстандын ардак грамотасы жана башка жогорку сыйлыктар менен сыйланган).

IFES: Герб кандайча иштелгендигин айтып бериңизчи?

1991- жылы Жогорку Кеңеште мамлекеттик символиканы иштеп чыгуу боюнча комиссия түзүлүп, ал улуттук гербдин эскиздерин түзүүгө конкурс жарыялаган эле. Эки жыл ичинде, 1992-жылдан 1994-жылга чейин, комиссияга 2234 эскиз келип түштү. Алардан 5өө Жогорку Кеңештин кароосуна тандап алынды. 1993-жылдын декабрында бул эскиздер авторлору жашыруун калтырылган түрдө депутаттарга көрсөтүлдү. Биздин вариантыбыздын шифри «Нур-19» болчу. 350 депутаттын 208и «Нур-19»ду колдоп добуш берди. Ошентип, 1994-жылдын 14-январында ал Кыргыз Республикасынын улуттук герби болуп калды.

IFES: Сиздер бир гана вариантты сунуш кылдыңыздар беле?

Жок. Биздин команда 53 вариантты иштеп чыгып, көрсөткөн болчу. Иштин жүрүшүндө биз гербдердин дүйнөлүк энциклопедиясы менен таанышып чыктык. Биз гербдер кайсы принциптердин негизинде иштелүүгө тийиш, аларда эмнелерди чагылдыруу зарыл экендигин билип алдык.

IFES: Гербди жаратууда баарынан эмне кыйын болду?

Биздин элибиздин улуттук дөөлөттөрүн кайсы символ жакшы чагылдыра аларын аныктоо кыйынга турду. Адегенде бүркүттүн сүрөтүн тартуу идеясынан баштадык.

IFES: Сиз мындай жумушту аткаруу үчүн эргүүнү кайдан аласыз?

Мен бала чагыман эле жаратылыштын кооздугун, жаныбарларды, канаттууларды фотосүрөткө тартканды жакшы көрчүмүн. Айрым фотосүрөттөрдү гезит-журналдарга да жиберип турчумун. Анын үстүнө мен кесибим боюнча эксперт-криминалистмин. Улуттук гербди иштеп чыгууга конкурс жарыяланганда мен күчүмдү сынап көрүүнү чечтим.

IFES: Сиз тандаган вариантты эң мыкты десе болобу? Эгер мүмкүнчүлүк болсо, анын кээ бир жерлерин өзгөртөт белеңиз?

Ооба, мен өзүм да ушул вариантты баарынан жакшы көрчүмүн, анткени буга абдан көп күч жана убакыт кетиргенмин. Көлүбүзгө эң ылайык келгидей, ажайып кооздугун даана чагылдыргыдай түстү табуу үчүн биз Асейин Абдраев экөөбүз Ысык-Көлгө бир нече жолу барганбыз. Биз күндүн чыгышына да көп жолу байкоо салдык: күндүн биринчи нурлары тоонун чокусунан кылкылдап чыгып жаткан учур кандай сонун! Дал ушул сулуулукту биз гербде чагылдырууга аракеттендик. Ал эми бүркүттүн сүрөтүн ойдогудай тартуу үчүн биз өзүбүздүн улуттук «Манас» эпосубуздагы Ак шумкардын сүрөттөлүшүн кайра-кайра окудук. Биз канаттулар базарына барып бүркүттүн турган турпатын, алды жагынан караганда канча тырмагы көрүнөөрүнө чейин абдан кунт коюп карап көрдүк. Биз үч гана түстү: ак, көк жана сары түстөрдү пайдаланууну чечтик.

Мени кейиткен бир гана нерсе – кээде символдорду бурмаланган түрдө тартышат: бирде туура эмес түстү колдонушат, бирде, мисалы, бүркүттүн жети тырмагынын ордуна беш же үчтү эле тартып коюшат. Мунун айынан өзүбүз туюнталы деп ушунчалык көп аракеттенген идеяларыбыз чагылдырылбай калат. Мамлекеттик деңгээлде гербдин бирдиктүү формасынын бекитилишин каалайт элем. Ошондо жасалма мөөр жана башкаларды жасоого да бөгөт коюлмак.

Ал эми өзгөртүү жөнүндө айтсак, мындай мүмкүнчүлүк болсо деле мен эч нерсени өзгөртпөйт элем. Коом өзү жаңырып, анын дөөлөттөрү менен салт-санаасы түп тамырынан башка болуп кетпесе эле, гербди өзгөртүүнүн эч кандай кажети жок.



Кыргыз Республикасынын туусу

1992-жылдын 3-мартында Жогорку Кеңештин 8-сессиясында кабыл алынган, ал эми 5-марттa өкмөт үйүнүн төбөсүнө салтанаттуу түрдө көтөрүлгөн

Авторлору: Э.Айдарбеков, Б.Жайчыбеков, С.Ипаров, Ж.Матаев, М.Сыдыков

Туунун бир кылка кызыл түсү эрдик менен кайратты, нурга бөлөнгөн Күн тынчтык менен байлыкты, ал эми түндүк ата журтту, кыйла кеңири маанide – дүйнөнү, ааламды туюндурат.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу борборунун директору, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун жана борбор шаар Бишкектин гербинин авторлорунун бири Сабыр Ипаров менен маек.

IFES: Туунун эскиздери кандайча даярдалгандыгы жөнүндө айтып берсеңиз?

Мамлекеттик тууну, гербди жана гимнди иштеп чыгууга жалпы республикалык конкурс жарыяланып, бул символдордун долбоорлорун тандап алуу боюнча атайын комиссия түзүлгөндө биз Б.Жайчыбеков экөөбүз туу менен гербдин бир нече эскизин иштеп чыккан элек. Мен мындан тышкары республиканын гимнинин текстин жазуу конкурсуна да катышканмын. Мамлекеттүүлүгүбүздүн символдорун даярдоодо биз кыргыз элинин маданий-тарыхый, көркөм-эстетикалык жана руханий-дүйнө тааным салттарына таянганбыз. Ошентип, туунун сунушталган 400дөн ашуун эскиздеринин ичинен төрт вариант тандалып, алардын авторлору соңку вариантты биргелешип иштеп чыкты.

IFES: Бул иште баарынан эмне кыйын болду?

Биз үчүн баарынан кыйыны коюлган милдетти ойдогудай аткаруу үчүн ишеничтүү таяна турган негиз табуу болду. Булар – туунун түсү, эмблема сыяктуу башка элементтери да: каскагы, түпөгү ж.у.с.

IFES: Сиздерди мындай кыйын ишке эмне шыктандырды?

Мындай жооптуу ишке бизди, биринчиден, тарыхый окуяга катышуу мүмкүндүгүн берген турмуштун өзү, экинчиден, баарыбызга өзүнүн улуулугу жана сырдуулугу менен дем-күч берип турган байыркы элибиздин бай тарыхы, үчүнчүдөн, дайыма жана бардык иште биз үчүн үлгү, тирек болуп, жол көрсөтүүгө тийиш болгон бабаларыбыздын руханий мурастары шыктандырды.

Алсак, туунун түсү (ачык кызыл) – бул кыргыз элинин эпикалык баатыры, колдоочусу жана коргоочусу Манастын туусунун түсү. Тууда түндүк менен күн тартылган. Күн – байыркы кыргыздар сыйынган кудайлардын бири. Күн-киши, б.а. күн баштуу киши Саймалыташтагы аскада б.з.ч. II кылымдан калган сүрөттө тартылган. Күндүн кырк нуру кыргыз элинин унгусун түзгөн 40 урууну билдирет. «Кыргыз» этноними дагы «кырк огуз» — «кырк уруу» деген сөздөрдөн келип чыккан.

Түндүк – байыркы бабаларыбыздын уникалдуу чыгармасы: мында мезгил (тегерек) менен мейкиндиктин (түз сызыктардын кесилишинин) ыйык биримдиги чагылдырылган. Төгөрөктүн төрт бурчу (айлананын квадраты) дүйнөнү, ааламды билдирет. Анан, албетте, түндүк – бул боз үйдүн төбөсү. Ал биримдик менен ынтымактын, кайра жаралуу менен улуулуктун символу, кыргыздардын көчмөн маданияты менен байыркы тарыхынын күбөсү.

IFES: Бул вариантты эң мыкты дегенге болобу? Эгер мүмкүнчүлүк берилсе, анын кайсы бир жактарын өзгөртөт белеңиздер?

Автордун ар бир жараткан нерсеси анын жүрөгүнө жакын. Бирок бул вариант биз үчүн ошол мезгилде кыргыздардын өздөрүн эле эмес, республикада жашаган башка бардык элдерди да бириктире алгандыгы менен да кымбат. Албетте, чеберчиликтин чеги болбойт. Бирок мамлекеттик символдор – бул «конституциялык кол тийгистик иммунитетине» ээ нерселер. Алар өлкөнүн саясий түзүлүшү өзгөргөндө, мамлекеттин социалдык-экономикалык же руханий-дүйнөтааным багыты өзгөргөндө гана өзгөртүлүшү керек. Бирок, менимче, азырынча биз үчүн мындай коркунуч жок.

IFES: Дагы эмнелерди кошумчалагыңыз келет?

Биринчиден, мамлекеттик символдор абдан жогорку деңгээлде даярдалууга тийиш, анткени алар өлкөнү таанытып турган башкы белгилер. Экинчиден, бардык жарандардын бул символдорго сыйурмат менен мамиле жасашына жетишүүбүз керек. Алар мамлекеттүүлүктүн атрибуттары эле эмес, биздин бүтүндөй тарыхыбыздын жана руханий маданиятыбыздын да ажырагыс бөлүгү.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: Ж. Садыков менен Ш. Кулуевдики
Музыкасы: Н. Давлесов менен К. Молдобасановдуку

Ак мөңгүлүү аска зоолор, талаалар
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

Кайырмасы:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту[1] берет кыргыз жерине.

Кайырмасы:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын
Ыйык сактап урпактарга берели.

Кайырмасы:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Социалисттик эмгектин баатыры, СССРдин Эл артисти, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, композитор, профессор Молдобасанов Калый Молдобасанович менен ШСЭФтин маеги.

ШСЭФ: Гимндин музыкасын кандайча жазгандыгыңызды эскерип берсеңиз?

90-жылдардын башында, мен СССРдин Жогорку Советинин депутаты болгон кезде, Союздун кулап калаары аныктолуп калган эле. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин өзүбүздүн жаңы гимнибизди жаратуу идеясы пайда болду. Мен мурдагы гимндин музыкасын сактоону жактаган элем. Бирок көпчүлүгүбүз патриоттук идеяга берилип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши мамлекетибиздин жаңы гимнин, туусун жана гербин иштеп чыгууну сунуш кылды.

ШСЭФ: Гимнге музыка жазуудагы эң кыйын учур кайсы болду?

Ар бир композитор өзүнүн чыгармачыл табитине жараша текст тандап, ага обон чыгарып, анан абройлуу комиссияга көрсөттү. Угуп көргөндөн кийин комиссия үч-төрт композитордун чыгармаларын тандап алды да, ар бир гимндин текстимен музыкасын симфониялык оркестрдин жана хордун аткаруусунда угуп көрдү. Ачык добуш берүүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары К. Молдобасанов жана Н. Давлесовду жактап экиге бөлүнүп калды. Жогорку Кеңештин төрагасы М. Шеримкулов Давлесов Н. экөөбүзгө биргелешип жаңы гимндин музыкасын жазууну сунуш кылды. Н. Давлесов экөөбүз бир-бирибизди көп жылдардан бери композиторлор катары жакшы билгендигибизден чогуу иштегенде көп кыйналган жокпуз.

ШСЭФ: Сизди мындай чыгарма жаратууга эмне шыктандырды?

Мекеним Кыргызстан дем-күч берди. Гимнди жаратуу – бул бүткүл элдин тапшырмасы болчу, андыктан мен бул милдетти аткарууга жан дилим менен кириштим.

ШСЭФ: Өзүңүз тандаган вариантты эң мыктысы десе болобу? Эгер бүгүн мүмкүнчүлүк болсо, сиз аны өзгөртөт белеңиз?

Мен, Н. Давлесов сыяктуу эле, мен дагы гимндин вариантынын коомдук-жарандык мааниси зор экендигине ишенем.

ШСЭФ: Гимндин обонун жазып жатканыңызда болгон окуяларды да эскерип берсеңиз?

Биз Кыргыз Республикасынын гимнин жазып жатканда, мындай акциянын мамлекетибиз үчүн болгон маанисин абдан жакшы түшүнгөнбүз. Гимндин соңку варианты кабыл алынгандан кийин Казак Республикасынын симфониялык оркестри менен биздин А. Малдыбаев атындагы академиялык опера жана балет театрынын хоруна чогуу аткартып жаздыруу үчүн Казакстандын Алматы шаарына барган элек. Эки күн жаздырдык, дирижёрдук пультта мен турдум. Ошондон бери Кыргыз Республикасынын гимни мамлекетибизде жана анын чегинен тышкары жерлерде жаңырып келүүдө.

[1] ***Бейкуттук*** – *тынчтык*

Кыргыз Республикасынын КОНСТИТУЦИЯСЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин он экинчи сессиясында
1993-жылдын 5-майында кабыл алынган

Кыргыз Республикасынын 1996-жыл, 10-февралдагы референдумда кабыл алынган 1996-жыл, 16-февралдагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамына ылайык,

Кыргыз Республикасынын 1998-жыл, 17-октябрдагы референдумда кабыл алынган 1998-жыл, 21-октябрдагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамына ылайык,

Кыргыз Республикасынын 2001-жыл, 24-декабрдагы №112 «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-статьясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзамына ылайык,

Кыргыз Республикасынын 2003-жыл, 18-февралдагы №40 «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» мыйзамына ылайык

өзгөртүлүп, толукталган.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жыл, 18-февралдагы мыйзамы кабыл алынганга чейин иштеп келген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 54-статьясынын 2-пункту, 55-статьясынын 3-пункту, 60-статьясынын 1-пункту жана 59, 65-статьялары Кыргыз Республикасынын жаңыдан шайланган Жогорку Кеңешинин 1-жыйыны өткөрүлгөн күндөн баштап күчүн жоготот).

БИРИНЧИ БАП. Кыргыз Республикасы
Биринчи бөлүм. Жалпы принциптер
Экинчи бөлүм. Мамлекеттин түзүлүшү жана иши

ЭКИНЧИ БАП. Жарандар
Биринчи бөлүм. Жарандык
Экинчи бөлүм. Адам укуктары жана эркиндиктери
Үчүнчү бөлүм. Жарандын укуктары жана милдеттери

ҮЧҮНЧҮ БАП. Кыргыз Республикасынын Президенти
Биринчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо
Экинчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары

ТӨРТҮНЧҮ БАП. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши
Биринчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары
Экинчи бөлүм. Мыйзам чыгаруу иши

БЕШИНЧИ БАП. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги
Биринчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү
Экинчи бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрация
Үчүнчү бөлүм. Прокуратура

АЛТЫНЧЫ БАП. Кыргыз Республикасындагы соттор жана сот адилеттиги

ЖЕТИНЧИ БАП. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

СЕГИЗИНЧИ БАП. Кыргыз Республикасынын Конституциясын өзгөртүү жана толуктоонун тартиби

Биз, Кыргызстандын эли, кыргыздардын улуттук жаңырышына, кыргыздар менен бирге Кыргызстандын элин түзгөн бардык улуттардын мүдөөлөрүн коргоону жана өркүндөтүүнү камсыз кылууга умтулуп;

ата-бабалардын биримдикте, тынчтыкта жана ынтымакта жашагыла деген осуятын туу тутуп;

адам укугун жана эркиндигин, улуттук мамлекет идеясын жактаганыбызды ырастап;

татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылуу үчүн маданиятты, экономиканы, саясий жана укук институттарын чечкиндүү белсенип;

жалпы адамзатка тиешелүү адеп-ахлактык талаптарды, улуттук каада-салттардын асыл-нарктарын жактаарыбызды билдирип;

дүйнө элдеринин арасында биздин эркин жана демократиялуу жарандык коом экендигибизди бекемдөөнү каалап;

өзүбүздүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүбүз аркылуу ушул Конституцияны кабыл алабыз.

БИРИНЧИ БАП
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Биринчи бөлүм. Жалпы принциптер

1-статья

1. Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, унитардык, укуктук, дүнүйөчүл (диндан тышкары), демократиялык республика.

2. Кыргыз Республикасынын эгемендиги чектелбейт жана анын бүтүндөй аймагын камтыйт.

3. Кыргыз Республикасынын эли – эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден бир туткасы.

4. Кыргызстандын эли өз бийлигин түздөн түз, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу Кыргыз Республикасынын ушул Конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде жүргүзөт.

Эл шайлаган Кыргыз Республикасынын Президенти жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши гана Кыргызстандын элинин атынан иш жүргүзүүгө укуктуу.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор, ошондой эле мамлекеттик маанидеги башка маанилүү маселелер референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлушу мүмкүн. Референдум өткөрүүнүн тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

6. Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз өкүлдөрүн шайлайт.

Шайлоо эркин болуп саналат жана жашыруун добуш берүү менен тең, жалпы жана тике шайлоо укугунун негизинде өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоого укуктуу.

2-статья

1. Мамлекет жана анын органдары коомдун кандайдыр бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылат.

2. Элдин кандайдыр бир бөлүгү, бирикмеси же жеке адам мамлекет бийлигин ээлеп алууга укуксуз. Мамлекеттик бийликти тартып алуу – өтө оор кылмыш.

3-статья

1. Кыргыз Республикасынын азыркы чегара алкагындагы бүт аймагы кол тийгис жана бөлүнгүс.

2. Мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын аймагы мыйзам менен аныктала турган административдик-аймактык бирдиктерге бөлүнөт.

3. Бишкек жана Ош шаарлары республикалык маанидеги шаарлар болуп саналат жана алардын статусу мыйзам менен аныкталат.

4-статья

1. Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү таанылат жана корголот.

Кыргыз Республикасы менчиктин ар кандай түрлөрүнүн болушуна жана алардын бирдей негизде укуктук корголушуна кепил болот.

2. Жер, анын кен байлыктары, аба мейкиндиги, суулары, токойлору, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, башка жаратылыш ресурстары Кыргыз Республикасынын менчиги болуп саналат, алар Кыргызстандын элинин жашоо-тиричилигинин жана иштешинин негизи катары пайдаланылат жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда болот.

3. Жер да менчиктин жеке, муниципалдык жана башка түрлөрүндө болушу мүмкүн. Жер ээлеринин өз укуктарын жана аны коргоо кепилдигин ишке ашыруу чектери жана тартиби мыйзам менен аныкталат.

4. Кыргыз Республикасы өз жарандарынын жана юридикалык жактарынын мүлккө болгон менчик укугун, ошондой эле алардын башка мамлекеттердин аймагындагы мүлкүн жана өз менчигин коргойт.

5-статья

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – кыргыз тили.

2. Кыргыз Республикасында расмий тил катары орус тили пайдаланылат.

3. Кыргыз Республикасы Кыргызстандын элин түзгөн бардык улуттардын өкүлдөрүнө эне тилин сактап калуу, аны үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү укугуна кепилдик берет.

4. Мамлекеттик же расмий тилдерди билбегендиги үчүн жарандардын укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө жол берилбейт.

6-статья

1. Кыргыз Республикасы мамлекеттик символдорго – *Тууга, Гербге, Гимнге* ээ. Алардын сыпаттамасы жана расмий пайдалануу тартиби мыйзам менен белгиленет.

2. Кыргыз Республикасынын борбору – ***Бишкек шаары***.

3. Кыргыз Республикасынын акча бирдиги – ***сом***.

Экинчи бөлүм. Мамлекеттин түзүлүшү жана иши

7-статья

1. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:
- бүткүл эл тарабынан шайланган мамлекет башчысы – Кыргыз Республикасынын Президенти өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн;
- мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүштүрүүнүн, алардын макулдашып иш аткарышынын жана биргелешип аракеттенишинин;
- мамлекеттик органдардын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана алардын өз ыйгарым укуктарын[1] элдин таламында жүзөгө ашырышынын;
- мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттерин так бөлүштүрүүнүн принциптерине негизделет.

2. Ушул Конституцияда белгиленген ыйгарым укуктардын чектеринде Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликке:
- Кыргыз Республикасынын Президенти;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши;
- Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана ага баш ийген аткаруу бийлик органдары;
- Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттору жана судьялары өкүлчүлүк кылат жана жүзөгө ашырышат.

8-статья

1. Кыргыз Республикасында эркти ачык билдирүүнүн жана жалпы кызыкчылыктардын негизинде саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана башка коомдук бирикмелер түзүлүшү мүмкүн. Мамлекет коомдук бирикмелердин укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын сактоону камсыз кылат.

2. Саясий партиялар мамлекеттик иштерге:

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, мамлекеттик кызматтарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо үчүн өз талапкерлерин көрсөтүү;

өкүлчүлүктүү органдарда фракцияларды түзүү формасында гана катыша алат.

3. Дин жана бүткүл диний расымдар мамлекеттен ажыратылган.

4. Кыргыз Республикасында:
- мамлекеттик жана партиялык институттарды бириктирүүгө, ошондой эле мамлекет иштерин партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө;
- мамлекеттик мекемелерде жана уюмдарда партиялык уюмдарды түзүүгө жана алардын иштешине тыюу салынат;
- мамлекеттик кызматтагылар партиялык ишти өзүнүн кызмат ишине байланыштырбай жүргүзүүгө акылуу;
- аскер, ички иштер, улуттук коопсуздук, юстиция, прокуратура жана сот органдарынын кызматкерлеринин партияга мүчө болушуна, кандайдыр бир саясий партияны колдоп чыгышына;
- диний негизде саясий партияларды түзүүгө жол берилбейт. Диний уюмдар саясий максаттарды жана милдеттерди көздөбөш керек;
- диний уюмдардын жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө;
- чет өлкөлүк саясий партиялардын, коомдук жана диний уюмдардын, алардын саясий максаттарды көздөгөн өкүлчүлүктөрү менен филиалдарынын иштешине;
- конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик жана жалпы улуттук коопсуздукка зыян келтирүүчү саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин, диний жана башка уюмдардын түзүлүшүнө жана иштешине тыюу салынат.

9-статья

1. Кыргыз Республикасы экспансия, басып алуучулук максаттарды жана аскердик күч менен чечилүүчү аймактык дооматтарды көздөбөйт. Ал мамлекеттик турмушту аскерлештирүүнү, мамлекетти жана анын ишин согуш жүргүзүү максатына баш ийдирүүнү четке кагат. Кыргызстандын Куралдуу Күчтөрү өзүн-өзү коргоо жана коргонууга жетиштүү принциптерине ылайык куралат.

2. Кыргызстанга жана биргелешип коргонуу милдеттенмелери менен байланышкан башка мамлекеттерге түздөн түз кол салынгандан тышкаркы учурларда согуш жүргүзүү укугу таанылбайт. Куралдуу Күчтөрдүн бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын аймагынан сыртка жиберүүнүн ар бир учуру үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен кабыл алынган чечими боюнча уруксат берилет.

3. Мамлекеттин ички саясий маселелерин чечүү үчүн Куралдуу Күчтөрдү пайдаланууга тыюу салынат. Аскер кызматчылары табигый кырсык залалдарын жоюу үчүн же мыйзамда ачык аныкталган учурларда башка экстремалдык кырдаалдарда пайдаланылышы мүмкүн.

4. Кыргыз Республикасы эл аралык укуктун жалпы таанылган эрежелерин сактайт, жалпыга бирдей жана адилет жашоого, өз ара пайдалуу кызматташтыкка, дүйнөлүк жана жергиликтүү маселелерди тынчтык жолу менен чечүүгө умтулат.

Элдердин тынчтыкта бирге жашоосун бүлүнтө турган аракеттер, улуттар аралык же диний араздашууга үгүттөө жана козутуу Конституцияга каршы келет.

[1] *Конституциянын текстиндеги «**ыйгарым укуктар**» (полномочия) түшүнүгү окуу куралында «ыйгарымдар» деп бир сөз менен берилген.*

10-статья

1. Кыргыз Республикасында табигый кырсык болгондо, конституциялык түзүлүшкө түздөн түз коркунуч келгенде, зомбулук менен коштолгон жана адам өмүрүнө коркунуч туудурган массалык тополоң учурунда, ошондой эле конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн жагдайларда жана мөөнөттүн чегинде гана өзгөчө абал киргизилиши мүмкүн.

2. Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши гана өзгөчө абалды киргизе алат, ал эми шашылыш чара көрүү талап кылынган шартта айрым жерлерде өзгөчө абалды Кыргыз Республикасынын Президенти киргизип, бул туурасында ал ошол эле күнү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине билдирет, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин бул актысын үч күндөн кечеңдетпей ырастоого тийиш. Көрсөтүлгөн мөөнөттө андай ырастоо алынбаса, өзгөчө абал токтотулат.

3. Кыргыз Республикасына кол салуу болгон учурда гана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасында согуш абалын киргизиши мүмкүн.

4. Өзгөчө жана согуш абалынын учурунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышын токтотуп турууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышы өтпөгөн учурда Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан өзгөчө абал киргизилсе, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзгөчө абал киргизилгенден кийинки күндөн кечикпестен чакыруу жарыяланбай эле чогулат.

5. Өзгөчө жана согуш абалы учурунда референдум жана мамлекеттик органдарга шайлоо өткөрүүгө, Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген мамлекеттик органдардын түзүлүшүнө, иш милдеттерине жана ыйгарым укуктарына өзгөртүү киргизүүгө жол берилбейт.

11-статья

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден турат, ал мамлекеттин киреше-чыгашаларын камтыйт. Республикалык бюджетти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекитет.

2. Республикалык бюджеттин кирешеси мыйзам менен аныкталган салык, милдеттүү түрдөгү башка төлөмдөр, мамлекеттик мүлк жана башкалардын эсебинен түшкөн кирешеден түзүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү салык тутуму иштейт. Салыктарды белгилөө укугу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине таандык. Жаңы салыктарды белгилөөчү жана салык төлөөчүлөрдүн абалын начарлатуучу мыйзамдар өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

4. Кыргыз Республикасынын экономикалык таламдарын коргоо керек болгон өзгөчө учурларда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине дароо билдирүү менен айрым салык жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн өлчөмүн өзгөртүү аркылуу салык салуу жагында убактылуу чараларды көрүүгө укуктуу.

5. Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндөгү отчет Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

12-статья

1. Кыргыз Республикасында Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана түздөн түз колдонулат.

2. Конституциянын негизинде мыйзамдар жана башка ченемдик укук актылары кабыл алынат.

3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана нормалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

ЭКИНЧИ БАП
ЖАРАНДАР

Биринчи бөлүм. Жарандык

13-статья

1. Адамдын Кыргыз Республикасына таандык экендиги жана статусу жарандыгы менен аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоого, башка адамдардын укугун, эркиндигин, ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого милдеттүү.

2. Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган адамдардын башка мамлекеттердин жараны болушу таанылбайт.

3. Кыргыз Республикасынын бир да жараны өз жарандыгынан жана жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес.

4. Кыргыз Республикасынын жараны башка мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн эмес.

5. Кыргыз Республикасы чет өлкөлөрдө өз жарандарын коргоо жана калкалоо кепилдигин алат.

14-статья

1. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны өзүнүн жарандыгына ылайык укуктарга ээ болот жана тийиштүү милдеттерди аткарат.

2. Кыргыз Республикасында чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, мамлекеттер аралык келишимдеринде жана макулдашууларында аныкталган негизде, шартта жана тартипте жарандардын укуктарынан жана эркиндиктеринен пайдаланат, ошондой эле милдеттерди аткарат.

Экинчи бөлүм. Адам укуктары жана эркиндиктери

15-статья

1. Кыргыз Республикасында адамдын кадыр-баркы ыйык жана кол тийгис.

2. Адамдын негизги укуктары жана эркиндиктери ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар талашсыз, ажыратылгыс чындык катары таанылат жана кимдир бирөөлөрдүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголот.

3.Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардык адамдар бирдей. Эч ким тек-жайы, жынысы, расасы, улуту, тили, туткан дини, саясий жана диний ынанымдары үчүн же жеке жана коомдук мүнөздөгү кандайдыр бир башка шарттар жана жагдайлар боюнча ыдык көрүп, укугу жана эркиндиги кысымга алынбайт.

4. Кыргыз Республикасында адам укуктары менен эркиндиктери дайыма күчүндө болот. Алар мыйзамдардын маңызын, мазмунун жана колдонушун аныктайт, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу бийликтерди, жергиликтүү өз алдынча башкарууну милдеттендирет жана сот адилеттиги тарабынан камсыз кылынат.

5. Кыргыз Республикасында адам укуктарына жана эркиндиктерине каршы келбеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат.

16-статья

1. Кыргыз Республикасында адамдын негизги укуктары менен эркиндиктери жалпы таанылган эл аралык укуктун принциптери менен ченемдерине, адам укугунун маселелери боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга ылайык таанылып, кепилдикке алынат.

2. Кыргыз Республикасында ар бир адам ажыралгыс жашоо укугуна ээ. Эч кимдин өмүрү жок жерден кыйылышы мүмкүн эмес.

Ар бир адам өзүнүн өмүрүн жана ден-соолугун, башка адамдардын өмүрүн жана ден-соолугун укукка жат кол салуулардан коргоого укуктуу.

3. Ар бир адам эркиндик жана керт башына кол тийгистик укугуна ээ.

Кармоо, камакка алуу жана камап коюу сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

Камакка алынган же кармалган ар бир адамга камакка алуунун же кармоонун жүйөөлөрү жөнүндө кечиктирилбестен билдирилүүгө, анын укуктары түшүндүрүлүүгө жана кармалган учурдан тартып жеке өзүн коргоого жана адвокаттын укуктук жардамынан пайдалануга мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш.

4. Ар бир адам кызматтык милдеттерди аткаруу учурунда мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз иш-аракеттеринен улам келтирилген зыяндын ордун мамлекет тарабынан толтуртуу укугуна ээ.

5. Ар бир адам кат алышуунун, телефондук сүйлөшүүлөрдүн, телеграфтык жана башка кабарлашуулардын купуялык укугуна ээ.

Мындай укукту мыйзамга ылайык гана чектөөгө жол берилет.

6. Ар бир адам өзүнүн жеке турмушунун колтийгистигине, ар-намысынын жана кадыр-баркынын урмат-талышына жана корголушуна укуктуу.

Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, адамдын макулдугу болмоюнча ал жөнүндө купуя маалыматты чогултуугa, сактоого, пайдалануугa жана таркатууга жол берилбейт.

Ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекемелерде жана уюмдарда мамлекеттик же башка мыйзам тарабынан корголгон жашыруун сыр болуп саналбаган өзү жөнүндө маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

Ар бир адам өзү жана өз үй-бүлө мүчөлөрү жөнүндө жалган маалыматтарды жокко чыгаруу укугу жана ар кандай маалыматты алып салууну талап кылуу укугу, ошондой эле жалган маалыматты чогултуудан, сактоодон жана таркатуудан келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуртуу укугу жагынан соттук коргоого кепилдик алат.

7.Турак-жай кол тийгис. Турак-жайда жашагандардын эркине каршы эч кимдин ага кирүүгө укугу жок.

Турак-жайга кирип баруу менен жасалуучу тинтүүлөргө жана башка иш-аракеттерге, бул иш-аркеттердин мыйзамдуулугуна сот тартибинде даттануу укугун адамдарга берүү менен, мыйзамдарда белгиленген учурларда гана жол берилет .

8. Ар бир адам Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинде орун которуу, өзү баруучу жана жашоочу жерди тандоо укугуна ээ.

Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакка эркин чыгууга жана тоскоолдуксуз кайтып келүүгө укуктуу.

Бул укуктарды чектөөгө мыйзамдын негизинде гана жол берилет.

9. Ар бир адам өз ой-пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине, ошондой эле бул ой-пикирлерди жана ынанымдарды тоскоолдуксуз айтууга укуктуу. Өз ой-пикирин жана ынанымдарын билдирүүгө эч ким мажбурлануугa тийиш эмес.

Ар бир адам маалыматты эркин чогултууга, сактоого, пайдалануугa жана бул маалыматты оозеки, жазуу жүзүндө же башкача ыкма менен таркатууга укуктуу.

Социалдык, расалык, улуттук же диний көрө албастыкты жана кастыкты тутантуучу пропагандага же үгүткө жол берилбейт. Социалдык, расалык, улуттук, диний же тил жагынан артыкчылыкты пропагандалоого тыюу салынат.

10. Кыргыз Республикасында цензурага тыюу салынат.

11. Ар бир адамга дин тутуунга, расымдарга, диний жана атеисттик ишке эркиндик кепилденет. Ар бир адам ар кандай динди эркин тутууга же эч бир динди тутпай коюуга, диний же атеисттик ынанымдарды тандоого, аларга ээ болуунга же таркатуунга укуктуу.

12. Ар бир адам өзүнүн улутун эркин аныктоого укуктуу. Эч ким өз улутун аныктоого же көрсөтүүгө мажбурлануунга тийиш эмес.

Адамдын улуттук кадыр-баркын мазактоо мыйзам менен куугунтукталат.

13. Кыргыз Республикасынын жарандары бирикме эркиндигине укуктуу.

Жарандардын бардык бирикмелери мыйзам алдында тең.

Эч ким жарандардын кандайдыр бир бирикмесине кирүүгө мажбурланышы же бирикмеге таандык болуу же таандык болбоо укугу жагынан чектелиши мүмкүн эмес.

Жарандардын бирикмелерине аскерлештирилген бирикмелерди түзүүгө тыюу салынат.

Жашыруун бирикмелерди түзүүгө жол берилбейт.

14. Кыргыз Республикасынын жарандары аткаруу бийлик органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына күн мурунтан билдирген шартта тынчтык жол менен, куралсыз чогулууга жана чогулуштарды, митингдерди, жүрүштөрдү, демонстрацияларды жана пикеттерди өткөрүүгө укуктуу.

15. Бардык адамдар мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарына жекече жана жамааттык кайрылууларды жөнөтүүгө укуктуу, булар өз кызматтык укуктарынын чегинде ушул кайрылууларды карап чыгууга жана мыйзамда белгиленген мөөнөттө жүйөөлүү жоопту берүүгө милдеттүү.

16. Ар бир адамга адабий, көркөм, илимий жана техникалык чыгармачылык эркиндиги, интеллектик менчикти коргоо кепилденет.

17. Ар бир адам өзүнүн менчигине, өзүнүн интеллектик, чыгармачылык ишинин натыйжаларына ээлик кылууга, аларды пайдалануунга жана тескөөгө укуктуу. Менчикти пайдалануу башка адамдардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу таламдарына, коомдун таламдарына, жерге, курчап турган чөйрөгө жана жаратылыш ресурстарына зыян келтирүүгө тийиш эмес.

18. Ар бир адам экономикалык эркиндикке, мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык иш-аракеттер үчүн жөндөмүн жана мүлкүн эркин пайдалануунга укуктуу.

19. Ар бир адам эмгектенүү эркиндигине, ошондой эле эмгектенүүгө өз жөндөмүн пайдалануунга, кесибин жана ишинин түрүн тандоого укуктуу.

20. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген укуктар менен эркиндиктердин саны чектелбейт жана бул адамдын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин четке кагуу же маанисин кемитүү катары түшүнүлүүгө тийиш эмес.

21. Адам жана жарандын өз укуктарын, эркиндиктерин жүзөгө ашырышы башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин бузбоого тийиш.

22. Конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүү, расалык, улуттар аралык, социалдык, диний жек көрүүчүлүктү тутантуу, зомбулукту жана согушту пропагандалоо үчүн укуктар менен эркиндиктерди пайдалануунга тыюу салынат.

17-статья

1. Кыргыз Республикасында адам укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же алардын маанисин төмөндөтүүчү мыйзамдар чыгарылууга тийиш эмес.

2. Башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук коопсуздукту жана тартипти, аймактык бүтүндүктү камсыз кылуу, конституциялык түзүлүштү коргоо максатында гана укуктун жана эркиндиктин чектелишине Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен жол берилет. Ошол эле учурда конституциялык укук менен эркиндиктин маңызына доо кетиши мүмкүн эмес.

18-статья

1. Инсандын денебоюнун, ар-намысынын кол тийгистигин чектөөгө жасалган кылмыш үчүн мыйзам негизинде жана катарында сот өкүмү боюнча гана жол берилет. Кыйноолорго, запкы көрсөтүүлөргө же адамгерчиликке сыйбаган мазактоочу жазалоолорго бир да киши дуушар болуунга тийиш эмес.

2. Талапка ылайык жол менен билдирилген жана ырасталган ыктыярдуу макулдугу болмоюнча адамдарга медициналык, биологиялык, психологиялык тажрыйба жасоого тыюу салынат.

3. Эч ким мыйзамга негизделбей камакка алынууга жана камап коюуга кириптер кылынышы мүмкүн эмес. Соттун өкүмү чыгарылганга чейин кылмыш үчүн жоопкерчиликти адамга таңулоого багытталган ар кандай аракеттерге.

4. Өлүм жазасы өтө оор кылмыш үчүн жазалоонун өзгөчө чарасы катары мыйзам тарабынан белгилениши жана сот тарабынан гана берилиши мүмкүн.

Өлүм жазасына өкүм кылынган ар бир адам ырайым сурап кайрылууга укуктуу.

19-статья

1. Кыргыз Республикасында жеке менчик адамдын ажырагыс укугу, анын бакубат турмушунун, ишкердик жана чыгармачылык жигеринин табигый булагы, экономикалык жана жеке көз карандысыздыгынын кепилдиги катары таанылат жана камсыз кылынат.

2. Өбөлөнүү – жоо тийүүнү. Эч кимге ал мыйзамсыздыкка жетелеген укмуштуудай тийүүнү эмес, мыйзам чыгаруучу актыларында жүз берүүнүн жагдайларын толугу менен белгилеп бериши керек.

3. Мыйзамсыздыкка жеткилең иштин уюштуруучу жыйынтыктоочу документтерди уюштуу жүзүндө жооптуруучу кимге жана кандай өлчөмдө тыюлуучулугун белгилеп коюу жүргүзүлүшү керек.

4. Кыргыз Республикасында мурас укугу аныйдын менен сактоого жана корголот.

20-статья

Кыргыз Республикасы тең коомчулук жарандарга жана жарандыкты жок адамдарга адам укугунун бийликтерин сыйлоого кепилдик берет.

Үчүнчү бөлүм. Жарандын укуктары жана милдеттери

21-статья

1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында тыюу салынбагандарды, чектөөсүз жоголтосундарын бекитүү мүмкүнчүлүгү жарандарга берилет.

2. Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырууга жана аны коргоого карата жасалган кылмыш-укуктук чараларга бөлөнүп мамлекеттердин аткарылышына жарандыгынан.

22-статья

1. Жарандын укуктары менен милдеттери жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары берилген жарандарга карата бирдей колдонулууга жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына, жарандардын конкреттүү жактан мыйзамдарында карагандан укуктарына кепилдиктерди ошондой эле ал же каалай артыкчылыктар жана жеңилдиктер берилбеген тийиш.

2. Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен аныкталган чектерден укуктарынан чегинип чыга албайт.

23-статья

1. Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик башкаруунун түзүмүнө тун жана жашаруучу жер-сууну артыкчылуу укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдарды, республикалык жана жергиликтүү мамлекеттик органдарды түзүүгө жана жабык сууга катышуунун укугуна.

3. Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик башкаруу органдарына бөлүнүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого катышуунун укугуна.

4. Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүгө бирдей укуктуу.

24-статья

1. Кыргыз Республикасынын жарандары эркин кыймыл-көрүнүү укугуна жана милдеттүү.

2. Жарандар мыйзамда аныкталган тектерде жана түрдүү жерде кызматтарын өтөөгө. Аскерлерге кызмат өтөөдөн башкаларга же анын алмаштырылышы кызмат өтөө менен алмаштырылуучу милдеттерди жана тартибин мыйзам менен белгиленет.

25-статья

Кыргыз Республикасынын жарандары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык жана жыйым төлөөгө милдеттүү.

26-статья

1. Үй-бүлө – коомдун эң биринчи уюгу. Үй-бүлө, эне, ата жана бала – бүтүндүү коомдун камкордугунун жана мыйзам тарабынан артыкчылыктуу коргоонун объектиси. Ата-эне балдарга тарбия берүү – алардын табигый милдети жана жоопкерчилиги болуп саналат. Эмгекке жарамсыз, муктаж ата-энелерге балдар жардам берүүгө милдеттүү.

2. Мамлекет аялдарга жана ата-энелигине байланыштуу коомдук функцияларга, балдарга жана үй-бүлөгө коргоо берет. Аялдарга эмгек, социалдык камсыздандыруу, саламаттыкты сактоо боюнча атайын жеңилдиктер белгиленет.

3. Балдардын социалдык жактан коргоосуз калышына жол бербөө, ата-энесинен ажырап калган балдарга камкордук көрсөтүү, мамлекеттик балдар үйлөрүн уюштуруу мамлекеттин милдети.

27-статья

1. Кыргыз Республикасынын карт-картаңдары, мүрзө кызматкерлери, жалпы пайдалуу жарандык-коргоо иштерин аткаруучу, биомедицинадагы эксперименттерге катышкан жана мүрзө кызматтарын аткарган жарандар мамлекеттик коргоого алынат.

2. Кыргыз Республикасынын жарандарынын жарандык турмушка, социалдык жана укуктук коргоого жана жардамга болгон укугу мамлекеттик социалдык камсыздандыруу, социалдык жеңилдиктер берүү, ошондой эле мыйзамда белгиленген башка негиздер боюнча ишке ашырылат.

3. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасы бюджеттик, пенсиялык, социалдык камсыздандыруу фонддорунан, ошондой эле ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, жеке ээлердин каражаттарынан түзүлөт.

28-статья

1. Кыргыз Республикасынын жараны бардык түрдөгү жана жагдайдагы эмгегинин корголушуна, коопсуздук жана гигиена талаптарына жооп берген эмгек шартына, ошондой эле жумушсуздуктан социалдык коргоого алынууга укуктуу.

2. Мамлекет жарандарды адистикке үйрөтүүгө жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга кам көрөт, эмгек укугун коргоо жана бекемдөө максатын көздөгөн эл аралык макулдашуулар менен эл аралык уюмдарга колдоо жана көмөк көрсөтөт.

3. Согуш маалында, табигый кырсыктардын кесепетин жоюу, эпидемия жана башка өзгөчө кырдаалдарда, ошондой эле соттун өкүмү боюнча жаза өтөөдөн башка учурларда жарандарды мажбурлап ишке тартууга тыюу салынат.

29-статья

Кыргыз Республикасынын эмгек келишими (контракт) боюнча иштеген жарандары тиричилик каражаттарынын мамлекет аныктаган эң төмөнкү өлчөмүнөн кем эмес акы алууга укуктуу.

30-статья

Кыргыз Республикасынын жарандары иш таштоого укуктуу.

Иш таштоону өткөрүү тартиби жана шарттары мыйзам менен аныкталат.

31-статья

1. Кыргыз Республикасынын жарандары эс алууга укуктуу.

2.Иштин эң узак убактысы, эс алуунун ар жумалык эң кыска мөөнөтү жана жыл сайын акы төлөнүүчү өргүү, ошондой эле эс алуу укугун ишке ашыруунун башка негизги шарттары да мыйзам менен аныкталат.

32-статья

1. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны билим алууга укуктуу.

2. Негизги билим – милдеттүү жана акысыз, аны ар бир адам мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларынан алууга укуктуу.

Мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларынан ар бир жаран акысыз орто билим алууга укуктуу.

3. Мамлекет бардык адамдар үчүн ар кимдин жөндөмүнө жараша кесиптик, атайын орто жана жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

4. Жарандардын мамлекеттик жана башка окуу жайларында акы төлөп билим алышына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган негизде жана тартипте жол берилет.

5. Мамлекет мыйзамда белгиленген түрдө окутуу-тарбиялоо жана башка билим берүү мекемелеринин ишине көзөмөл жүргүзөт.

33-статья

Кыргыз Республикасынын жарандары турак-жайга укуктуу. Бул укук мамлекеттик, муниципалдык жана жеке турак-жай фондунун өнүгүшү, жарандарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген шарттарда жана тартипте турак-жай алууга көмөк көрсөтүү менен камсыз кылынат.

34-статья

1. Кыргыз Республикасынын жарандары ден-соолугунун корголушуна, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык мекемелеринин тармагынан акысыз пайдалануга укуктуу.

2. Жарандарды медициналык жактан акы төлөтүп мыйзамда аныкталган негизде жана тартипте жол берилет.

35-статья

1. Кыргыз Республикасынын жарандары жашоосу жана саламаттыгы үчүн жагымдуу айлана-чөйрөдөн пайдалануга жана жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндөгү аракеттерден улам саламаттыгына же мүлкүнө зыяндын ордун толтуртуп алууга укуктуу.

2. Айлана-чөйрөгө, жаратылыш байлыктарына жана тарыхый эстеликтерге сарамжал мамиле жасоо – ар бир жарандын ыйык парзы.

36-статья

1. Маданият, көркөм өнөр, адабият, илим жана жалпыга маалымдоо каражаттары – эркин.

2. Мамлекет тарыхый эстеликтерди коргойт, адабият, көркөм өнөр, илим, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана спорттун өнүгүшү үчүн кам көрөт, зарыл шарттарды түзөт.

3. Жарандар маданий дөөлөттөрдөн пайдалануга, көркөм өнөр, илим жаатында иштөөгө укуктуу.

37-статья

Мамлекеттин социалдык иш-аракети жарандын экономикалык эркиндиги менен жигерин, өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн экономикалык бакубаттыгына өзү жетишүү мүмкүнчүлүгүн мамлекеттин камкордугу менен алмаштырылышына алып келбөөгө тийиш.

38-статья

1. Жарандардын укугу менен эркиндигин толук, сөзсүз, токтоосуз коргоо, бул жагынан укук бузууларга жол бербөө жана бузулган абалды өз ордуна келтирүү – мамлекеттин, анын бардык органдары менен

кызмат адамдарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын милдети.

2. Кыргыз Республикасы жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында бекитилген бардык укугу менен эркиндиги сот тарабынан корголушунун кепилдигин алат.

3. Жарандык укук мамилелеринен келип чыккан талаштарды соттон тышкары чечүү үчүн бейтарап соттор уюштурулушу мүмкүн. Бейтарап соттордун ыйгарым укуктары, алардын түзүлүшү жана иштөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

39-статья

1. Мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмү менен күнөөлүү деп табылмайынча жаран жасалган кылмыш үчүн күнөөлүү деп эсептелбейт.

2. Мамлекет ар кимдин жеке жана үй-бүлөлүк турмушуна мыйзамсыз жана өз бетинче кийлигишүүдөн, анын ар-намысына жана беделине шек келтирүүдөн, эркин кат алышуусунун жана телефон менен сүйлөшүүлөрүнүн купуялыгын бузуудан коргоо кепилдигин алат.

3. Санкциялаган тинтүү же алып коюу, коомдук тартипти сактоо, кылмышкерди кармоо, адамдын өмүрүн, саламаттыгын жана мүлкүн коргоого багытталган учурлардан башка убакта эч ким бирөөнүн турак-жайына кирүүгө укуксуз.

40-статья

1. Кыргыз Республикасынын ар бир жаранына жетик юридикалык жардам жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденүүчү укуктарды жана эркиндиктерди коргоо камсыз кылынат. Мыйзамда каралган учурларда укуктук жардам акысыз көрсөтүлөт.

2. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) жүктөлөт.

3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын (Омбудсменин) шайлоо тартиби, анын ыйгарым укуктары жана аларды жүзөгө ашыруу тартиби мыйзам менен белгиленет.

41-статья

Адамдын жана жарандын укуктарына, эркиндиктерине жана милдеттерине тиешелүү мыйзамдардын, башка ченемдик укук актылардын жарыяланышы аларды колдонуунун милдеттүү шарты болуп саналат.

ҮЧҮНЧҮ БАП
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

42-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президенти – мамлекеттин башчысы, Кыргыз Республикасынын эң жогорку кызмат адамы.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти – элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигинин символу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепили.

3. Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт, өлкөнүн ичинде жана эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан иш жүргүзөт, Кыргыз Республикасынын эгемендигин жана аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча чара көрөт, мамлекеттик бийликтин биримдигин жана ыраатуулугун, мамлекеттик органдардын макулдашып иштешин жана өз ара шайкеш аракеттенишин, алардын эл алдындагы жоопкерчилигин камсыз кылат.

Биринчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо

43-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президенти беш жылдык мөөнөткө шайланат.

2. Бир эле адам катары менен эки мөөнөттөн ашык Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайлана албайт.

3. Кыргыз Республикасынын Президенти болуп 35 жашка толгон жана 65 жаштан ашпаган, мамлекеттик тилди билген, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер катары көрсөтүлгөнгө чейин республикада кеминде 15 жыл жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат.

4. Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты боло албайт, кандайдыр бир башка кызматты ээлебейт, жеке ишкерлик жүргүзө албайт.

5. Кыргыз Республикасынын Президенти өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарып жаткан учурда Кыргыз Республикасынын Президентин жаңы шайлоо башталганга чейин саясий партиялардагы жана уюмдардагы ишин токтото турууга тийиш.

44-статья

1. Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан Президентинин ыйгарым укуктарынын бешинчи жылындагы октябрь айынын соңку жекшембисинде Кыргыз Республикасынын Президентине кезектеги шайлоо өткөрүлөт.

Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтогон учурдан тартып үч ай аяктаар алдындагы соңку жекшембиде өткөрүлөт.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти жарандар тарабынан жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен шайланат.

3. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлердин саны чектелбейт. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер болуп кеминде 50 миң шайлоочунун колтамгасын топтогон жаран каттала алат.

4. Шайлоого Кыргыз Республикасынын бардык шайлоочуларынын элүү процентинен көбү катышса, Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо өткөрүлдү деп табылат. Шайлоонун биринчи турунда ага катышкан бардык шайлоочулардын жарымынан көбүнүн добушун алган талапкер Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

Эгерде добуш берүүнүн биринчи турунда бир да талапкер добуштардын жарымынан көбүн албаса, анда добуш берүүнүн экинчи туруна көбүрөөк добуш алган эки гана талапкер катышат. Кайталап добуш берүүдө, эгер ага бардык шайлоочулардын кеминде 50 проценти катышса, добуштардын жарымынан көбүн алган талапкер шайланды деп эсептелет.

45-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун натыйжалары Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту тарабынан шайлоо бүткөндөн кийин жети күндөн кечиктирилбей ырасталууга тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун төрагасы добуш берүүнүн натыйжаларын жарыялагандан кийин отуз күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын катышуусунда ант берет.

3. Кыргыз Республикасынын Президенти кызматына киришип жатып Кыргызстандын элине төмөнкүдөй ант берет:

«Мен, ..., Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматына киришип жатып, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын ыйык тутууга жана сактоого, Кыргыз мамлекетинин эгемендигин жана бүтүндүгүн коргоого, Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктары менен эркиндиктерин урматтоого жана камсыз кылууга, бүтүндөй эл ишенип мага жүктөгөн Кыргыз Республикасынын Президентинин бийик милдетин талыкпастан ар-намыстуулук менен аткарууга өз элимдин, ыйык ата-журтум – Ала-Тоонун алдында ант берем!».

4. Президенттик мандаттын мөөнөтү ант берген мезгилден тартып башталат. Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары жаңы шайланган Кыргыз Республикасынын Президенти кызматка киришкен мезгилден тартып токтотулат.

Экинчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары

46-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүн аныктайт жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бекитүүсүнө киргизет;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын премьер-министрин дайындайт;

3) Кыргыз Республикасынын премьер-министринин сунушу боюнча жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөлөрүн дайындайт; Кыргыз Республикасынын премьер-министринин сунушу боюнча администрациялык ведомстволордун жетекчилерин кызматка дайындайт; аларды кызматтан бошотот;

4) Кыргыз Республикасынын премьер-министринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн же анын айрым мүчөсүнүн кызматтан кетүү жөнүндөгү өтүнүчүн кабыл алат; өз демилгеси боюнча Кыргыз Республикасынын премьер-министрин же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн кызматтан кетирүү жөнүндө чечим кабыл алат; өз демилгеси боюнча же Кыргыз Республикасынын премьер-министринин сунушу менен администрациялык ведомстволордун жетекчилерин кызматтан бошотууга укуктуу;

5) Кыргыз Республикасынын премьер-министринин сунушу боюнча жана тиешелүү жергиликтүү кеңештердин макулдугу менен жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын кызматка дайындайт; аларды кызматтан бошотот;

6) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысын кызматка дайындайт, анын статусун жана ыйгарым укуктарын аныктайт; өзүнүн иш-аракетин камсыз кылуучу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясын түзөт;

7) Улуттук коопсуздук кызматын түзөт жана жоет;

8) Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешин жана башка координациялык органдарын түзөт жана аларга башчылык кылат;

9) өзүнө баш ийген мамлекеттик күзөт кызматын жана Улуттук гвардияны түзөт;

10) Өкмөттүн курамына кирбеген аткаруу органдарын түзөт жана жоет;

11) Кыргыз Республикасынын премьер-министри менен кеңешип, мамлекеттик бюджеттин эсебинен күтүлгөн органдар үчүн кадрларды даярдоонун жана тандоонун, мамлекеттик органдарды каржылоонун жана мамлекеттик кызматчыларга эмгек акы төлөөнүн бирдиктүү тутумун бекитет.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун төрагасынын, анын орунбасарынын жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун судьяларынын кызматына шайлоо үчүн талапкерлерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылат;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын, анын орун басарларынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьяларынын кызматына шайлоо үчүн талапкерлерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылат;

3) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорун дайындайт; Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун орун басарларын, Кыргыз Республикасынын аскердик прокурорун кызматка дайындайт; аларды кызматтан бошотот;

4) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасын дайындайт; Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басарларын жана Башкарманын мүчөлөрүн кызматка дайындайт; аларды кызматтан бошотот;

5) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун төрагаларын, алардын орун басарларын жана судьяларын дайындайт; Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана конституциялык мыйзамдарында каралган учурларда аларды кызматтан бошотот.

3. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын тышкы саясатына жетекчилик кылат;

2) сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине кол коет;

3) ратификациялоо грамоталарына кол коет;

4) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитети менен кеңешкенден кийин Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардагы дипломатиялык өкүлдөрүн дайындайт; аларды кайра чакыртып алат; Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында аккредиттелген чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн башчыларынын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн ишеним жана кайра чакыртуу грамоталарын кабыл алат;

5) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жана жарандыгынан чыгаруу, саясий башбаанек берүү маселелерин чечет.

4. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлайт;

2) Кыргыз Республикасынын ардактуу наамдарын ыйгарат;

3) жогорку аскердик наамдарды, дипломатиялык рангаларды, класстык чиндерди жана башка атайын наамдарды ыйгарат;

4) ырайым кылат.

5. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзам долбоорлорун киргизет;

2) мыйзамдарга кол коет жана аларды жарыялайт; өзүнүн каршы пикирин билдирүү менен аларды кайталап карап чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайтарып берет;

3) өлкөдөгү иштердин абалы жөнүндөгү ар жылдык билдирүү менен Кыргызстандын элине кайрылат, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышында окулат;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана башка аткаруу бийлик органдарынын ченемдик укуктук актыларынын колдонулушун токтото турууга же жокко чыгарууга укуктуу;

5) кечиктирилгис мүнөздөгү иш-чараларды мамлекеттик каражаттардын эсебинен каржылоо маселелерин чечүүгө укуктуу;

6) ушул Конституциянын 68-статьясында каралган учурларда жана тартипте мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат.

6. Кыргыз Республикасынын Президенти:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышын мөөнөтүнөн мурда чакырууга жана карала турган маселелерди аныктоого укуктуу;

2) өз демилгеси боюнча референдумду дайындайт; кеминде үч жүз миң шайлоочунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси боюнча референдумду дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат;

3) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоону дайындайт, ушул Конституцияда каралган учурларда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин мөөнөтүнөн мурда таркатат;

4) жергиликтүү кеңештерге шайлоону дайындайт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган учурларда аларды таркатат;

5) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасын дайындайт; Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын курамынын жарымын дайындайт; мыйзамда каралган тартипте жана учурларда аларды кызматтан бошотот;

6) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасын дайындайт; Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиторлорунун курамынын жарымын дайындайт; аларды кызматтан бошотот.

7. Кыргыз Республикасынын Президенти мыйзамда каралган негиздер болгон учурда өзгөчө абалды киргизүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө эскертет, ал эми зарыл учурда аны айрым жерлерде алдын ала жарыялабастан киргизет, бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине токтоосуз билдирет.

8. Кыргыз Республикасынын Президенти жалпы же жарым-жартылай мобилизацияны жарыялайт; Кыргыз Республикасына баскынчылык жасалганда же түздөн түз баскынчылык коркунучу болгондо согуш абалын жарыялайт жана бул маселени тез арада Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна коет; өлкөнүн жана анын жарандарынын коопсуздугун коргоо таламдарында аскер абалын жарыялайт жана бул маселени Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна токтоосуз коет.

9. Кыргыз Республикасынын Президенти Куралдуу Күчтөрдүн Башкы колбашчысы болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жогорку аскер башчылыгын дайындайт жана алмаштырат.

47-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президенти жарлыктарды жана буйруктарды чыгарат.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана буйруктары Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-статьясынын 5-пунктундагы 6-пунктчага ылайык мыйзамдык ыйгарым укуктарын жүргүзүү учурунда кабыл алган жарлыктары мыйзам күчүнө ээ.

48-статья

Кыргыз Республикасынын Президенти ушул Конституциянын 46-статьясынын 3-пунктундагы 2-пунктчада каралган ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын премьер-министрине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөлөрүнө жана башка кызмат адамдарына берүүгө, ошондой эле алар кол койгон эл аралык финансы келишимдерин жана кредиттик макулдашууларды ратификациялоого укуктуу.

49-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президенти кол тийгис укукка ээ. Кыргыз Республикасынын Президентинин ар-намысы жана аброю мыйзам менен корголот.

2. Кыргыз Республикасынын Президентин, ошондой эле анын үй-бүлөсүн камсыз кылуу, тейлөө жана коргоо мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт.

50-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары анын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышында жасаган билдирүүсү боюнча кызматынан кеткенде, ушул Конституцияда каралган тартипте ал кызматтан баш тартышынын натыйжасында, ошондой эле ыйгарым укуктарын ооруп калгандыгына же анын кайтыш болгондугуна байланыштуу аткара албаган учурда токтотулушу мүмкүн.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти ооруп калгандыгына байланыштуу өз милдеттерин аткара албаган учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзү түзүүчү мамлекеттик медициналык комиссиянын корутундусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин добушу менен Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда кызматтан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алат.

51-статья

1. Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттик чыккынчылык же башка оор кылмыш жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан коюлган, Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун корутундусу менен ырасталган күнөөнүн негизинде гана кызматынан четтетилиши мүмкүн.

2. Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү үчүн ага каршы күнөө коюу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси боюнча анын депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши түзүүчү атайын комиссиянын корутундусу болгондо гана кабыл алынууга тийиш.

3. Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши койгон күнөө боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун каршы корутундусу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин таркатууга алып келет.

4. Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши койгон күнөө боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун оң корутундусу болгон учурда ал боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши күнөө койгон күндөн тартып кеминде эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде бештен төртүнөн ашыгынын добушу менен кабыл алынууга тийиш. Эгерде бул мөөнөттүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши чечимди кабыл албаса, күнөө коюу четке кагылды деп эсептелинет.

52-статья

1. Ушул Конституциянын 50-статьясында көрсөтүлгөн себептер боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти өз милдеттерин аткарууга мүмкүн болбогон учурда Кыргыз Республикасынын жаңы Президенти шайланганга чейин анын милдеттерин Кыргыз Республикасынын премьер-министри аткарат. Мында Кыргыз Республикасынын жаңы Президентин шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти ыйгарым укуктарын токтоткон учурдан баштап үч айлык мөөнөттө өткөрүлүүгө тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин милдеттерин аткарып жаткан Кыргыз Республикасынын премьер-министри Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин таркатууга, референдум дайындоого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктарын токтотууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуш киргизүүгө укуксуз.

53-статья

1. Ушул Конституциянын 51-статьясында белгиленген тартипте кызматынан четтетилгенден башка Кыргыз Республикасынын мурдагы бардык Президенттери Кыргыз Республикасынын экс-Президенти деген наамга ээ болот.

2. Кыргыз Республикасынын экс-Президенти кол тийгис укукка ээ. Ал Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын аткаруу мезгилинде жасаган аракеттери же аракетсиздиги үчүн жазык жана административдик жоопкерчиликке тартылышы, ошондой эле кармалууга, камакка алынууга, тинтүүгө, суракка алынууга же жеке текшерүүгө дуушар кылынышы мүмкүн эмес.

3. Кыргыз Республикасынын экс-Президентинин кол тийгистик укугу ал ээлеген турак-жайга жана кызматтык бөлмөлөргө, ал пайдаланган транспорт каражаттарына, байланыш каражаттарына, ага таандык архивге, башка мүлккө, документтерге, жүктөргө жана анын кат-кабарларына да жайылтылат.

4. Кыргыз Республикасынын экс-Президентин жана анын жубайын, бойго жете элек балдарын жана анын багуусундагы үй-бүлө мүчөлөрүн камсыз кылуу, тейлөө жана коргоо мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт.

ТӨРТҮНЧҮ БАП
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИ

54-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши – Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу функцияларын жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү орган.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 75 депутаттан турат, алар бир мандаттуу аймактык шайлоо округдары боюнча беш жылга шайланат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга, ошондой эле өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга таандык.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен шайланат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо тартиби мыйзам менен аныкталат.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кезектеги шайлоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктарынын бешинчи жылында февралдын соңку жекшембисинде өткөрүлөт.

55-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүнүн биринчи сессиясын анын конституциялык курамынын кеминде үчтөн экиси шайлангандан кийин шайлоонун натыйжасы жарыялангандан 30 күндөн кечикпестен чакырат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи жыйналышын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жашы боюнча эң улуу депутаты ачат.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин алдында төмөнкүдөй ант берет:

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын кызматына киришип жатып, Кыргыз Республикасына берилгендигимди билдирип, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоого, өз милдеттеримди бүткүл элдин кызыкчылыгында аткарууга, кыргыз мамлекетинин эгемендигин жана көз карандысыздыгын коргоого ант беремин».

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ыйгарым укуктары ант берген күндөн башталат.

4. Жаңы шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи жыйналышы болгон күндөн тартып мурда шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары токтотулат.

56-статья

1. Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлөр алдында республикада кеминде 5 жыл жашаган Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайлана алат.

2. Атайылап кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон жаран, эгерде анын соттуулугу жоюлбаса жана белгиленген тартипте алып салынбаса, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлана албайт.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Кыргызстандын элинин өкүлү болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына баш ийет.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты кол тийбестик укугуна ээ. Ал депутаттык ишине байланыштуу айткандары же Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги добуш берүүнүн натыйжасы үчүн куугунтуктоого алынбайт. Депутат кылмыш үстүнөн кармалгандан тышкаркы учурларда кармалышы же камакка алынышы, тинтилиши же жекече текшерилиши мүмкүн эмес. Депутатты жазык жоопкерчилигине, ошондой эле сот тартибинде административдик жоопкерчиликке тартууга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен гана жол берилет.

5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты бир эле учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөсүнүн кызмат ордун ээлей албайт же жергиликтүү кеңештин депутаты боло албайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты судьянын, прокурордун кызматын ээлей албайт; ошондой эле башка мамлекеттик кызматта боло албайт. Ишкердик жүргүзө албайт, коммерциялык уюмдардын жетекчи органдарынын же байкоочу кеңештеринин курамына кире албайт.

Эгерде илимий-педагогикалык жана башка чыгармачыл иш Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын депутаттык милдеттерди аткаруусуна зыян келтирбесе, ал мындай ишти аткара алат.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын айрым укуктары Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын токтотулушу менен бир учурда токтотулат.

7. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктары ал жазуу жүзүндө өз депутаттык ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө арыз бергенде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши таркатылганда, ал сот тарабынан депутат укуктук аракетке жөндөмсүз деп таанылганда, аны дайынсыз жок болду же өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде, ошондой эле ал кайтыш болгон учурда мөөнөтүнөн мурда токтотулат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты ага карата соттун айып өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде; башка ишке которулганда же депуттаттык ыйгарым укуктарды аткаруу менен айкалышпаган ишин таштабаганда; шайлоо аныктыгы менен табылганда; Кыргыз Республикасынан тышкары туруктуу жашоого көчүп кеткенде; Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда же Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо ыйгарым укугунан ажыратылат.

8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын токтотуу, ошондой эле аны ыйгарым укуктарынан ажыратуу Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын токтому менен жүргүзүлөт.

9. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты бир сессиянын учурунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналыштарына жүйөлүү себепсиз такай катышпаганда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечим боюнча депутаттык ыйгарым укуктарынан ажыратылат.

10. Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун натыйжасында пайда болгон бош мандатты ээлөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

57-статья

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты аткаруу бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына суроо-талап менен кайрылууга укуктуу, алар суроо-талапка бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен жооп берүүгө милдеттүү.

Биринчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары

58-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин карамагына төмөнкүлөр берилет:

1) Конституцияда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын кабыл алуу;

3) Конституцияны жана өзү кабыл алган мыйзамдарды расмий чечмелөө;

4) Кыргыз Республикасынын чегараларын өзгөртүү;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан киргизилген республикалык бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын бекитүү;

6) Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечүү;

7) Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону дайындоо;

8) Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүн бекитүү;

9) Кыргыз Республикасынын премьер-министрин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөлөрүн дайындоого макулдук берүү;

10) депутаттардын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишенбестик билдирүү;

11) Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун төрагасын, анын орунбасарын жана Конституциялык Соттун судьяларын шайлоо жана кызматынан бошотуу;

12) Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасын, анын орун басарларын жана Жогорку Соттун судьяларын шайлоо жана кызматынан бошотуу;

13) жергиликтүү соттордун судьяларын дайындоого макулдук берүү;

14) Кыргыз Республикасынын башкы прокурорун дайындоого макулдук берүү;

15) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын төрагасын дайындоого макулдук берүү;

16) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын төрагасын дайындоого макулдук берүү;

17) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын курамынын жарымын шайлоо;

18) Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасын дайындоого макулдук берүү;

19) Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиторлорунун курамынын жарымын дайындоо;

20) Кыргыз Республикасынын акыйкатчысын (омбудсменин) жана анын орун басарларын шайлоо жана кызматынан бошотуу;

21) Кыргыз Республикасынын ушул Конституциясынын 48-статьясында каралгандан башка учурларда эл аралык келишимдерди ратификациялоо жана денонсациялоо;

22) өзгөчө абалды киргизүү, бул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын бекитүү же жокко чыгаруу;

23) согуш жана тынчтык маселелерин чечүү; аскердик абалды киргизүү, согуш абалын жарыялоо, бул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын бекитүү же жокко чыгаруу;

24) тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо боюнча мамлекеттер аралык келишимдик милдеттерди аткаруу зарылчылыгы болгон учурда Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн анын чектеринен тышкары жерлерде пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн маселесин чечүү;

25) Кыргыз Республикасынын аскердик наамдарын, дипломатиялык рангдарын, класстык чиндерин жана башка атайын наамдарын белгилөө;

26) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын жана ардактуу наамдарын уюштуруу;

27) *мунапыс* (амнистия, кечирим берүү) жөнүндө актыларды чыгаруу;

28) Кыргыз Республикасынын Президентинин кайрылууларын жана билдирүүлөрүн, чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын жетекчилеринин жана башка өкүлдөрүнүн сөздөрүн угуу;

29) Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндөгү ар жылдык билдирүүлөрүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын акыйкатчысынын (омбудсменинин) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү өлкөдөгү иштердин абалы жөнүндөгү ар жылдык отчетун угуу;

30) Кыргыз Республикасынын премьер-министринин, Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын ар жылдык отчетторун угуу;

Бул пунктта аталган кызмат адамдарынын ар жылдык отчетторун угуу ушул Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын тийиштүү мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын өз алдынчалуулугу жана көз карандысыздыгы жөнүндө жоболорун эске алуу менен ишке ашырылат.

31) Кыргыз Республикасынын Президентин кызмат ордунан четтетүү.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул статьянын 1-пунктунун 2, 7, 9-20, 28-31-пунктчаларында көрсөтүлгөн маселелер боюнча, ошондой эле мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү маселелери боюнча токтом кабыл алат.

3. Эгерде ушул Конституцияда кабыл алуунун башка тартиби каралбаса, мыйзамдар жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

59-статья

1. 58-статьянын 2-пунктунда көрсөтүлгөн тизмеге кирбеген маселелер, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук турмуштун башка маанилүү маселелери мыйзамдар менен жөнгө салынат.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти кол коймоюнча мыйзам колдонууга киргизилиши жана жарыяланышы мүмкүн эмес.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин карамагына берилген маселелер боюнча токтомдорду кабыл алууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө уруксат бериши мүмкүн.

60-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз курамынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасын, анын орун басарларын шайлайт жана кайра чакырып алат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы:

1) Жогорку Кеңештин жыйналыштарын алып барат;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналыштарында каралуучу маселелерди даярдоого жалпы жетекчилик кылат;

3) Жогорку Кеңеш кабыл алган актыларга кол коет;

4) Кыргыз Республикасында жана андан тышкары жерлерде Жогорку Кеңештин өкүлү болот, Жогорку Кеңештин Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик бийликтин аткаруучу жана сот бутактары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара байланышын камсыз кылат;

5) Жогорку Кеңештин аппаратынын ишине контролдук кылат;

6) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндөгү Мыйзам менен ага жүктөлгөн башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

3. Жогорку Кеңештин төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен жашырын добуш берүү аркылуу шайланат.

Төрага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет жана Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен кабыл алынган чечим боюнча кайра чакыртылышы мүмкүн.

4. Жогорку Кеңештин төрагасынын орунбасарлары жашырын добуш менен шайланат, төраганын тапшырмасы боюнча анын айрым милдеттерин аткарат жана төрага жок болуп калган учурда аны алмаштырат. Жогорку Кеңештин төрагасынын орун басарлары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндөгү мыйзамда каралган тартипте кайра чакыртылат.

61-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз депутаттарынын ичинен 7ден ашпаган туруктуу комитеттерди, ошондой эле убактылуу комиссияларды түзөт жана алардын төрагаларын шайлайт.

Жогорку Кеңештин депутаты бир гана комитеттин же комиссиянын мүчөсү боло алат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттери Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарына таандык маселелерди даярдоону жана алдын ала кароону ишке ашырат, Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды жана башка чечимдерди турмушка ашырууга контролдук кылат.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзамдары жана башка ченемдик укук актылары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитеттери тарабынан долбоорлору алдын ала каралгандан кийин кабыл алынат.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктарына таандык кылынган кызмат адамдарын дайындоо жана шайлоо, мамлекеттик кызмат орундарына дайындоого жана кызматтан бошотууга макулдук берүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитеттеринин корутундусу болгон учурда ишке ашырылат.

62-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясы жыйналыш түрүндө жана сентябрдын биринчи жумушчу күнүнөн баштап келерки жылдын июнунун акыркы жумушчу күнүнө чейин жылына бир жолу өткөрүлөт.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кезексиз сессиялары Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн же болбосо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын кеминде үчтөн биринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы тарабынан чакырылат.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышы ага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарым укуктуу болот.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ага Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен таандык кылынган маселелер боюнча чечимдери жыйналыштарда гана депутаттардын добуш берүүсү менен кабыл алат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналыштарында Жогорку Кеңештин депутаты жеке өзү добуш берет. Добуш берүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишин уюштуруу жана анын иштөө тартиби, анын аппаратынын түзүмү жана кызмат орундарынын саны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндөгү Мыйзам менен аныкталат.

63-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен кабыл алынган өзүн өзү таркатуу жөнүндөгү чечими боюнча мөөнөтүнөн мурда таркатылышы мүмкүн.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан: референдумдун натыйжаларына ылайык; премьер-министрди дайындоого макулдук берүүдөн үч жолу баш тартылган учурда; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен мамлекеттик бийликтин башка бутактарынын ортосундагы чечилбес карама-каршылыктарды пайда кылган кризистик жагдайда мөөнөтүнөн мурда таркатылышы мүмкүн.

3. Ушул Конституциянын 51-статьясынын 3-пунктунда каралган учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту корутунду чыгарган учурдан баштап таркатылды деп эсептелет.

4. Жогорку Кеңеш төмөнкү учурларда таркатылышы мүмкүн эмес:
- өзгөчө же аскердик абалдын учурунда;
- Кыргыз Республикасынын Президентин кызматтан четтетүү жөнүндө маселе Жогорку Кеңеш тарабынан каралып жаткан учурда;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары аяктаганга чейин 6 айдан аз убакыт калганда.

5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши таркатылган учурда Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо күнүн Кыргыз Республикасынын жаңы шайланган Жогорку Кеңеши өзүнүн биринчи жыйналышына мурдагысы таркатылган учурдан баштап алты айдан кечикпестен чогулгудай кылып дайындайт.

Экинчи бөлүм. Мыйзам чыгаруу иши

64-статья

1. Мыйзам чыгарууга демилге укугу төмөнкүлөргө таандык:
- 30 миң шайлоочуга (элдик демилге);
- Кыргыз Республикасынын Президентине;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө.

65-статья

1. Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилет.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кечиктирилгис деп аныктаган мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кезексиз тартипте каралат.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилген мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин Төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитетине жиберет. Комитет бир айдан ашпаган мөөнөттө мыйзам долбоорун өзүнүн корутундусу менен кошо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналышынын кароосуна киргизүүгө милдеттүү.

4. Республикалык бюджет жөнүндөгү мыйзамдын долбооруна түзөтүүлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдугу менен гана киргизилиши мүмкүн.

5. Республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү, салыкты киргизүү же алып салуу, аларды төлөөдөн бошотуу жөнүндөгү, мамлекеттин финансылык милдеттенмелерин өзгөртүү жөнүндөгү мыйзамдардын долбоорлору, республикалык бюджеттин эсебинен жабуу каралган чыгымдарды көбөйтүүнү же анын киреше бөлүгүн кыскартууну караган башка мыйзамдардын долбоорлору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдугу менен гана киргизилиши жана кабыл алынышы мүмкүн.

6. Кыргыз Республикасынын Конституциясына, конституциялык мыйзамдарга өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана конституциялык мыйзамдарды чечмелөө жөнүндө мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын чегараларын өзгөртүү жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынат.

7. Өзгөчө жана аскер абалынын учурунда Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана конституциялык мыйзамдарына өзгөртүү жана толуктоо киргизүүгө тыюу салынат.

8. Сөз жана басма сөз эркиндигин чектеген мыйзамдарды кабыл алууга жол берилбейт.

66-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган мыйзам бир айдын ичинде кол коюу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине жиберилет.

2. Кыргыз Республикасынын Президенти мыйзамды алган күндөн тартып бир айдан кечиктирбестен ага кол коет же аны өзүнүн каршы пикири менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайрадан кароо үчүн кайтарат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Президентинин каршы пикирлери менен бирдикте алган күндөн тартып кеминде 6 айдан кийин аны кайталап карашы мүмкүн. Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентинин каршы пикирлерине макул болсо, бул жобо колдонулбайт. Кыргыз Республикасынын Президенти сунуш кылган редакцияга Кыргыз

Республикасынын Жогорку Кеңеши макул болгон учурда мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президенти ушул статьянын 2-пунктунда каралган мөөнөттө кол коет.

3. Эгерде мыйзам кайталап каралганда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен мурда кабыл алынган редакциясында жактырылса, ага Кыргыз Республикасынын Президенти келип түшкөн күндөн баштап бир айдын ичинде кол коюуга тийиш.

4. Ушул Конституциянын 65-статьясынын 6-пунктунда көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын Президенти кайталап карап чыгуу үчүн кайра кайтарган мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан кеминде бир жылдан кийин каралышы мүмкүн. Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Президентинин каршы пикирлерине макул болуу чечимин кабыл алса, бул жобо колдонулбайт. Кыргыз Республикасынын Президенти сунуш кылган редакцияга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши макул болгон учурда мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президенти ушул статьянын 2-пунктунда каралган мөөнөттө кол коет.

5. Эгерде ушул Конституциянын 65-статьясынын 6-пунктунда көрсөтүлгөн мыйзам аны кеминде бир жылдан кийин кайталап карап чыгуу учурунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде бештен төртүнөн ашыгынын добушу менен мурдагы редакциясында кабыл алынса, анда ага Кыргыз Республикасынын Президенти бир айдын ичинде кол коюуга тийиш.

67-статья

Эгерде мыйзамдын өзүндө же аны колдонууга киргизүүнүн тартиби жөнүндөгү мыйзамда башкасы каралбаса, анда мыйзам жарыяланган учурдан баштап он күн өткөндөн кийин кирет.

68-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүнүн мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Президентине бир жылдан ашпаган мөөнөткө бере алат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши таркатылган учурда мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Президентине өтөт.

3. Мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан мыйзам күчүнө ээ болгон жарлыктарды чыгаруу менен аткарылат.

БЕШИНЧИ БАП
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИ

69-статья

Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ага баш ийген министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, аткаруу бийлигинин башка органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жүргүзөт.

Биринчи бөлүм. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

70-статья

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлигинин жогорку органы.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишине Кыргыз Республикасынын премьер-министри жетекчилик кылат. Өкмөт Кыргыз Республикасынын премьер-министринен, Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министрлеринен, министрлерден жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан турат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү Кыргыз Республикасынын премьер-министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

3. Жаңыдан шайланган Кыргыз Республикасынын Президентинин кызматка киришүүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өз ыйгарым укуктарын токтотушуна алып келет.

4. Кыргыз Республикасынын премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же анын айрым мүчөсү кызматтан кетүү жөнүндө өтүнүчүн берүүгө укуктуу, аны Кыргыз Республикасынын Президенти кабыл алат же четке кагат.

5. Кыргыз Республикасынын премьер-министринин кызматтан кетишин кабыл алуу Өкмөттүн жана администрациялык ведомстволордун жетекчилеринин кызматтан кетишине алып келет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кызматтан кетиши кабыл алынган учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана администрациялык ведомстволордун жетекчилери Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшыруусу боюнча Кыргыз Республикасынын жаңы Өкмөтү түзүлгөнгө жана администрациялык ведомстволордун жетекчилери дайындалганга чейин ишин уланта алат.

71-статья

1. Кыргыз Республикасынын премьер-министрин Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен дайындайт.

2. Кыргыз Республикасынын премьер-министрлигине талапкер жөнүндө сунуш Кыргыз Республикасынын

Жогорку Кеңешине жаңыдан шайланган Кыргыз Республикасынын Президенти кызматына киришкен, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кызматтан кеткен күндөн тартып эки жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен же премьер-министрдин талапкерлигин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши четке каккан күндөн тартып бир жуманын ичинде киргизилет.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын премьер-министрин дайындоого макулдук берүү жөнүндө чечимди талапкер жөнүндө сунуш киргизилген күндөн тартып 7 күндөн кечиктирбестен кабыл алат.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын премьер-министрлигине сунуш кылынган талапкерлерди үч жолу четке каккандан кийин Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын премьер-министрин дайындайт жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин таркатат.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарына ылайык Кыргыз Республикасынын премьер-министри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин негизги багыттарын аныктайт, анын ишин уюштурат жана анын иши үчүн жекече жоопкерчилик тартат.

72-статья

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өз ишинде Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында жоопкерчиликте болот жана Конституциянын ушул статьясында каралган чектерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жыйналыштарына төрагалык кылууга укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын премьер-министри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ар жылдык отчет берет.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын премьер-министринин ар жылдык отчетун кароонун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселени карашы мүмкүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө жөнүндө токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен кабыл алынат.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө жөнүндөгү маселе Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан: сессиянын учурунда бир жолудан ашык; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин Программасы жактырылгандан кийин бир жылдын ичинде; Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоого чейин алты ай калганда каралышы мүмкүн эмес.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө билдирилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кызматтан кетиши жөнүндө чечим кабыл алууга же Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен макул болбой коюуга укуктуу.

7. Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ишеним көрсөтпөө жөнүндө кайталап чечим кабыл алса, Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кызматтан кетиши жөнүндө жарыялайт же Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин таркатат.

73-статья

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кызматтык укуктарына берилген ыйгарым укуктардан тышкары мамлекеттик башкаруунун бардык маселелерин чечет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укук актыларынын аткарылышын; мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын турмушка ашырылышын камсыз кылат;

2) мыйзамдуулукту, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин, коомдук тартипти сактоону, кылмыштуулукка каршы күрөшүүнү камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашырат;

3) финансы, баа, тариф, инвестиция жана салык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат;

4) республикалык бюджетти иштеп чыгат жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылат жана анын аткарылышын камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет берет;

5) маданият, илим, билим берүү, саламаттыкты сактоо, эмгек жана иш менен камсыз кылуу, социалдык камсыздоо, табиятты коргоо, экологиялык коопсуздук жана жаратылышты пайдалануу чөйрөлөрүндө бирдиктүү мамлекеттик саясаттын жүргүзүлүшүн камсыз кылат;

6) экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана маданий өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын иштеп чыгат жана турмушка ашырат;

7) менчиктин бардык түрлөрүн өнүктүрүүнүн жана аларды коргоонун бирдей шарттарын камсыз кылуу боюнча, мамлекеттик менчик объекттерин башкаруу боюнча чараларды ишке ашырат;

8) мамлекеттин эгемендигин, коргонуу жөндөмдүүлүгүн жана улуттук коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды турмушка ашырат;

9) тышкы экономикалык иш-аракеттерди, бажы ишин уюштурат жана аларды турмушка ашырууну камсыз кылат;

10) министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын жана фонддордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана аткаруу бийлигинин башка органдарынын ишин багыттайт жана координациялайт;

11) жарандык коом менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат;

12) Кыргыз Республикасынын ушул Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары менен өзүнүн карамагына таандык башка ыйгарым укуктарды турмушка ашырат.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргызстандын Улуттук банкы бирдиктүү акча-кредит жана валюта саясатын жүргүзүүнү камсыз кылышат.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишин уюштуруу жана анын тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

74-статья

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин ченемдик укуктук актыларынын негизинде жана аларды аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтомдорду жана буйруктарды чыгарат, ошондой эле алардын аткарылышын уюштурат, текшерет жана камсыз кылат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен буйруктары Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укук актыларын аткарбай коюу же тийиштүү түрдө аткарбоо мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

75-статья

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, башка аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрация органдарынын ишине жетекчилик кылат.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор жана аткаруу бийлигинин башка органдары өз кызмат укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин актыларынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен буйруктарынын негизинде жана аларды аткаруу максатында буйруктарды чыгарат, алардын аткарылышын уюштурат, текшерет жана камсыз кылат.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилеринин, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын отчетторун угат жана алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген актыларын жокко чыгарат.

Экинчи бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрация

76-статья

1. Тийиштүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында мамлекеттик бийликти жергиликтүү мамлекеттик администрация жүргүзөт.

2. Тийиштүү аймактын жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын ыйгарым укуктары, ишин уюштуруу жана иштөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

77-статья

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштейт.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын өз укук чегинде кабыл алган чечимдери тиешелүү аймакта милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

Үчүнчү бөлүм. Прокуратура

78-статья

Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы мыйзам актыларынын так жана бирдей аткарылышына өз кызмат укугунун чегинде көзөмөл жүргүзөт. Прокуратура органдары жазык куугунтугун жүргүзөт, тартипте иштерди соттук териштирүүгө катышат.

АЛТЫНЧЫ БАП
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОТТОР ЖАНА СОТ АДИЛЕТТИГИ

79-статья

1. Кыргыз Республикасында сот адилеттигин сот гана ишке ашырат.

Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте Кыргыз Республикасынын жарандары сот адилеттигин ишке ашырууга катышууга укуктуу.

2. Сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазык, административдик жана сот ишин жүргүзүүнүн башка түрлөрүндө жүзөгө ашырылат.

3. Кыргыз Республикасынын сот тутуму Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленет жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунан жана жергиликтүү соттордон турат. Конституциялык мыйзам менен адистештирилген соттор түзүлүшү мүмкүн.

Өзгөчө сотторду түзүүгө жол берилбейт.

4. Соттордун ишин уюштуруу жана анын тартиби мыйзам менен аныкталат.

80-статья

1. Судьялар көз карандысыз жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына гана баш ийет.

2. Судья кол тийгистик укугуна ээ жана кылмыш үстүнөн кармалгандан тышкары учурларда кармалууга же камакка алынууга, жеке өзү же анын буюмдары тинтилүүгө тийиш эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьяларын жазык, ошондой эле сот тартибинде белгиленүүчү административдик жоопкерчиликке тартууга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин макулдугу менен гана жол берилет.

Судьянын кол тийгистиги, ошондой эле анын турак-жайына, кызматтык жайына, пайдалануучу транспортуна жана байланыш каражаттарына, анын кат-кабарына, ага таандык буюмдарга жана документтерге да жайылтылат.

3. Судьядан белгилүү бир иш боюнча отчет талап кылууга эч кимдин укугу жок.

4. Судья өзүнүн статусуна ылайык өзүнүн көз карандысыздыгынын социалдык, материалдык жана башка кепилдиктери менен камсыз кылынат.

5. Курагы 35 жаштан кем эмес жана 70 жаштан ашпаган, укуктук жогорку билими бар жана укуктук кесиби боюнча кеминде 10 жылдык иш стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун же Жогорку Сотунун судьясы боло алат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьялары Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу менен Жогорку Кеңеш тарабынан 10 жылдык мөөнөткө шайланат.

6. Курагы 25 жаштан кем эмес жана 65 жаштан ашпаган, укуктук жогорку билими бар жана укуктук кесиби боюнча кеминде 5 жыл иштеген Кыргыз Республикасынын жараны жергиликтүү соттордун судьясы боло алат.

Жергиликтүү соттордун судьялары Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Жогорку Кеңештин макулдугу менен 7 жылга дайындалат.

7. Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу конституциялык мыйзам менен аныкталат.

81-статья

1. Судьялар кызматынан өз каалоосу менен, ден-соолугунун абалы боюнча, жасаган кылмышы үчүн соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айып өкүмүнүн негизинде, ошондой эле конституциялык мыйзамда каралган башка негиздер боюнча бошотулат.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен кызматынан бошотулушу мүмкүн.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьялары өз каалоосу менен же ден-соолугунун абалы боюнча кызматынан кеткен учурда конституциялык мыйзам менен аларды бошотуунун башка тартиби каралышы мүмкүн.

4. Судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү, аларды дайындоо, которуу, жергиликтүү соттордун судьяларын кызматтан бошотуу тартиби жана жергиликтүү соттордун судьяларынын иштешинин башка маселелери конституциялык мыйзам менен белгиленет.

82-статья

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту – Кыргыз Республикасынын Конституциясын коргоо боюнча сот бийлигинин жогорку органы.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту төрагадан, анын орун басарынан жана Конституциялык Соттун жети судьясынан турат.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту:

1) мыйзамдар жана башка ченемдик укук актылары Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат;

2) Кыргыз Республикасынын Конституциясын ишке ашыруута, колдонуута жана аны чечмелөөгө байланыштуу талаштарды чечет;

3) Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун укукка ылайыктуулугу жөнүндө корутунду чыгарат;

4) Кыргыз Республикасынын Президентин ;

5) жергиликтүү соттордун судьяларын жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет;

6) ушул Конституциянын 96-статьясынын 2-пунктунун жоболоруна ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү маселеси боюнча корутунду чыгарат;

7) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгарат;

8) саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын иш-аракеттеринин Конституцияга ылайык келиши жөнүндө маселени чечет;

4. Конституциялык Соттун чечими акыркы чечим болуп саналат жана даттанылбайт.

Конституциялык Сот тарабынан мыйзамдарды жана ушул статьяда белгиленген башка актыларды Конституцияга ылайык эмес деп табылышы алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун жокко чыгарат, ошондой эле, Конституцияга ылайык эмес деп табылган актыга негизделген ченемдик актыларды жана башка актыларды жокко чыгарат, бута сот актылары кирбейт. Сот актыларын жокко чыгаруунун жана жокко чыгарууга байланыштуу маселелерди чечүүнүн мөөнөтү жана тартиби мыйзамды же башка актыны Конституцияга ылайык келбейт деп табуунун ар бир учуру боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган мыйзамдарга ылайык чечилет.

5. Конституциялык Сот ишин жүзөгө ашыруу тартиби жана анын башка маселелери мыйзам менен жөнгө салынат.

83-статья

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту – жарандык, жазык жана административдик сот ишин жүргүзүү жагындагы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка иштер боюнча сот бийлигинин жогорку органы.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунда сот коллегиялары жана курамдары, Президиуму түзүлөт, алардын ыйгарым укуктары мыйзамдар менен аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунда түзүлгөн сот инстанциялары мыйзамдар менен алардын кароосуна берилген иштерди карашат, ошондой эле белгиленген процесстик жол менен төмөнкү сот инстанцияларынын сот актыларын кайра кароону ишке ашырат жана алар боюнча акыркы чечим чыгарат.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту сот процессинин катышуучуларынын даттануусу боюнча жергиликтүү соттордун сот актыларын кайра кароо түрүндө жергиликтүү соттордун ишине көзөмөл жүргүзөт. Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун жергиликтүү соттордун актыларын күчүндө калтыруу, аларды өзгөртүү же иш боюнча жаңы чечим кабыл алуу ыйгарым укуктары белгиленүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун көзөмөл тартибинде кабыл алынган актыларына даттанууга болбойт.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун бардык судьяларынын курамынан турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму сот тажрыйбасынын маселелери боюнча төмөн турган соттор үчүн милдеттүү болгон жетекчиликке алынуучу түшүндүрмөлөрдү берет.

84-статья

Мамлекет соттордун иштешин жана судьялардын иш-аракеттерин каржылоону жана алар үчүн тийиштүү шарттарды камсыз кылат.

Сотторду каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт жана сот адилеттигин мыйзамдарга ылайык толук жана көз карандысыз турмушка ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

85-статья

1. Бардык соттордо иштер ачык каралат. Ишти жабык жыйналышта кароого мыйзамда белгиленген учурда гана жол берилет. Соттун чечими эл алдында ачык жарыяланат.

2. Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо жазык иштерин жана башка иштерди сотто сыртынан териштирүүгө жол берилбейт.

3. Сот иши тараптардын жүйөлөшүүсүнүн жана тең укуктуулугунун негизинде жүргүзүлөт.

4. Сот акысын жокко чыгаруу, өзгөртүү же токтото туруу мыйзамда белгиленген тартипте сот тарабынан гана жүргүзүлүшү мүмкүн.

5. Жазык иши боюнча айыпталуучу өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экендигин жокко чыгарууга мүмкүн болбогон күмөн саноолор айыпталуучунун пайдасында чечмеленет.

6. Өзүнүн кылмыш жасагандыгын мойнуна алгандыгынын негизинде гана эч ким соттолошу мүмкүн эмес.

7. Кылмыш иши үчүн соттолгон ар бир киши мыйзамда белгиленген тартипте өкүмдүн жогору турган сот инстанциясында кайра каралышына укуктуу.

8. Бир гана укук бузгандык үчүн эч ким эки жолу укук жоопкерчилигине тартылууга тийиш эмес.

9. Жазык мыйзамын аналогия боюнча колдонууга жол берилбейт.

10. Адамдын жоопкерчилигин белгилеген же оордоткон мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурда укук бузуу катары таанылбаган аракеттер үчүн эч ким жоопкерчиликке тартылууга тийиш эмес. Эгерде укук бузуу жасалгандан кийин ал үчүн жоопкерчилик жокко чыгарылса же жеңилдетилсе, анда жаңы мыйзам колдонулат.

11. Эч ким өзүнө жана өзүнүн жубайына, мыйзам менен аныктала турган жакын туугандарына каршы күбө болууга милдеттүү эмес. Мыйзамда көрсөтмө берүү милдетинен бошотуучу башка учурлар да болушу мүмкүн.

12. Кармалган, камакка алынган же кылмыш жасаган деп айыпталып жаткан ар бир киши кармалган, камакка алынган же күнөө коюлган учурдан тартып адвокаттын (коргоочунун) жардамынан пайдалануунга укуктуу.

13. Кылмыштардан жана бийликти кыянат пайдалануудан жабыркагандардын укуктары мыйзам тарабынан корголот. Мамлекет алардын сот адилеттигинен пайдалануусун жана келтирилген зыяндын ордун толтуруп алуусун камсыз кылат.

86-статья

1. Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдар, чарба жүргүзүүчү субъекттер, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жарандар үчүн милдеттүү жана республиканын бүт аймагында аткарылууга тийиш.

2. Сот актыларын аткарбоо, тийиштүү түрдө аткарбоо же аларды аткаруугa жолтоо кылуу, ошондой эле соттордун иштерине кийлигишүү мыйзам тарабынан белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

87-статья

1. Сот Кыргыз Республикасынын Конституциясына каршы келген ченемдик укук актыларын колдонууга укуксуз.

2. Кайсы гана сот инстанциясында болбосун сот ишин кароодо иштин чечилишине байланыштуу мыйзамдын жана башка ченемдик укук актысынын Конституцияга ылайыктуулугу жөнүндө маселе пайда болсо, анда сот Конституциялык Сотко суроо-талап жиберет.

88-статья

1. Жаранга көпчүлүк алдында же башкача түрдө кандай гана күнөө коюлбасын, ал сотто өзүнүн беделин жана укугун коргоого акылуу, кандай жагдайда болбосун мындай соттук коргоого алуудан баш тартууга жол берилбейт.

2. Коргоо жагынан камсыз болуу – сот ишинин жүрүшүнүн ар бир баскычында адамдын бузулбас укугу болуп саналат.

Жарандын каражаты жок болсо ага укуктук жардам жана коргоо мамлекеттин эсебинен камсыз кылынат.

3. Сот ишине катышуучулардын процесстик укуктары, анын ичиндеги чечимдерге, өкүмгө жана башка сот актыларына карата даттануу укугу, ошондой эле аларды ишке ашыруу тартиби мыйзам менен аныкталат.

89-статья

1. Жазык жана административдик иштер боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт.

2. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдер жараксыз деп табылат, сотто ага таянууга жол берилбейт.

90-статья

Кыргыз Республикасындагы бардык соттор жана судьялар үчүн сот адилеттигинин ушул Конституцияда көрсөтүлбөгөн принциптери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилет.

ЖЕТИНЧИ БАП
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ

91-статья

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан ишке ашырылат, алар мыйзамдын чегинде жана өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги иштерди башкарат.

92-статья

1. Жергиликтүү маанидеги иштерди башкаруу жергиликтүү кеңештер жана мыйзамда белгиленген тартипте калктын өзү тарабынан түзүлгөн башка органдар аркылуу турмушка ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда жана тескөөсүндө муниципалдык менчик болушу мүмкүн.

2. Айылдардын, кыштактардын, шаарлардын аймагында жарандардын жыйналышынын, жергиликтүү кеңештердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка өкүлчүлүктүү органдарынын чечими менен кадыр-барктуу жана беделдүү аксакалдардын жана башка жарандардын ичинен аксакалдар соттору түзүлүшү мүмкүн.

3. Аксакалдар соттору тараптардын макулдашуусу боюнча алардын кароосуна бөрилген мүлктүк, үй-бүлөлүк жана мыйзамда белгиленген башка иштерди тараптарды жараштыруу жана мыйзамга каршы келбеген адилет чечим кабыл алуу максатында карашат.

4. Аксакалдар сотторунун чечимдерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга болот.

93-статья

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштурулушунун жана ишинин негиздери белгиленет, ошондой эле алардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара мамилелери жөнгө салынат.

94-статья

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик айрым ыйгарым укуктар өткөрүп берилиши мүмкүн, аларды ишке ашыруу үчүн зарыл материалдык, финансылык жана башка каражаттар берилүүгө тийиш. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнө өткөрүп берилген ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик органдарга отчёт берет.

95-статья

1. Жергиликтүү кеңештер:
- өз аймагында социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитет жана алардын ишке ашырылышын контролдойт;
- жергиликтүү бюджетти, анын аткарылышы жөнүндөгү отчётту бекитет, ошондой эле бюджеттен сырткаркы фонддордун пайдаланылышы туурасында маалыматты угат.

2. Жергиликтүү кеңештер өз депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен ашыгынын добушу менен тийиштүү аймактын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысына ишеним көрсөтпөй коюуга укуктуу.

3. Жергиликтүү кеңештер жергиликтүү мамлекеттик администрацияга көз каранды эмес.

4. Жергиликтүү кеңештер жана алардын аткаруучу органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленген өз ыйгарым укуктарынын чектеринде өз аймактарында милдеттүү түрдө аткарылуучу актыларды кабыл алат.

5. Жергиликтүү кеңештер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары мыйзамдардын сакталышы жана аткарылышы боюнча мамлекеттин алдында, ал эми өз ишинин натыйжасы үчүн жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчилик тартат.

6. Жергиликтүү кеңештин депутаты 4 жылдык мөөнөткө шайланат жана жергиликтүү кеңеште айткан пикири жана добуш беришинин натыйжасы үчүн куугунтукталышы мүмкүн эмес.

СЕГИЗИНЧИ БАП
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫН ӨЗГӨРТҮҮНҮН ЖАНА ТОЛУКТООНУН ТАРТИБИ

96-статья

1. Ушул Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын Президенти дайындаган референдум тарабынан кабыл алынат.

2. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жалпы санынын көпчүлүгүнүн сунушу же кеминде 300 миң шайлоочунун демилгеси боюнча кабыл алынышы мүмкүн.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү сунуштар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине түшкөн учурдан баштап үч айдан эрте эмес, бирок алты айдан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун корутундусун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан каралат.

4. Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү мыйзамдын долбоорунун тексти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде талкуулоонун жүрүшүндө өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

97-статья

1. Ушул Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси аны жактап добуш берсе, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.

2. Кабыл алынбай калган сунуш бир жыл өтмөйүнчө Жогорку Кеңешке кайталап киргизилиши мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Президенти
А. Акаев

Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Адам укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү КОНВЕНЦИЯСЫ

Төмөндө Келишүүчү Тараптар деп аталган Көз карандысыз Мамлекеттердин шериктештигине катышкан мамлекеттер Адам укуктарынын жалпы декларациясын, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактыны, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактыны жана ушул акыркы пактынын Факультативдик протоколун, ошондой эле ЕӨКУнун (Европа өлкөлөрүнүн коопсуздук боюнча уюмунун) (ЕӨККнун – Европа өлкөлөрүнүн коопсуздук боюнча кеңешинин) чегинде кабыл алынган адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерди эске алып, ошондой эле аталган документтердин максаты аларда жарыяланган укуктардын жалпыга бирдей жана натыйжалуу таанылышын жана сакталышын камсыз кылуу экендигин эске алып, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердин башчыларынын адам укуктары жана негизги эркиндиктери жаатындагы эл аралык милдеттенмелер жөнүндө Декларациясын эске алып, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердин бардыгы тарабынан адам укуктары жаатындагы эл аралык *стандарттардын* (бирдиктүү үлгүлөрдүн, нормалардын) сакталышы, расалык, жыныстык, тилдик, саясий ынанымдык, диндик жана социалдык тегинин айырмачылыктарына карабастан бардык адамдардын адамдык укуктарын жана негизги эркиндиктерин сыйлоону өнүктүрүү жана колдоо, демократиялык кайра түзүүлөрдүн тереңдешине, экономикалык жана социалдык өнүгүүгө, мыйзамдуулуктун жана укук тартибинин чыңдалышына көмөктөшөт деп эсептеп, эркиндиктин жана мыйзам үстөмдүгүнүн идеалдарын бекемдөө, адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин бузууларды болтурбоо, башкалардын пикирин сыйлоо, элдердин достугу, жарандык тынчтыкты жана ынтымакты чыңдоо ишиндеги жамааттык күч-аракеттерди топтоо маанайында адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча милдеттенмелерди натыйжалуу жүзөгө ашырууга умтулуп, мындай күч-аракеттер адам укуктары жаатындагы негизги эл аралык-укуктук документтерге ылайык адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин жалпыга бирдей сыйланышына жана сакталышына көмөктөшөт деп эсептөө менен төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

1-статья

Келишүүчү Тараптар өз юрисдикциясында турган ар бир адамга бул Конвенцияда белгиленген укуктарды жана эркиндиктерди камсыз кылат.

2-статья

1. Ар бир адамдын жашоо укугу мыйзам тарабынан корголот. Эч ким жашоо укугунан атайын ажыратылбайт. Азырынча жокко чыгарыла элек өлүм жазасы өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттун өкүмү боюнча гана колдонулушу мүмкүн.
2. Өлүм жазасы, эреже катары, аялдарга карата колдонулбайт. Өкүм чыгаруу учурунда кош бойлуу болгон аялдарга өлүм жазасынын берилиши мүмкүн эмес жана мындай өкүм кош бойлуу аялдарга карата аткарылбайт.
3. 18 жашка чейинки адамдарга жасаган кылмышы үчүн өлүм жазасы берилбейт.
4. Жашоо укугунан ажыратуу улуттук мыйзамдарда белгиленген өтө зарыл күч колдонуунун жана коргонуунун натыйжасы болгондо, ал бул статьянын жоболорун бузгандык катары каралбайт.

3-статья

Эч ким кыйноолорго, катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркын кемсинтүүчү мамилеге же жазага дуушар болууга тийиш эмес. Эч ким өзүнүн ыктыярдуу макулдугусуз медициналык же илимий тажрыйбага дуушар болушу мүмкүн эмес.

4-статья

1. Эч ким кулдукта же эрксиз абалда кармалууга тийиш эмес.
2. Эч ким мажбурлаган же милдеттендирилген эмгекке мажбурлануга тийиш эмес.
3. Бул статьядагы «мажбурлаган же милдеттендирилген эмгек» деген терминге төмөнкүлөр камтылбайт:

а) ушул Конвенциянын 5-статьясынын жоболоруна ылайык жүргүзүлгөн түрмөгө камоонун убагында же мындай камоодон шарттуу бошотулган мезгилде демейде аткарылуучу ар кандай иштер;

б) аскердик мүнөздөгү ар кандай кызматтар, ал эми Келишүүчү Тараптарга карата алганда, саясий же диний-этикалык себептерден улам мындай кызматты өтөөдөн баш тартуу укугу таанылган мамлекеттердеги милдеттүү аскердик кызматтын ордуна аткарылуучу ар кандай кызматтар;

в) калктын жашоосуна же коопсуздугуна коркунуч туудурган өзгөчө абал же кырсык учурларында милдеттүү болгон ар кандай кызматтар;

г) жарандык милдеттерге кирген демейдеги ар кандай кызматтар;

д) ата-энелердин жаш балдар үчүн зарыл шарттарды түзүү боюнча жана эрезеге жеткен балдардын эмгекке жарамсыз, жардамга муктаж ата-энелерин багуу боюнча милдеттерин аткаруусу.

5-статья

1. Ар бир адам эркиндикке жана инсандык кол тийбестикке укуктуу. Эч ким төмөнкүлөрдөн башка учурларда жана улуттук мыйзамдарда белгиленген жол-жоболордон башкача эркинен ажыратылууга тийиш эмес:

а) компетенттүү сот тарабынан соттолгондон кийин адамды мыйзамдуу түрдө камакка алуу;

б) адамды мыйзамдуу түрдө камоо же кармоо;

в) ишти тергөө, жазалоо жөнүндө чечим чыгаруу же сотко өткөрүп берүү максатында жашы жете электерди мыйзамдуу түрдө кармоо.

2. Камакка алынган ар бир адамга камоонун себептери ага түшүнүктүү тилде билдирилет.

3. Улуттук мыйзамдарга ылайык камоонун же камакта кармоонун натыйжасында эркинен ажыратылган ар бир адам өзүнүн камалышынын же камоодо кармалышынын мыйзамдуулугунун сот тарабынан каралышына укуктуу.

4. Эркинен ажыратылган бардык адамдар адамгерчиликтүү мамиле жасалышына жана инсандык арнамысынын кадырланышына укуктуу.

5. Мыйзамсыз камоого же камакта кармалууга дуушар болгон адамдар улуттук мыйзамдарга ылайык тарткан зыянын компенсациялатууга укуктуу.

6-статья

1. Сот алдында бардык адамдар бирдей. Ар кандай иштин каралышында ар бир адам акылга сыярлык мөөнөттүн ичинде көз карандысыз жана калыс соттун адилеттүү жана ачык териштирүүсүнө укуктуу. Соттун чечимдери же өкүмдөрү ачык чыгарылат, бирок коомдук тартипти, мамлекеттик жашыруун сырды сактоо же болбосо өспүрүмдүн кызыкчылыктарын же ишке катышкан адамдардын турмушунун купуя жактарын коргоо талап кылынганда, бүткүл соттук кароо же анын бир бөлүгү жабык мүнөздө болушу мүмкүн.

2. Кылмыш жасады деп айыпталган ар бир адам күнөөсү мыйзамга ылайык далилденмейинче күнөөсүз деп эсептелет.

3. Ар бир айыпталган адам эң кеминде төмөнкүлөргө укуктуу:

а) өзү түшүнгөн тилде өзүнө коюлган күнөөнүн мүнөзү жана негиздери жөнүндө дароо жана толук маалымат алууга;

б) өзүн коргоону даярдоо үчүн жетиштүү убакыт жана мүмкүнчүлүк алууга;

в) өзүн-өзү же өзү тандап алган коргоочунун жардамы аркылуу өзүн коргоого же сот адилеттигинин кызыкчылыгы муну талап кылган ар кандай учурларда дайындалган коргоочу алууга, ошондой эле улуттук мыйзамдарда белгиленген учурларда адвокаттын акысыз жардамынан пайдалануга;

г) күбөлөрдү тергөө, кароолорду жүргүзүү, документтерди суратып алуу, экспертизаларды жана башка тергөө аракеттерин дайындоо жана башкалар боюнча өтүнүч менен сотко кайрылууга;

д) сотто пайдаланылуучу тилди түшүнбөсө же ал тилде сүйлөбөсө тилмечтин акысыз жардамынан пайдалануга;

е) өзүнө каршы көрсөтүүлөрдү берүүгө же өзүн күнөөлүү деп табууга мажбурланбоого.

7-статья

1. Жасалган учурда колдонуудагы улуттук мыйзамдарга же эл аралык укукка ылайык кылмыш деп эсептелбеген иш үчүн эч ким жоопко тартылбайт. Ошондой эле кылмыш жасалган учурда колдонулууга тийиш болгондон ооруураак жаза берилиши мүмкүн эмес. Эгерде кылмыш жасалгандан кийин мыйзамга жеңилирээк жаза киргизилсе же ал үчүн жоопкерчилик алынып салынса, жаңы мыйзам колдонулат.

2. Мурда соттолгон же улуттук мыйзамдардын негизинде жазасын алган кылмышы үчүн эч ким экинчи жолу соттолбойт же жаза албайт. Ар бир соттолгон адам мыйзамга ылайык соттун өкүмүнүн жогору турган соттук инстанция тарабынан кайра каралышына жетишүүгө, ошондой эле кечирим берүү же жазаны жеңилдетүү жөнүндө суранууга укуктуу.

8-статья

Кандайдыр бир келишимдик милдеттенмени аткарууга жөндөмсүз деген гана негизде эч ким эркинен ажыратылбайт.

9-статья

1. Ар бир адам өзүнүн жеке жана үй-бүлөлүк турмушунун сыйланышына, турак-жайынын кол тийбестигине жана кат жазышуунун жашыруундугуна укуктуу.

2. Демократиялык коомдогу мамлекеттик жана коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин, калктын ден соолугун же адеп-ахлагын же башка адамдардын укуктарын же эркиндиктерин коргоонун кызыкчылыктары үчүн каралган учурларды эске албаганда, бул укукту пайдалануга мамлекеттик органдар тарабынан эч кандай кийлигишүү болбоого тийиш.

10-статья

1. Ар бир адам ойлоо, абийир жана дин тутуу эркиндигине укуктуу. Бул укукка өз динин же ишенимин тандап алуу эркиндиги жана өз динин жана ишенимдерин жекече, ошондой эле башкалар менен бирге тутуу, диний каадаларды жасоо, диний жана ырым-жырым каадаларын тутуу менен аткаруу жана аларга ылайык аракеттенүү эркиндиги кирет.

2. Динди же ишенимдерди эркин тутуу мыйзамда каралган жана демократиялык коомдогу мамлекеттик жана коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин, калктын ден-соолугун жана адеп-ахлагын сактоонун кызыкчылыгы үчүн же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөргө дуушар болот.

11-статья

1. Ар бир адам өз пикирин эркин билдирүүгө укуктуу. Бул укукка өз пикиринде туруу, маалымат менен идеяларды мамлекеттик бийликтердин кийлигишүүсүзүз жана мамлекеттик чегараларга карабастан ар кандай мыйзамдуу ыкма менен алуу жана таратуу кирет.

2. Бул эркиндиктерди пайдалануу милдеттерди жана жоопкерчиликти жүктөгөндүктөн, ал мыйзамда каралган жана демократиялык коомдо мамлекеттик же коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун кызыкчылыктары үчүн зарыл болгон убаракерчиликтер, шарттар жана чектөөлөр менен коштолушу мүмкүн.

12-статья

1. Ар бир адам бейпил чогулуштарды өткөрүү эркиндигине жана профсоюздарды түзүү жана өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн аларга кирүү укугун кошуп алганда башкалар менен бирикмелерге кирүү эркиндигине укуктуу.

2. Бул укуктарды пайдалануу мыйзамда каралгандардан жана демократиялык коомдогу мамлекеттик жана коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин, калктын ден-соолугун жана адеп-ахлагын коргоонун же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун кызыкчылыктары үчүн зарыл болгондордон тышкары эч кандай чектөөлөргө дуушар болбойт.

Бул статья мамлекеттердин куралдуу күчтөрүнүн, укук коргоо жана администрациялык органдарынын курамына кирген адамдар үчүн мындай укуктардан пайдалануга мыйзамдуу чектөөлөрдү белгилөөгө тоскоолдук кылбайт.

13-статья

1. Нике курагына жеткен эркектер жана аялдар никеге турууга жана бул укуктун жүзөгө ашырылышын жөнгө салуучу улуттук мыйзамдарга ылайык үй-бүлө түзүүгө укуктуу.

2. Никеге туруучулардын эркин жана толук макулдугу менен гана никеге турууга мүмкүн.

3. Коомдун негизги уюткусу болгон үй-бүлөнүн толук өнүгүшү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар үй-бүлөлүк турмушту социалдык жана үй-бүлөлүк жөлөкпул (пособие), салыктагы жеңилдиктер, үй-бүлөнү турак-жай менен камсыз кылуу, жаш жубайлар үчүн жөлөкпулдар өндүү каражаттар жана башка тиешелүү каражаттар менен экономикалык, укуктук жана социалдык коргоого көмөктөшүүгө милдеттенет.

14-статья

1. Ар бир адам эмгектенүүгө жана жумушсуздуктан корголууга, ошондой эле баалуулугу бирдей эмгектин жана жумуштун сапатынын бааланышындагы калыс мамилеге, бирдей шарттарга, жеңилдиктерге, бирдей иш үчүн тең акы алууга укуктуу.

2. Иштеген аялдардын укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар:

а) акы төлөнүүчү өргүү (отпуск), социалдык жактан камсыз кылуу боюнча жетиштүү жөлөкпул же улуттук мыйзамдарда каралган мөөнөткө төрөткө чейин жана кийин өргүү алган аялдар үчүн коомдук фонддордон жөлөкпул берүүгө;

б) эгерде ишкер кайсы бир аялды кош бойлуулугу боюнча өргүүгө байланыштуу иште болбогон убакта анын иштен бошотулгандыгы жөнүндө кабарласа же кабарлоонун мөөнөтү ал жок кезде бүтүп калган убакта аны иштен бошотуу жөнүндө кабарласа мыйзамсыз деп эсептөөгө;

в) эмчекте баласы бар энелердин бул максат үчүн жетиштүү бош убактысы болушун камсыз кылууга;

г) өнөр жайда түнкү нөөмөттө (смена) иштөө үчүн аялдарды ишке кабыл алууну жөнгө салууга;

д) жер алдындагы тоо-кен жумуштарына жана тиешелүү түрдө коопсуздуктун, ден-соолук үчүн зыяндуулуктун же оорчулуктун себеби боюнча алар үчүн туура келбеген башка жумуштарга аялдарды ишке кабыл алууну жөнгө салууга милдеттенет.

15-статья

Саламаттыкты сактоо укугун натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар түздөн түз же мамлекеттик же менчик уюмдар менен кызматташып, атап айтканда:

а) ден-соолукту начарлатуучу себептерди мүмкүн болушунча четтетүүгө;

б) ден-соолукту чыңдоо жана ден-соолук маселелеринде жеке жоопкерчиликке кызыктыруу үчүн консультациялык кызматтар окуу базасы менен камсыз кылууга;

в) жугуштуу, жергиликтүү (эндемический) жана башка оорулардын пайда болушун мүмкүн болушунча алдын алуучу санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылууга багытталган тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттенет.

16-статья

1. Ар бир адам ооруп калган, майып болгон, баккан адамынан ажыраган, балдарын тарбиялаган учурда жана улуттук мыйзамдарда белгиленген башка учурларда (буга курагы боюнча социалдык камсыздандыруу да кирет) социалдык жактан камсыз болууга укуктуу.

2. Социалдык жана медициналык жардамдарга болгон укукту натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар жетиштүү каражаттары жок жана өз күч-аракеттерин же башка булактардан, атап айтканда, социалдык жактан камсыз кылуу системасынын алкагында жеңилдиктердин

эсебинен, мындай каражаттарды таба албаган ар бир адам зарыл болгон жардамды, ал эми ооруп калган учурда өз абалында зарыл болгон багууну алышын камсыз кылууга милдеттенет.

3. Энелер менен балдардын социалдык жана экономикалык жактан корголуу укугун натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар тиешелүү инстанцияларды же кызматтарды түзүүнү жана аларды күтүүнү кошуп алганда бул багытта бардык тиешелүү жана зарыл болгон чараларды көрөт.

17-статья

Жашы жете элек ар бир бала анын абалы үчүн зарыл болгон жана үй-бүлө, коом жана мамлекет тарабынан камсыз кылынуучу коргоонун өзгөчө чараларына укуктуу.

18-статья

Кара күчү жана акылы жагынан эмгекке жөндөмсүз адамдардын эмгекке жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүүгө, кесиптик даярдыкка жана коомдук турмушка кайтып келүүгө болгон укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар:

а) окуу мекемелерин, анын ичинде зарыл болгон учурда мамлекеттик же менчик адистештирилген мекемелерди уюштуруу боюнча тиешелүү чараларды көрүүгө;

б) эмгекке жөндөмсүз адамдарды жумушка орноштуруу жаатында, анын ичинде жумушка орноштуруу, адистештирилген кызматтарды, эмгектин атайын шарттары бар мекемелерди түзүү боюнча тиешелүү чараларды жана жумуш берүүчүлөрдү майыптарды ишке алууга кызыктыруу боюнча чараларды көрүүгө милдеттенет.

19-статья

Укуктары жана эркиндиктери бузулган ар бир адам улуттук мыйзамга ылайык укуктарынын жана эркиндиктеринин натыйжалуу түрдө калыбына келтирилишине акылуу.

20-статья

1. Бардык адамдар мыйзам алдында тең жана эч кандай басмырлоосуз (дискриминациясыз) мыйзамдын бирдей коргоосуна укуктуу.

2. Бул Конвенцияда баяндалган укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланууга жынысы, расасы, өңү, тили, дини, саясий же башка ишенимдери, улуттук же социалдык теги, улуттук азчылыкка таандыктыгы, мүлктүк жана кызматтык абалы, туулган жери же башка жагдайлары өңдүү кандай гана белгилери боюнча болбосун басмырлоосуз гарантия берилет.

21-статья

Улуттук азчылыктарга таандык болгон адамдарга өзүнүн этностук, тилдик, маданий же диний өзгөчөлүгүн жеке, биргелешип жана тоскоолдуксуз билдирүү укугу берилбей калбоого тийиш.

22-статья

1. Келишүүчү Тараптардын биринин аймагында мыйзамдуу түрдө жүргөн ар бир адам ал аймактын чегинде эркин жүрүү жана жашаган жерин эркин тандап алуу укугуна ээ.

2. Ар бир адам өз өлкөсүн да, ар кандай башка өлкөнү да таштап кетүүгө укуктуу.

3. Бул статьянын 1 жана 2-пункттарында баяндалган укуктар мамлекеттик же коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин кызыкчылыктары үчүн, калктын ден-соолугун жана адеп-ахлагын коргоо үчүн же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн мыйзамда каралгандардан тышкары эч кандай чектөөлөрдүн объектилери болушу мүмкүн эмес.

Бул статьянын биринчи пунктунда баяндалган укуктар айрым райондордо да мыйзамга жана негиздүү коомдук кызыкчылыктарга ылайык белгиленген чектөөлөрдүн объектиси болушу мүмкүн.

23-статья

Ар бир адам кайсы жерде жүргөндүгүнө карабастан өзүнүн укук субъектиси экендигинин таанылышына укуктуу.

24-статья

1. Ар бир адам жарандыкка укуктуу.

2. Эч ким өз жарандыгынан ажыратылбайт же эч кимдин жарандыгы негизсиз түрдө өзгөртүлбөйт.

25-статья

1. Эч ким жеке тартипте же жамааттык иш-чаранын натыйжасында өзү жаран болуп саналган мамлекеттин аймагынан чыгарып жиберилиши мүмкүн эмес.

2. Эч ким өзү жаран болуп саналбаган мамлекеттин аймагына баруу укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес.

3. Келишүүчү Тараптардын биринин аймагында мыйзамдуу түрдө жүргөн чет өлкөлүк адам мыйзамдуу кабыл алынган чечимдин негизинде гана андан чыгарылышы мүмкүн жана анын чыгарып жиберүүгө каршы жүйөлөрдү берүү мүмкүнчүлүгү болуута тийиш.

4. Чет өлкөлүктөрдү жамааты менен чыгарып жиберүүгө тыюу салынат.

26-статья

1. Ар бир жеке жана юридикалык тарап менчикке укуктуу. Эч ким коомдун кызыкчылыгынан, сот тартибинде жана улуттук мыйзамдар жана эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде каралган

шарттар сакталгандан тышкары өз мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес.

2. Бирок жогоруда баяндалган жоболор Келишүүчү Тараптардын мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктарда жалпы жүгүртүүдөн алынып коюлган буюмдардын пайдаланылышын көзөмөлдөө үчүн зарыл деп эсептелген мыйзамдарды кабыл алуу укугуна тиешелүү эмес.

27-статья

1. Бардык адамдарга билим алуу укугу берилет. Келишүүчү Тарап билим берүүгө жана окутууга карата өздөрүнө алган ар кандай милдеттерди жүзөгө ашырууда ата-энелердин балдарына өздөрүнүн жеке ишенимдерине жана улуттук каада-салттарына ылайык келген билим берүү менен окутууну камсыз кылуу укугун сыйлоого тийиш.

2. Башталгыч, негизги жалпы билим милдеттүү жана акысыз болуп саналат.

3. Ар бир Келишүүчү Тарап орто билим милдеттүү болуп саналган эң төмөнкү курактуу белгилейт; бул эл аралык таанылган стандарттарга ылайык мыйзам менен белгиленген ишке кабыл алуунун курактык чегинен төмөн болбоого тийиш.

28-статья

Кесиптик окуугa болгон укукту натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында Келишүүчү Тараптар төмөнкүлөргө милдеттенет:

1. Зарылдыгына жараша профсоюздук бирикмелер менен макулдашуу боюнча майыптарды кошуп алганда, бардык адамдарды техникалык же кесиптик окутуу менен камсыз кылууга же ага дем берүүгө жана жеке жөндөмдөрүнө гана негизденүү менен жогорку техникалык билим алууга мүмкүнчүлүк берүүгө.

2. Зарылдыгына жараша төмөнкүлөрдү камсыз кылууга же алардын түзүлүшүнө көмөк көрсөтүүгө:

а) жумушчулар үчүн тиешелүү жана кеңири жеткиликтүү окуу базасын;

б) техникалык прогресс же иш менен камсыз кылуу жаатындагы жаңы тенденциялардан келип чыккан жумушчуларды кайра даярдоо үчүн атайын борборлорду түзүүгө.

3. Тиешелүү чараларга байланыштуу берилүүчү жеңилдиктерди толук пайдаланууга көмөктөшүү, анын ичинде төмөнкүлөр үчүн:

а) ар кандай жыйымдарды жана кошуп эсептөөлөрдү кыскартуу же жоюу;

б) тиешелүү учурларда материалдык жактан жардам көрсөтүү;

в) жумуш берүүчүнүн өтүнүчү боюнча ал иштеген учурда жумушчуну кошумча даярдоого кеткен убакытты кадимки жумуш күнүнө киргизүү;

г) профсоюздук бирикмелер менен макулдашуу боюнча тиешелүү көзөмөл болгондо окуучуларды жана жаш жумушчулар үчүн башка иш-чараларды даярдоонун натыйжалуулугун, ошондой эле жалпысынан жаш жумушчулардын кызыкчылыктарын тиешелүү коргоону камсыз кылуу.

29-статья

Ар бир адам улуттук мыйзамдарга ылайык өзү жаран болуп саналган мамлекетте төмөнкүлөргө укуктуу жана мүмкүнчүлүгү бар:

а) түздөн түз, ошондой эле эркин шайланган өкүлдөр аркылуу мамлекеттик иштерди башкарууга жана жүргүзүүгө катышууга;

б) жалпы жана бирдей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү жана шайлоочулардын эркниетинин эркиндигин камсыз кылуучу шайлоодо добуш берүүгө жана шайлануугa;

в) өз өлкөсүндө жалпыга бирдей шарттарда мамлекеттик кызматка кирүүгө.

30-статья

11, 12 жана 20-статьялардагы эч нерсе Келишүүчү Тараптарга чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын саясий иштерине чек коюуга тоскоолдук кылбайт.

31-статья

Бул Конвенциядагы эч нерсе Келишүүчү Тараптарга, адамдардын тобуна же айрым адамдарга бул Конвенцияда баяндалган укуктарды жана эркиндиктерди жок кылууга багытталган ар кандай ишти иштөөгө же аракеттерди жасоого укук берүүчү нерсе катары пайдаланылышы мүмкүн эмес.

32-статья

Бул Конвенцияда көрсөтүлгөн укуктарга жана эркиндиктерге карата белгиленген чектөөлөр каралгандан башка максаттар үчүн колдонулбоого тийиш.

33-статья

Бул Конвенциядагы эч нерсе тиешелүү Келишүүчү Тараптын мыйзамдарына, ошондой эле ал катышуучу болуп саналган адам укуктары жаатындагы негизги эл аралык документтерге ылайык таанылган же аларга кепилдик берилген кандай гана болбосун адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин чектелиши же кысылышы катары пайдаланылышы мүмкүн эмес.

34-статья

Бул Конвенциянын аткарылышына көз салуу Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Адам укуктары боюнча комиссиясы (КМШнын АУКсы) тарабынан жүзөгө ашырылат, ал жөнүндөгү жобо Конвенциянын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

35-статья

1. Согуштун же Келишүүчү Тараптардын ар биринин жогорку кызыкчылыктарына коркунуч туудурган өзгөчө кырдаалдардын мезгилинде алардын ар бири бул Конвенция боюнча кабыл алынган өз милдеттенмелеринен чегинген чараларды эл аралык укук боюнча өзүнүн башка милдеттенмелерине каршы келбеген жана бул Конвенциянын 20-статьясында саналып өткөн белгилер боюнча кемсинтүүгө алып келбеген шарттардагы өлчөмдө гана көрө алат.

2. Бул статьянын 1-пунктунун негизинде укук чегиндеги аскердик аракеттердин натыйжасында адамдар курман болгон учурларды албаганда же бул Конвенциянын 3-статьясынан, 4-статьясынын 1-пунктунан жана 7-статьясынан эч кандай чегинүүгө жол берилбейт.

3. Милдеттенмелеринен чегинүү укугунан пайдаланган Келишүүчү Тарап кабыл алынган чаралар жана алардын себептери жөнүндө *депозитарийге*[1] маалымдайт. Ал мындай чаралардын колдонулушу качан токтотулгандыгы жана Конвенциянын жоболору кайрадан толук көлөмдө аткарыла баштагандыгы жөнүндө да маалымдайт.

36-статья

1. Бул Конвенцияга кол коюлганда же өзүнүн ратификациялык грамотасын сактоого өткөрүп берүүдө ар бир Келишүүчү Тарап Конвенциянын кандай гана болбосун айкын жобосуна карата ошол мезгилде өз аймагында колдонуудагы кайсы бир мыйзам бул жобого ылайык келбегендиги жөнүндө эскертүү жасашы мүмкүн. Бул статья боюнча жалпы мүнөздөгү эскертүүлөргө жол берилбейт.

2. Бул статьяга ылайык жасалган ар кандай эскертүү тиешелүү мыйзамдын кыскача баяндалышын камтууга тийиш.

37-статья

1. Келишүүчү Тараптардын кимиси болбосун бул Конвенцияны башка Келишүүчү Тараптарга маалымдоочу депозитарийге жиберилген кабарламада камтылган маалымдоодон алты ай өткөндөн кийин жокко чыгара алат.

2. Мындай жокко чыгаруу бул Конвенцияны жокко чыгаруу жөнүндө билдирген Келишүүчү Тарапты мындай милдеттенмелерди бузуу болуп саналышы жана жокко чыгаруу күчүнө киргенге чейин жасашы мүмкүн болгон ар кандай аракеттери боюнча өзүнө алган милдеттенмелерден бошотпойт.

38-статья

1. Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Адам укуктары боюнча комиссиясы жөнүндө Жобону кошуп алганда, бул Конвенция анын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболордун Келишүүчү Тараптардын аткаргандыгын ырастоочу үчүнчү кабарлама депозитарийге өткөрүлүп берилген күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Башка Келишүүчү Тараптар үчүн бул Конвенция бул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн мамлекеттик ички жол-жоболор алар тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарламаны депозитарий алган датадан тартып күчүнө кирет.

39-статья

Конвенция күчүнө киргенден кийин анын максаттарын жана принциптерин жактырган башка мамлекеттер өздөрү тарабынан бул Конвенциянын 38-статьясынын 1-пунктунда көрсөтүлгөн мамлекеттик ички жол-жоболор аткарылгандыгын ырастоочу кабарламаны депозитарийге өткөрүп берүү жолу менен кошулушу мүмкүн.

Депозитарий тарабынан көрсөтүлгөн кабарлама алынган дата мындай мамлекет үчүн бул Конвенция күчүнө кирген дата болуп саналат.

1995-жылы 26-майда Минск шаарында орус тилиндеги жалгыз түп нускада түзүлгөн. Түп нускасы Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Аткаруучу Катчылыгында сакталат, ал бул Конвенцияга кол койгон ар бир мамлекетке күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берет.

Конвенцияга Азербайжан, Казакстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Украина кол койгон жок.

[1]***Депозитарий*** *– эл аралык келишимдин, макулдашуунун ж.у.с. түп нуска текстин сактоого милдеттенген мамлекет же эл аралык уюм*

регион 23
регламент 138
режим 68
резолюция 80
рейтинг 58
репрессия 99
ресурс 11
референдум 87
реформа 10
рынок 59

С

салык 47, 55
санкция 32
сарптоо 24
саясий партия 110
саясий укуктар 33, 55-59
сессия 102
спикер (төрага) 117
стабилдүү 68
стандарт 167
статистика 22
статус 7, 10, 15
структура 26
суверенитет (-дүү), эгемендүүлүк 65, 78
сунуш 43, 50
суроо-талап 43, 50

Т

талам 55, 92
тейлөө 42, 55
тенденция 79
тендештирүү жана токтотуу системасы 108-109
теократия 75, 76, 82
технология 32
тиран (залим) 113
товар 42
толеранттуу (-лук), сабырдуу (-лук) 14
тоталитаризм 99
транзит 31
тутка 79, 102
тутунган 14

У

указ (жарлык) 109
укук коргоо органдары 32
улутчулдук 65, 66, 69-70
унитардык мамлекет 76
усулдар 57

Ф

федерация 75-76
федералдык органдар 76
федерация субъектиси 75
федерациялык (-тивдик) 76
финансы (-лоо) 22
форум 128
функция 21

Ц

цивилизациялуу (-лоочу) 25

Ч

чанда 8
чин 122
чиновник 76
чыгым 45, 60

Ш

шайкеш 26
шайлоо 110

Ы

ыйгарым 11, 81
ыкма 13
ыктымал 12
ыктыярдуу 22
ынангандыгы(руу) 80

Э

эволюция 69
экономика 42
экономикалык укук 33, 55
эксперт 102
эл аралык укук 29, 34
электорат (шайлоочулар) 131
элита 65
эркин базар 42
этностор (-никалык, -дук) 65, 69
эффективдүү 26

иерархия 21
ижтихад 91
изоляция 35
иммигрант 69
империя 92
импичмент 117
инвестиция 42, 45
инстанция 110
институт 69
интернет 74
инфляция 46
инцест 21
ишенбөөчүлүк вотуму 117

К

камсыздандыруу (страхование) 60
кандидат (талапкер) 15
капитал 45
  капитализм 59
каржылоо 101
категория 61
квалификация 45
киреше 32
коалиция 108
колония (-нисттер) 68
коллегиалдуу 119
компания 17
компенсация 58
компетент (-түү, -сиз) 60
компромисс (мунаса) 79
конкуренция 7, 13
консенсус 7, 13, 17
конструктивдүү 12
контракт 29
конфликт 11-14
концепция 11
коомдук кызыкчылык 108
координация 118
кооператив 57
коррупция 55
күнөөсүздүк презумпциясы 9 , 123
кредит 44
кризис 31
критерий 114
кыянаттык 34

Л

легитимдүүлүк (мыйзамдуулук) 65, 66, 128
лоббилөө 128, 134
логика (-луу) 8
лорд 129

М

мафия 79
менчик 23-24, 44, 48, 149
менчиктештирүү (приватизация) 48
механизм 78
миграция 31
модель 47
монархия 76-77
  абсолюттук (чексиз) 8
  конституциялык 82
мониторинг 35
моногамия 24
монократия 76-77
монополия 46
мунапыс (амнистия) 157
мурас мүлк 21
мыйзам 87-93
  мыйзам долбоору 128
  мыйзам чыгаруу демилгеси 128
  мыйзам үстөмдүгү 87-93
  мыйзамдуу укуктар 29

Н

нарк 42
нормативдик 36
нуклеардык (өзөк) үй-бүлө 21

О

общиналар 129
олигархия 76, 77, 82
олуттуу 55, 67
омбудсмен 117, 118
оппозиция 16, 128

Ө

өбөлгө 45
өкүл 131
  өкүлчүлүк 131

П

пайда 42, 51
пакт 35, 36
пленардык жыйын 135
плюрализм 128
позиция 14
постсоветтик 79
прецедент 87, 129
принциптер 10
профсоюз (-дук) 55
процедура 128, 130
процесс 11

Р

радикалдуу 67
рангдар 122
расмий 22
ратификация 87, 122

регион 23
регламент 138
режим 68
резолюция 80
рейтинг 58
репрессия 99
ресурс 11
референдум 87
реформа 10
рынок 59

С

салык 47, 55
санкция 32
сарптоо 24
саясий партия 110
саясий укуктар 33, 55-59
сессия 102
спикер (төрага) 117
стабилдүү 68
стандарт 167
статистика 22
статус 7, 10, 15
структура 26
суверенитет (-дүү), эгемендүүлүк 65, 78
сунуш 43, 50
суроо-талап 43, 50

Т

талам 55, 92
тейлөө 42, 55
тенденция 79
тендештирүү жана токтотуу системасы 108-109
теократия 75, 76, 82
технология 32
тиран (залим) 113
товар 42
толеранттуу (-лук), сабырдуу (-лук) 14
тоталитаризм 99
транзит 31
тутка 79, 102
тутунган 14

У

указ (жарлык) 109
укук коргоо органдары 32
улутчулдук 65, 66, 69-70
унитардык мамлекет 76
усулдар 57

Ф

федерация 75-76
федералдык органдар 76
федерация субъектиси 75
федерациялык (-тивдик) 76
финансы (-лоо) 22
форум 128
функция 21

Ц

цивилизациялуу (-лоочу) 25

Ч

чанда 8
чин 122
чиновник 76
чыгым 45, 60

Ш

шайкеш 26
шайлоо 110

Ы

ыйгарым 11, 81
ыкма 13
ыктымал 12
ыктыярдуу 22
ынангандыгы(руу) 80

Э

эволюция 69
экономика 42
экономикалык укук 33, 55
эксперт 102
эл аралык укук 29, 34
электорат (шайлоочулар) 131
элита 65
эркин базар 42
этностор (-никалык, -дук) 65, 69
эффективдүү 26

ЖАРАНДЫК ЖАНА МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУГА КАТЫШУУ

XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн окуу куралы

Биринчи бөлүк
10-класс

Басмага берилди . . .
Офсеттик басма. Форматы 84x60 $^{1}/_{8}$.
Офсеттик кагаз №1. Нускасы 46 000. Заказ № 1801.

"Аль Салам" басмаканасында басылган. 720044, Бишкек шаары,
Симферополь туюк көч., 85, тел.: (+996–312) 54–21–22

IFES

IFES (ШСЭФ – Шайлоо системаларынын эл аралык фонду) – бул ЮСАИД программасынын долбоору. Ал Борбордук Азияда демократияны куруу процессине катышуу мүмкүнчүлүгү берилгенине ыраазычылык билдирет. IFES мамлекеттерге атайын максаттуу зарыл техникалык жардамдарды берет. 1987-жылдан бери дүйнөнүн 120 дан ашуун өлкөсүндө демократиялык демилгелерге колдоо көрсөтүү менен шайлоо өткөрүүгө жооптуу уюмдардын, өкмөттөрдүн, донорлордун жана жарандык коомдун институттарынын ишенимине ээ болду. IFESтин милдети – демократиянын бүткүл дүйнөгө жайылышына өбөлгө түзүп, демократияны өрчүтүү жана шайлоо өткөрүү маселелери боюнча маалымат булагы катары кызмат кылуу. Кыргыз Республикасында өз офисин 1997-жылы ачкан IFES шайлоо жана референдум, ошондой эле калыс жана эркин шайлоо өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына техникалык жардам берип, негизинен, шайлоо маселелери менен алектенип келди. Бирок Кыргызстандын азыркы өнүгүү мезгилинде жарандык билим берүү курсун мектептерге киргизүү көбүрөөк мааниге ээ болуп жатат.

http://www.ifescentralasia.kg

Кошмо Штаттардын Эл аралык Өнүгүү боюнча Агенттиги (ЮСАИД)

АКШ Кыргызстанга 1992-жылдан бери Кошмо Штаттардын Эл аралык өнүгүү боюнча Агенттиги (ЮСАИД) аркылуу жардам көрсөтүп келет. АКШ өкмөтүнүн программаларынын негизги максаты – Кыргыз Республикасынын тынчтыкта гүлдөп өнүгүшүнө, анын бай маданий дөөлөттөрүнүн сакталышына көмөктөшүү. ЮСАИДдин Кошмо Штаттардын Кыргызстандагы элчилиси жетектеген Борбордук Азиядагы региондук миссиясы ушул маанилүү ишке багытталган.

ЮСАИД Кыргызстанда жашоо деңгээлин жогорулатууга жарандардын активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, ишкердикти жана сооданы энүктүрүү, финансылык башкарууну жана жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну жакшыртуу, ачык демократиялуу коомду түзүү, медициналык тейлөөнүн өнүгүшүнө көмөктөшүү, ошондой эле суу жана энергетикалык ресурстарды пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу милдеттерин аткарууга умтулат.

ЮСАИД муну менен бирге жарандык билим берүү боюнча окуу китептерин иштеп чыгуу, демократия лагерлерин жана окуу түрүндөгү сот процесстерин уюштуруу өндүү жаш муунду демократиялык асыл нарктарга аралаштыруучу иш-аракеттерге колдоо көрсөтөт.

http://www.usaid.gov/regions/europe_eurasia/car

Европадагы Коопсуздук жана кызматташтык уюму (ОБСЕ)

Европадагы Коопсуздук жана кызматташтык уюму (ОБСЕ) – бул коопсуздук маселелерин ар тараптан жана биргелешип чечүүчү уюм. ОБСЕнин Бишкектеги борбордук офиси жана Оштогу региондук офиси өз ыйгарымдарына ылайык башка көп милдеттер менен катар ОБСЕ принциптеринин жана милдеттенмелерин жүзөгө ашырууга көмөктөшөт, ошондой эле ОБСЕнин ишмердигинин алкагында Кыргызстан менен кызматташтыкты өркүндөтөт.

ОБСЕнин Бишкектеги борбордук офиси 2004-жылы билим берүү тармагына өзгөчө көңүл буруп, Болгариянын төрагалыгы астында ушул окуу куралын басып чыгарууга колдоо көрсөтүп жатат.

Тажрыйба көрсөткөндөй, жарандар демократиялык коомдогу өздөрүнүн ролун жана мүмкүнчүлүктөрүн, өздөрүнүн конституциялык укуктарын жана милдеттерин канчалык жакшы аңдап билсе, демократиялык институттардын жарандар менен болгон карым-катышын канчалык кеңири билип алышса, алар өздөрүнүн коомдук жана саясий процесстерге катышуу мүмкүнчүлүктөрүн ошончолук айкын сезип, өз өлкөсүнүн жооптуу жарандарды катары бул процесстерге таасир эте алышат.

http://www.osce.org **http://www.osce.org/bishkek/**

Япониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги

Япониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги IFESтин «Кыргыз Республикасынын орто мектептеринин жогорку класстары үчүн жарандык билим берүү боюнча окуу курамдарын таратууга көмөктөшүү» долбоорун колдоп, аны түштүктөгү үч облуста (Ошто, Жалалабатта жана Баткенде) жүзөгө ашырууга жардам берүүнү чечти. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгонунан бери 13 эле жыл өтсө дагы, өзүнүн жаңы гана өнүгүп келе жаткандыгына карабастан, азыркы Эл аралык коомчулуктун нормаларын сактоого жана демократиялык жол менен өнүгүүгө активдүү умтулуп келет.

2003-жылы Япониянын Кыргызстандагы Элчилиги ачылгандан бери иш жүзүнө ашырылган бул биринчи долбоор, жалпысынан алганда, Японияның өнүктүрүүгө Расмий Колдоосунун алкагындагы «Чөлтүн жана адамзат коопсуздугунун тамырлары» чакан грант берүүчү программасы боюнча аткарылып жаткан отузунчу долбоор болуп саналарын баса белгилөө керек.

Япония тарабынан буга чейин көрсөтүлүп келген башка жардамдар менен бирге Элчилик бул долбоорду да Кыргызстандын калкынын көпчүлүгү баалайт, ошондой эле өлкөнү туруктуу өнүктүрүүдө жана демократиялаштырууда кыргызстандык жаш лидерлерге бул долбоордун пайдасы тиет деп үмүттөнөт.

embjp@infotel.kg